

*Сулуусуң кыргыз жери,*
*ырдан бүткөн...*

# ТҮМӨНБАЙ

Тандамал



# Сулуусуң кыргыз жери, ырдап бүткөн...

# ТҮМӨНБАЙ

Тандамал

СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ № 16909

ББК 84 Ки 7-5

Б – 19

Бул китепти чыгарууга демөөр болгон Асанбай Моңой уулу Байзак тегин, Кулбаев Абдибаит Мamaтемирович жана жыйнакты түзүп, редакторлоо, жасалгалоо милдеттерин аткарышкан акын Т. Самудинов менен сүрөтчү С. Макашовго чоң ыраазылык билдиребиз.

Акындын үй-бүлөсү

Байзаков Түмөнбай.

Б – 19 Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн...:Тандамал ырлар. – Б.: «Бийиктик», 2003. – 288 б.

ISBN 9967-13-027-X

Кыргыздын көрүнүктүү акыны Т. Байзаковдун бул тандамал жыйнагы 80 жылдык юбилейине арналып чыгарылды. Китепке негизинен лирикалары иргелип киргизилди. Акындын өңкөй поэмаларын, котормолорун өзүнчө китеп кылып чыгаруу – келечектин иши.

Б 4702300200-03 ББК 84 Ки 7-5

ISBN 9967-13-027-X © Байзаков Т., 2003

# *КЫРГЫЗ ГИМНИНИН АВТОРУ*

*Бул сөздү мен атайын айтып жатам. Кыргыз Мамлекетинин расмий Гимнин баарыбыз жакшы билебиз. Бирок, кандай жерде болбойлу,*

*«Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,*
*Аскасы көк асманга тийген кезде...»*

*деген саптар керемет музыканын коштоосунда жаңыра баштаганда, жүрөгүбүз бир башкача кубанычтуу сезимдерге балкып, башыбызды өйдө көтөрүп, ошол ырда даңкталып жаткан Ала-Тоонун кулуну экендигибизге шердене сыймыктанып кетебиз. Ушул касиеттүү жерди багыбызга, бешене-таалайыбызга энчилеген Жараткан – Эгеме купуя ыраазылык билдиребиз.*

*Орустун таланттуу акыны Михаил Светловду кээ бир калемдештери ичкүйдүлүк менен «Анын эмнесин макташат? Болгону – үч гана жакшы ыры бар – «Гренада», «Каховка» жана «Жоокер жөнүндөгү ыры...» – дегендерге акын айтчу экен:*

*– Мунуңарга кошулам. Россияда азыр үч жүздөн ашуун акын бар. Алардын ар бири үчтөн эле мыкты ыр жазып беришсе, миңдей сонун ыр болот. Бул азбы?*

*Анын сыңарындай, Түмөнбай Байзаков деген акын, башкаларын коёлу, «Паризат» поэмасы жана ушул «Кыргыз жери» деген ыры менен кыргыз поэзиясынын тарыхында татыктуу орун табарында талаш жок. Акындын кыргыз адабиятына көрсөткөн дагы бир атуулдук эрдиги өзүнүн көздөй жердеши – Барпы акындын мурастарын чогултууга, изилдөөгө кошкон чоң салымына байланыштуу.*

*Т. Байзаковдун оригиналдуу ыр жыйнактары кийинчерээк – жашы элүүгө чукулдаганда чыкты. Ага чейин Барпынын ырларын ireттөө, жарыялоо жана ар кайсы улут акындарынын ырларын кыргыз тилине которуу түйшүгүндө жүрүптүр. Мунун баары С.Эралиев акын таамай белгилегендей, анын чыгармачылык жетилүүсүнө өбөлгө түзүүчү, такшалуусун шарттоочу старттык майдан катары кызмат кылган экен.*

*Жетилүүнүн бул мектеби акыры өз жемишин берди. Маалы келгенде ээ-жаа бербей бышкан мөмөлөрдөй китеп артынан китеп чыгарды. Бир жыйнагын «Ыр башат» деп атагандай, ыр башаты оргуштап чыга келди.Сонеттер деп атап, форма менен мазмундун шайкештигине жетишүүгө аракеттер жасады.*

*Акындын өмүр-тагдырына өчпөс изин калтырган, түбөлүк түйшөлткөн тема – согуш темасы болду. Канчалаган ырларында, поэмаларында бул тууралуу ачуу арман, күйгүлтүк күйүт менен жазды:*

*Өтсө да отуз беш жыл андан бери,*
*Бүтсө да тырык болуп тийген жери,*

*Камалып жата берсин акыректе,*
*Кетейин алып аны акыретке! –*

*деп, согуш огун кандай элестүү сүрөттөбөдү, ал.*

*Көптөгөн аскерий сыйлыктарынын катарында анын «Наедине с мечтой» деген китебине берилген СССР Жазуучулар Союзунун А. Фадеев атындагы адабий сыйлыгы жана Алтын медалы акындык жүзүн даана айгинелеп турат.*

*Түмөнбай аке жалаң гана мыкты акын эмес, адамдык парасаты бийик, жайдары мүнөз, жанда жок тамашакөй адам эле. Ал дүйнөдөн өткөндө жаздым:*

*Мен кайрылсам ызаат менен «Түкө!» – деп,*
*Өзүң мага «кандай чүйлүк үкө?» – деп*
*Илгертеден бирибизге бирибиз*
*Жан курбудай пейлибиз ак, түз элек.*

*Ажал күчтүү тоодо жүргөн кыяндан,*
*Кайда качып кутулмакчы ким андан?*
*Анча көрбөй эмгегиңдин үзүрүн,*
*Билем, Түкө, кетти ичиңде бир арман.*

*Эгиз сөздөй дайым бирге айтылар,*
*Элибизде Түмөнбай бар, Барпы бар.*
*Калемдешин куралдаштай эскерген*
*Анан дагы, акындыктын салты бар.*

*Тамашалуу кече курган тарагыс,*
*Өзүң кетип... Сумсайыңкы арабыз.*
*Эске салып сөздөрүңдү азилкеч*
*Кээде-кээде бир «бырс» күлүп алабыз.*

*Акындын эки өмүрү болот дешет. Бириси – жашап өткөн күндөрү. Экинчиси – ырларындагы өмүрү. Түмөкемдин эки өмүрү тең сапары карыбас өрнөктүү өмүрлөр деп ойлойм.*

*Муну өзүнүн «Кыргыз жери» деген ырындагы:*

*«Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*
*Кучактайм ой-кырларын нурга кошо», –*

*деген саптары эң сонун далилдеп турбайбы...*

*Токтосун Самудинов, акын*
*А. Осмонов атындагы*
*адабий сыйлыктын лауреаты*

# КЫРГЫЗ ЖЕРИ

*Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,*
*Аскасы көк асманга тийген кезде –*
*Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*
*Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.*

*Улуусуң кыргыз жери, нурдан бүткөн,*
*Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн.*

*Ысык-Көл – жердин көзү, кырлар – кашы,*
*Адырлар – көкүрөгү, токой чачы.*
*Дайралар – кан тамыры, чоку – таажы,*
*Седеби, топчулары – ар бир ташы...*

*Кең түздүү, гүл денелүү – кыргыз жери,*
*Күн жүздүү, берекелүү – кыргыз жери.*

*Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,*
*Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде;*
*Көл чалкып, толор койнун ачкан кезде –*
*Дил жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде –*

*Көркүнө көрк кошулат, кыргыз жери!*
*Сезилет ата мээри, эне мээри.*

## ЫР ТАГДЫРЫН ОЙЛОНОМ

Ыр жазганда – ыр тагдырын ойлоном:
Окулса деп окурманы табылып,
Өлбөсө деп очокторго жагылып...

Ыр жазганда – ыр тагдырын ойлоном:
Калбаса деп боёк жыты кетпестен,
Жатпаса деп окуучуга жетпестен...

Ыр жазганда – ыр тагдырын ойлоном:
Калбаса деп кардарлары тыйылып,
Жатпаса деп дүкөндөрдө жыйылып...

Ыр жазганда – ыр тагдырын ойлоном:
Калбаса деп текчелерде сакталып,
Жатпаса деп бут алдында тапталып...

Ыр жазганда – ыр тагдырын ойлоном:
Кетсе экен деп колдо жүрүп тытылып!
Калар элем чоң карыздан кутулуп...

## МЕНИН СЫРЫМ

Эч кимге мен кылганым жок жамандык,
Кайгырганды көрсөм – кошо кайгырам.
Адамдарга тилегеним – амандык.
Ар бир таңда ыр багына кайрылам.

Ким ыйласа мен да кошо ыйладым,
Күлкүсүнө күлкүм менен кошулдум.
Жакшылыкты жаным менен сыйладым,
Жамандыкка каным менен тосулдум.

Ким кубанса – төбөм көккө жеткенсийт,
Жылдыз десте жасайм ага тартууга.
Ким боздосо – жер жарылып кеткенсийт,
Кыйналамын сөз табалбай айтууга.

Кубанычтар болсун дайым канатчан,
Күйүп турсун көз оттору нурданып.
Адамдарды ызгаарларда бараткан,
Жылытайын жүрөккө ороп ыр жагып.

Мен эч кимге кылганым жок жамандык,
Кубанганды көрсөм – кошо кубанам.

Адамдарга тилегеним – амандык,
Амандыкка аткан тандай уланам.

## ЫРЫМДЫ ЭЭРЧИП ЖОЛ ТАРТТЫМ

Күнүгө мен арнап сага ыр жазам,
Көңүлүмдө өзүң менен сырдашам.

Кагаз бети – жашап турган дүйнөбүз,
Кыял аттуу, үмүт аттуу үйдөбүз.

Түндү көзөп көрүнөсүң жаркырап,
Түтөм кантип сагынычка жан чыдап?

Жалгыз менин карегиме сыйбады
Жабыркоонун жүрөктү эзген ыйлары.

Сырга айланды – санааркатты бир башты,
Сүйүүң менен сүртүп койчу көз жашты?

Ыр саптарын бойлоп сага учамын,
Ышкы отуна толуп кетет кучагым!

Өзүм десем... Үмүт учкан турбайбы,
Өзөгүмө бата түштү кур кайгы.

Кайгы тору туманына чырмады,
Караңгыда адашкансыйт ыр дагы.

Дал ошондо жаркыныңа жалындым,
Дартымды угуп шамдай болуп жагылдың!

Бетимди өптү таптуу, тунук нурларың,
Баракчага тизилишти ырларым.

Ырымды ээрчип сени көздөй жол тарттым,
Ышкың менен аралыкты кыскарткын.

## АЙ БОЛУП ЧЫК

Шашыламын күзгү өмүрүмдүн жолунда,
Шарапаттуу жаз, жай калып соңумда.
Жаштыгымдын шарын издейм мезгилден –
Жаркыраган үмүт шамы колумда.

Арзыганым – кырчын кезим, ак таңым!
Алоолонткон махаббаттын аптабын.
Азыр мага баар гүлүн тартуула,
Аппак болсун буласындай пахтанын.

Ыраазымын жазды көрүп күзүндө,
Раушан таң күлүп турат жүзүндө.
Не бир көрктүү бакка кирсем ой менен
Нурдуу шоола көйкөлүүдө изимде.

Илебиңе жылынайын ызгаарда,
Ички дүйнөм толсун аруу нурларга.
Ынтызармын – үмүтүмө орун бер,
Ышкым калсын сени көргөн жылдарда.

Парманадай алооңо байланам,
Пегас чөлдөп, дил мүрөгүн айланам.
Мээримиңе күн жарыгы төгүлсүн –
Мени карап күлүп койчу кайрадан.

Артылууда махаббатым күнүгө,
Асыл максат учкун чачат дилиме.
Аралыгын жакындатып үмүттүн,
Ай болуп чык, күүгүмүмө, түнүмө.

## ТАБАЛБАЙСЫҢ МЫНДАЙДЫ

Жаз маалында көктө ойносо чагылган –
Жалын каптайт булуттардын түрмөгүн.
Талаа-түздөн көктөм себин жамынган
Тергиң келет нөшөр жууган гүлдөрүн.

Аксым шамал булуттарды шыпырат,
Асман бетин жылдыздарга белендеп.
Бактар бакка,
чөптөр чөпкө шыбырап,
Бата берет сыр койнуна тереңдеп.

Ай шооласы издейт оттуу жүрөктү,
Арасынан түндүн, гүлдүн, баардын.
Булагынан канып ичсең мүрөктү –
Баасы жок да жаз жараткан даамдын.

... Жаз маалы – жаш баладай ак ниет,
Жамалында бардык сыры турбайбы:

Бирде бүркөө,
бирде кайра күн тиет!
Башка айлардан табалбайсың мындайды.

## САЛАМЫН БҮЛҮК

Жашарып кетем келгенде көктөм,
Балалык кезим тургансыйт күлүп.
Шооласын төгөт күн дагы көктөн,
Көңүлгө чөккөн ызгаарды сүрүп.

Төгүлөт күндүн таасирдүү нуру,
Мемирейт аалам, мемирейт адам.
Көз жаштай тунук шүүдүрүм шуру
Мөлтүрөп турат чөптөрдө араң.

Көктөмдө баары төрөлөт кайра,
Эл менен чыгат эмгектин шаңы.
Жарыштан калба – жаныңа пайда
Таттуусу дагы, ачуусу дагы...

Жүрөктө турат көктөмдөй жаш чак,
Үмүттү ээрчип гүлдөрдү терет...
Кээ бирөө кетсе жарыкты таштап,
Кээ бирөө жолун уланта берет.

Жашарып кетем келгенде көктөм,
Жигиттик чагым тургансыйт күлүп.
Күч-кубат алып жер менен көктөн,
Карылык, сага саламын бүлүк!

## МАКСАТЫМ

Ыр деген бийик экен кол жетпеген,
Ыр деген терең экен ой жетпеген.
Калемден шаты жасап,
кагаз төшөп,
Кыялга асыламын бой жетпеген.

Түшүмдө түркүн-түркүн ыр жаратам,
Тоолордун томсортпостон сырын ачам...
Арчага аргымакты байлап коюп,
Аскада алптар менен бирге басам.

Азыр мен ырга муктаж Түмөнбаймын,
Шооласын сагынамын көктөгү Айдын.

Мезгилдин мизин басып,
максаты ээрчип,
Сапардан калбайын деп канат жайдым.

... Ыр деген бийик экен кол жетпеген,
Ыр деген терең экен ой жетпеген.
Мезгилдин мизин басып,
парданы ачып,
Максатка асыламын бой жетпеген.

## ДАН КӨБӨЙӨТ ЖАМГЫРДАН

Жерге булут чуудага окшоп төшөлдү,
Жамгыр жаады ойду-кырды ургулап.
Катуу шамал улам күчөп көшөрдү,
Күлдүрүктөр кулактарды тундурат.

Чагылгандар булуттарга от чачты,
Чымчык аттуу далдоолорго бекинди.
Өрүп алып тамчылардан миң камчы,
Өкүм жамгыр сабай берет бетинди.

Бужүрөттү шамал гүлдү жапырып,
Булкуп өтөт бурулуштан тамырды.
Коктулардан кыян акты шашылып,
Көлчүк суулар көбүрткөнсүйт самынды.

Босогодон баш багышып жабыла,
Балдар күтөт күн желесин көктөгү.
Бул жамгырдан дан көбөйөт дагы да,
Булут бекер берметтерин төкпөдү.

## КҮЙДҮ ЭЛЕ КҮН ОЧОГУ

Күйдү эле алоо жагып Күн очогу –
Канады жер эненин согончогу:
Түр төрөлдү,
бүр төрөлдү,
гүл төрөлдү.
Кар кетти. Күнгөй-тескей тоборсуду.
Кургады карагайдын толорсугу:
Жер көгөрдү,
бел көгөрдү,
чер көгөрдү.

Жаз келди. Күн илебин багыштады.
Башталды жаңылыктын жарыштары:
Нурга көздөй,
    сырга көздөй,
        ырга көздөй.
Жаз маалы – жанга тандын баш багышы.
Жаз маалы – жашчылыктын ат чабышы:
Өрдү сезбей,
    чөлдү сезбей,
        желди сезбей.

Күйдү эле күлүң этип Күн очогу –
Таңшыды ырчы торгой ободогу:
Күндү мактап,
    үндү мактап,
        дилди мактап.
Булактар черткиледи борчук ташты.
Таң да аппак,
    шаң да аппак,
        жан да аппак.

## ТОО ТАҢЫ

Бетине окшоп баланын
Кызарып асман таң атат.
Өзгөрөт жыты абанын,
Өпкөндө нурлар жамалын.

Кучактап ташын асканын
Күн баштайт жарык сапарын.
Нурларга тарап чачтарын,
Көтөрөт гүлдөр баштарын.

Көрүнбөй көзгө карааны,
Казала сайрайт ободо.
Ойготуп тыптынч талааны,
Ойкуштайт тандын шамалы.

Аарылар учат ызылдап,
Адырдын гүлү күтүүдө.
Оозуна тиштеп пызылдак,
Чуркашат балдар тызылдап.

Күн нурун булут жашырат,
Бирине бири кошулуп.

Обу жок шамал шашылат,
Ой-тоонун чөбүн жапырат.

Байланган бакка тагдыры
Жалбырак тынбай дирилдейт.
Термелип көктүн калбыры,
Төбөндөн куят жамгыры.

Заматта өткүн басылат,
Түнөргөн булут арылып.
Күн нуру кайра чачырап,
Кабагы гүлдүн ачылат...

Таңшыган таңда булбулду
Тамшанып угат калайык.
Таңга окшоп чачкан ак нурду,
Тапсам дейм мен да жакшы ырды.

## АРСТАНБАП КӨКТӨМҮ

Көктөм келди Арстанбапка,
Көктөм келди ар бир бакка.
Күн нуруна төшүн кактайт
Көкжалама бийик аска.

Бул аскадан шаркыратма
Боюн таштайт таштан ташка.
Буйлаланып тынчып калат
Буйгоо жайга жеткен чакта.

Баар келди Арстанбапка,
Баар келди дүйүм бакка.
Бакыт ырын күүгө салды
Булбул конуп шактан шакка.

Алма гүлдөйт – аары конот,
Алча гүлдөйт – аары сорот.
Арча бүрдөйт – аңкыйт жыты,
Ар бир өрөөн бейиш болот.

Карлыгачтар канат керип,
Калайыкка салам берип,
Каршы-терши уча берет –
Кубанасың муну көрүп.

Көктөм келди Арстанбапка,
Килем жаап жерге, бакка.
Кең дүйнөнүн сулуулугун
Көрөм десең — кел бул жакка.

## СЕЗЕР БЕКЕН?

Булбул үнүн угуп үмүт багынан —
Узак калган жаздын гүлүн сагынам.
Лира десте жасап алып ышкымдан
Күтөм сени карегимдин таңынан.
Арманым жок азабыңды тартсам да,
Таалайыма гүл өстүрчү жаңыдан.

Шашып-шашып чыгат менин добушум,
Аяз чырмап баратат бейм конушун...
Райымдуулук каалгасын кең ачып,
Иликтечи, күндүн кутман болушун,
Периштедей бир көрүнүп көзүмө —
Ашыглыктын баштап койдуң «согушун»...

Жалооруймун элесиңе!
Билеби?
Арзуумдун болор бекен тиреги?
Насип буйруп дилди баар даарыса —
Ышкы аптабын сезер бекен жүрөгү?
Мээримине мээримимди ширетип,
Алоосуна тартар бекен тилеги?

Булак үнүн угуп сүйүү аскадан,
Улуу тоого арзымды айтып даттанам.
Лаззатына тартылам да булактын,
Кырчын чактын дарчасына баш багам:
Ашыглыктын гүлүн тигип жолуна
Таңды тосуп бараткансыйт кош кадам.

## КҮТӨР БЕКЕН БАГЫНДА?

Күздү көрүп жашоо деген секиден,
Махаббаттын көктөмүнө бекинем.
Күңгөйүмө күүгүм парда тартат да,
Мезгил уурдайт жаштыгымды четинен.

Кышка каршы ышкы алоолойт көңүлдө,
Жаз жаркынын улап учкул өмүргө.

Кырчын чактын кызыгына жолугам
Жадыраган кең жайлоонун төрүндө.

Көңүл толкуйт, толкунду мен карадым,
Ак куу учту тартып көздүн танабын.
Кыялымда сүзүп барат бир сулуу
Аста шилтеп кайыкчанын калагын.

Максатымдан калбайын деп тайгылып,
Сыр жашырат, сөз сүйлөбөйт айбыгып.
Өмүр көчү ашууну ашып калса да,
Сүйүүгө мен сапар чектим кайрылып.

Таң шооласы таазим берген чагында
Жетип барсам – күтөр бекен багында?
Тартуулаймын таттуу сезим ойгонсун –
Дил гүлүнүн кызылын да, агын да.

## АЙТПАЙБЫ?

Ачалбай ышкы кулпун жүргөнүмдү
Айтпайбы Алатоонун аскалары?
Астайдил бир өзүңдү сүйгөнүмдү
Айтпайбы аска-зоонун арчалары?

Арзыган бир өзүңдү мендей жанды
Айтпайбы Ысыккөлдүн толкундары?
Арашан болгонумду күйүп-күйүп,
Айтпайбы Аалы жазган «Күүнүн сыры»?

Ак карды эриткенин тилегимдин
Айтпайбы ышкы башат каштай тунук?
Азапка түшкөндүгүн жүрөгүмдүн
Айтпайбы асмандагы көчкөн булут?

Акынды ашык болгон жазып ырлар
Айтпайбы жалын жаштык илептери?
Айтылбай калабы же каптап ызгаар
Асыл ой, купуя ышкы жүрөктөгү?..

## САГА СУНДУМ ГҮЛҮМДҮ

Кара кашты какпа, жаным,
Кадыр билбес жансызга.
Жүрөккө отту жакпа, жаным,
Жалындамын ансыз да.

Кирпигиңди ирмебечи,
Көз отуңду көрөйүн.
Апкаарбачы, сүрдөбөчү,
Ажарыңдан өбөйүн.

Карегиңден кат окудум —
Кетеринде бурулуп.
Уктай албай ыр токудум,
Улам үнүң угулуп.

Үмүт менен багыңдамын,
Үйүңдү ачып кире албайм.
Кыял менен жаныңдамын,
Кантээримди биле албайм.

Баарыңды бир көрдүм да,
Багыштадым дилимди.
Сүйүүмө өстүрдүм да,
Сага сундум гүлүмдү.

## БИР ЭНЕ ТАПКАНДАЙ

Тагдырын тар заман тепсеген,
Таалайга умтулуп жетпеген,
Түпкүрдө түш көргөн эл элек
Теңдикти, жарыкты эңсеген.

Жатканда жазалбай канатты,
Жарк этип Октябрь таңы атты!
Жүз жылдап туюкта түнөткөн
Жабырдуу туманды таратты.

Кутмандуу улуу орус калкына
Кошулуп,
　　таанылдык жалпыга,
Күн нуру курчаптыр изимди —
Кайрылып карасам артыма.

Бүткүл эл бир кылка — ак тандай,
Бүткүл эл — бир дайра аккандай
Бирдиктүү,
　　ынтымак,
　　　　бактылуу —
Бардыгын бир эне тапкандай.

## ДАРКАН ЖЕРИМ

Амансыңбы, пахталуу даркан жерим!
Ата-бабам агызган маңдай терин.
Араласам арылат сагынычым,
Арзып келем ар жылы асыл мээриң.

Катар-катар тизилет козо сабы,
Кучагына имерет күндүн табы.
Кымбатыңды сеземин кадам сайын,
Косектеги пахтадай дилдин агы.

Кешиктешмин өзүңө төрөлгөнү,
Кетпейт эстен чөлүңдүн көгөргөнү.
Канча көрсөм — ошончо сүйкүмдүүсүң,
Калп айталбайм күн күбө төбөмдөгү.

Саптарыңды сагынткан араладым,
Саламдашып жаткансыйт шаналарың.
Сан бутактар салаама чырмалышып,
Сыр жашырбай аткансыйт мага баарын.

Көргөн адам көркүңдү — жазат черин,
Күтүп турат күз айы — пахта терим.
Куттуу күндө сагынып мээримиңди
Кучагына тартылам, даркан жерим.

## КЫЗЫЛ-БУЛАК

Кызыл-Булак — ата-бабам өткөн жер,
Киндик каның, көздүн жашын төккөн жер.
Бул дүйнөгө келген кезде мен дагы —
Эркелетип, эң биринчи өпкөн жер.

Биринчи ирет сага жуугам жүзүмдү
Биринчи ирет сен көргөнсүң изимди.
Сенде өттү көктөм кези өмүрдүн,
Сен баштадың биринчи өмүр күзүмдү.

Жылдарды ээрчип кош айтышып балалык,
Жигит болдум эртели-кеч таранып...
Кыш чилдеде кыз дилине гүл эгип,
Куттуу таңдар ата берди агарып.

Күндө ууртап мүрөгүңдөн, булагым,
Күтөөр элем жүрөгүмдүн ынагын.

Эсиндедир, жалгыз өзүн жаккансың,
Бир тилекке эки ышкынын чырагын.

Ышкы отуна чыдай албай буулугуп,
Келчи элек го түн койнунан суурулуп.
Кучагыңдын алоосуна түтпөстөн,
Калар эле дилдер дилге жуурулуп...

... Өттү мезгил. Чачты ороду кыламык.
Эстен кетпейт апам берген буламык.
Кырчын кезди тартуулачы, булагым.
Кайра ойноюн кумдуу чапка куланып.

## АПАМА

Апа деген улуу экен –
Айрылганда билинди;
Аязы жок жылуу экен,
Аруулаган дилинди.

Назик эле анын колу,
Сезгич эле жүрөгү.
Тунук эле бүткүл ою,
Тынчтык эле тилеги.

Калканч эле жаман көздөн,
Каргашадан сактаган.
Оолак тутуп жалган сөздөн,
Оң ишимди мактаган.

Кыш чилдеде аптап эле –
Күч сыяктуу Күндөгү.
Бүт турпаты аппак эне –
Чолпон экен түндөгү.

Ымыркайга ырыс берип,
Турмуш жолун үйрөткөн.
Жамандыкты бирден терип,
Жакшылыкты гүлдөткөн.

Апа деген асыл экен!
Ага теңдеш таппадым!
Айткандары – акыл экен,
Ачкан өмүр капкагын.

ОУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ №

## КЫШТЫ ТОСЧУ БИР АЗГА

Ушунчадан сага кумар артылып,
Умтуламын илебиңе тартылып.
Учкул кыял үмүтүмдү жетелейт
Улам сенин толкунуңа чарпылып.

Таттуу сезим тынчтык бербей ырдатып,
Таң атканча жүргөнсүймүн бир басып.
Турсаң дагы сезип жүрөк ыргагын,
Туюнтпайсың карегиңе сыр катып.

Ар кыл ойго бата берем отуруп,
Аралыкка мезгил тоосу тосулуп...
Ага болбой, жүрөгүңдү аралап
Аккым келет каның менен кошулуп.

Жердин шары өз огунда айланат,
Жүрөктөргө жүрөк жиби байланат.
Жыла берет мезгилди ээрчип өмүр да,
Жылдар менен жашоо изин саймалап.

Кырчын кезди, гүлгүн кезди кубалап,
Күн өтүүдө... Жыл сапары уланат.
Кыштын жолун тосчу, жаным, бир азга!
Корголоюн гүлзарыңды уялап.

## ЭКИ ЖҮРӨК УГУУДА

Жолугуштук турган чакта кар жаап,
Жолубузга төшөлүүдө ак мамык.
Өтүүдө ышкы дилден дилге жол таап,
Өчүп жатса издер изге тапталып.

Жашырасың караңгыга көзүңдү,
Жадыңдагы сырды даап айталбай.
Купуя ышкы курчабаса сезимди,
Карбаластап турмак белем кайталбай.

Улам узап, бара бердим кайрылып,
Убакыттын созулганы жагууда.
Кош деп айтсам – калгансыймын айрылып,
Кусалануу кыял менен агууда.

Аккан кыял тоскоолдорго токтолот,
Ар кимибиз жол издейбиз чыгууга.

Эчен суроо эркти курчап топтолот,
Эки жүрөк бирин бири угууда.

Кар тынбастан жаап жатты себелеп,
Катмарына жашынууда из дагы.
Капарга албай, карды кайра тебелеп,
Кыналышып тура бердик биз дагы.

## ӨТҮНҮҮ

Тоо чымчыгы, келиптирсиң калаага,
Түнөй албай кар ызгыган талаага.
Үйүмө кир, коногум бол кыш бою,
Үшүптүрсүң үтүрөйүп, садага.

Жаз келгенче кыштап чыккын биз менен,
Жылуу-жумшак уя жасап беремин.
Көктөм келет сен да, мен да издеген,
Көкүлүнө тагып алып белегин.

Ага чейин өкүм сүрөт бурганак,
Ай-талаага кар тозоңун сапырып;
Карагайдын тармал чачын жулмалап,
Кычыраган кыш ураанын чакырып.

Ар бир күнү жем чачамын үч убак,
Ар бир күнү суу беремин жаңылап.
Турба мында, тоо чымчыгы, чочулап,
Тилегениң биздин үйдөн табылат.

Керек болсо – тоо чөбүнүн даны бар,
Күздө жыйгам, кем-кетиктин баары бар.
Кетирендеп жей бересиң, жаныбар,
Көөнүңдү ачат – тоо гүлүнүн даамы бар.

Тоо чымчыгы, келген биздин калаага,
Түнөй албай бурганактуу талаага,
Жатыркабай үйүмө кир, өтүнөм,
Жазга чейин коногум бол, садага.

## УШУЛ ЖОЛГО КЕРБЕНБИЗ

Тагдыр кээде үмүттөрдү агызат,
Тагдыр кээде өчкөн отту тамызат.
Бул тагдырдын кербенибиз биз дагы
Бара жаткан башталыштан ары узап.

Башталыштын башатында баар бар.
Башталыштын башатында наар бар.
Базарынан каалаганың табылган
Багы жашыл жаштык деген шаар бар.

Баарды улап бул базарга жай келет.
Бозой, селки бой түзөчү ай келет.
Көңүлдөргө сүйүү чачкан ушул кез
Күнгө дагы, гүлгө дагы бай келет.

Башталыштан сапар тарткан төрөлүү
Басып өтүп даражасын көтөрүү,
Кубанычты кучагына толтуруп,
Күлүңдөгөн күзгө келет мөмөлүү.

Сапарды улап ак муруттуу кыш турат,
Сапырылган кар тозоңу бетке урат...
Каарына бурганактын карабай,
Кыялды ээлейт гүл кучактуу кыз бурак.

## СОГУШ БАШТАЛГАНДАГЫ ЫР

Кандуу согуш жай маалында башталды,
Каптады апаат ыйык ата конушту.
Кара түтүн ышка айлантып асманды,
Кан ичем деп каршы-терши ок учту.

Жамгыр жаабай, темир жаайт төбөдөн,
Жашыл чөптөр күйүп кетет заматта.
Мөндүрдөй ок баш көтөртпөйт дөлөдөн,
Мындай кыргын болгон бекен санатта?

Тасырайтып кактайт жайдын аптабы,
Талааларда иче турган суу да жок.
Жалбырактар бүт тонолгон бактагы
Жалмап жалын, мүлжүп бомба, кырчып ок.

Канаттуулар жоголгонбу түбөлүк?
Кайда кеткен – такыр үнү угулбайт?
Саратан ай булуту жок түнөрүп,
Снаряддар ач бөрүдөй уңулдайт.

Үйлөр сокур – терезеден айрылып,
Үзүк-үзүк калганын каннаты.
Токой ыйлайт бутактары кайрылып,
Таңылбастан төшүндөгү жараатьы.

От жалынга, ок жамгырга кошулат
Ойрондотуп жерди, элди, эгинди.
Адам каны топуракта жошулат,
Ажал бийлеп, ажал сүйрөп өмүрдү.

Согуш өртү улам күчөп күйүүдө,
Сыналууда адилеттик, арамдык.
Бүт адамзат биздин эркти билүүдө –
Болгон эмес, болбойт бизде чабалдык!

Жан алгычтай фашисттердин таманы
Жатса дагы ыйык жерди тебелеп...
Сок душманды, Советстан адамы!
Согуш соңу жеңиш менен чечелет.

*1941-71*

## ТЫНЧТЫК КҮНДҮН ТАҢЫ АТТЫ

Согуш бүттү.
Таңдык сонку жараатты.
Согуш бүттү.
Тынчтык күндүн таңы атты.
Кубанычтын шаңы каптап сезими,
Көк шиберге таштап ийдим өзүмдү.
Көкүрөктү керип-керип дем алдым,
Күн күлүңдөп нурга чайкайт көзүмдү.
Төрт жыл бою ушул күндү күткөнбүз,
Төрт жыл бою азабына түткөнбүз.

Көңүл куунак көктү карап жатамын,
Көзгө илинбес көп ойлорго батамын.
Капылеттен короз бузду оюмду,
Кыйкыртпастан жулгум келди сакалын.
Койдум, койдум!
Короoз бузсун тынчтыкты,
Көргүм келбейт
өлүм менен мылтыкты!

Былк этпестен жата бердим ой курчап...
Бир көпөлөк конду гүлгө солкулдак.
Такылдатып тал көөдөнүн койгулап,
Тынчтык бузду тумшугу курч тоңкулдак.
Мейли бузса тонкулдактар тынчтыкты,
Мен сүйөмүн тынымы жок чымчыкты.

Кирпиктери эрке желге титиреп,
Кайың күлөт карагайга бой тиреп.
Кан жааганда караңгыга жашынган
Көгүчкөндөр учуп чыкты көк жиреп.

## ЭЛЕСИНЕ СЫЙЫНАМ

Согуш – сыноо.
    Эрдигиңди текшерет.
Ар ким эле окко тоспойт көөдөнүн.
Өлүм дагы эрте келет, кеч келет,
Ылгабастан атууларын, жөөлөрүн...

Чолпонбайдай ДОТтун оозун кучактап,
Бир солдаттын ок тосконун көргөмүн.
Бетти жууп көздүн жашы буурчактап,
Бейит казып азаматты көмгөмүн.

Элүү ашып болгон кезде мойсопут,
Эске түштү ошол солдат арбагы.
Ойлоп көрсөм азыр акыл токтотуп,
Ушундайлар баатырлардын албаны.

Азыр деле ошол жерде турат ДОТ,
Кашатында кабак чытыйт таш солдат.
Бейитинде күнү-түнү күйөт от,
Кайтарууда каровол болуп жаш солдат.

Коргоп турат тынчтык күндүн дубалын,
Калган жигит калкын коргоп кыйналып.
Башымды ийип таазим кылып турамын
Таш денелүү элесине сыйынып.

... Каргыш согуш канча жанды жалмады.
Каргайт аны өлгөндөрдүн жарлары,
Каргайт аны кара кийген энелер.
Кайра кыргын көрбөсүнчү балдары.

Өчсүн күлү согуш жаккан оттордун,
Өчсүн үнү согуш аткан октордун.
Экинчи ирет ыйлабасын жол карап
Энелери арабызда жоктордун.

## БЕЛГИСИЗ СОЛДАТ МҮРЗӨСҮ

Таш калканга жазылыптыр мындай кеп:
«Мында жатат беш жүз солдат денеси»...

Мындай жазуу, бир бул эмес, дагы көп,
Кара кийген ар биринин энеси.

Качан туулган, качан өлгөн – баары бар.
Жылдыз турат күн нуруна жаркыган.
Бири бойдур, бир тобунун жары бар,
Кээ биринин жоктоору жок артынан...

Кучакташып жер-эненин көөдөнүн
Кетишкен да сапарларга келгисиз.
Көрсөк дагы мүрзөгө гүл өнгөнүн,
Жатат көбү аты-жөнү белгисиз.

Москвада белгисиздер атынан
Келтирилген бир жоокердин денеси.
Көрүнгөнсүйт таш калкандын катынан
Кырчын бойдон өлгөн эрдин элеси.

Бул мүрзөнү күнү-түнү кайтарат,
Бул мүрзөдө күнү-түнү от күйөт.
Бул мүрзөгө үзүлбөстөн калк барат,
Бул мүрзөгө кучак-кучак гүл үйөт.

## ЖАЗДЫ КҮТӨМ

Эмнегедир, жаз айы
Кечиккенсийт жолунан...
Же чыкыроон атайы
Чыгарбайбы торунан?

Жерден кетпейт тоңголок,
Кыштын тону агарып;
Чымчык жарга корголоп,
Чыркылдабайт таранып.

Кыш сүрүлсө чегинип,
Кара жамгыр туулат.
Булак музу чегилип,
Мукам үнү угулат.

Жазды тосом ийилип,
Жерип кыштын каарын.
Жашыл көйнөк кийинип,
Жакын келчи, баарым.

... Жазды күтөм сагынып,
Жазда жерден кар кетет.
Кызыл жоолук салынып,
Кыз да, гүл да жарк этет.

## БААР САЙЫН

Баар сайын көңүлүмдү сергитет:
Биз экөөбүз таткан сүйүү булагы,
Биз экөөбүз жаккан сүйүү чырагы.

Баар сайын көңүлүмдү эргитет:
Биз экөөбүз тапкан ышкы кумары,
Биз экөөбүз таккан ышкы тумары.

Баар сайын көңүлүмдү сергитет:
Биз экөөбүз жүрчү бактын бүрлөрү,
Биз экөөбүз сүйчү бактын гүлдөрү.

Баар сайын көңүлүмдү эргитет:
Бизди бирге кошкон өмүр агымы,
Бизди бирге тоскон өмүр жарыгы.

Ошол кумар, ошол тумар биздеги –
Опол тоодой махаббаттын издери.
Ошол бүрдүн, ошол гүлдүн бурагы –
Ошол кездин ойдон кетпес убагы.

## КОШУП КОЙСОК ЭП БОЛОТ

Экөөбүздүн ортобузда ар убак
Сагынуу да,
таарынуу да көп болот:
Сүйүү болуп агып турган мөл булак
Бирде кайнап,
бирде кайра токтолот.

Экөөбүздүн ортобузда ар убак
Сүйүнүү да,
күйүнүү да болууда.
Сүйүү болуп аңкып турган гүлбурак
Бирде өңдөнүп,
бирде кайра соолууда.

Экөөбүздүн ортобузга ар убак
Күлгүн дагы,
күүгүм дагы туш келет:

Махаббатка таң нурундай дилге ынак
Бирде көктөм,
бирде кайра кыш келет.

Экөөбуздүн ортобузда ар убак
Таттуу дагы,
ачуу дагы көп болот.
Болбос үчүн экөөбуздө эки ыргак,
Жүрөктөрдү кошуп койсок эп болот.

## СОКМОК ЖОЛ

Бала кезде сокмок жолдо баскамын –
Булак менен кошуп турган айылды.
Айта көрбө арсак-терсек таштарын,
Эчен ирет тилдиргемин пайымды.

Ал жол менен мал да басчу, эл басчу.
Балдар болсо чуркашчу эле топурап.
Жамгыр жааса кыян акчу, сел акчу,
Жуурулуучу камыр болуп топурак.

Ошол жолдо жолуктургам бир кызды,
Суу көтөрүп келатыптыр булактан.
Чаңкай түштө тапкансыдым жылдызды,
Ал-жай сурап сөз баштадым ыраактан.

Суудан жуттум учкай кармап чакасын,
Оозум сууга, көзүм кызга умтулат.
Топчусу жок чыт көйнөктүн жакасын,
Жаппаса дейм колу менен кымтылап...

Кирпигине кирпигимден байланып,
Кош айтышып кеталбастан турамын.
Көз жашка окшоп карегинде айланып,
Кайра-кайра суу берчи деп сурадым.

Суу ордуна сүйүү жуттум бир кашык,
Ал сүйүүнүн алоосуна жанамын.
Жүргүм келди өмүр бою суу ташып –
Көрүү үчүн күндө кыздын жамалын.

Кыз сүйүүсү дилде жаткан корголоп,
Жарк дей түштү оюусунун жаканын...

Сокмок менен жөнөдү кыз жорголоп
Оң мүрүгө оодарды да баканын...

Тагдыр – дайра.
Чартарапка агызат.
Көп узабай техникумга жөнөдүм.
Кадимкидей каттай албайм – жол узак,
Кыял менен кыз жамалын өбөмүн.

Окуу бүтпөй согуш өртү каптады,
Чакырылдым жоокерлердин сабына.
Ок тыткылап канча кандар акпады...
Ошол кызды ойлоп жүрдүм сагына.

Согуш бүттү.
Катар медаль тагынып
Кайра келсем – жалгыз сокмок жол турат.
Кыз кыялы карегиме чагылып,
Көңүлүмө көп ойлорду толтурат.

... Бала кезде калгандыктан дил сүйүп,
Булак үнүн бүгүн дагы угамын.
Улгайсам да убакытка баш ийип,
Унуталбайм ошол кыздын кумарын.

## ЧӨП ЧАБЫК

Жай мезгили.
Кызыган кез чөп чабык,
Күн аябай төгүп турат аптабын.
Чөп жыгылат бирин-бири жазданып,
Катар тизип чабындынын саптарын.

Шыр-шыр этет кайраттуунун чалгысы,
Шыпыргансып пычан – жердин арасын.
Шашып карайт арт жагына чалгычы,
Териштирип чабындынын чаласын.

Көзгө кирет ачуу терлер куюлуп,
Кийим дагы сыгып алма суу болот.
Аба дымык, кеткенсийсиң думугуп,
Адырларды койгон белем буруга ороп.

Пычан төшөп чөп алачык ичине
Дем алышат чалгынчылар чак түштө.

Чаалыгуулар таркаганда кичине,
Чарчоо билбей чыгат баары кайра ишке.

Ушул чөптөн сүт, эжигей, айранын,
Ушул чөптөн эт, май толот үйүңө.
Ушул чөптүн сыгып алып каймагын,
Дасторконду кең жаябыз күнүгө.

## ДЫЙКАН МЕНЕН АКЫН

Дыйкан менен жакын көрөм өзүмдү,
Ал нан табат,
мен ыр табам эмгектен.
Айтаарым бул:
Алтын дебейм жезимди,
Адал эмгек — экөөбүздү тердеткен.

Дыйкан сүйөт жылуулукту,
күн нурун,
Нөшөрлөгөн жаздын-жайдын жамгырын.
Мен сүйөмүн сулуулукту,
гүл сырын,
Узун таштап каламымдын чылбырын.

Ырларымды кагаздарга көчүрсөм,
Элестетем бороздордун саптарын.
Аны кайра кыйма-чийме өчүрсөм —
Жазганыма мала басып жатканым.

Дайра бойлоойм дыйкан атын сугарган,
Дарылыкка мүрөк издеп шарынан.
Түшүмүм — ыр,
жыйнаганым — чыгармам,
Тат, окурман, акындын да нанынан.

## МӨНДҮР

Көктүн бетин кара булут каптады,
Катаалдыктын көзү жерге үңүлүп.
Күн күркүрөп, чартылдады чакмагы,
Калчылдады калың эгин жүгүнүп.

Төктү мөндүр — жердин бетин сабады,
Ташкын жүрдү — жандуу жандан түңүлдү.
Тыбыратса жалбыракты шамалы,
Топ-топ этип мөмө бактан күбүлдү.

Жулду мөндүр чөптүн жашыл чачтарын,
Желаргыга ар бир таңда тараткан.
Жулду мөндүр гүлдүн назик баштарын,
Жетип келип желдетке окшоп кара атчан.

Сезимге кылт келди мөндүр жааганда,
Согуш кези ок төгүлгөн абадан.
Солдаттардай ок жаңылган майданда
Сулап жатат эгин мөндүр сабаган...

Жаралуусун табып болуп дарылап,
Жүрөт адам арасында эгиндин.
Жолбун мөндүр кетип жатып арылап
Жаалданып бир сөз айтты: «Жеңилдим!»

## ПАХТАЧЫ СЕЛКИГЕ

Атилес көйнөк кийгенин,
Ак алтын сенин сүйгөнүң.
Ашыкмын десем апкаарып,
Азилге буруп сүйлөдүң.
  Кыялым койбой эркиме,
  Кызыктым сендей селкиге.

Пахтанын гүлү бир өзүң,
Пахтадай эмес мүнөзүң.
Жылуу сөз күтүп ар күнү
Жаныңа барсам күлөсүң.
  Кеталбай алыс айланам,
  Күлкүңө жипсиз байланам.

Изиңе изим улайын,
Ишиңе ишим улайын.
Жалдыратпай кабыл ал,
Жүрөктү сага сунайын!
  Кош өмүр бирге гүлдөсүн,
  Кош булбул болуп үндөсүн.

*1947*

## ТҮНКҮ БИР ЭЛЕС

Күүгүмгө батты чартарап,
Күүлөнүп учту жарганат.
Карандыз оту жалындайт
Казандын боорун жалмалап

Коктуда суулар көбүрүп
Жаткансыйт тоодон төгүлүп.
Кыпындар учат жылдызга
Жылт этип оттон бөлүнүп.

Короодо балдар ышкырат,
Коктуда жылкы бышкырат.
Боорсок беттүү бир жигит
Бой көтөрүп тыңсынат.

Ыксырайм – отто жылуу бар.
Ышкымды уурдайт сулуулар.
Учканын көрүп жылдыздын
Умсунуп коёт улуулар...

Очоктон албай көзүмдү,
Ойлоймун ойноо кезимди.
Отура бердим тунжурап,
Отторго байлап сезимди.

## АКЫН МЕНЕН БУЛАК

Акын:
– Айтчы, булак, эмне болду мынчалык,
Күндөгүдөй күлкү чыккан үнүң жок?
Кыргагыңа муз тоңуптур курчалып,
Көркүңдү ачып жайнап турган гүлүң жок?

Булак:
– Бир кыз келди ыза дилин кыйнаган...
Бир заматта кышка айланды жайкы аптап.
Көз жашына чыдай албай ыйлаган –
Көөдөнүмдү калбадыбы муз каптап.

Акын:
– Айтчы, булак, бүгүн мынча ырдайсың,
Ашыглыкка мүрөк болуп актыңбы?
Айдан түшкөн, Күндөн түшкөн нурдайсың,
Арзууларга ышкы гүлүн тактыңбы?

Булак:
– Ал кыз келди. Жүзү гүлдөй жайнады.
Аяз качты, муздар сынды быркырап.
Бакка конуп, булбул тынбай сайрады,
Кубанычка дилин кошту кыз бурак.

Экөө:
Кыз кайгысы – ызгаары бар чилде экен,
Кыз бактысы – гүлзары бар дилде экен.

**КААЛГАМДА ТУРУПТУР**

Ар күн сайын эрте туруп, кийинип,
Сыртка чыгам көрүшүүгө Күн менен.
Шоолалары булуттарга чийилип,
Таң шоокуму учурашат дил менен.

Бүгүн дагы чыксам Күндүн жолуна,
Тоо башына тийген экен тунук нур.
Күлүмсүрөп бубак кармап колуна
Күз маалы каалгамда туруптур.

Салам бердим.
Чоочунсурап карадым.
Жүрөгүмдү чыйрыктырды шамалы.
Күн нурларын салаам менен тарадым,
Жакындады мага күздүн кадамы...

Кыял күтүп,
кыз сыяктуу каткырып,
Колу менен сылап койду башымды.
Билбей калдым боёгонун ак кылып
Бир заматта көөдөй кара чачымды.

Күздөп качып... Күн нуруна бекиндим.
Кутулбадым.
Этегимден кармады...
Ошол күнү күзгө өптүргөн бетимдин
Бырыштары дасмалдасам жанбады.

**КАР БАСТЫ ДЕБЕСМИН**

Күн ачык. Мен ачык эмесмин.
Күнөөлүү сен гана дебесмин.
Карекке тартылып калганбы –
Карааны үзүлбөйт элестин.

Кыялга кымбатың чагылат
Көрүшкөн кездери жаңылап.
Кар каптап жатса да кадамын,
Кантсин дил – баарын сагынат.

Күтөмүн, көркөмүн үн катпайт.
Көңүлүм тынчыбайт, жай таппайт.
Көктөмдө кар жааган сыяктуу
Көтөртпөй башымды ой каптайт.

Алыста кан жутам ойлонуп,
Айылда жаткансыйт той болуп...
Ар күнү зарланам шар суугa,
Апкаарып түшүмдөн ойгонуп.

Кагазга жазарда сөз башын,
Калемден тамчылайт көз жашым.
Кантип дил унутат табышкан
Кутмандуу тандагы сырдашын!

... Күн ачык. Мен ачык эмесмин.
Көктөмдү кар басты дебесмин.
Карекке тартылган сүрөттөй
Калууда. Өчүрбөйт аны эч ким.

## ИЙИП КЕТЕР

Сагынуулар калган кезде чогулуп,
Сырдашабыз, аз да болсо жолугуп...
Буга күбө ак кирпиктүү айлана,
Буга күбө көктө сүзгөн ай гана.
  Эмнегедир ачык айтпай сөзүңдү,
  Эзүүдөсүң, кыйноодосуң сезимди.

Көп сөздөрдү айткың келип турса да,
Көкүрөктү сыр ташкыны урса да...
Жашырасың, сүйлөбөстөн чечилип,
Жаз кабары калып жатат кечигип.
  Мүмкүн, ойдун чиеленген түйүнү
  Менден катып жаткан чыгар сүйүүнү?

Жаз келгенде гүлүн ачар сыр дагы,
Жалбырактай кыналышып ыргагы.
Күн шооласын төккөн кезде ынактай,
Купуя ышкы ийип кетер булактай.
  Ошол кезде махабаттын тумарын
  Окутарсың таркаганча кумарым.

## СЕН ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕН КЕЗДЕ

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак,
Салтанатка салтанаттуу шаңды улап,

Көнүлдөрдү жаркыратып заматта
Күйгөн чыгар күлүндөгөн шам чырак.

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак,
Сүйүнгөндүр Ысыккөл да шаркырап.
Туу тоолордон түндү сыйрып Ай нуру
Турган чыгар терезеңде жаркырап.

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак,
Сырга болуп тагылгандыр махаббат.
Ышкы отторун бой тартканда берем деп,
Ырга толуп сагынгандыр махаббат.

Сен дүйнөгө келген кезде таңкы убак,
Сапарыңа жолун кошкон бул курак.
Кадыр түндө кирип менин түшүмө
Кучагыма кыналгансың гүл бурап!

**ЖАГАР БЕКЕН?**

Учкум келет турналардан калбастан,
Уч-кыйырсыз кең асмандын жолунда.
Тоолор көрсүн чокуларын кар баскан,
Тунгуюкка көтөрүлүү сонун да.

Учкум келет каркырага кошулуп,
Улам тарап күндүн жарык нурларын.
Айткым келет башкалардан озунуп
Ааламдагы укмуштардын сырларын.

Акын эмес, кыял учуп баратат
Асман-Жердин аралыгын кыдырып.
Ар кайсыга салып көрсөм сарасап:
Айлануууда өмүр деген чыгырык.

Учкул кыял үндөн, октон, жарыктан,
Уйкуңду алат узун түнгө карабай.
Көз жеткисиз чексиздиктен талыксам –
Кайра асылат оюнкарак баладай.

Антеннасы сезимдердин эсепсиз
Айтып турат аалам сырын дирилдеп.
Келет ойлор кезек менен, кезексиз...
Кирпик какпайм кетпесин деп бириндеп.

Акын эмес, кыял учуп баратат,
Айланууда мезгил деген чыгырык.
Жагар бекен урпактарга ушул сап?..
Жазып жатам кирпигимден сыдырып.

## ӨЖӨРЛҮКТҮН ЖЕҢГЕНИ

Оору, мени этектебе,
Багынтам деп эркимди.
Сөөгүнө жетет дебе
Сомдоп кармап керкинди.

Оору, мага көп асылба,
Эмгек деген дарым бар.
Чайнап ием дарт ташын да,
Элим барда – багым бар.

Көбү түшөт кур наалышка
Сыркоо жүгөн салганда.
Келбе, жаштык, кол кабышка,
Чакырбаймын жардамга.

Эгер келсең – жазда келбе,
Жаңы жылда жолобо.
Иштеп жатсам батып терге,
Күтүп тургун короодо.

Арызданбайм кыйналдым деп,
Асыл максат барында.
Эритемин, кайратым бек,
Тоонун тоңгон карын да.

Оорудан мен өйдө турсам –
Өжөрлүктүн жеңгени.
Өмүр жолун ырдан курсам –
Өнөрүмдүн кербени.

## ГҮЛДӨЙҮНЧҮ КӨКТӨМДӨЙ

Көрүп туруп өмүр жазы келбесин,
Кырчын кезди теңир кайра бербесин.
Кумарыңа куса болдум чени жок!
Кусалыктын теңи жалын, теңи чок.

Билип туруп күздүн кышка барарын,
Бубактарын тармал чачка тагарын,

Бара берем баарыңды сагынып!
Бала сыяк үмүттөргө багынып...

Басар жолдо мөңгү да бар, кар да бар,
Басар жолдо өңгү да бар, жар да бар.
Бирок буга көнбөйт экен махаббат.
Баар көрбөй өнбөйт экен махаббат.

Чындыгы бар, негизи бар мунумун,
Чырпык эмес, чын сүйүүнүн кулумун.
Чыгарбастан каалгамда кыш турат,
Чыкыроондон куткарып ал, кыз бурак?!

Жарык шоола жаагымдан өпкөндөй,
Жагалданып гүлдөйүнчү көктөмдөй.
Жалыныңа өрттөп ийчи күзүмдү!
Жаштар көрсүн жазга түшкөн изимди.

**КӨЗ ЖАШЫ ЭМНЕ?**

Көз жашы эмне?
Кубануунун, кайгыруунун жарчысы;
Бир ирмемде
Бетти жууйт мөлт-мөлт этип тамчысы.

Көз жашы эмне?
Жылжып-жылжып сезимдерден бөлүнөт,
Каректерге
Батпай толкун шүүдүрүмдөй төгүлөт.

Көз жашка окшоп
Нөшөр төксө – жердин бети көгөрөт.
Жүрөк козгоп
Бала дагы көз жаш менен төрөлөт.

Мөңгү, кардын
Тамчысы да көз жаш сыяк жаркырайт,
Жыйнап барын
Күкүктөгөн дайра болуп шаркырайт.

Көз жашы эмне?
Бирде күүгүм, бирде жарык нур болот.
Издегенге
Ышкысы аруу, ыргагы элпек ыр болот.

## ТЕРЕҢ ЭЛЕ ДЕҢИЗДЕН

*Апам Сулуунун эстелигине*

Жүрөк туйлап алкымыма тыгылды,
«Апаң оор!» деген сөздү укканда.
Тура калсам орундугум жыгылды,
Аба жетпейт – чуркап тышка чыксам да.

Кыш мезгили. Ызгаар жалайт бетимди.
Ичим күйөт, жүрөк күйөт өрт болуп.
Ойго батам:
«Кантип жашоо кесилди?..»
Баратамын эки көзүм төрт болуп.

Жеттим үйгө. Апам жатат суналып.
Көзүн ачпайт. Эрин араң кыбырайт.
Беттин оту өчүп барат кубарып...
Жаш токтобойт. Бүткөн боюм чымырайт.

«Сабыр кыл!» деп ар ким айтат кайрылып.
«Апаке!» деп кучактадым денесин.
Жүрөк кантсин!
Жүрөк ыйлайт кайгырып
Эске салып – эмчек берген элесин...

Өмүрү анын түрүлүүдө жипке окшоп,
Мезгил дагы бараткансыйт жыйрылып.
Дем алуусу бир билинип, бир токтоп,
Жаткансыды тула бою чыйрыгып.

Көзүн ачты:
Көрдү мени, жарыкты.
Өмүр жолу өтүп жатты тизилип...

## АНЫКПЫ?

Карай берип сен өтүүчү багытты,
Кирпик катып, эки көзүм карыкты.
Күдөр үзбөй күнү-түнү күтөйүн,
Көңүлүңө таң атканы аныкпы?

Көрүү үчүн сага түшкөн жарыкты,
Көктөм сүйгөн махаббатым зарыкты.
Каалгасын жүрөгүңдүн черттирбей,
Кучак жайып кубантаарың аныкпы?

Кимдер билбейт сүйүү деген тарыхты —
Кылымдарды, замандарды карытты...
Калпып берип махаббаттын мүрөгүн,
Көнүл багын гүлдөтөрүң анықпы?

## ЖАТСАМ ДАГЫ УУ ЖУТУП

Жароокерлер, көктөмсүңөр өмүргө,
Жолуңарга шиберге окшош төшөлдүм.
Сүйүүмдү чыгара албайм төгүнгө,
Силерсинер — көркү менин көчөмдүн.

Бирде басып сүйүү курчун мизинен,
Бирде таттым күйүү мурчун турмуштун.
Көз жашымды көрөсүңөр изимен,
Канча жолу колум жетпей жылмыштым.

Көрнөк тутуп көзгө күндүн аптабын,
Койдуңарбы жүрөк отун жашырып?..
Өрттөнсөм да өзүңөрдү мактадым
Өзүмдөн да, өзгөдөн да ашырып.

Ышкы багын сыйлагыла ар убак,
Ыйга дагы, сыйга дагы тең карап.
Мезгил жетсе мөмө бербей бак кулап,
Майданыңдан кете берет эл тарап.

Көз кароолор — котормодой сөзмө-сөз,
Кандай кылам — жүрөгүмө жетпеди.
Кошулбаса көктөмгө гүл, көзгө көз —
Көңүлдөгү көп жалындын өчкөнү.

Жароокерлер, жолуңарга төшөлүп,
Жалооруймун жүрөгүмдү туу тутуп.
Жашоо барда мактай берем көшөрүп,
Жатсам дагы ышкы ордуна уу жутуп!

## ТҮШ

Түндө мен түш көрдүм ажайып,
Толкунду аралайт жел кайык.
Кайрылып артыма карасам,
Калыптыр изимди нур чайып.

Таштарга дарактар асылып,
Тургансыйт жээкти жашырып.

Булуттар чуудадай самсаалап,
Баратат көк менен ташынып.

Күн болсо бийикте жаркырайт,
Көбүктүү толкундар шаркырайт.
Көбүктөй тамчылар чачырап,
Кылаанын таштарын камчылайт.

Жалооруп караймын буларды,
Жазалбай жалындуу кумарды.
Булуңга кайыгым капталды,
Билбейт го табийгат убалды...

Кайыгым ак кууга айланды,
Кайгырам табалбай айламды...
Акыры иликтеп жөнөдүм,
Аккуулар арзыган жайларды.

Толкундар толгонуп өрүлөт,
Толкундар аккуудай көрүнөт.
Көлдөгү күзгүгө карасам,
Көзүмдүн шооласы төгүлөт.

Куу болуп канатын чапкылап,
Койкоюп көңүлдүү каткырат.
«Тунжурду аккуулар күтөт» деп,
Толкунга жазылган кат турат.

Чын эле тунжур куш болупмун!
Чаңкайган асманга конупмун.
Айланып ааламдын көлүнөн
Арзыган ак кууга жолуктум...

## КӨКТӨМ ЖЫШААНАСЫ

Келерде көктөм маалы ак кар эрип,
Тамчылар мөлт-мөлт агат көз жашка окшоп.
Күн дагы көк асмандан салам берип,
Жаткансыйт жаратылыш күүсүн коштоп.

Шылдырап агып жаткан булак суусу
Жыртууда муз парданы бырын-чырын.
Турса да кар чүмкөнүп тоонун туусу,
Чымчыктар жар салууда көктөм ырын.

Бактардын бүчүрлөрү үрпкө окшогон
Бат эле жалбыракка айланат да.
Бипбийик чокуларга мойнун созгон
Булуттар жоолук болуп байланат да.

Кептерлер кеңешүүдө кобурашып,
Чатырдын кыркасына конуп алып.
Күңгөйлөр тоборсууда улам шашып,
Эриген кардын суусун соруп алып.

Күн нуру эртең менен парданы ачсам –
Күлүңдөп терезелден шыкаалады.
Жылуулук баарыбызды ыксыраткан –
Көктөмдүн кабарчысы, жышаанасы.

## КАЙРЫЛГАНСЫЙТ ЖАШ ЧАГЫМ

Сени көрсөм, таң нурундай аппагым,
Сапарынан кайрылгансыйт жаш чагым.
Жайдын күнү бактуу булак боюнда
Жалынынан махаббаттын таткамын.

Мажүрүм талдын самсаалаган шактарын
Мойнуңа ороп шуру ордуна таккамын.
Таттуулуктун ташкынына багынып,
Так ошондо ышкы алоосун жаккамын.

Шуудураса желге ыргалып дарактар,
Шилтенгенсийт сан жетпеген канаттар.
Жүрөк ырын бизге кошо жаттаган
Жалбырактар – жазыла элек барактар.

Кызыктырган кош эриндин даамы.
Кызыл гүлдөй эки беттин наары.
Көкүлүнө көркүн түйүп ошондо
Келди эле го махаббаттын баары.

Көрсөм сени – үн каталбайм жалдырап,
Көңүлүмдө турса дагы жаш курак...
Угулгансыйт ууз сүйүү авазы
Уктатпастан узун түндө гүл бурап!

Сени көрсөм азыр дагы, ак таңым,
Сүйүү толуп кайрылгансыйт жаш чагым.

Тилегиме көктөм гүлүн өстүрүп,
Тартуулачы ошол жаштык аптабын!

## ЖАДЫМА ТҮШТҮ

Жадыма түштү жаш чагым,
Жадырап көктөм келгенде.
Жалама зоосун асканын
Жалтанбай эчен баскамын.

Тергемин тоонун гүлдөрүн,
Таң менен кошо ойгонуп.
Торгойлор безеп үндөрүн,
Толкунду жиреп жүргөмүн.

Булактан мүрөк жуткамын,
Булуттар менен талашып.
Баардын жыттап жыттарын,
Баардын ырын уккамын.

Өзөндүн суусун кечкемин,
Өйүздүк кыздар чакырса.
Өтүгүм шашып чечкемин,
Өңүтүн издеп кечменин.

... Жадыма түштү жаш чагым,
Жаңырып көктөм келгенде.
Жылдыздуу жаштык асманын,
Жалдырап тиктей баштадым...

## КЕЛИП ТУРЧУ СУУ АЛЫП

Тоолордогу мөңгүлөрдөн суу алып,
Келе жатат жоомарт булут чубалып.
Какшып турган көлгө төксүн мүрөгүн,
Чарчап турган жерге төксүн мүрөгүн,
Чаңкап турган чөлгө төксүн мүрөгүн.
Жоомарт булут келе жатат суу алып.

Аскадагы ак карлардан суу алып,
Булут көчү келе жатат чубалып.
Жел шаштырып ылдамыраак басчылайт,
Жанын койбой чагылганы камчылайт,
Булут жашы жер бетине тамчылайт.
Келе жатат түрмөгүнөн суу агып.

Деңиздердин тереңинен буу алып,
Кербен булут келе жатат чубалып.
Бактар күтөт жалбырагы солуган,
Чөптөр күтөт керимселден ооруган,
Кырлар күтөт ным жок жону жооруган.
Көктө булут келе жатат суу алып.

Жоомарт булут келе жатат суу алып,
Жолун тосом тилектерден туу алып.
Жамгыр төктү – жабыр тарткан жер канды,
Жамгыр эмес, жашоо үчүн нур тамды.
Жүрөгүмө жалгыз тамчы ыр тамды,
Жазып жатам ошону мен кубанып.
Жоомарт булут келе берсин суу алып.

## ҮНДӨЧҮ

Түшүмдө да,
өңүмдө да элесиң
Тарта берет махаббаттын желесин.
Учуп түшкөн жалбырактан көз албай,
Улам карайм убакыттын жебесин...

Бийик тоого бирге экөөбүз чыгалы,
Бизге калыс улар үнүн угалы.
Карегиңе карегимди ширетсем –
Канар бекен сагынычтын кумары?

Чалкып жаткан көл кылаасын бойлойлу,
Чын сүйүүнүн ырахатын ойлойлу.
Түрмөктөлүп бизди карай умтулган
Толкундарга таш ыргытып ойнойлу.

Куулар учту – биз да канат кагалы,
Күтүп турат көктө күндүн жамалы.
Кучагына кең ааламдын тартылып,
Көкүрөккө жылдыздарын тагалы!

Өтүп жатат мезгилди ээрчип дил көчү,
Өмүрүмө жаз тартуулап гүлдөчү.
Мүнүшкөрдүн шумкарындай учайын
Махаббаттын сересине үндөчү!

## БАРА ЖАТТЫ...

Бара жатты акырын жалын селки
Бир колуна жоолугун кармап алып.

Көңүлүмдү багынтты анын көркү,
Көз нурлары көзүмдү арбап алып.

Бара жатты гүлдөргө боюн кошуп,
Бир карашы кумарды тараткансыйт.
Санаам менен жалынам жолун тосуп,
Суурул алып жүрөктү бараткансыйт.

Бара жатты – айлана нурга толду,
Бактар дагы кошулуп жылгансыды.
Арзуу менен дептерим ырга толду,
Ашык болуп ар бир жан тургансыды.

Бара жатты баарга татым болуп,
Билбептирмин мындайды акын болуп...
Ширин оюм учса да закым болуп,
Ширелүүдө эртеңим жакын болуп.

## ЫР УКТУМ ТҮНДӨ

Түн бир убак.
Калган эле эл уктап.
Тереземдин ай шооласы баш бакты.
Орундуктун жөлөнчүнө жай ыктап,
Ойго батып карап турам бак жакты.

Бир оокумда ыр угулду жагымдуу,
Бейтааныш кыз тургансыды жанашып.
Авазына аваз кошот агын суу,
Анын ырын айдан менден талашып.

Ыр чакырат түн койнунда зарыгып:
Ышкы алоосун өчүрбөстөн келген деп;
Ыксыз жерден калгансыңбы таарынып?
Ызалыктын ызгаарларын жеңген деп.

Ким болду экен ушул ырды ырдаткан?
Кыз сезими алоолонуп күйүүдө.
Дилди кыйнап түн пардага сыр каткан
Дабаа жок бейм – дуушар болсоң сүйүүгө.

Мукам аваз бир оокумда басылды.
Менимче, кыз ыйлады бейм шолоктоп...
Сыя кылып мен да аккан жашымды,
Силерге аны жазып жатам жомоктоп.

## АЧУУ ТИЙДИ КАМЧЫСЫ

Илхам келип жамгырга окшоп төгүлүп,
Толкундатты жүрөк кандын агымын.
Илхам келип жалынга окшоп көрүнүп,
Багыттады балбылдаган жарыгын.

Жамгырынан сузуп алдым бир кашык,
Жалынынан үзүп алдым бир тилим...
Калганы бүт учуп кетти кырды ашып,
Кагазыма өстүргөнчө ыр гүлүн.

Илхам келип убакытка карабай,
Уйкумду алды-артты жүрөк туйлоосу,
Жалдыраймын жетим калган баладай,
Көптүк кылып сыйлоосунан кыйноосу.

Илхам деген кайыры жок түш экен,
Учуп кетти сыйлоолорун артынып.
Илхам деген байыры жок күч экен,
Учуп кетти кыйноолорун калтырып.

Илхам болуп тынбай жааган нөшөрдөн
Ойдо калды бирин-экин тамчысы.
Мен артынан сая кууп көшөрсөм –
Ошончолук ачуу тийди камчысы.

## ТҮШҮМДӨ КУБАНДЫМ

Түндө мен түшүмдө кубандым:
Терметет күн нуру жыпжылуу.
Суурулуп ичинен тумандын
Сыйкырдай жылмайды бир сулуу.

Сөз айттым сулууга жанашып,
Сезимге өрт кетти заматта.
Кошо ээрчийт көлөкөм талашып,
Кыналып жароокер тарапка.

Кызганып кучакка тартамын,
Көлөкө кучактайт кошулуп.
Колумду мойнуна артамын,
Калсын деп көлөкө тосулуп.

Ал дагы асылды мойнума,
Ак жүзү жүзүмө бурулуп.

Бекиттим сулууну койнума,
Баратты сезимдер жуурулуп.

Көлөкө тепселип жатыптыр
Карасам изимди эңилип.
Көңүлгө жаз таңы атыптыр,
Көлөкө сүйүүгө женилип.

## БЕТ АЛДЫМАН ЖОЛУКТУҢ

Колдо таяк. Неберемди жетелеп
Бара жатсам – бет алдымдан жолуктуң.
Көңүл учат кадимкидей көкөлөп,
Мен сыяктуу сен да ак чач болупсуң.

Эске түштү балалык кез бирге өскөн:
Эрке элең го болбос кепке таарынган.
Калптан-чындан кара көздөн жаш төксөң,
Соорото албай канча жолу жалынгам.

Бизди көргөн ошондогу ай кайда?
Баскан жол да, көргөн күн да арбыды.
Андан бери бардыңбы сен Маркайга?
Жүрөгүңдө ал элестен калдыбы?

Окуймун деп сен жөнөрдө калаага,
Согуш чыгып мен аскерге алындым.
Майданда да сен деп батып санаага,
Ошол кезди, ошол бакты сагындым.

Тагдыр биздин жолубузду айрыды,
Өттү арадан отуз беш жыл зымырап.
Азыр деле жаштык күндүн кайрыгы,
Баягыдай дилди ойготуп угулат.

Көрдүм сени калган кезде бутактап,
Гүлү элең го менин бала чагымдын.
Дале болсо өпкүм келет кучактап,
Деми менен өзүң жаккан жалындын.

## ЖАЗ ЭТЮДУ

Булуттар көктө калкыган,
Бир кезде тоону каптады.
Жаңырык чыгып,
 артынан
Жарк эте түштү чакмагы.

Чуудайдай булут чулгады,
Чокуну, кырды жашырып.
Күймөнүп көпкө турбады,
Көч тартты түзгө шашылып.

Берметтей жамгыр төгүлдү,
Береке бүтүп эгинге.
Мүрөккө талаа чөмүлдү,
Мукурап турган кезинде.

Жамгырдын тилеп өмүрүн,
Жамалын жууду гүл дагы.
Жыйды эле булут өңүрүн,
Жылмайды көктөн күн дагы.

## КӨЛ ЭТЮДУ

Толкунга бир аз чайпалып,
Талпынат куудай желкайык.
Телмирип карайт көк асман
Тумансыз төшүн кең жайып.

Желаргы менен ырдашып,
Жээктер менен сырдашып,
Жаркылдайт толкун канаты
Жамалын көлдүн күнгө ачып.

Бийиктен чачып жалынды,
Бат эле нурлар чагылды.
Буулуккан шамал шуулдап,
Баратат сүрөп агымды.

Толкунду толкун камчылап,
Түрмөккө түрмөк жанчылат.
Тынымсыз чапчыйт асканы,
Таштарда өчү барчылап.

Айнектей быт-чыт сынбастан,
Атылат толкун тынбастан.
Алкымын көлгө өптүрүп,
Алатоо уктайт жылбастан.

Толкунга бир аз чайпалып,
Толкунга бир аз чайканып,
Толгонуп карайт аккуулар,
Тоо жакты мойну кайкайып.

## КҮЗ ЭТЮДУ

Күз келди күлүп үйүмө,
Көрүштүм колун бек кысып анын.
Толтура берди күнүгө,
Төрүмө менин токчулук данын.

Күрдөөлдүү күзгө баа жетпейт:
Көп ишке жоомарт, жемишке жоомарт.
Керемет сырын баары эстейт,
Келбейт ал сага бергенин доолап.

Күз келди – көңүл арашан,
Көп жүрдүк бакта жаштыкты ырдап.
Күзгүгө келип карасам,
Кетиптир чачты агартып сырдап...

## ТЕГИМ ҮЧҮН КУБАНАМ

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Дыйкан экен пахта өстүргөн, нан тапкан.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Камкор экен кой кайтарган, мал баккан.

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Бүт өмүрүн жакшылыкка арнаган.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Октябрда кызыл тууну кармаган.

Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Талкалаган басмачыны, кулакты.
Мен өзүмдүн тегим үчүн кубанам –
Жакындаткан көз жетпеген ыраакты.

## ТАҢ АГАРДЫ

Таң агарды —
Аккуу канат жайгансып;
Жердин жүзүн,
Жердин түсүн
Күмүш менен чайгансып.

Таң агарды.
Өөп жатты кырларды.
Жаркылдатып,
Чаркка тартып,
Бүлөйт тоого нурларды.

Таң агарды,
Тоолор сүрдүү бел чечпей.
Чексиз талаа,
Дөңдөр ага
Көмкөрүлгөн эмчектей.

Таңдын нуру
Кирди менин үйүмө,
Кирди сенин үйүнө.
Кошулду ыры
Махаббаттын гүлүнө,
Миң-сан куштун үнүнө.

## УНИВЕРСИТЕТ

Университет! Университет!
Көп жыл мурда каалганды жапкамын.
Кайра кирип,
кайра дептер ачпадым.
Бирок дайым жүрөгүмдө турасың —
Ким унутсун студенттик жаш чагын!
... Бирде сенин бийигиңе умтулуп,
Бирде сенин шарың менен аккамын.
Бирде «эки» алып, бирде «бешти» жазданып,
Таттууну да,
ачууну да таткамын...
Андан бери көп жыл өттү арадан,
Арманым бул:
Бүткөн иш аз,
арттамын.
Бирок менин үмүтүм чоң эртеңден,

Иштээр иштин көбүн жаңы баштадым.
Университет! Университет!
Отчет берем.
Калпы бардыр – тактагын.
Жакшыларын жарыялап,
Жамандарын катпагын.
Кээде мөлтүр, кээде шөмтүр ыр жазам –
Ушул болду сенден кийин тапканым.
Сынын болсо,
чырың болсо – ачык айт,
Эсепке албай:
Мурут агын, чач карын...

## БИР КЫЗГА

Жылдар биздин ортобузга
Жылчык койбой тосулат.
Биз ошондон коркобуз да,
Сөз катпайбыз чочулап.

Чочулайбыз... Бирок көздөр
Бир-бирине чагылат.
Купуя ойдо жаткан сөздөр
Кирпиктерге тагылат.

Тагылат да... нурга чайкайт
Сенин назик жүзүңдү.
Ышкы толгон ырга чайкайт
Менин өмүр күзүмдү.

Көрсөм дагы күздүн таңын,
Көктөм гүлүн сагынам.
Чырак кылып чачтын агын
Чыккым келбейт багыңан!

... Жылдар биздин ортобузга
Жылчык койбой тосулат.
Биз ошондон коркобуз да,
Сыр чечпейбиз чочулап.

## КАЛП ДЕЙ АЛБАЙМ

Сага чейин...
сулууну сүйгөнүм чын,
Сагынычтын отуна күйгөнүм чын;

Кол сунганга колумду сунганым чын,
Карегинде кал болуп турганым чын;
Жашчылыктын шарабын татканым чын,
Жүрөктөргө жүрөктү катканым чын —
Калп дей албайм.
Ишенгин.
Бирок, жаным...
Сүйбөгөмүн бир сендей кыздын баарын!
Калп дей албайм.
Ишенгин.
Аткан таңым,
Сүйбөгөмүн бир сендей кыздын баарын!

## СЕНИ КӨРДҮМ ТҮШҮМДӨ

Түшүмдө сени көрдүм — жаз экенсиң!
Табыңан кетип жатты карлар эрип.
Баарыңдын касиетиң эми сездим —
Багыма булбул конду учуп келип.

Түшүмдө сени көрдүм — гүл экенсиң
Табийгат тартуулаган таалайыма.
Бакыттын ааламына сапар чектим,
Бир жылдыз пайда болду мандайыма.

Түшүмдө сени көрдүм — таң экенсиң,
Тунук нур ачып кирди жүрөгүмдү.
Тагдырдын таңын күткөн жан экенмин,
Тартуула жаздан бүткөн мүрөгүңдү.

## СЕЗИМ КУРЧУ КЕТЕ ЭЛЕК

Кетсе да сынчы кезимдин,
Кетсе да ыркы сөзүмдүн,
Кетсе да курчу көзүмдүн...
Кете элек курчу сезимдин.

Жалбырак болуп багыңа,
Жел аргы болуп таңыңа,
Жазында келип жаныңа,
Жылынсам ышкы табыңа.

Багынтты дилди илебиң,
Баардын гүлү — тилегим.
Билеби-жокпу, зирегим,
Баратат азып ирецим?

Терендеп терең ой көлү,
Тарткызат мага төлгөнү...
Таназар албай өңгөнү,
Таң сайын келем көргөнү.

Түшсө да түнү өмүрдүн,
Түшсө да бүрү көгүмдүн,
Түшсө да гүлү өнүмдүн...
Түшө элек гүлү көңүлдүн!

## ВРАЧ КЫЗДЫН ЖООЛУГУ

Өткөн кышта өтө катуу оорудум,
Оору менен алпурушту соолугум.
Соолугума бир врач кыз болушту
Кайра байлап сүттөй аппак жоолугун.

Бетбак ажал жумшап коюп ооруну,
Босогомдо күн-түн мени тооруду.
Бирок анын таш каптырды үмүтүн
Врач кыздын ушул аппак жоолугу.

Бүт азабын сыйрып таштап оорунун,
Баштагыдай баар тапты соолугум.
Бирок азыр унуталбай, сагынам
Врач кыздын ошол аппак жоолугун.

## ИЗДЕЙМ СЕНИ

Издейм сени карегинен көзүмдүн
Издейм сени жүрөктөгү канымдан.
Издейм сени кучагынан сезимдин,
Издейм сени тилектеги багымдан.

Издейм сени тереңинен дилимдин,
Издейм сени махабаттын шарынан.
Издейм сени арасынан гүлүмдүн,
Издейм сени ар бир күндүн таңынан.

Издейм сени ышкы толгон көңүлдөн,
Издейм сени айдын жарык нурунан.
Издейм сени жазды улаган өмүрдөн,
Издейм сени жазыла элек ырыман.

Издейм сени, издей берем күнү-түнү,
Түшсөм дагы миң азаптын торуна.

Бир өзүңдө үзүлбөгөн үмүтүм,
Сен да издечи – төшөлөйүн жолуңа.

## ЧЕКСИЗДИК

Уйкусуз түн койнуна кирип алып,
Убакыт тээктерин илип алып,
Кыялдын жалбырагын сыдырдым мен.
Асмандын аралыгын тилип алып,
Акылдын аргымагын минип алып,
Ааламдын чексиздигин кыдырдым мен.

Арт жакта Ай да калды, Күн да калды,
Ар түркүн аңкып турган гүл да калды,
Аралап кирип кеттим жымжырт түндү.
Чолпонду чырак сыяк алып колго
Жеткенде уч-кыйырсыз «Кербен жолго»,
Кулагым укпай калды Жердеги үндү...

Чексиздик чекитине сызык чийдим,
Чексиздик мыйзамдарын бузуп ийдим,
Башталды кыял, чындык табышмагы.
Жер менен Галактика ортосунда,
Жүрөктүн, жүргөн кандын толтосунда
Тартылды чексиздиктин жарыштары.

## АТА МЭЭРИ

Таңга маал.
Ата кайтты түнкү иштен.
Үй ичине каалгадан баш бакты.
Тыптынч баары.
Колун албай илгичтен,
Карап койду бир кайрылып тоо жакты.
Кирди акырын.
Үйдүн жапты эшигин,
Таттуу уйкунун таттуулугун бузбастан.
Көрө коюп тентегинин бешигин,
Туруп калды бир орунда жылбастан.
Бала уйкусун бузбайын деп, чебердеп
Чечти өтүгүн,
улагага таштады.
Карады да эки жагын элеңдеп,
Төрдү көздөй жылып баса баштады.
Бала уйкуда,
ата акырын эңилди.

Жарык болуп кеткенсиди караңгы.
Ата мээри перзентине төгүлдү –
Безегендей бүт кубаныч ааламды.
Түшүнгөндөй атасынын тилегин,
Чукуранды – бала жыты бурады.
Толкун каптап турса дагы жүрөгүн,
Ата шашпай мандайынан сылады.
Бала уйкусун бузбайын деп,
чеберлеп
Жоолук менен жаап койду бешикти.
Таттуу ойго бата берди тереңдеп,
Уйку келбейт.
Уйку бүгүн кечикти!

## УУЛУМА

Жүрөгүмдө сакталган сыр элең сен,
Жарык берген үмүткө нур элең сен.
Жатсам-турсам шыгыма медер болуп,
Жазыла элек ойдогу ыр элең сен.

Жаз башында жарк этип төрөлдүң сен,
Жарык дүйнө койнуна бөлөндүң сен.
Жүрөгүмө нур төгүп кубанычын,
Жазгы бактай бүр байлап көгөрдүм мен.

Күлчү, уулум, атаңа күлкүң кайрат,
Көңүлүмө таң атсын гүлдөр жайнап.
Кубат алып күлкүңөн өмүрүмө
Көкөлөйүн асманга канат байлап.

*1961*

## ЖҮЗҮН ЖУУДУ ЖАЛБЫРАК

Күн чыкканча үшүп турган калтырап,
Күмүш нурга жүзүн жууду жалбырак.
Кубулүүдө жер бетине шүүдүрүм
Көз жашка окшоп жалбырактан тамчылап.

Күндү күтүп күчтөн тайган алсырап,
Күмүш нурга жүзүн жууду жалбырак.
Көйрөңдөнүп көкөлөгөн көпөлөк
Келип конду жалбыракка ал сурап.

Күн чыгышын тилеп жаткан жалдырап,
Күмүш нурга жүзүн жууду жалбырак.
Көрө коюп көпөлөктүн жоругун
Күлүп койду алтын көкүл гүл бурак.

Күндү мактап,
күндү данктап жатты ырдап,
Күмүш нурга жүзүн жууган жалбырак.
Күдөр үзбөс эки ашыктын сырларын
Көрүп туруп акын дагы тапты ыргак.

**ПАХТАЧЫ КЫЗ СЫР ЧЕЧЕТ**

Ак пахтанын гүлүнө окшоп,
Айтса мактоо жарашат.
Аппак жүзү жүрөк козгоп,
Айдын нурун талашат.

Айды саптап кармагандай
Кетмен колдо жарк этет.
Ак алтындан көзүн албай
Пахтачы кыз сыр чечет:

«Ырысымсың алтын пахта,
Таң атпастан келемин.
Сууну тизип ар бир сапка,
Отоо чөбүң теремин.

Эмгектенем күндөп-айлап,
Сүйүнтөсүң шана байлап.
Ачылганда гүлүң жайнап –
Жылдызданат бүткүл аймак.

Терем сени этек-этек,
Толкуп-ташып кыялым.
Ак алтындын тоосу бул деп,
Арыстанбаптай жыямын».

*1947*

**КҮТӨ БЕРЕМ**

Кечке жуук. Көл боюнда турамын,
Карегиме кызгылт нурлар чагылат.
Бозой чагым – кырчын талдай убагым,
Баратkансыйт улам менден арылап.

Булуттардан өрттөй шоола чубалат,
Бир жак чети көл бетине малынып.
Өжөр толкун жаштыгымды кубалап,
Өтүп кетти борчук ташка чабылып.

Токтотууга жаштыгымды талпынам,
Толкун жышыйт майда кумду шарпылдап.
Жамалында айдың көлдүн чалкыган,
Жаткансыды сан-миң күзгү жаркылдап.

Катып алып менин жаштык кезимди,
Кырка тоого бекинүүдө жарык нур.
Кыйноолорго салып коюп сезимди,
Кум бетинде изи гана калыптыр.

Кечке жуук. Көл боюнда сакчыдай,
Көз ирмебей көп үмүттү кайтарам.
Күтө берем күздү күткөн бакчыдай,
Келеби деп жаштык чагым кайтадан...

## ЖҮРӨК ОТУН АЯБА

Бүт оюмду бир өзүң
Бийлеп бирге жүрөсүң.
Күйсөм бирге күйөсүң,
Күлсөм бирге күлөсүң.

Ушунчадан сен дедим!
Уч-кыйырсыз сел дедим.
Күдөрүмө суу сеппе,
Күйүп жүргөн пендемин.

Булагыма көз болчу,
Булбулума сөз болчу.
Таң нуруна кошулуп,
Таалайыма кез болчу.

Таптуу ышкым, садага,
Тоңбос бекен саяда?..
Жалынына күйөйүн –
Жүрөк отун аяба.

## ӨМҮР СҮРГҮН ЫРЫМДА

Сүйдү дебе – карай берем жалдырап,
Себеби бар жалдыроонун сыр каткан.

## ЫРЫН ОКУП ЖҮРБӨГҮН

Унчукпадың.
Көпкө турдум мен дагы.
Алгансыңбы жүрөгүнө муз катып?
Ачуу тиет мындай кезде жел дагы
Сезиминди, сайсөөгүңдү сыздатып.

Унчукпадың.
Үмүттөрдүн соңубу?
Кирпик менен жаап койдуң көзүңдү.
Көңүл жибип созсом эки колуму,
Бойду жыйрып, тартып алдың өзүңдү.

Унчукпадың.
Тагдыр – менин таразам.
Кереги не жылуусу жок төрүңдүн.
Айыкпоочу оору жанды караган
Азыр мага табыпка окшоп көрүндүн.

Унчукпадың.
Үздүң сезим гүлдөрүн.
Өлүм эмес, өмүргө мен жакынмын.
Эртең эле ырын окуп жүрбөгүн
Эл ичинде тирүү калган акындын.

## УУРДАЛГАН КЫЗГА КАТ

Бейубак күйгөн өрткө жандыңбы сен?
Башыңа бүркөө жоолук салдыңбы сен?
Аруу кез, ачык көңүл пардаланып,
Айрылып өз эркинден калдыңбы сен?

Күлкүңдү көз жашыңа каттыңбы сен?
Күйүттөн кермек даамын таттыңбы сен?
Таалайдын таңын күтүп жүргөн чакта
Тагдырдын кыянына актыңбы сен?

Ышкыңдын көчтү жазы бүрдөп турган,
Ышкыңдын өчтү назы үндөн турган.
Мисалы, бүтпөс бакыт сыяктанчу
Махаббат жүрөгүңдө гүлдөп турган.

Кыянат кырсыгына көндүңбү сен?
Кайгыңды чачка кошо өрдүңбү сен?

Ой чырмап калган жандын жүрөгүндө
От күйөт! Ошол отту көрдүңбү сен?

Шарт ачып каалганы чыкпадыңбы?
Шарият көшөгөсүн тытпадыңбы?
Баардын бардык гүлүн тартуулаган
Булбулдун муңканганын укпадыңбы?

Оргуштап аккан сезим тынчыдыбы?
Осолдор канатыңды кырчыдыбы?
Лаззатсыз өтчү күнгө макул болуу –
Лиранын сынып калган чырпыгы бу.

## КАЙРЫЛУУ

Жалаң желден курам дебе имарат,
Жерден алыс жылдызы көп асманга.
Имаратка эмгек гана ибарат,
Сунбай жүргүн жуксуз колду ак нанга.

Бакыт-таалай өзү келет дебегин,
Жатып алып көлөкөгө чалкалап.
Эмгекчилдин ырыскысын жебегин,
Терден бүткөн имаратын талкалап.

Баштаганды бүтүрө бил – арданба,
Колуңа алып ар-намыстын жетегин.
А мен болсом өлбөй тирүү калганга
Шакабамды мурас кылып кетемин.

## СЕГИЗ САП ЫРЛАР

### 1.

Мейличи, кыш өмүрдүн жалбырагын
Бирден үзүп түшүрсүн жели менен;
Махаббатка катам да чачтын агын,
Жазды карай бет алам сени менен.

Мейличи, түн түнөрүп жолду жапсын,
Чыкпай калсын ай дагы каптап булут.
Маяк кылып шооласын махаббаттын
Таңды карай сүзөмүн кулач уруп.

2.

Көкүлүнөн өптү эле күндүн нуру –
Өсүмдүктөр ойгонду сыланышып.
Көкөлөгөн көктөгү торгой ыры
Жарык менен жарышты үн алышып.

Бакта чымчык сайраса чыру-чыру,
Чыт курсактар чуркашты кубанышып.
Айтыла элек жүрөктө барбы сыры?
Шыбырашат гүл кыздар кыналышып...

3.

Сагынганда сан гүлдөрдү жайнаган –
Сүйүү багын үмүт менен айланам.
Кусалыкты гүл жыттары кандырбай,
Купуя ойдун дайрасына кайра агам.

Көрбөй калсам жамалыңды сагынам,
Көргөн сайын жалыныңа кабылам.
Көкүрөккө алоо толот заматта
Карегиңдин, илебиңдин табынан.

4.

Билбейсиңби сүйгөндүгүмдү?
Бир сени деп жүргөнүмдү?
Сан жетпеген сенин өртүңө
Сезбейсиңби күйгөндүгүмдү?

Уккум келет сайраганыңды,
Убададан тайбаганыңды...
Көргүм келет күндө багымдан
Кызыл гүлдөй жайнаганыңды.

5.

Тоолор сүйлөйт токтоо гана кобурап:
«Талант деген дайра болот ташыган.
Жорго болбойт камчы менен чобур ат,
Жаратылыш бербеген соң башынан...»

Тоо айткандай акындарда тамтак бар,
Тоңголокту жонуп туруп ыр деген.

Акыйкаттан алыс калган жалтак бар,
Ак көпшөктү коруп туруп сын деген.

**6.**

Таттуу ойду жүргөнсүймүн аралап,
Тартылуунун күчү сенде, көктөмүм.
Тилегимди, жүрөгүмдү жаралап,
Тагдырыма жактың ышкы өрттөрүн.

Арабызда ашуу да бар, кыр да бар –
Алыстаткан жазды күздүн эркинен.
Айтыла элек арзуу да бар, сыр да бар,
Айрыла элек махаббатым көркүнөн.

**7.**

Жаштык сыры жылдарда эмес, көңүлдө,
Жаз жамалын сактай билген өмүрдө.

Жаштык сыры келбетте эмес, эмгекте,
Жамандыкты, арамдыкты жеңмекте.

Жаштык дайым өңүн бурбайт арчадай,
Жаштыгыңды сактай билгин калчабай.

Жаштык сыры ар бир жандын дилинде,
Жаңылыктын, аруулуктун гүлүндө.

**8.**

Көл түбүнө жылдыз түшөт түнкүсүн,
Жуунат бейм күндөн каткан жамалын.
Кыздар катат көкүрөккө күлкүсүн –
Каткан сыяк жибек кофта мамагын.

Жалбырактын бактан түшүп жатканы –
Жакшылыкка төшөлүүгө шашканы.
Жаш бозойдун үзбөй жазган каттары –
Сүйбөгөнү сүйгөнүнөн башканы.

**9.**

Кээ бирөөлөр айтат музду жылуу деп.
Кээ бирөөлөр айтат тузду улуу деп.

Кээ бирөөлөр айтат сузду сулуу деп.
Кеп талашып айтам – кызды сулуу деп.

Ошондонбу, ышкы илебин жыялбай,
Ойлой берем от кыздарды кыялбай.
Октоосу күч көктөмдөгү кыяндай
Омуроолойм карылыкты уялбай.

**10.**

Ар дайым ырыма окшоп жадымдасың.
Кантейин!.. Жазылбайсың ыр сыяктуу.
Ачылган кызыл гүлдөй багымдасың,
Кыялды жарык кылып нур сыяктуу.

Сөз катпайм. Сапар улайм – изим жолдо.
Дем берип жашоомдо жүрөсүң сен.
Калемди, ак кагазды алсам колго –
Кашкайып көз алдымда күлөсүң сен.

**11.**

Көрктөнүп өсүп турган гүл кыйрады.
Көкүрөк мунга толду. Түн туйбады.
Каргаша капылеттен пайда болуп,
Кайгынын уусун жутуп дил ыйлады.

Айрылуу – бүт азаптан кыйын экен,
Акылды тозоңдоткон куюн экен;
Ааламын көк жалама муз каптаган,
Аяздуу, айсбергдүү Уюл экен.

**12.**

Бирөөлөр басса кыбырап,
Бирөөлөр сүйлөйт шыбырап.
Бирөөлөр жазса тыңыраак,
Бирөөлөр бийлейт тыбырап.

Бирөөлөр карайт көзүңдү,
Бирөөлөр талайт сөзүңдү.
Бирөөлөр санайт бөзүңдү,
Бирөөлөр сабайт сезимди...

**13.**

Ырымдан сырымды издеп табар бекен
Ышкынын бойлогондор ыргактарын?..

Алоосуп махаббаттын жагар деген
Ой менен саптарына ыр каткамын.

Ошол сыр, ошол алоо, ошол ыргак
Жаралган жароокердин жаркынынан.
Акырын карап койсо сени кылчак –
Ай чыгып келаткансыйт алкымынан.

**14.**

Элүү жылды өткөрдүм,
Элүү жолу жаз көрдүм.
Элүү жолу эскирип,
Элүү жолу өзгөрдүм.

Эчен жолу дос таптым,
Эчен жолу кас таптым.
Эчен жолу гүл эгип,
Эчен жолу таптаттым...

**15.**

Өрттөп коюп сезимди илебине,
Өзүң кайда кылчайбай баратасың?
Тилегимди кошордо тилегине...
Жүрөгүмдү жазыксыз канатасың.

Карап койчу толгонуп, кабак чытпай,
Кадимкидей көңүлүм баар тапсын.
Карөзгөйдүн кар кошкон сөзүн укпай,
Кайрыл, жаным, сүйүүнүн таңы атсын.

**16.**

Эңсеп-эңсеп гүлгүн жаштык курагын,
Эсеп жеткис ой дүкөнүн курамын.
Узун түндөр сапырылат уйкусуз,
Унуталбай ууз сүйүү кумарын!..
Жарк-журк этсе чагылгандуу сагыныч
Жалынына дилди төшөп турамын.
Жаштык, сага окутайын, сабыр кыл,
Жүрөктөгү махабаттын тумарын.

**17.**

Кургум келет имарат жүрөгүмдөн,
Кургум келет имарат тилегимден.

Каалгасын жасайм да ниетимден,
Терезесин коёмун карегимден.

Топурагын жуурамын жүрөк канга,
Кирпичтерин кургатам алаканга.
Киргиле деймин бүткөндө адамдарды
Чайкап туруп пейилин аткан таңга.

**18.**

Түтөткү болбой курумга,
Түрткүнчү болбой бурумда,
Таштанды болбой ырымга,
Тамеки болбой чылымга,
Таскара болбой тынымга,
Таптешик болбой чыгымга,
Таңшып өлүү — эр иши!
Тандапып калсын эл ичи...

**19.**

Кайгырбачы, жалжалым, кабак бүркөп,
Күрөп ташта карларды сезимдеги.
Кирпигинди көтөрчү ирмеп-ирмеп,
Күн чайкасын күүгүмдү көзүндөгү.

Капаланба, ынагым, кабак чытып,
Көргүм келбейт кыроону гүлүндөгү.
Кененирээк дем алчы аба жутуп,
Кермек кетсин түнөгүн дилиндеги.

**20.**

Күндөр өтсө — күндөр келет жаңырып,
Кээде күлкү, кээде кайгы тагынып.
Көңүлдөрдө жаштык күйүп турса да,
Карылыктын сели каптайт чамынып.

Жылдар кетсе — жыл жаңырат кайрадан,
Жаштык таңын бутагына байлаган.
Жүрөктөргө кызыл гүлдү таксак да,
Жылдар бизди айдаганы айдаган...

**21.**

Бир таттуулук жатат дилде жашынып,
Бирок аны айталбайбыз батынып.

Багбан кылчы багындагы гүлөргө,
Баар сүйгөн сыр калбасын катылып.

Кең жайылсын өмүрлөрдүн кулачы,
Көңүлүмө көңүлүңдү улачы?
Жалынына жылынайын ызгаарда,
Жүрөгүңө жүрөгүмдү кыначы.

**22.**

Мен сагынам, мейли мени сагынба,
Мен жалынам, мейли мага жалынба.
Сересине үмүттөрдүн чыгарда
Сен кабылба – мен кабылган жалынга.
Асыл болсун, аруу болсун өмүрүң,
Ачыл гүлдөй ар бир күндүн таңында.
Махаббаттын булагына чач жууп
Мажүрүм талдай өссөң болду багымда.

**23.**

Бир кездерде чоң дайра элек күрүлдөп,
Көңүл куунак, оттуу көздөр күлүңдөп.
Бирок эми эмне болду – билбеймин,
Түшкөн чачтай баратабыз бириндеп...

Бир кездерде толкун элек шарпылдап,
Нурлар ага чагылчу эле жаркылдап.
Бирок эми эмне болду – түшүнбөйм,
Мамилелер бара жатат салкындап...

**24.**

Өтөсүң күндө кыйгачтай басып,
Жүрөккө сүйүү учкунун чачып.

Өтөсүң күндө кашыңды кагып,
Жүрөккө сүйүү алоосун жагып.

Өтөсүң күндө гүл алып колго,
Өтсө деп күндө эки көз жолдо.

Өтө бер күндө – өткөнүң өмүр,
Өрттөсөң дагы – өзүңдө көңүл.

25.

Жылдызсыңбы?
Нур кызсыңбы?
Карегиме кайсы күнү чагылдың?
Издеп жүрөм алоосунан жалындын.

Издейм тынбай
Кызды нурдай
Күн чыккандан – күн батканча,
Түн сүрүлүп, таң атканча.

## АЛТЫ САП ЫРЛАР

1.

Кашаңдыктын жонуна камчы басып,
Канаты бар турмушка кошуламын.
Жүрөгүмдүн эшигин кенен ачып,
Жакшы адамдын баарына кошунамын.
Калыстыктын багына жарык чачып,
Карөзгөйдүн жолуна тосуламын.

2.

Ажалдан аман ким калат?
Амалсыз баары кармалат.
Чын сүйүүдөн нур калат,
Чындыкты айтса – ыр калат.
Баарына эне – жар калат,
Багбаны болуп эл калат.

3.

Кыял менен көтөрүлөм бийиктеп
Көк тиреген аскалардын кырына.
Көрүнбөдү көңүлүмдөн бийик чеп,
Көшүлөмүн күндүн таптуу нуруна.
Көмүскөдөн издеп, сурап, иликтеп
Космос сыры кошулгансыйт ырыма.

4.

Шыбырашат жел менен
Шыкалышкан жалбырак.

Жалбыракты жамынып
Жигит турат жалдырап.
Кыз жанында кемпирдин
Кеби бүтпөйт балдырап...

**5.**

Карылык менен жашчылык
Кадимден жүрөт алмашып.
Жамандык менен жакшылык
Жанаша жүрөт жармашып.
Жакшы көрүү, жек көрүү
Жүрөктө жүрөт жармашып.

**6.**

Менменсинген, кечүү бербес дарыя,
Миллион жыл өжөрлөнүп агасың.
Мээрим төксө ак чокулуу карыя –
Мөңгүсүнүн башталышын табасың;
Мухит сени тартып алса шарына,
Мактанбагын, изсиз болуп каласың.

**7.**

Көбүк кар жаады себелеп,
Көчөнү, жолду тебелеп,
Жаңгакты чокуйт тоңкулдак
Жаткансып аны чегелеп.
Турамын эшик алдында
Түркүн ой мени желелеп...

**8.**

Көңүлүм суз күз ызгаарын тосомун,
Күлкүсү жок күү угулат жолуман.
Көлөкөсү көздү байлайт ошонун,
Кырчын кезди жулуп алып колуман.
Көргүм келбейт кебетемдин бошонун,
Куткар, жаным, картаюунун торунан?..

**9.**

Ийрилип бара жатат көңүл чиркин
Жип болуп жаратылыш ийигине.

Улгайып бара жатат өмүр чиркин
Жик болуп жаратылыш чийимине.
Уланып учук болуп ойго түркүн
Умтулам үмүттөрдүн бийигине.

**10.**

Түн караңгы. Жер аппак.
Турамын сыртта кар таптап.
Улуу тоолор унчукпайт,
Ууртун кымтып сыр сактап.
Уктап жатат булуттар
Урчуктарын кучактап.

**11.**

Кыялап баскан жолумда
Кызыл гүл болуп жайнасаң,
Борошо күнү торунда
Боз торгой болуп сайрасам —
Чыгар беле арманым?
Кирер беле дарманым?

**12.**

Аткан таң — менин чырагым,
Аткан таң — менин ынагым.
Ар күнү тосуп жолунан,
Ак шооласын сыладым.
Ал дагы мага айткансыйт:
«Алгын деп өмүр бурагын!»

**13.**

Кетким келди миң ирет,
Кечким келди миң ирет
Күйүп турган көзүңдөн,
Күлкү чачкан сөзүңдөн...
Кайра кирип түшүмө,
Кетпей койдуң сезимден.

**14.**

Сүрүлүп күүгүм түндөгү,
Сүйүнүч келди күндөгү.

Жашарып тандын нуруна
Жаштыктын багы гүлдөдү.
Кеч кирген кезде дарчамдан
Күз кирпигин ирмеди.

**15.**

Сансыз ойго кысылып,
Сезимдерден сызылып
Чыккан ушул ырларды
Миңдин бири колго алып
Окуур бекен кызыгып?
Окуур бекен кызыгып...

**16.**

Өмүрүмдү боз кыроо чалган кезде,
Көңүлүмдү күз курчап алган кезде —
Көрүп калдым жайнаган жаздын гүлүн.
Кар учкуну чачыма жабышса да,
Мезгил менен жашоом жарашса да —
Жаз гүлүнө тартылат менин дилим.

**17.**

Жалгыз гүл бар арасында гүлүмдүн,
Жалгыз из бир тереңинде дилимдин —
Экөөн тең бир өзүңө арнагам.
  Ошол гүлдү beралбастан,
  Ошол изсиз келалбастан,
Дайым сенин ышкы отуңа кармалам.

**18.**

Бүгүн сенин чыккым келбейт багыңдан,
Бүгүн сенин кеткім келбейт жаныңан.
Ушул күнү эки жүрөк кыналып,
Ушул күнү эки тилек уланып,
Ушул күнү эки тагдыр кубанып —
Сүйүүнү биз баштаганбыз жаңыдан.

**19.**

Оо, бийиктик!
        Бийик болбо сүйгөнгө.
Оо, терендик!
        Терең болбо күйгөндө.

Оо, жарык нур, булуттарды түрүп кой,
Таңга кошо жүзүң жерге тийгенде.

**20.**

Булуттарды үймөктөлгөн эгиндей
Күлдүрүктөр «оп майдалап» тебелейт.
Жел учурса топон-чарды эринбей,
Чагылгандар алп күрөктү чегелейт.
Дыйкан болсо көктө көзгө көрүнбөй,
Жамгыр – данды калбырынан себелейт.

**21.**

Бак гүлүнө уланып кырга чыктым,
Бир өзүңдү таң менен көрөйүн деп;
Күмүш канат көктөгү нурга чыктым,
Көкүлүңдү дил менен үрөйүн деп;
Көңүл түтпөй көкөлөп жылдызга учтум,
Күн чайкаган жүзүңдөн өбөйүн деп.

**22.**

Жашайм, жаным, дүйнөдө:
Бир өзүңдү сүйүү үчүн,
Бир өзүң деп күйүү үчүн.
Жөнсүз сөздү сүйлөбө:
Сени сүйгөн адамга,
Сен деп жүргөн ааламда.

**23.**

Сендей эч ким ээлеген жок сезимди,
Сендей эч ким көгөрткөн жок чөлүмдү;
Сендей эч ким жарыткан жок кечимди,
Сендей эч ким багынткан жок көңүлдү;
Сенден албай карыктырып көзүмдү,
Сени күтүп зарыкканым төгүнбү?..

**24.**

Эскирген жиктей ыдырап,
Такасыз аттай кыбырап,
Сүйрөлүп жүрбө турмушка.
Эскирген нерсе жаңырбайт,
Жоголгон кайра табылбайт –

25.

Тартууга сүйүүнүн сүрөтүн
Тандадым боёктун актарын.
Түстөрдүн бузбастан иретин,
Таң нурун кистиме сактадым.
Өңүнө көлөкө калтырбай,
Өчүрөм күүгүмдүн тактарын.

## МЕЗГИЛ УЧАТ

Мезгил учат – мен да учуп баратам,
Өмүрүмдүн өрдөшүнөн карасам.
Чарк айланган татаал ойдун койнуна
Киремин да – жылчык таппай адашам.

Бара жатсам булуттарды бөктөрүп,
Бир жак чети кеткенсиди өрттөнүп.
Ошол өрттүн арасынан жыл санайм,
Ар бир жазын көз алдымдан өткөрүп...

Жаз жамгыры сабайт мени дыбырап,
Кулагыма тамчы сүйлөйт шыбырап.
Көлчүктөгөн жердин бетин карасам –
Көбүкчөлөр чатыр тигет жыбырап.

Күүгүм түшүп,
Чыккан кезде Жетиген,
Күз шамалы сылап өттү бетимен.
Кыш кабары мурутума муз байлап,
Күмүшкө оройт чачтарымды четинен.

Мезгил учат – мен да учуп баратам,
Бир кайрылып сапарымды карасам.
Чыйыры көп,
Кыйыры көп өмүрдүн
Эки тизгин,
Бир чылбырын талашам.

## ЖОЛДОР

Жолдор... Жолдор –
Тирүүлүктүн издери.
Күндө жаңы чакырымдар созулат.
Үмүт менен, күйүт менен биздеги
Бирде төрдөн, бирде чөлдөн кошулат.

Бирде сыйлайт, бирде кактайт чогуна.
Турмуш сыноо, турмуш калыс элегич.
Таалайыма, өмүрүмө, жолума:
Көзүм – дүрбү, аяктарым – ченегич.

Таң жарыгы биринчи изден башталып,
Тирүүлүктө тамыр сайын өнгөмүн.
Эртең менен жел бешиктен баш багып
Күндүн нурун, басар жолум көргөмүн.

Жолдор мени улам алга сүрөдү:
Артта калды балалык чак, улан чак.
Жарык чачып сулуу кыздын жүрөгү –
Кумарландым алоолорду кучактап.

Бирде тарып, бирде кеңип издерим,
Мезгилдерге сапарымды уладым.
Чыйыры жок чытырманды издедим
Жагып алып эки көздүн чырагын.

Өмүр жолум согушка да такалды,
Чыйырыма душман канын төктүм мен.
Мына тытып жулугумду, такамды,
Окту басып, отту басып өттүм мен.

Жолдор... Жолдор –
Тирүүлүктүн кулачы,
Жаза берет күндө жаңы барагын.
Жолдор... Жолдор –
Тирүүлүктүн мурасы
Кеткендердин улап турган кадамын.

Менин изим кайсы чекке токтосо –
Ошол жерден изин баштайт балдарым.
Урпактарым ырларымды жоктосо –
Ошол менин өлбөй тирүү калганым.

## ТООЛОР – ЭНЕМ

Тоолор – энем.
Бешигим – жашыл төрлөр.
Бешик жабуум – гүлдөгөн кең өрөөндөр.
Мен ыйласам терметет толкунуна
Тоо койнунда чалкыган айдың көлдөр.

Тоолор – энем.
Эмгемин сүт булагын.
Таң гүлүнө эмчектеш балалыгым.
Тоолор ченейт жарыктын нуру аркылуу
Турмуш менен өмүрдүн аралыгын.

Тоолор – энем.
Сыйынган кутманым да.
Тоолор – өбөк бийикке чыкканымда.
Түшөт эске эки энем – эгиз күндөй
Тоо! деп айткан сөздү мен укканымда.

## МЕНИН ЭЛИМ – ЗАЛКАР ДАРАК

Менин элим – залкар дарак,
Мен даракка жалбырак.
Жашап жаткан жаным анда,
Жарык чачкан таңым анда.

Кокус андан кол үзүп,
Каска уурдатсам сезимди...
Жалбырактай жел үзүп
Жарга ыргытат өзүмдү.

Менин элим – залкар дарак,
Мен даракка жалбырак.
Жаным анда,
Каным анда,
Таңым анда.
Турат дарак ар убак:
Өмүрүмө нур улап,
Көңүлүмө ыр улап!

## ТАРТАМ ДЕСЕҢ СҮРӨТҮН АЛАТООНУН

Тартам десең сүрөтүн Алатоонун,
Тартам десең сүрөтүн аска-зоонун,

Боёгуңдун түстөрү аздык кылат,
Тоо боёгун элиңдин алгын сурап.

Ага кошкун жалынын өмүрүңдүн,
Сүйүүңдүн, дилиңдин, көңүлүңдүн;

Каныңды кош кыпкызыл жүрөктөгү,
Табыңды кош таң сүйгөн күнөстөгү;

Тилегиңдин ачылган гүлүн кошкун,
Токтогулдун миң кайрык күүсүн кошкун;

Айдың көлдөй Манастын шаңын кошкун,
Ата-журттун азаттык таңын кошкун;

Ысыккөлдүн чалкыган мөлүн кошкун,
Ырысы чоң элиңдин демин кошкун;

Сени эмизген апаңдын сүтүн кошкун,
Сени өстүргөн атаңдын күчүн кошкун.

Дал ошондо сүрөтүн Алатоонун,
Дал ошондо сүрөтүн аска-зоонун –

Окшоштуруп өзүнө тарта аласың!
Тоо мойнуна колуңду арта аласың.

## ЫСЫККӨЛ

### *1. КЕЧИНДЕ*

Кеч киргенде күңүрт тартып түсү мөл
Кум жазданып тынчый түшөт Ысыккөл;
Ак толкундар жээктерге чарпылбай,
Ак көбүктөр толкундарга артылбай,
Асман көгү көл койнуна тартылбай.

Түн карегин кирпигине калкалап,
Тынчый түшкөн көлдү көрүп таң калат:
Күн ордуна Ай чырагы жагылып,
Көөдөнүнө толгон жылдыз тагынып,
Көл уктаптыр көк жууркан жамынып.

Көлөкөсүн көлгө уурдаткан сур булут
Көктө калкыйт өз көөдөнүн тоого уруп:
Тынчсыз шамал туш тараптан күңгүрөйт,
Тоо дайрасы капчыгайда дүңгүрөйт,
Тоолор аны тоотпостон үргүлөйт.

Кеч киргенде күңүрт тартып түсү мөл
Көөшүй түшөт, тынчый түшөт Ысыккөл:
Толкун уктайт бирин бири сүрөбөй,
Тынчын алып кылаа кумун күрөбөй,
Түйшүк тартып ташты ташка бүлөбөй...

### *2. ЭРТЕҢ МЕНЕН*

Ак чокулар моюндары созулуп
Алда кайдан таңды көрөт озунуп:
Тийген нурга булуттарды аралап
Тигил тоолор күмүш чачын таранат,
Таранат да, көл күзгүгө каранат.

Күн көрүнөт өөп тоонун таштарын,
Тоо таранып жаткан кезде чачтарын,
Алп уйкудан Ысыккөл да ойгонот,
Ак жал толкун жата бербей ойдолоп,
Арыстандай көл бетинде комдонот.

Көл шимирип Күндүн ууз нурларын,
Күүгө салат көңүлгө ынак ырларын:
Эртең менен ал беремин алсызга,
Эртең менен кан беремин кансызга,
Эртең менен жан беремин жансызга!

### КӨРӨСҮҢӨР АР ДАЙЫМ

Көрөсүңөр, досторум, ар күн сайын:
Куруучунун курганын чоң үйлөрдү.
Кийип алып чаң баскан боз күрмөнү;
Жарык нурга ширетип пейилинди,
Жаңы кылат эскини, бул дүйнөнү.
Куруучуга мындайда болушкула,
Курулуштун кирпичин коюшкула —
Ушул болот эмгекти дил сүйгөнү.

Көрөсүңөр, досторум, жаз, күз, дайым:
Жерди дыйкан бапестеп сыйлаганын,
Жамандыкка, кырсыкка кыйбаганын;
Ысык күндө өз жанын кыйнаганын,
Ысырапсыз түшүмүн жыйнаганын.
Мындай кезде дыйканга болушкула,
Менменсинбей орогун орушкула —
Ошол болот эмгекти сыйлаганын.

### КАРЫЗДАРМЫН ТУРМУШКА

Карыздармын турмушка:
Ар бир куттуу күн үчүн,
Ар бир жыттуу гүл үчүн.

Адилет ойго чайкалган
Ак ниеттүү дил үчүн.

Карыздармын турмушка:
Мүрөк үчүн жан берген,
Жүрөк үчүн кан берген.
Тирүүлүктүн зийнаты –
Тилек үчүн таң берген.

Карыздармын турмушка:
Тарых үчүн сыр чечкен,
Жарык үчүн нур төккөн.
Иши үчүн адамдын
Мезгил үчүн үндөшкөн.

Карыздармын турмушка:
Ата Мекен жер үчүн,
Ак тилектүү эл үчүн.
Келечекке жол ачкан
Компартия, сен үчүн.

## ЫРЛАРЫМА

Ырларым, менин ырларым –
Ырыска шерик балдарым.
Ысыккөл чалкып турганда
Ыргагын калпып алгамын.

Ырларым, менин ырларым –
Ышкыга ынак жылдарым.
Жадыма катпай сага айттым
Жашыруун жүрөк сырларын.

Ырларым, менин ырларым –
Ырдаткан сезим кылдарын.
Жамалыңа ширеттим
Жапжарык таңдын нурларын.

Ырларым, менин ырларым –
Ыйым менен жыргалым.
Жоболондуу ызгаардын
Жолото көрбө чырларын.

Ырларым, менин ырларым –
Ышкындай жаштык кырдаалым.

Өчсөм да өзүм өчөйүн,
Өчпөсүн гүлдүү ыр баарым.

## БАШ БАКТЫ АК ТАҢ

Тура калып парданы ачсам –
Терезем ден баш бакты ак таң.
Беттен сылап жыпар жел жүрдү
Берекелүү Алатоо жактан.

Туудай болуп туптунук жалын,
Таң жаратты таттуулук шаңын.
Ак тилекти ак нурга чайкап,
Араладым сулуулук багын.

Даркан жарык төшөлдү жерге –
Дасторкондой таалайлуу элге.
Заман жүгү тартылды өргө,
Залкар эмгек чөмүлүп терге.

Тынчтык багын бет алып адам
Таңга кошо шилтеди кадам.
Көмүскөгө сүрүлүп күүгүм,
Күн нуруна балкыды аалам.

Тура калып эшикти ачсам –
Төрүмө өттү таранып ак таң.
Кереметтүү мына ушул чакты
Көрбөс элем ойгонбой жатсам...

## БАРА ЖАТАМ

Бара жатам нан жыттанган талаада:
Бардык жандын маңдай терин көрүүгө,
Бардык дандын өскөн жерин көрүүгө,

Бара жатам байлыгы мол калаага:
Билейин деп курулуштун деңгелин,
Баалайын деп жумушчунун эмгегин.

Бара жатам гүл көкүрөк төрлөргө:
Булактардын башталышын көрүүгө,
Бабалардын от жагышын көрүүгө.

Бара жатам чалкып жаткан көлдөргө:
Берет го деп ден соолуктун мүрөгүн,
Биротоло айыктырып жүрөгүм.

Бара жатам жайлоолорго, жайытка:
Багайын деп бийик жерге жылкыны,
Бүтө электир кой-эчкинин кыркымы...

Бара жатам ок мүлжүгөн майыпка:
Балдак жасап карматамын колуна,
Бак тигемин баса турган жолуна.

Бара жатам кышты таштап, көктөмгө:
Бардык жерге гүл үрөнүн себүүгө,
Бакыт гүлүн адамдарга берүүгө.

## БҮРКҮТ ЧИЛДЕДЕ ЖУМУРТКАЛАЙТ

Кыш түшүп, экинчи айы башталарда,
Бүркүттөр уя салат аскаларга.
Чилдеде, чыкыроондо жумурткалайт,
Карабай көпкөк музга, аппак карга.

Аяздын ызгаарына сыналышын,
Жатат дейт жумурткалар кыналышып.
Жолотпой жолбундарды уясына
Бүркүттөр көктө айланат үн алышып.

Койсо да уясына чырпык төшөп,
(Чынында, жылуу болбойт мындай төшөк)
Табынан жумуртканын кар, муз эрип,
Аларды тегерете көк чөп өсөт.

Бул болсо – кыраандыктын күбөсү го?
(Бүркүттөр кыраандардын бүлөсү го).
Токсонду тоотпостон жумурткалап,
Чилдеде чыйралтпаса – күнөөсү го.

Жанданат жаз келгенде жан-жаныбар,
Баш багат чээнинен кумурскалар,
Күн нуру, көктөм жыты таасир берип,
Чегилет чилдедеги жумурткалар.

Бүркүттөр балдарына өмүр тилеп,
Шаңшышат уясында биринчи ирет.
Канаттар кадимкидей жетилгенде
Учурат көкөлө деп көктү жиреп.

## ЧАКЫРЫП АПТАП

Кар жатат өрдү каптап,
төрдү каптап,
Кар жатат черди каптап,
көлдү каптап.
Тамчылар тып-тып тамат муз чордогон,
Тоолорду жаткан менен мөңгү каптап.

Кар жатат зоону каптап,
жонду каптап.
Кербендей мезгил өтөт жолду таптап,
Күрткүлөр жаткан менен тескейлерде,
Күнгөйгө күлүмсүрөп конду аптап.

Кар жатат кырды каптап,
түздү каптап.
Из түшөт из үстүнө изди таптап.
Чаңкайган көктөн төгүп жылуулукту
Чакырат жазды көздөй бизди аптап.

Табыйгат жагалданып жамгыр бүркүп,
Талаанын тозоң карын жатты сүртүп.
Баардын чалгынчысы – байчечекей
Баш бакты көндөйлөнгөн карды түртүп.

## ЖАЗ КАБАРЫ

Жатса да ар жерде кар жыртык тондой,
Калган кез арыктардын суусу тоңбой.
Баяндайт байчечекей жер жарганын,
Күнгөйдөн канат күүлөп ырчы торгой.

Жатса да ар жерде кар жыртык тондой,
Калган кез булакка муз капкак болбой.
Үймөккө бир топ сава конуп алып,
Үн салат жаздын назик күүсүн толгой.

Жатса да ар жерде кар жыртык тондой,
Жармашат жаз кабары жанын койбой.
Конушун гүлгө уурдатып кыш ыйласа,
Күн нуру көзүн сүртөт зордой-зордой...

## ЖАЗ

Көзүн сүртүп муз баскан
Кар алдынан жаз турат.

Талаа ачылып бир баштан,
Таасирдүү болот күнчубак.

Тоң топчусун чыгарып,
Тонун таштайт жер бети.
Жашыл көйнөк кыналып
Жарк дей түшөт келбети.

Бүт арылып тоңголок,
Булакка, кушка үн кирет;
Тоо уйкудан ойгонот
Талыкшыбай үргүлөп.

Гүлдөрдү гүлдөр чакырат,
Гүлдөргө гүлдөр шашылат.
Күлкүсүн коштоп жаштардын
Күн тиет нуру чачырап.

Эмгекке эмгек уланат,
Эсирген кышты кубалап.
Эртелеп келсе сулуу жаз
Эл-журттун баары кубанат.

Бетинден сылайт желаргы
Бозоюн селки сүйгөндөй.
Жеңүү кыйын муз, карды
Жаздын ырын үйрөнбөй.

## ТОО СУУСУ

Төксө булут көз жашын
Тоо суулары чамынат.
Күмүшкө боёп тоо башын,
Талаалар килем жамынат.

Кылычын шилтейт чагылган
Илеби булут аралап.
Нөшөрдүн суусун сагынган
Көк шибер чачын таранат.

Таштарга таштар урулат,
Жаңырат ээн капчыгай!
Көбүк жал суулар жулунат
Байгеге азыр чапчудай.

Аккан суу бийик аскадан
Жылдыз такты калаага.
Таш эмес, аппак пахтадан
Тоо жаратты талаага.

Пахта тоо менен Алатоо
Бирине бири жарашат.
Бийик дешип кайсы тоо?
Таңданып баары карашат.

Төксө булут көз жашын
Тоо суулары чамынат.
Талаалар кийин көк-жашыл,
Калаага шамдар жагылат.

## АЛАТОО

Алатоо, ак чокуңдан кагылайын,
Арзысам – гүлүң болуп тагылайын.
Карыңды көз отуна эритейин,
Күүгүмдө шамың болуп жагылайын.

Алатоо, бийигиңе сыйынайын,
Алоолуу илебиңе жылынайын.
Кутмандуу кучагыңдан айрылганча,
Кырчындай кылыч тийген кыйылайын.

Алатоо, айдыңыңа чөмүлөйүн,
Асканда арча болуп өрүлөйүн.
Чаалыксаң – жүгүңдү арт, көтөрөйүн,
Чаңкасаң – жамгыр болуп төгүлөйүн.

Алатоо, мактанууга көркүм сенсиң,
Алатоо, түгөнбөгөн кенчим сенсиң.
Бардыгын үйрөткөнсүң бала кезден,
Бир сөздүү, бир мүнөздүү эрким сенсиң.

## БИЗ ЖАКТА

Мына пахта, мына эгин, кызылча,
Мына чарбак, мына сонун гүл бакча.
Окуйм десең эшиги мектептин,
Мындай жыргал кайда десең – биз жакта!

Мына байлык: көмүр, темир бир канча,
Мына тоолор койну толгон сымапка.

Иштейм десең эшиги ачык эмгектин,
Мындай бакыт кайда десең — биз жакта!

Мына бул тоо башы тийген асманга,
Ал тоо эмес, жыйнап койгон ак пахта.
Эмгек менен тоо жараткан ушундай,
Ак алтындын баатырлары биз жакта.

Мына чарба төрт түлүгү бир кылка,
Аны өстүрөт Алай, Аксай, Көл, Сыртта.
Миң жаңылык тоо койнунда, кыштакта,
Жаңылыктын жарашыгы биз жакта.

Күңүртү жок күндүн нуру биз жакта,
Күүсү мукам элдин ыры биз жакта.
Издегенге таалай таңы биз жакта,
Иштегенге эмгек шаңы биз жакта!

*1947*

## АТА КОНУШКА

Тоо арасы. Таш жакалуу көк өрөөн —
Тааныш өрөөн — ата-бабам конушу.
Ойдон кетпейт, түшүмдө да көп көрөм,
Өмүр берген, илхам берген жер ушу.

Жазда бардым.
Эски үйлөрдүн бири жок.
Жаңы конуш, жаңы көчө, жаңы бак.
Балалыгым эске түштү түшкө окшоп,
Басып жүрсөм кыштак ичин аралап.

... Тигил жерде турар эле биздин там,
Терезеси кагаз менен жабылып.
Күндө үч убак таманынан чыгып чаң,
Келер эле биздин эже чамынып.

Чай ичкен соң ачылчу эле кабагы,
Чыр-чатактын чаңы биз ар арылып.
Кетээр эле эжекебиз жанагы
Кайра үйүнө баарыбызга жалынып...

Өрөөн бойлоп сокмок кыя жол жатчу,
Өңчөй балдар ойго түшүп барчубуз.

Бүлдүркөндү айта көрбө эң таттуу,
Бирден терип такыяга салчубуз.

Калың камыш шуудураса шамалга,
Коркуп кетип качар элек жабылса...
Эчен жолу тикен кирип таманга,
Эчен жолу күйдүк күндүн табына.

Нураа деген кыр жатчу эле көк тиреп,
Нураа бизден сыр катчу эле ар убак.
Чокуларын бөлөөр элек энчилеп,
Чоңдор бизге кайтарткanda козу-улак.

Кеч киргенде шайтан чырак жагылып,
Түтүн чыкчу терезеден, морудан...
Андан бери өттү жылдар агылып,
Азыр ага кыял менен жолугам.

Таазим кылам тоолоруна, гүлүнө
Ар жыл сайын айылыма барганда.
Акылыма,
кыялыма,
дилиме —
Ата конуш жыты сиңип калган да.

## МАЙ АЙЫ

Мындай кооз дүйнө болбос, чынында,
Күндүн, гүлдүн көтөрүлөт маанайы.
Өңсүз жерди таба албайсың ырымга,
Махабbattын сүрөтүбү Май айы?

Гүлдөр күлөт жалбырактан баш багып,
Торгой таңшыйт чекит болуп асманга.
Кыздар болсо кырк түрдөнүп каш кагып,
Далай көздүн жоосун алат басканда.

Ак булуттар гигант пахта үймөктөй
Тоо үстүндө тоо жаратат жаңыдан.
Куштар ырдайт, кужулдашып сүйлөшпөй,
Күлкү толгон кутман айдын багынан.

Дилдер дилге, ойлор ойго ынактай,
Ширетилет Май айынын деминен.
Махаббат да ийип кеткен булактай,
Тартпайт өзүн жаш курактын селинен.

## МАДОННА

Дрездендин музейинде бир сүрөт
Арбайт көздү. Тартылууда бүт жүрөк.
Периште аял көктөн түшүп келатат
Аяк коюп ак булутка үлбүрөк.

Келе жатат кутман жерге периште,
Кучагында күнөөсү жок наристе.
Эки киши таазим кылып көз албайт,
Купуя сыр ачылэлек али ичте.

Бузбай сактап табияттын чийимин,
Жер айлантса тынымы жок ийигин —
Этек-жеңин булуттарга тийгизбей,
Жел толкутат периштенин кийимин.

Кандай шартта бул сүрөттү тартты экен?
Боёкторун кайдан издеп тапты экен?
Сулуулукту көрө билген кишинин
Бир топурак кантип көзүн жапты экен?

Мадоннанын эстен кеткис элеси —
Рафаэлдин өлбөс-өчпөс керези.
Адамдарды суктандырган ар дайым
Ушул сүрөт — искусство сереси.

... Дрездендин музейинде бир сүрөт
Тартат көздү. Толкундоодо бүт жүрөк.
Периште аял көктөн түшүп келатат
Аяк коюп ак булутка үлбүрөк.

## ДАЙРА ЖӨНҮНДӨ

Мүмкүн, дайра терендигин сактамак,
Кереги жок жаратылса өмүргө.
Кылаасына кычырата таш калып,
Кете бермек, ага бермек төгүнгө.

Керек экен — өмүр берип чөлдөргө,
Жандандырат өсүмдүктү соолуган.
Тоо саламын алып барып көлдөргө,
Саратанда айыктырат оорудан.

Керек экен — ичсе чаңкоо кандырат,
Как төбөдө аптап кайнап турганда.

Керек экен – күчү чырак жандырат,
Кем калышпай Күндөн түшкөн нурдан да.

Керек экен – эл, жер көрөт пайданы!
Тайыздабай арта берсин тереңи.
Кээ бирөөлөр акааратайт дайраны
Тийбегенсип жашоосуна кереги?..

Дайым керек дайра суусу жер үчүн,
Дайым керек дайра суусу эл үчүн!

### УМТУЛУУ

Умтулуу бар суулардын агымында,
Умтулуу бар булуттун көчүүсүндө.
Умтулуу бар нурлардын жарыгында,
Умтулуу бар бактардын өсүүсүндө.

Умтулуу бар көктөмдүн гүлдөрүндө,
Умтулуу бар эмгекке аттанууда.
Умтулуу бар куштардын үндөрүндө,
Умтулуу бар ар ишти аткарууда.

Бешик боосун чечүүдө – умтулуу бар,
Биринчи сөз сүйлөөдө – умтулуу бар.
Балакатка жетүүдө – умтулуу бар,
Биринчи ирет бийлөөдө – умтулуу бар.

Тирүүлүктүн шаңында – умтулуу бар,
Төрөлүүдө – өмүрдүн башталышы.
Турмуш-жашоо багында – умтулуу бар,
Умтулуунун токтобойт ат чабышы.

### ТОЛКУН

Көк иримдин кайнноосунда
Көбүк чачып кырданат.
Күчтүү добуул айдоосунда
Күңгүрөнөт, сурданат.

Тоону беттейт атырылып,
Шары аскага чарпыла.
Көбүктөрү сапырылып,
Кайра тартат артына.

Арыстандай жалын силкип,
Тура калат күрүлдөп.
Эмгек менен ташты түртүп,
Сынып кетет бириндеп.

Сыныктары көбүк болуп,
Кумга тигет чатырын.
Бир заматта калат соолуп
Из жашырып акырын.

Толкуп келет изин жоктоп,
Келбей калуу – өлүмү.
Өжөрлөнөт, калбайт токтоп,
Толкуп туруу – өмүрү.

## АЙЫЛ ЧЕТИНДЕ

Тоого буруп жылоосун жолдун,
Таң атканда айылда болдум.

Коктулардан сыйрылды түндөр,
Короолордон угулду үндөр.

Асманга нур желесин тартты,
Айлана бүт жанданып жатты.

Тескей жактан жүрдү эле шамал,
Таазим кылды тармал чач бадал.

Көк чөптөрдөн шүүдүрүм кулап,
Казал ырдап, күү чертти булак.

Кырмызы нур кырларда балкыйт,
Кызыл канат булуттар калкыйт.

Мал өрдөдү төрлөрдү көздөй,
Мен телмирем ызгаарды сезбей.

Карай бердим, канээтим тойбойт,
Карегимде күн нуру ойнойт.

## БУЛУТ

Бала кезде булуттарды жандуу деп,
Угаар элем улуулардан укмуш кеп.

Көчсө булут бирин бири жетектеп,
Таңданчу элем кереметин эсептеп.

Булут тартчу жан бүткөндүн сүрөтүн:
Бирде бөксө, бирде аска тоо болуп;
Бирде сызып, бирде бузуп иретин,
Бирде удургуп, бирде кайра соо болуп;

Бирде чубап кербен тарткан төө болуп,
Бирде үрпөйчү жомоктогу дөө болуп;
Бирде каалгып жүрбөй калса жөө болуп,
Бирде туруп нурду тосчуу көө болуп.

Бирде көктү чагылганы аткылап,
Бирде ыйлактайт, бирде кайра каткырат;
Бирде азоодой ойду-кырды чапкылап,
Бирде алыска сызаар эле чапкылап...

Тартылганда көккө булут желеси,
Тизилгенде көккө булут кемеси –
Эске түшөт ошондогу элеси:
Тоосу, дөөсү, чагылганы, белеси...

## БАДАЛДЫН ЖООБУ

Жол боюнда турат бадал,
Жалбырагын ыргап шамал.
Борпоң чаңдын жабышкаагы-ай,
Бозоруңку жашыл шамал.

Токтой калып суроо бердим:
«Жол боюна не деп келдиң?
Түк билбеген чаңдын жытын
Перзенти элең токой-чердин.

Койнуңду чаң жай кылыптыр,
Көк бутагың кайрылыптыр...
Көргөн жанды кумарланткан
Көркүң сенден айрылыптыр».

Анда бадал мага карап,
Аптап менен чачын тарап,
Мындай деди:
«Адамдардын
Керегине турам жарап.

Сүйүүмдү ороп гүлгө,
Соолук болом илдеттүүгө.
Саратанда эс алгандар
Салкынымды салат күүгө.

Сая болом күн чыкканда,
Аба болом чаң жутканга;
Желаргыга ыр ырдатып,
Жакын болом сыр укканга.

Калайыкка жолдон өткөн
Каалайм ак жол, каалайм көктөм.
Бир обу жок билбестиктен
Бутагымды кайрып кеткен.

Бейбаштар аз, жакшылар көп!
Жан ажарын аччулар көп.
Эмки жолу өткөнүңдө
Бак көрөсүң турган гүлдөп».

## КОНОК БОЛДУМ

Барып калсам колхозума күзүндө,
Дасторкону толо нанга, жүзүмгө.
Дыйкан абам тосуп алды кубанып,
Токчулуктун нуру ойноду жүзүндө.

Шылкыйса да ок жаңылган ныптасы,
Абам менин ак эмгектин устасы.
Эрте туруп короосуна өстүргөн
Алмаларын, анделегин жыттачы!

Мөмөлөрдү айта көрбө бактагы:
Мөлтүрөөдө кызыл, сары, аппагы.
Мелмилдеген уч-кыйырсыз талаада
Машиналар терип жүрөт пахтаны.

Эрте туруп эл-журт менен көрүштүм,
Этек байлап мен да пахта териштим.
Эмгектенет карысы да, жашы да,
Ээси ошолор колхоздогу жеңиштин!

Конок болдум – кубанычка марыдым,
Көзүм көрдү күзгү эмгектин жарыгын.

Ак пейилдүү, жоомарт колдуу абамдай
Ажарланат эки бети барынын.

...Колхозума барып калсам күзүндө,
Кырк кылышты сыйга, нанга, жүзүмгө.
Көргөнүмдөн көрбөгөнүм көп экен,
Көзүм тойду көп байлыкка, түшүмгө.

## НАН СУНДУ

Баратсам шашылып кырманга,
Бур этти нан жыты жыпжылуу.
Сүт сээп аз-аздан шырманга,
Тандырга кол сунат бир сулуу.

Албырып жамалы жалындай,
Нан сунду ысыгы өчө элек.
Көз оту жыпжылуу нанындай,
Күлүңдөйт кыялды жетелеп.

«Алыңыз уялбай!» деди да,
Тандырга баш бакты ийилип.
Нанындай даамдуу кеби да,
Каштары капкара чийилип.

Табындай нан жапкан тандырдын,
Илеби аралайт сезимди.
Отуна оролом тагдырдын,
Ой менен жылоолоп сөзүмдү.

Карайм да нан жапкан колуна,
Карайм да нур чачкан жүзүнө –
Камалам кыялдын торуна,
Кайрылып түшө албай изиме.

... Баратсам шашылып кырманга,
Бур этти нан жыты жыпжылуу,
Көзүмдү бурсам да шырманга,
Көңүлдү ээледи бир сулуу.

## КАР ТҮШӨТ

Ак кар түшөт парашюттай калдайып,
Ызгаар тили жалайт менин жүзүмдү.
Жүрүү кайда жайдагыдай жагжайып,
Улам басат – улам түшкөн изимди.

Бараткансыйт көчө дагы тар болуп,
Бараткансыйт үйлөр дагы пас тартып.
Кар күрткүсү тирелүүдө жар болуп,
Күн жылуусун алгансыды кыскартып.

Бардык жерде өкүм сүрөт кар гана,
Бардык жерде кар тозоңун сапырат.
Ак олпокчон аскар тоолор жай гана
Аязды улам конок бол деп чакырат.

Терезеден тынбай ызгаар ышкырып,
Кирүү үчүн жылуу үйгө чамынат.
Бактардагы жалбырактты бүт жулуп,
Бутактарга муз сыргалар тагылат.

Ак кар түшөт парашюттай калдайып,
Ызгаар шамал тызылдатат жүзүмдү.
Жүрбөсөм да жайдагыдай жагжайып,
Кар бетине кынай бердим изимди.

## ЖАКШЫЛЫКТЫН ЖЫЛЫ БОЛ

Кош, эски жыл, өмүрлөргө гүл таккан,
Кош, эски жыл, көңүлдөргө от жаккан.
Жаштыгымды күзгө алмашып кетипсиң,
Жаңы жылдын дарчасынан баш баксам.

Кош, эски жыл, жакшылыктын жарчысы,
Кош эски жыл, жашчылыктын камчысы.
Кош, эски жыл, бир өзүңдөн башталган
Жаңы жылдын, жаңы өмүрдүн тамчысы.

Кел, жаңы жыл, күттүк сени сагынып,
Кел, жаңы жыл, тынчтык гүлүн тагынып.
Кел, жаңы жыл, арбын болсун жаңылык,
Кел, жаңы жыл, кетсин дүйнө жаңырып!

Кел, жаңы жыл, молчулуктун жылы бол,
Кел, жаңы жыл, жашчылыктын ыры бол.
Кел, жаңы жыл, кербенибиз мезгилдин,
Келечектин сереси бол, нуру бол!

## ЖАМГЫРДАГЫ СҮРӨТ

Көктө булут удургуду
Кокус жылкы үркköндөй.

Жер шарынын көп жеринде жокчулук
Жутуп жатат карыларды, балдарды.
Эзүүчүлөр ээлеп алган токчулук
Элге жетпей, маркытууда байларды.

Мунун баары зыркыратып сезимди,
Оорутат да эт жүрөктү жаралап.
Мунун баары эки кылып эсинди,
Кан аркылуу бүт денеңе таралат...

Толкундатат, кубандырат жүрөктү —
Жер кишиси көктө жүрсө айланып!
Акыл күчү чынга айлантып тилекти
Жетип жатса жылдыздарга, ай калып.

Жүрөктү ышкы оту менен күйдүрөт,
Тынчтык бербей сезимдерди ойготуп.
Кээде сени жайдак атка миндирет,
Көз жаш менен кайгы көлүн бойлотуп.

Кантип жүрөк оорубасын мындайда —
Түшүп жатса кубанууга, кыйноого —
Буга болбой, чарчоо билбей кылдай да,
Көкүрөктө күнү-түнү туйлоодо.

Келет экен бүт дүйнөнүн агымы
Жүрөк деген станцияга топтолуп.
Күйө берсин күчтүү жүрөк жалыны
Калганчакты кан сапары токтолуп!

## ЧЫЙЫР САЛЫП КЕЛЕМИН

Калем менен чыйыр салып келемин
Ак кагаздын из түшө элек бетине.
Кечэлекмин ойдун али тереңин,
Чыга элекмин бир барактын четине.

Бирде салкын, бирде алтын ой келет
Бирде кышка, бирде жазга жетелеп.
Тагдыр кээде таалайлуuга бой ченеп
Өтүп кетет өрүшүмдөн чекелеп.

Көшөрөмүн каршылыкты тоотпой,
Күү угулат күдөрүмө жоопто й.
Кагазымды калканч кылып соттой,
Кайра баштайм көңүлүмдү жоотпой.

Көк бетине ыр жазамын бир тизим,
Басып туруп чагылгандын курч мизин.
Булуттардын арасынан чоң үзүм
Жулуп алып жууп кирем жер жүзүн.

Жердин жүзү ачып койгон дептерим,
Таза болсун, аруу болсун барагы.
Күдөр үзбөй сөз үрөнү сепкеним,
Өссө экен деп ырдын да бир дарагы.

## КЕЗЕДИМ АЙГА КОЛУМДУ

Командир мени чакырып:
«Чалгынга барып кел» – деди.
«Есть!» – дедим бутту шак уруп,
Көрсөттү четки бөлмөнү.

Тапшырма алдым, жөнөдүм,
Ааламды көөдөй түн каптайт.
Каалабайм түндөн бөлөгүн,
Түн чалгында сыр сактайт.

Бир кезде булут сүрүлүп,
Чыга калды Ай жаркып (?)
Жер бетин тиктейт үңүлүп
Көк деңизде жай калкып.

Демейде дилим сүйгөн Ай,
Көрүндү азыр душмандай.
Баш каттым жардын түбүнө
Табылбай айла эч кандай.

Кезедим Айга колумду:
«Тоспогун менен жолумду.
Көрсөткүң барбы душманга
Жашырган түнгө боюмду?»

Кайрадан булут чогулду,
Кайрадан булут коюлду.
Ай дагы жүзүн жашырды
Түшүндү белем оюмду.

## БИЗ ТУРГАН ЖЕРДИ АТКЫЛА

Байланышчы тыншай калды
Морзеге эми тил кирди.

Калканч кылган четки тамды
Үч чалгынчы билдирди:

«Жылчык койбой чыгуу үчүн
Душман бизди ороодо.
Тоскоолдорду бузуп бүтүн
Танктар толду короого.

Алло!.. Алло.. кечикпестен
Координатты тапкыла.
Ок жаадырып замбиректен
Биз турган жерди аткыла!»

Байланышчы токтой калды.
Чалгынчылар билдирди.
Ошол замат мээлеп тамды
Замбирекке тил кирди.

*1943*

## ЖАМГЫР

Күз айы. Жамгыр. Кечки убак.
Чогулдук окоп четине.
Суналып жатат жаш солдат,
Жабылып шинель бетине.

Куюлат жамгыр тынбастан,
Күрөктөп мүрзө казабыз.
Айрылып калдык курдаштан,
Үйүнө не деп жазабыз.

Жалбырак төшөп денесин
Жашырдык кайың түбүнө,
Сактаар деп анын элесин
Шактары жерге жүгүнө.

Кайыңга жаздык өз атын,
Туулган, өлгөн датасын...
Токтотпойт жамгыр көз жашын,
Билеби адам капасын?

*1943*

## ДҮЙШӨНКУЛДАР

Кычыраган кыштын суук маалында,
Кан аккан кез Москванын жанында...

Коргоп турат жыйырма сегиз каарман
Карабастан окко, танкка, жалынга.

Тула боюн бронь менен тумчулап,
Танктар тынбай ок жаадырып умтулат,
Өжөрлөнөт, бирок алга жылалбайт,
Өтөөр жолун эрлер койгон кулпулап.

Жалтанышпай жаап жаткан октон да,
Жалтанышпай жанып жаткан оттон да,
Дүйшөнкулдар талкалоодо танктарды,
Душман өтөр кылдай да жол жок мында.

Бекем кармап гранатты колуна,
Бири чыгат келген танктын жолуна.
Каз таманы бир заматта чубалып,
Калат танктар кайрыла албай сонуна.

Отуз танкты өткөрбөстөн ойрондоп,
Өздөрү да курман болду эл коргоп.
Бул баатырдык кылымдарга сакталат.
Бүткүл жерге тынчтык,
жеңиш туусу орноп.

*1943*

## БААТЫР СЕПИЛ

Брест!
Брест!
Баатырдыктын мекени,
Сепилиңе таазим кылып келдим мен.
Денеңдеги согуш тагын кечээги
Бүгүн дагы жүрөк канап көрдүм мен.

Октор мүлжүп сопол болгон карагай
Каардуу күнгө каргыш айтып тургансыйт.
Урандылар – айыкпаган жарадай,
Согуш изин сезимдерге бургансыйт.

Брест!
Брест!
Баатырдыктын тиреги,
Жеңилбеген чептериңе карадым.
Каза болгон жоокерлердин тилеги
Ачып жатты эрдиктердин барагын.

Бир ууч жоокер сени коргоп окко учуп,
Өлбөстүктүн шам чырагын жагыптыр:
Жүрөгүнө кызыл тууну бек кысып,
Жоо өткүсүз аска болуп калыптыр.

Брест!
Брест!
Баатырдыктын сереси!
Сенин даңкың жомоктолот түбөлүк.
Өткөн согуш, өчкөн согуш элеси
Өтүп жатты көз алдымдан түнөрүп...

Жаралуу бак балдак кылган бутагын
Азыр деле арыла элек Брестте,
Адамдарга жайып майып кучагын
Үндөп турат тынчтык үчүн күрөшкө.

**ДЕНЕМДЕ ЖАТАТ КОРГОШУН**

Мезгил жууйт сели менен
Кандуу согуш издерин.
Бирок согуш
Коштошсо да көбү менен,
Коштошо элек мени менен.

Таптым тынчтык конуштту.
Эл да, жер да тынчыды.
Бирок, достор,
Түш көрсөм мен: Ок учту —
Эске салып согушту!

Кетпейт окшойт эстен деги...
Көңүлүмдө өлгөндөр.
Тегизделип жаткан жери —
Тек жер болуп калды эми.
Көп жылдар өттү андан бери...

Жатышса да жерде-сызда,
Жүрөктөрдөн гүл өнөт.
Улан үзүп сунат кызга,
Учуп ышкы жылдызга.
Ушул өзү — тирүүлүк да!
Багынбастан өлүмгө,
Өтүп жаткан өмүргө!

... Мезгил жууйт сели менен
Кандуу согуш издерин.
Бирок согуш
Коштошсо да көбү менен,
Коштошо элек мени менен.
Денемде жатат коргошун,
Дилимде өлгөн жолдошум.

## СОКУР СОЛДАТ СУРООСУ

Колуң тийсе – колум неге жалындайт? –
Жылуусуңбу?
Жүрөгүмдүн дарчалары жабылбайт –
Сулуусуңбу?

Бал татыды эриниңдин даамы –
Гүлдөйсүңбү?
Күйүп кетти эки беттин наары –
Күндөйсүңбү?

Түндү көзөп шоола чачтың өзүмө –
Жылдызсыңбы?
Карек болор күүгүм чалган көзүмө –
Нур кызсыңбы?

Сен аркылуу бүт көрөйүн ааламды –
Чырак болчу?
Сени менен күнгө айлансын караңгы –
Ынак болчу?

## НӨШӨРДӨ

Жылбай турам бир түп бакка жөлөнүп,
Нөшөр тынбай көктөн бермет чачкансыйт.
Ой артынан ойлор кайра төрөлүп
Өмүрүмдүн барактарын ачкансыйт.

Канаттуулар чагылгандан чочуган
Кайкып учуп алда кайда өтүүдө.
Чырак жасап чагылгандын отунан
Менин оюм өткөндөргө көчүүдө...

Катмарынан мезгил менен өмүрдүн,
Катмарынан жашоо менен өлүмдүн,
Катмарынан кыял менен көңүлдүн –
Кырчын жаштык кылыч кармап көрүндүң.

Ооба, ооба, кылыч кармап турасың.
Согуш өртү... Асман менен жер күйөт.
Бул апаатка адам кантип чыдасын...
Аалам күйөт, дениз күйөт, чер күйөт.

Кандуу согуш канча жерди таптады,
Кандуу согуш канча элди таптады.
Күндүн эмес, атылган ок аптабы
Калааларды, талааларды каптады.

Ошол согуш ойдон кетпейт күнү-түн,
Ошол согуш баткан белем сезимге.
Ал согушка мекен үчүн, эл үчүн
Кеткен элем кыз сүйө элек кезимде.

Ооба, ооба, кыз сүйө элек кезимде
Окоп менен октун даамын таткамын.
Анын баары унутулбайт, эсимде,
Төрт жыл бою согуш жолун баскамын.

## АДАМ ҮЧҮН

Дем алууга аба болсун,
Дайым күлкү жаңырсын.
Даркан үйгө бала толсун,
Дартка даба табылсын.

Күнүрт болбой, жарык болсун
Көрө турган таалайы.
Күйүт конбой, бакыт консун,
Көккө жетсин маанайы.

Каалашынча нөшөр төксүн,
Какшып турган чагында.
Карегинен Күн нуру өпсүн,
Кутман заман таңында.

Коломтодо оту өчпөсүн,
Конок болуп токчулук.
Каргашанын огу өтпөсүн,
Каран калсын жокчулук.

Актоо керек чоң милдетин
Ата-журтун – конуштун.
Аты чыгып ак эмгектин,

Аты өчсүнчү,
аты өчсүнчү
согуштун.

## КАРМАП КАЛДЫМ ЖАЛЫНДЫ

Гүл өстүрдүм,
Гүл өстүрдүм.
Гүл жөнүндө бүт сөзүм.
Гүл сөзүмдү ээлесе да,
Дилге кезек бербесе да,
Жүрөгүмдө бир өзүн.
Гүл ачылды,
Гүл ачылды.
Кызыл жоолук салынды.
Гүлүм сага, дилим сага!
Неге, жаным, гүл ордуна
Кармап калдым жалынды?

## КЫЗ ЖАНА ГҮЛ

Кыз күлсө гүлдү аралап
Кыналат бою жарашып.
Көркүнө көздөр кадалат
Көңүлдөн кезек талашып.

Кыз басты – гүлдөр ыргалды,
Кыялды бийлейт ыргагы.
Күткөнсүп ушул жыргалды
Кыз дагы толкун ырдады.

Кыялга синди жыты аңкып
Кыз менен гүлдүн элеси.
Каректен улам от калпып
Кадалат ышкы жебеси.

Кыз бурак менен гүл бурак
Кыналышып бир турат.
Көз ышкына күнчубак
Коёр бекен дилди улап?

## КҮТҮҮ

Түн бир убак.
Шамалга бак термелет,
Чырпыктары тереземе согулат...

Бирде чертет кыял күтүп эркелеп,
Бирде сүйлөйт түн жомогун кобурап.

Менин дагы кирпиктерим чырпыктай
Түндү тилип терезеге умтулат.
Ой артынан ээрчий берем унчукпай,
Ой эшигин жаба албайсың кулпулап.

Дарак күтөр термелтсин деп шамалды,
Дилим күтөт гүл кучактуу бир кызды.
Сезимдерге парда болгон караңгы
Седеп кылып тагыныптыр жылдызды...

Түн бир убак.
Шамалга бак жалынат.
Чырпыктары тереземе чабылат.
Тамекиден чектим кайра жаңылап,
Түпсүз ойлор алда кайда агылат...

Ышкы илеби козгоор бекен кыз гүлүн?
Ышкы алоосун сезээр бекен кыз дили?
Түн койнунан уккум келет кыз үнүн,
Тартууларым – таңкы сүйүү шиңгили.

Бир оокумда шамал үзгөн жалбырак
Тереземе боюн урду... Аядым.
Жүрөк дүк-дүк... Жалбырактай жалдырап
Жаагымды терезеге таядым...

## КӨБҮ КАЛДЫ ЫШКЫМДЫН

Термездин аптабына чыдасам да,
Бир кыздын алоосуна чыдабадым.
Көз менен дилди дилге кынасам да,
Бирок мен
    мандайынан,
        саамайынан
            сылабадым.

Жөнөөрдө гүл кучактап басып келди,
Оюмду өкүмүнө багындырып.
Илебин жүрөгүмө бура берди.
Көзүнө
    күндүн нурун,
        дилдин нурун
            чагылдырып.

Дилиме бир из түштү өчпөй турган,
Болсо да учур кыска, сапар кыска,
Түшүнөр окугандар ушул ырдан:
Ышкымдын
　　кобу калды,
　　　　молу калды
　　　　　　ошол Кызда.

## МЕЗГИЛДЕРДИН ЖЫЛЧЫГЫНАН БАШ БАГЫП

Мезгилдердин жылчыгынан баш багып:
Көрүп калдым сенин оттуу көзүңдү.
Кайра жутуп айта турган сөзүмдү.
Көптөн бери
Кыйнап жүрөм ышкы толгон сезимди.

Мезгилдердин жылчыгынан баш багып,
Көрдүм сени. Кирпигимден чырматтым.
Көздөн уурдап көңүлүмө сыр каттым.
Көп ойлонуп...
Күндөн күнгө ышкы дартын ырбаттым.

Мезгилдердин жылчыгынан баш багып:
Көрдүм сени. Нур кучактап турупсуң.
Көктөм жыттуу ыр кучактап турупсуң.
Көңүл эргийт...
Көрчү, өмүрдүн күн экенин унуттум!

Мезгилдердин жылчыгынан баш багып:
Көрүп калдым сенин оттуу көзүңдү.
Купуя ышкы курчап алып сезимди,
Көптөн бери
Катып жүрөм көңүлдөгү сөзүмдү!..

## ЖАМАЛЫҢДЫ БИР КӨРҮП

Кыш чилдеде жамалыңды бир көрүп,
Кете жаздап илебиңе өрттөнүп!..
Көңүлүмө көз отторуң уялап,
Көрүнгөнсүң тоо гүлүндөй көрктөнүп.

Жатсам-турсам көз алдымда элесиң
Жүрөгүмө кадап сүйүү чегесиң.

Жалын менен,
алоо менен ширетип,
Жайыптырсың дилге жаздын желесин.

Ушул азыр бала болсом талпынган,
Сүйөр белең наристе деп алкымдан?
Кыроо чалып кара тармал чачымды,
Түшүп турам наристелик баркымды.

Кыялым көл... Күндө балык серпкенсийм,
Кырчын болуп көңүлүңдө бөрткөнсүйм.
Түшүмдө да,
өңүмдө да,
ар убак...
Бир өзүңө үмүт күүсүн черткенсийм.

Кыш чилдеде жамалыңды бир көрүп,
Кете жазгам көз алдыңда өрттөнүп!
Кирпигинден ийне жасап...
дилиме
Коюптурсуң ышкы учугун өткөрүп.

## СЫЙДЫРЫП АЛ ДИЛИҢЕ

Мен да дайым башкалардай жаңылам,
Мүмкүн, кээде терс кайрыкка кабылам.
Болбос жерден чыккан жөнсүз сөздөрдү
Бөлүп ташта өмүрүңдүн таңынан.

Күлбөй койсоң – калгансыймын күнү жок,
Көктөмүмдүн көркүн ачкан гүлү жок;
Ободогу жылдыздарга телмирип,
Ой көлүнө чөгө берем түбү жок.

Күлүп койсоң – көңүл эргип көктөмүн,
Көз алдыма келет гүлдүү көктөмүм.
Булагыңа буурул чачты чайкайм да,
Боз уландай кечем жаштык өрттөрүн.

Сагынычым үмүттү ээрчип күнүгө
Сапар чегет сенин жыпар гүлүңө.
Саргайтпастан ыза эшигин черттирип,
Сүйүүмдү сыйдырып ал дилиңе.

## ТАҢ АГАРЫП КЕТКЕНИ

Унутпаймын мен муну өмүрүмдө,
Уюп калган ошол күч көңүлүмдө...
Жай айы эле. Жолуктум кечке жуук
Бир гөзалга — көздөрү оттой күйөт.
Аппак бетин ай төккөн шоола жууп,
Алкымынан акырын шамал сүйөт.

Салам бердим жанына жакын барып,
Бир кылчайып кайдигер карап койду.
Тартылуунун отуна мени салып,
Кирпигине байлады бүткүл ойду.
Көңүл учат, айланат канат кагып,
Көрбөгөнмүн буга окшоп тараз бойду.

Жылдызыбыз кошулуп жаткансыды,
Жалындарга жалындар жуурулушуп.
Жүрөктөр да бир-бирин тарткансыды,
Жатышалбай көөдөндө буулугушуп.
Көз алдыман өткөнсүйт кыздын сыры
Кербен тартып кыялай чуурулушуп.

Эки тагдыр дайрасы бир өмүргө
Эгиз сырдын шарынан куюп жатты.
Эми гана ширешкен жуп көңүлдө
Эки тилек биригип уюп жатты.
Эки үмүткө жай берген назик дилге
Эбегейсиз чоң аалам сыйып жатты.

Көкүлүнөн сыладым гүлдөр тагып,
Кыналыша отуруп гөзал кызга.
Кубанычтан көңүлүм канат кагып,
Көктө сызат жар салып ай, жылдызга...
Кап! Катыгүн... катыгүн...
Көрчү тагдыр өкүмүн...
Сөздөр сөзгө жеткенче,
Сөз түйүнүн чечкенче;
Дил түйүнүн чечкенче
Таң агарып кеткени...
Таң агарып...
Көрбөгөнмүн түндү мен мындай кыска!

## ЖӨНӨТҮЛБӨГӨН КАТ

Алыссың азыр жаныман,
Ар күнү сени сагынам.

Айдының көрөм түшүмдө
Алчалуу сенин,
Алмалуу сенин багынан.

Чаңгеттен чыккан айдайым,
Чалкыган көлү жайдайым.
Чиеленген көңүлдөн
Чийириң издейм,
Чийимиң издейм ар дайым.

Кылса да душман касчылык,
Кымбаттуу учур жашчылык.
Каптатчы жүрөк отуна
Кыш ызгаарын,
Кыш муздарын жаз кылып.

Тутанат отко жүрөгүм,
Түшүнчү, Анар, зирегим.
Түбөлүк болсун – кошуп кой
Тилегиме – тилегин,
Түнөгүмө – түнөгүң.

## КӨРӨӨР ЭЛЕҢ

Ачпай туруп катылуу сырларымды,
Бир өзүңө арнадым ырларымды.
Медер тутам дилиме, ишенип кой,
Жарык чачкан үмүткө нурларыңды.
Үмүттү ээрчип жаныңа келе берем,
Үмүт гүлүн күлкүңдөн тере берем.

Көрбөй калсам сагынам, көргүм келет,
Көңүлүмдү уялап алгансыңбы?
Көкүлүңдү салаалап өргүм келет,
Көз отуңдан кайырмак салгансыңбы?
Үмүт өзү табышмак – табасыңбы?
Үмүтүмө ышкы отун жагасыңбы?

Канжар менен тең бөлсөң тилегимди:
Канжар менен тең бөлсөң жүрөгүмдү...
Көзүң менен, чынында, көрөөр элең
Кадимкидей кашкайган сүрөтүңдү!
Убарага уурдатпай көңүлүмдү,
Уккум келет чынынды, төгүнүңдү?

## МАРИЯ

*(Тамаша)*

Отурабыз жанаша
Оң-тескери караша.
Ортобузга күн сайын
От жагууда мамаша.
  Көздүн жашы дарыя,
  Көрөсүңбү, Мария?

Кээде сүйлөйм тамаша,
Кеп тизгинин талаша.
Күлүп калат жылмайып
Көптү көргөн папаша.
  Билет окшойт карыя
  Биздин сырды, Мария?

Барып алып күбөлүк,
Баш кошолу түбөлүк.
Бирге болуп кош жүрөк,
Бирге басып жүрөлүк.
  Болсун элге жарыя
  Биздин сүйүү, Мария!

## МЕН ТҮШҮМДҮ САГЫНДЫМ

Мен түшүмдү сагындым – кайтып берчи,
Же болбосо кайталап айтып берчи.

... Түшүмдө мен гүл көргөм жайнап турган,
Көздүн нурун жиби жок байлап турган.

Умтулдум мен ал гүлдү жыттайын деп,
Сабагына бой тиреп ыктайын деп.

Кармар кезде сабагын колум сунуп,
Ортобузга тосулду күзгү тунук.

Дилдин сөзүн уурдаттым оюмдагы,
Четке түрттүм күзгүнү жолумдагы.

Гүл жоголуп сулуу кыз пайда болду,
Таш күзгүдөн жылмайып күлүп койду.

Көрө коюп жалынды колундагы,
Көк шумкардай жалдырайм торундагы.

«Агай» деди. Кайрадан гүлгө айланды.
Не дешимди билалбайм – тил байланды.

Кызыл гүлдү кучактайт топ жалбырак,
Көкүлүнө байланам көз жалдырап.

Карай бердим ал гүлдү кайра-кайра,
Күнүлөйбү – көз артат көктөгү Ай да?

Терезеден баш багып үч-төрт жигит
Топурашып бөлмөгө келди кирип.

Бирөө жакын барды да куурай болду,
Кызыл гүлгө кыл келбес уудай болду.

Экинчиси чырмооктой ороп алды,
Үчүнчүсү колуна орок алды.

Гүл заматта от болуп жалын чачты,
Орок алган дарчадан чыга качты.

Куурай менен чырмоокту жалын чалды,
Гүл жанында үйүлүп күлү калды.

Жакын бардым гүлгө мен жаным түтпөй,
Гүл жамалын Ай сүйөт аппак сүттөй.

Гүл кайрадан кыл болду чачын тарап,
Көңүлүмдөн байланып турдум карап.

Чын сырымды айталбай сөзүм менен,
Кыз жүрөгүн издедим сезим менен...

Ышкы сөзүн айталбай тилим менен,
Кыз жүрөгүн издедим дилим менен...

Таттуу уйкудан ойгондум – кыз жок, гүл жок,
Жүрөгүмдө калыптыр бир үзүм чок!

Ошол түшүм экинчи кайрылган жок,
Ошол түштөн үмүтүм айрылган жок.

... Мен түшүмдү сагындым – кайтып берчи,
Же болбосо кайталап айтып берчи!

## ТЕРЕЗЕМДИ КҮЛКҮ ЧЕРТТИ

Жайдын түнү. Отурамын ыр жазып,
Жылат ойлор, учат ойлор кырды ашып...
Күлкү угулду тереземдин түбүнөн!
Ким болду экен?
Билгим келди сырды ачып.

Күүгүм тарап каректердин нурунан,
Күлкүнүн мен ыргагына урунам.
Бүлүк салган тынч кыялга күлкүгө
Берсемби дейм десте жасап ырыман.

Шыңк дейт күлкү!
Шашып калдым.
Бүлүндүм.
Шамды өчүрүп, тереземден үңүлдүм.
Эки жүрөк бир тилекти уялайт –
Ээси болуп ырга өстүргөн гүлүмдүн.

Ырды гүлдөн бөлөөрүмдө жашырып,
Ышкы нуру жарк дей түштү чачылып.
... Колтукташып басып кетти эки жаш,
Кош терезе кала берди ачылып.

## УУЗ СҮЙҮҮ

Ууз сүйүү – эң биринчи аткан таң
Жүрөктөрдү, тилектерди ойготуп;
Толкундатып көңүлдөрдү тим жаткан
Түштөн кетпейт түнү-күнү ойлотуп...
Жагындырат,
жалындырат,
ыйлатат.
Сеп алдырбай сезимдерди туйлатат.

Ууз сүйүү – күнөөсү жок тазалык,
Үмүттөрдү нурга чайкап тургансыйт.
Күмөн саноо көз жаш менен тазарып,
Арууллукту күндөн, гүлдөн кургансыйт.

Уйкуңду алат,
тынчыңды алат,
талпынтат.
Ышкы көлү жээкке батпай шарпылдап.

Ууз сүйүү – илеби ысык желаргы,
Эркелетет сезим гүлүн, дил гүлүн.
Эритет да ортодогу карларды
Эки алоо тең тарткан кезде бир-бирин!
Отко салат,
чокко салат,
багынтат.
Ойдон кетпей кайра-кайра сагынтат.

Ууз сүйүү билбейт күүгүм дегенди,
Таң шооласын таңдандырат көркүнө.
Тоотпостон татаал, бийик, тереңди,
Таштайт боюн ашыглыктын өртүнө.
Дилдер гана бирин бири түшүнүп,
Арасына сыйбайт бащка түшүнүк!

Ууз сүйүү – эң биринчи сыр ачуу –
Бойлор бойго, ойлор ойго жанашып.
Ууз сүйүү – эң биринчи сынашуу –
Бирде таап, кээде кайра адашып...
Кандай таптуу биринчи ирет көрүшүү,
Кандай таттуу биринчи ирет өбүшүү!

... Ууз сүйүү көңүлдөрдүн төрүндө
Кетсе дагы өмүрлөргө кеч кирип...
Мейли көрүп, мейли экинчи көрүнбө,
Кала берет тагдырыңа тепчилип.
Унутулбай ууз сүйүү жалыны
Улгайсаң да кыйнай берет жаныңды.

## КАЙРА ЧӨГҮП БАРАТАМ

Умсундуруп учкундарын сезимдин,
Эмнегедир, сөз катпадың унчугуп...
Кабылдым да карегине көзүңдүн –
Чөгүп кеттим тереңине тумчугуп.

Толкундары экчейт мени – шашылам,
Жанталашып кирпигиңе асылам.

Чабалактайм, анан кайра басылам,
Чыгарып кой аркан жасап чачынан?

Өзүм билбейм – кантип келдим мөлүңө
Көрүнбөгөн жиптер менен байланып...
Туткун болдум карегиндин көлүнө,
Канча мезгил жүрөм анда айланып?

Телмиремин тереңине күнү-түн,
Көрбөгөнмүн ушунчалык кыйноону.
Мустар кылба муңкангандын үмүтүн,
Же унутуп калгансыңбы сыйлоону?

Куткардың сен каршы болбой сөзүмө,
Көз ирмемче өзүм калдым өзүмө.
Кандай күч бар – бүткүл сезим тартылып,
Кайра чөгүп баратамын көзүнө!..

## ТИЛИН АЛАМ ОШОНУН

Кадыр билги, сүйгөнүм,
Карап койчу бурулуп?
Жолун тосчу, гүлдөрүм,
Аягына жыгылып.

Кайда барат мынча эрте,
Карабастан жан-жагын?
Же билбейби бул эрке
Жүрөгүмдүн жанганын?

Жалыны бар көзүндө –
Муздаганды жылытат.
Күйүп турса сезимде –
Кантип киши унутат?

Кайда шашат жалжалым,
Карап койбой мен жакка?
Тарап кетер арманым
Тагдырыма гүл такса!

Керимсели тийбесин –
Желдин жолун тосомун.
Күл болгончо күй десин –
Тилин алам ошонун.

## ЖҮРӨГҮҢӨ КАТЫП КОЙ

Ар түркүн ой чырмап алып санаамды,
Айдыңымды пардалоодо караңгы.
Изи калып жүрөгүмдө, кайда өзү?
Иликтеймин ичти өрттөгөн адамды.
Ышкыны биз ыйык көрүп жүргөнбүз,
Ышкы коштоп ыйлаганбыз, күлгөнбүз.

Башты мыкчыйт басымы күч кайгы-зар,
Биздей болуп уу жутту экен кайсылар?
Көрүшкөнчө «Лайли-Мажнун» бир-бирин,
Кескен тура тагдырларды кайчылар.
Ышкынын биз атар таңын тосчу элек,
Ышкынын биз ыргактарын кошчу элек.

Оору чалды. Бирок анын эми жок,
Онтойт сезим, онтойт сүйүү чени жок.
Көкүрөктө сен деп каккан тынымсыз
Кечээки эле жүрөгүмдүн теңи жок.
Ышкыны ээрчип кол кармашып басчу элек,
Ышкы отторун дилден-дилге чаччу элек.

Тагдыр кантип кыйгач өттү жол буруп?
Түпсүз ойго бата берем олтуруп...
Таштадыңбы махаббаттын үстүнө
Топуракты кочушуңа толтуруп?
Жүрсүн десең өчпөй менин күйүүмдү,
Жүрөгүңө катып койгун сүйүүмдү.

## СЕН ӨСТҮРГӨН БАКТАМЫН

Сагынычым сабырымды кыйноодо
Сарсанаанын жүгүн артып күнүгө.
Жүрөк болсо тынымы жок туйлоодо
Жетүү үчүн өзү сүйгөн гүлүнө.

Сагынгандыр гүлү дагы багбанын,
Сапарынан кечикти деп мынчалык...
Жылдызга айтып ууз ышкы зарларын
Жүргөн чыгар түркүн ойго курчалып.

Менин санаам уча берет өзүңө,
Мынча ыраакта жүргөнүмө карабай.
Кыялымда көрүнсөң да көзүмө,
Кусадармын сенсиз кумар тарабай.

Мүмкүн, сен да түн күзөтүп чыгаарсың,
Махаббаттын улам оту жалындап.
Ал жалындан менин үнүм угарсың,
Ар адамга парыз тура сагынмак.

Ишен, жаным, кыштан жазга баратам,
Илебине тартат ысык аптабың.
Сүйүүнүн мен көзү менен карасам:
Сен өстүргөн сан-миң гүлдүү бактамын.

## САГЫНЫЧТЫ АЙЛАНАМ

Жадыңдабы: Жаздын жаркын күндөрү?
Жашыл бактын жайнап турган гүлдөрү?
Чатырларга уя салган чырыктап
Чымчыктардын тынымы жок үндөрү?

Эсиңдеби: Сезимдердин көктөмү?
Эсеби жок ак жаандын төккөнү?
Өзүбүзчө бөлүштүрүп алчу элек
Өркөчтөнгөн булуттарды көктөгү.

Унуттуңбу: Улуу тоого чыкканды?
Улар үнүн биринчи ирет укканды?
Азыр ойлоп күйүп кетем күлү жок
Аралыктан далай жылдар учканды!

Ошол күндөр эске түшсө кайрадан,
Ошол гүлдөр эске түшсө жайнаган —
Спутниктей учкул үмүт жетелеп
Сагынычтын орбитасын айланам!

## БУТА ОРДУНА КАРМАЙЫН

Кыялды ээрчип кирсем үмүт багына
Кирпигимден байлап алды элесин.
Карегиме ышкы нуру чагыла,
Жүрөгүмө ийди күндүн желесин.

Ыраазымын жалынына күйүүгө,
Ашып келдим ашыктыктын белесин.
Ынтызармын жамалыңды сүйүүгө,
Айдаттырчы ырахаттын кемесин.

Жүрөгүмдү тартуу кылам, айдайым,
Толтосуна какчы сүйүү чегесин.

Жүрөгүмдү бута ордуна кармайын,
Тартып ийчи көздүн өткүр жебесин.

## ЭМНЕ БОЛДУ?

Эмне болду? Кайдан чыкты калпыс ой?
Суу сепкендей дүр дей түштү бүткөн бой.
Ууз дилге ушак сөздү сактабай,
Чын сүйүүнүн жалынына өрттөп кой!

Ырбатпачы имиш дартын, садага,
Ыкласымдын көлөкөсүн караба.
Ыксыз жерден дүрт дей түшкөн кеп үчүн
Ызаа октору жүрөгүмө кадаба.

Тозокко сал – кыйноосуна көнөйүн,
Мухитке ыргыт – тереңине чөгөйүн.
Көтөрүп кой кирпигинди азыраак,
Көңүлүңө таң атканын көрөйүн.

Эмне болду? Кайдан чыкты калпыс ой?
От жуткандай күйүп кетти бүткөн бой.
Имиш каптап күүгүмдөнткөн сезимди
Ишеничтин мүрөгүнө чайкап кой!

## КАР БЕТИНЕ ЖАЗДЫМ КАТ

Кыял менен сылап кара чачынды,
Кайра-кайра кайталаймын атынды.
Кандай кылам? Карыш узап кеталбай,
Карга жаздым сага арнаган катымды.

Оттуу сөздү музду чегип кынадым,
Окуйт деген үмүт менен ынагым.
Ортобузга өзгө ышкысын жолотпой,
Ой жиптерин, дил жиптерин уладым.

Ар бир тамга кар бетинде гүлгө окшойт,
Ар бир сөзү карга түшкөн түргө окшойт.
Аяздарга, ызгаарларга карабай,
Ар бир сабы илеби ысык күнгө окшойт.

Жол боюнан оолак өскөн карагай,
Жашыл чачын жатыгынан тарабай,
Жалжал тиктеп окуйт менин катымды
Жигиттикке ооп калган баладай.

Кышка уурдаткан жайкы жашыл кийимин
Каңын дагы бузбай мыйзам чийимин,
Карга жазган катка алыстан көз таштайт
Карагайга жөлөп коюп ийинин...

Кыял менен сылап кара чачыңды,
Кайра-кайра кайталадым атыңды.
Кокус көрбөй Күнгө өчүртүп койбогун,
Кар бетине жазган ушул катымды?

## ЖАЛЫН КҮБӨ

Сен мени сүйөм десем – ишенбейсиң,
Сен үчүн күйөм десем – ишенбейсиң.
«Орунсуз болбосун деп ооз ачсам...»
Оюңду күмөн менен кишендейсиң.

Сен барда бул дүйнөдө – мен да бармын,
Сенсиз мен аскаларда тоңгон кармын.
Тартуулайм сүйүү толгон жүрөгүмдү,
Тартынбай кучагыңа катып алгын.

Тең бөлүп жүрөгүмдү – изде өзүңдү,
Табасың тереңинен сүрөтүңдү.
Сан жылга, миң бейишке бергим келбейт
Сен менен бирге болгон мүнөтүмдү.

Айыппы, алооңо жандым десем?
Айыппы, каалооңо калдым десем?
Аяздуу ызгаарларга карабастан,
Айыппы, ышкы гүлүн алгын десем?

Сен үчүн күйгөнүм чын – жалын күбө,
Сени мен сүйгөнүм чын – жаным күбө.
Күнөстүү көктөмүңө гүл өстүрүп,
Күз менен араздашкан чагым күбө.

## ЖҮРӨК ГҮЛҮН ТАБАБЫЗ

Бул дүйнөгө келиптирбиз:
  Эртерээк мен,
          кечигип сен –
Мезгил менен эриш-аркак көңүлдүн.

Максат, үмүт белесине
Умтулуп сен,
умсунуп мен
Сезимди ээрчип сапар тартып баратабыз.
Махаббаттын соресине
Сүйүнүп сен,
күйүнүп мен...
Жүрөк гүлүң, тилек гүлүн тагабыз,
Өмүр деген сулуу бактын:
Арчасы мен,
алчасы сен!
Ишен буга, жарык чачкан аптабым,
Жеңилбеген жаштык чактын
Гүлү сенде,
жүгү менде...
Махаббаттын каалгасын жаппагын.

**ЖҮРӨГҮНДӨН СУРАЧЫ**

Бүт ышкынын жарыгын
Бир таарыныч бузабы?
Ынтымактын жалынын
Ыксыз ушак сызабы?

Сезимдеги жылуулук
Сөзгө келбей тоңобу?
Сүйүүдөгү сулуулук
Сур булуттай болобу?

Ширелишкен кош жүрөк
Шарт бөлүнүп кетеби?
Биригишкен кош тилек
Бир биринен кечеби?

Татуулуктун ырларын
Таң нуруна улачы.
Жабыр тартуу сырларын
Жүрөгүндөн сурачы.

**КЕТИРБЕДИМ ЖӨНҮ ЖОК**

Мен өмүрдү кетирбедим жөнү жок:
Жазга – жаздай,
күзгө – күздөй жумшадым.
Саратанда отурбадым сөлү жок.
Кышты-кыштай күрөш менен кыштадым.

Мен өмүрдү кетирбедим жөнү жок:
Эмгектендим.
Эмгек менен күн көрдүм.
Иш кылбадым максаты жок,
өнү жок,
Ар бир жылды эл катары өткөрдүм.

Мен өмүрдү кетирбедим жөнү жок:
Сүйүү багын музду эритип гүлдөттүм.
Билбегеним али дагы чени жок,
Билгенимди жашырбадым,
үйрөттүм.

Мен өмүрдү кетирбедим жөнү жок:
Жоо келгенде курал алып жөнөдүм.
Мойнумдагы милдетимди эл коргоп,
Кармашууда каным менен төлөдүм.

Мен өмүрдү кетирбедим жөнү жок:
Мага ишенген, мен ишенген кишим көп.
Калк алдында карызымдын чеги жок,
Иштегенден иштей элек ишим көп.

## ГҮЛ

Гүл көрдүм жарып чыккан жалпак ташты,
Калдайып калкалаган жер жамалын.
Күн дагы гүлгө эңилип саламдашты,
Карайм да – кайратына таң каламын.

Таажысы жалынга окшойт ушул гүлдүн,
Таш курчап турса дагы айланасын.
Көрбөгөм гүлдү мындай назик гүлгүн!
Колуңду узатуудан тайманасың.

Назик гүл таш жыртыгын кылган конуш,
Назданып булбул куштун карайт жолун.
Бейжайлар келип калып мында кокус,
Бул гүлгө сунбаса экен жуксуз колун...

Жанымды салып туруп алаканга
Жалынсам – айтканыма көнөр бекен?
Какшаган таш үстүнөн жүрөк канга
Көчүрсөм – тамыр сайып өнөр бекен?

## ЖЫЛДАР

Жылдар... Жылдар...
Сыр жашырбайт өмүргө
Суудай болуп салаалардан төгүлгөн.
Жаз гүлдөрүн сактасам да көңүлгө,
Жаз түрлөрү өчүп барат өңүмдөн.

... Жылдар келди күндөр айга уланып,
Жазды тостум кучак жайып кубанып.
Жылдар келди гүлдөр таңга кыналып,
Жарык нурга жол бошотуп мунарык.

Жылдар келди – жашыма жаш кошулду,
Жаштык үчүн ата берди ак таңдар.
Жылдар келди – башыма баш кошулду,
Жолдош болду дилге шаттык чачкандар.

Бирок...
Жылдар дайым жарык келген жок,
Күн тутулуп, өкүм сүрдү караңгы.
Согуш өртү... Ажал чачып жааган ок
Төрт жыл бою титиретти ааламды.

Жылдар келди – кара түтүн сүрүлдү,
Жарааттарын нурга жууду жер-эне.
Басар жолдон сүрүп коюп күүгүмдү,
Бүт үмүттөр сапар тартты сереге.

Жылдар келди – акыл көктү сермеди!
Чексиздиктин танаптары кошулду.
Адам изи сан-миң жылдык жердеги
Айда жаткан изсиздикке созулду.

... Жылдар келди гүл тагынып көрктөнүп,
Жамалына сүртүп көктөм ыраңын.
... Жылдар кетти жаштыгымды бөктөрүп,
Жагып коюп күздүн бүлбүл чырагын.

Өчпөсүн деп өмүр изи кумдарда,
Өрүшүмдө конуш бердим нурларга.
Катып койдум жүрөгүмдү ырларга,
Көрсөтпөстөн көчүп жаткан жылдарга.

## БИЛСЕ БОЛДУ СЫРЫМДЫ

Эч ким мени билбейт али акын деп,
Мүмкүн, азыр орундуудур бул жагдай:
Кыйкырык жок, кызгануу жок, жактоо жок,
Көздү көрүп көкөлөтүп мактоо жок...
Кала берсе, арбын эмес айтар кеп.
Мүмкүн, азыр орундуудур бул жагдай.

Акындыктын машакаты көп экен,
Калбырынан өтпөйт бардык жазганым.
Ошондуктан, ой жиптерин чырмашам,
Өзүм менен өзүм күндө чырдашам...
Ылгап көрсөм көбү отоо чөп экен –
Калбырыман өтпөйт бардык жазганым.

Үмүт тоосу чакырууда өрүнө.
Жаза берем. Унутулуп калбасмын.
Кыял менен ыр дүйнөсүн башкарам
Кол сала элек, жол сала элек башка жан.
Гүл өстүрөм чөккөн көңүл чөлүнө.
Жаза берем. Унутулуп калбасмын.

Ыр дүйнөсү – үмүт багым, турагым,
Ансыз кантип өмүр сүрдүм демекмин.
Мени көрбөй, окугандар ырымды
Билсе болду азбы-көппү сырымды...
Өчүрбөстөн эки көздүн чырагын,
Күндүр-түндүр дептериме ыр эктим.

## КЕЧМЕЛИК

***(Аалыны туурап)***

Жаштык – дайра, ага сүйүү кечмелик.
Жолугабыз эрте келип, кеч келип.
Кечкен дагы, кечпеген да кеп кылат
Кечмеликтин керреметин эскерип...

Кечмеликтин керреметин эскерип
Коюлуптур, коюлууда эстелик.
Көргөн жан жок, эстеликтер сезимде.
Ким болбогун – көрчү өзүңдү текшерип.

Ким болбогун – көрчү өзүңдү текшерип,
Кечмеликке жел кайыксың экчелип.
Көңүлдөгү жазуулардын алиге
Коюла элек барактары беттелип.

Коюла элек барактары беттелип,
Көктө жатат, жерде жатат тепселип...
Көктөн жыйнап, жерден терип кукумүн
Кынаштырдым ыр тезгиден өткөрүп.

Кынаштырдым ыр тезгиден өткөрүп,
Көрөсүңөр: эрте келип, кеч келип...
Жүрөк, сезим тынымы жок сапарда,
Жаштык — дайра, ага сүйүү кечмелик.

## ЧАГЫП АЛАМ

Мен бир пенде урушпаган чырылдап,
Мен бир пенде тырышпаган чымындап.
Курдаштардын көңүлүнө күн тийсе,
Кубанамын өз ичимен жымындап.

Мен бир пенде баш тартпаган муштанда,
Мен бир пенде сыр сатпаган душманга.
Кутман күндө курдаштарды кайгыртып
Калтырбаймын караңгыга, бушманга.

Мен бир жанмын жетелетип көнбөгөн,
Мен бир данмын жат кыртышта өнбөгөн.
Арабөктү адам десе кээ бирөө —
Араң эле жаным калат өлбөгөн.

Мен адаммын ыйлайм кээде күйүнүп,
Мен адаммын ырдайм кээде сүйүнүп.
Оң иштерди ойрондотсо обу жок —
От баскандай ыргып кетем түйүлүп.

Мен адаммын сыйлай билген гүл менен,
Мен адаммын ылгай билген дил менен.
Чалкуйруктар чеңгел салса ак ишке,
Чагып алам уудай ачуу тил менен.

## БАЛДАРДАН КӨРДҮМ ӨЗҮМДҮ

### 1

Балалык күндөр бир кызык!
Балалык күндөр башка да.
Чие издеп ташка тырмышып
Чыкканбыз эчен аскага.

Балалык күндөр эң кымбат!
Кулунчак миндик ат кылып.
Келчүүбүз кээде үйгө ыйлап
Аарыга бетти чактырып.

Балалык күндөр армансыз!
Көпөлөк куудук талашып.
Балапан уулап барганбыз
Бадалдуу жерге бел ашып.

Көк шибер чөпкө отуруп,
Гүлдөрдү тандап жыттадык.
Козу-улак менен кошулуп
Короодо далай уктадык.

2.

Жаз менен бала ынтымак,
Сагынат, күтөт бир-бирин.
Бала да, жаз да — гүл бурак,
Бир кескен белем киндигин.

Уз экен жаз ай теңи жок,
Безеген түргө жер бетин.
Жалбырак менен гүлгө ороп,
Чыгарат бактын келбетин.

Нурларга булут жол берип,
Аз-аздан көктөн сүрүлөт.
Чиренсе терек бой керип,
Ак кайың сылык жүгүнөт.

... Чыкчубуз үйдөн таңата,
Оюндан оюн жаралат.
Кайтчубуз үйгө күн бата
Коктуну, тоону аралап...

3

Акырын жылып жаз кетти
Гүлдөрдү сыйрып талаадан.
Аңгыча шашып жай жетти
Аптабын жерге кадаган.

Саксайып гүлсүз чачтары
Саргая түштү куурайлар.

**12.**

Жемиш гүлдөн төрөлөт,
Гүлдөр бүрдөн төрөлөт.
Бүрлөр болсо жаз сайын
Жылуу күндөн төрөлөт.

**13.**

Жакшы көрсөң – андан ашкан сулуу жок,
Тең келалбайт айдын, күндүн жарыгы.
Жаман көрсөң – отто дагы жылуу жок,
Өрттөсө да бүт денеңди жалыны.

**14.**

Тоого бардым таш калганга сыр каткан,
Сууну кечтим өмүр менен бирге аккан.
Тоо гүлдөрү суу мөлтүрү коноктоп,
Эстеликке ыр беришти бир саптан.

**15.**

Кас караса көзүмө – ичиркенем,
Кычыраган кыш турат иреңинде.
Дос караса көзүмө – эрип кетем,
Жыпар мончок гүл турат жүрөгүндө.

**16.**

Мен силерден жашырбаймын сырымды,
Мен силерге айтып жатам чынымды:
Эртели-кеч ойлонгонум ойлонгон
Эртеңкилер окуйбу деп ырымды?..

**17.**

Мен жолугам кээде мындай кишиге,
Салам берет, өзүмө эмес, ишиме.
Кан чыгарбай чайнап салат заматта
Караңгыда илингенди тишиме...

**18.**

Кышында келсең сагынып –
Жаз болуп тосуп аламын.

Жайында келсең жагынып –
Кыш болуп тонуп каламын.

**19.**

Сүзө албаса балыкка окшоп көлдөгү,
Жүрө албаса кербенге окшоп чөлдөгү,
Көрө албаса ылдый менен өйдөнү –
Анда акындын тирүү туруп өлгөнү.

**20.**

Калп айталбайм, капыячыл кишимин.
Капыясыз жолу ачылбайт ишимдин.
Чыдабасты чыйрыктырчу куйкум сөз
Чыгып кетет арасынан тишимин...

**21.**

Денемдеги согуш тагы
Айыга элек азыр дагы.
Угулгансыйт кулагыма
Солдат үнү кабырдагы.

**22.**

Гүлдөр уктайт шүүдүрүмдү жамынып,
Гүлдөр уктайт жылдыз мончок тагынып.
Кирпиктеги шүүдүрүмдү сыдырып
Мен уктабайм – бир өзүңдү сагынып.

**23.**

Эсимде: эсеби жок кыйнаганың,
Изиңди жашка жууп ыйлаганым...
Арзыбайт ошол жаштын мыскалына
Азыркы батман-батман сыйлаганың.

**24.**

Түгөнбөйт, узун жарыктын жолу,
Аралай берет ааламды, жерди.
Түгөнбөйт, узун тарыхтын жолу,
Аралай берет заманды, элди.

25.

Мен өзүмдү акын дебейм анчалык,
Эл сынасын – дүрмөтүм бар канчалык.
Ара жолго токтой калсам кылчактап,
Сабагыла жылан боор камчы алып!

## ЖАҢЫ ЫРЛАРЫМ

Жаңы ырларым – жаш бутагы өмүрдүн,
Жаңы ырларым – жаз кучакгы көңүлдүн.
Эл алдында маалим кылчу ушу ырлар,
Эмне экенин эшик менен төрүмдүн.

Жаңы ырларым – жашыл көкүл көктөмүм,
Жаңы ырларым – көктөмдө үрөн сепкеним.
Күткөн сыяк дыйкан жамгыр төккөнүн –
Күтөт мени ачык жаткан дептерим.

Жаңы ырларым – кулан өөк ак таңым,
Жаңы ырларым – таңга бара жатканым.
Түндү арылткан шоола менен оозантам
Телчиге элек ырларымдын саптарын.

Жаңы ырларым – бир тепкичи серенин,
Жаңы ырларым – жупунураак белегим.
Кайылмын мен кандай жаза тартсам да,
Колуңарга ырларымды беремин.

## ӨЗҮМӨ ӨЗҮМ

Чындыгында, көп кишинин биримин,
Чарк айланган чаташ ойдун иримин.

Албууттанам акыйкатка ынабай,
Азгырылам үзүлгөндү улабай.

Ушакчынын кээде кебин угамын,
Ушаланып түшүп калбай кулагым...

Тагдыр – өкүм, коёт бир күн жазалап,
Турган жакшы кулк-мүнөздү тазалап.

Ошентпесең – бир кырсыкты көрөсүң,
Ороп кетет жөргөмүштөр желесин.

Тосуу керек ызгаарлардан досторду,
Тоң албасын мөмөсү мол бостонду.

... Чындыгында, көп кишинин соңумун,
Чыгармада – башталышы жолумун.

## ӨМҮР МЕЗГИЛИ

Төрт мезгил бар бир жылда,
Төртөөндө төрт мүнөз:
Күз мээлүн да, жай жылма,
Кыз ызгаар да, жаз күнөс.

Жазга бардым жалынып,
Жыпар жытын сагынып.
Жайга бардым жагынып,
Жылуулукка табынып.

Күзгө бардым багынып,
Көчүүдө өмүр жай ыгып.
Кыштан качтым таарынып,
Коштоп алды карылык.

Көңүл жазды саматат,
Өмүр кышка баратат.
Бири черди таратат,
Бири жерди каратат.

## ЖАШОО КҮЧҮ

Жашыл аянт цемент менен капталды,
Ажырык чөп аяк менен тапталды.
Экинчи эми чөп чыкпас деп ойлодум,
Жердин көзү жылчыгы жок чапталды.

Жашыл майсаң жатып калды таш болуп,
Жайнап турган гия аттуулар бүт солуп.
Кечээ эле көпөлөктөр ойногон
Гүл өмүрү калгансыды токтолуп.

Өттү күз ай, өттү кыштын күндөрү,
Келди жаз ай жоолук болуп гүлдөрү.
Күн табынан, мүрөгүнөн жамгырдын
Дарак дагы, көңүл дагы бүрдөдү.

Цемент жатат күндү карап чалкалап,
Астындагы жерди нурдан калкалап.
Жашыл жалын сыяктанып күч алып,
Чыкты ажырык «таш калпакты» талкалап.

Жашоо улуу. Жашоодо бар умтулуу,
Жарып чыгат тоскоолдорду кулпулуу.
Өмүрлөргө өмүрдү улап ар убак,
Өчпөсө экен жазгы жашыл кулпунуу.

## СУРАСА...

«Эң акыркы сөзүңдү айт...» деп сураса,
Айтаарым бул тайманбай:
– О адамдар, асылсыңар тубаса,
Болбогула, айбандай!

Мен, адамдар, соңку тамчы канымды
Мекен үчүн төгөмүн.
Ыйык дебейм, тартса да ажал жанымды,
Бир Мекенден бөлөгүн.

Эң акыркы алкышымды калтырам
Элим менен жериме.
Эң акыркы каргышымды калтырам
Кас душмандын төрүнө.

Эң акыркы бир сындырым нанымды
Энекеме сунамын.
Эң акыркы көрө турган таңымды
Эркиндикке бурамын.

Балдарыма эң акыркы батамды
Берип кетем көрүнөө.
Өзүм менен өмүрдөгү катамды
Алып кетем көрүмө.

Эң акыркы өбүшүүнү жалындуу
Сүйгөнүмө сактаймын.
Менден кийин кеп-сөз калса жагымдуу –
Калбайт ичте эч кайгым.

## КОШУНАМЫН ӨМҮРГӨ

Өчпөсө экен коломтосу адамдын,
Өмүр дайым ушул оттон жылынат.

Өлүм болсо тили менен ажалдын,
Өчүрөм деп улам отко жулунат.

Жарык түшсө терезеден таң атып,
Жүрөк дагы кубанычтан жылынат.
Жезит ажал тырмагынан кан атып,
Жашоолорду токтотом деп жулунат.

Колтук ачпайм, коркутса да, өлүмгө,
Кутман жарык күйүп турат төрүмдө.
Кыш түшүрбөй баар берген көңүлгө,
Коломтолош кошунамын өмүргө.

## ЫСЫККӨЛҮМ – ЫРЫСЫМ

Көл – көл эмес, деңизге окшойт чалкыган,
Көзүн албайт күндүн нуру жаркыган.
Калкыйт кайык көл бетинде чекиттей,
Түшкүм келет жетип барып артынан.

Көктү карайм көл сүрөтүн көргөнү,
Карыялар тарткан сыяк төлгөнү.
Көк асмандан көл сүрөтүн табалбай,
Көзүмдү арттым көрүнүшкө көлдөгү.

Көл түбүндө тоолор жатат түрүлүп,
Көл түбүндө булут жүрөт сүрүлүп...
Көл түбүнө асман түшүп кетиптир,
Көлдүн түбүн карап турсам үңүлүп.

Калкып жүрөт жарты нандай ай дагы,
Көркүн ачып көк жылдызы жайнады.
Көрүнүштүн гүл багынын ичинен,
Тилин безеп булбул куш да сайрады.

Ысыккөлүм – ырысымдын мүрөгү,
Ысыккөлүм – түндө жылдыз түнөгү.
Ырыс берген, ыйман берген, ыр берген,
Ысыккөлүм – кыргызымдын жүрөгү.

## СҮРӨТКӨ ТАНДАНУУ

Бара-бара жылуулугу жоголуп,
Батуудa күн кызыл түскө оролуп,
Капчыгайдын коктулары түнөрөт,
Кимдир бирөө алганга окшоп чоң олуп...

Тоо чокусу соңку нурдан жаркууда,
Түн койнуна улам нурду тартууда.
Көк асмандын түсүн кечке талашкан,
Көлдүн бети көөшүй түшүп, чалкууда.

Кызыл булут ыдыроодо акырын,
Кенен ачып кечки асмандын чатырын.
Жаратылыш сырдуу тура чени жок –
Жел жүрүүдө сээп тоонун атырын.

Түн сапарда жер шарына курчалып,
Тиричилик калганга окшойт тынч алып.
Эринбестен түндү эритет бир зергер,
Эки бетин эмгек аттуу нур чалып.

Күн нурунун калпып алып өртүнөн,
Көпкөк көлдүн тартып алып көркүнөн,
Кереметтүү дүйнө жасап коюптур,
Күүгүм качып, түн сүрүлөт эркинен.

## ТЕРЕҢДИК

Терең дейбиз, океанды чалкыган,
Толкундары аскаларды чарпыган.
Терең дейбиз, айкөлдүктү, акылды.
Терең эмес, чөлмөктөрдө калкыган.

Тереңдик бар дайра менен көлдө да,
Тереңдик бар тунук менен мөлдө да.
Тереңдиктин өлчөмү жок, чени жок.
Тереңдик бар суусуз какыр чөлдө да.

Жарааттын да тереңи бар билгенге,
Жамааттын да тереңи бар билгенге.
Жаратылыш терең сырдуу болгон соң,
Жашоодо да тереңдик бар ирмемге.

Сүйүү – терең, тереңдикте жыргалы,
Сулуулукта, аруулукта ыргагы.
Келген менен он эки айда жаңырып,
Кылымдарга батып келет жыл дагы.

Тунжуроого туш келебиз жаңылып,
Терең эмес, тайыздыкка малынып.

Тереңдиктин тереңдигин сүйгүлө,
Терезеси калганчакты жабылып.

## РОССИЯ

Ысыккөлгө учуп келсе каркыра –
Россиядан келиптир деп билемин.
Россиянын күнү тийип бактыма,
Россиядан ишке ашкан да тилегим.

Россия – көпкөк асман, мейкин жер,
Жарашыгы – гүлдүү талаа, ак кайың.
Жашаганга конушу кең, эркин жер,
Көп элдердин көкөлөткөн маанайын.

Толук элбиз тоо суусундай ниет ак,
Россияга Кыргызстан боордош.
Тагдыр, сага миң мертебе ырахмат,
Орус менен болгонума доордош.

... Алатоого келип консо каркыра –
Россиядан келиптир деп билемин.
Достук нуру, дагы бийик жаркыра,
Данакерлеп дайым элдин тилегин.

## ЖЕР

Жоо менен адам таалайга жетет,
Жер менен адам маанайга жетет.

Жер деген – залкар пайдубал калкка,
Жетер күч жок да жер деген алпка.

Жер бети – жайган дасторкон окшоп,
Жакшылык күнгө жеткирет коштоп.

Жер бетин жыттап төрөлөт адам.
Жер бетин баспай коюлбайт кадам.

Жандуунун дагы, жансызды дагы
Жер-Эне багат, түгөнбөйт камы.

Жер-Эне дештин ачкычы ушул,
Жашоонун алгач баскычы ушул.

Чынында, жерди тануууга болбойт,
Чыртыя карап жер чанган оңбойт.

Конбостон, булут жүралбайт бийик,
Кучактайт жерди көз жашы ийип.

Күн дагы жерге шооласын төгөт,
Күүгүмдү сүрүп, жер жүзүн өбөт.

Кыйнаса жерди – ачкалык себет.
Сыйласа жерди – аппак нан берет.

... Жапаалуу жанды Жер гана коргоор.
Жашоого дайым Жер-Эне борбор!

## ЛЕЙЛЕК ЖЕРГЕСИНЕ

### *1. ЖЕР БАЯНЫ*

#### 1.

Көрүнсө да алгач көзгө тоо мүнөз,
Лейлек жери кененирээк, жазыраак.
«Лейлек» деген – «Илегилек» деген сөз
Айтылса да өзгөрүлүп азыраак.

Илегилек ар бир жазда көрүмгө
Келет экен ушул жерди сагынып.
Түзөңүндө, дайрасында, төрүндө
Жүрөт экен он күн бою жабылып.

Ар бир жазда ушул жерге жыйылуу –
Калган белем алар үчүн салт болуп.
Бүткөн кезде аруулукка сыйынуу
Кетет баары, бири калбай топтолуп.

Тарайт алар Ферганanын түзүнө
Салтты бузбай эки-экиден баш кошуп.
Жеткен кезде жыл мезгили – күзүнө
Кетет баары уя менен коштошуп.

Жаз, келгенде кайра да алар келишет
Жердин жытын, төрдүн жытын сагынып.
Бүгүн алар Лейлек жерин көрүшөт
Калган окшоп өңү-түсү жаңырып...

Себеп болуп мына ушундай көрүнүш
Жердин аты «Лейлек» болуп калгандыр.
Лейлектикке мунун баары көнүмүш,
Мүмкүн, менин болжолдоом жалгандыр.

2.

Көргүң келсе – чарбага бай жер болот:
Малы да бар, даны да бар, багы да бар.
Саматка окшоп жигиттери эр болот,
Эмгегинде эпкиндүүлүк шаңы бар.

Иштегенден иштеле элек иши көп:
Дыңдар күтөт адам күчүн, суу шарын.
Жаңылыкты баштап жаткан киши көп,
Бийик кармап ийгиликтин тууларын.

Лейлек жери – касиеттүү жер тура,
Эмгек эткен көрөт экен үзүрүн.
Лейлек жери байлык тура толтура,
Тартуулаган: анар, алма, жүзүмүн.

Суугуна ысык болуп кошулуп,
Сактасам дейм ушул жерден гүл багын.
Ысыгына салкын болуп тосулуп,
Ырдасам дейм ушул элдин жыргалын.

Мактоо үчүн Лейлек жерин тил жетип,
Тынчымды алды жүрөктөгү ыкылас.
Лейлек эли эмгек менен ширетип,
Келечекке жол салууда – бул ырас.

### *2. КОЗУ-БАГЛАН*

Асманга атаандашкан аскалардан
Алгачкы нугун баштайт Козу-Баглан.
Ал бирде дымый калса тоону өмгөктөп,
Ал бирде боюн таштайт бийик жардан.

Кыздарга жарашкандай керилген каш –
Кыналган кылаасына кереге таш.
Кирпиктей көз карегин калкалаган
Кырчындар өсүп турат ташка аралаш.

Чындыктын умтулгансып сересине,
Чылбырын байлатпастан желесине
Чуркашат булак суулар дарыяга –
Чуркаган козулардай энесине.

Токтобой Козу-Баглан тоскоолду ашат.
Тоо койнун таштап коюп кайда шашат?
Түрүлгөн сеп сыяктуу аска-зоого
Тулпардай кан жолдогу көбүк чачат.

Көрсө аны Кулундунун чөлү күтөт,
Какшыган катаал Маргун төрү күтөт.
Кашык суу болсо дагы кошуп кой деп,
Кадимки Кайрак-Кумдун көлү күтөт.

Кум учкан күнү-түнү талаа күтөт,
Кутманын суудан алган калаа күтөт.
Көгөрсө көркүн ачып жергебиз деп,
Көңүлдү өйүп жүргөн санаа күтөт.

Бешкенттин жүзүмүнүн шиңгилинде,
Бал таткан өрүгүнүн ар биринде
Бул суунун тамчысынын даамы бар –
Билесиң касиетин тийсе тилге.

Арканын анарынын наарында,
Ар түркүн мөмөсүнүн даамында
Ал суунун кыздарынын ышкысы бар –
Аруулап кошкон ага баарын да.

... Асманга атаандашкан аскалардан
Алгачкы изин баштайт Козу-Баглан.
Агууда, ага берет чаңкоо басып,
Аруулук сапарында албан-албан.

### *3. КУЛУНДУ*

**1**

Кышында кар, жазда жамгыр көрбөстөн,
Кыртышы таш какшып жаткан жер эле.

Жылан, чаян жойлобосо өлбөстөн,
Жалаң гана керимселге кен эле.

Жай айында жолочу эмес, канаттуу
Жер өрттөнүп жалын чачып жаткансып.
Жака белде көрүнчү эмес мал аттуу
Желмогуздун уу тырмагы баткансып.

Бул талааны басып өткөн жан өлчү
Бир жутууга ойдон-кырдан суу таппай.
Кыртыш бузуп жазда сепкен дан өлчү
Каны катып жыл он эки ай суу таппай.

Бай жалчысын айдап ийчү бул чөлгө,
Бөйөн-чаян талап жесин муну деп.
Кандай каргыш тийген ушул чөлкөмгө?
Кылым кезген карыптардын куну көп.

Канча жолу адам көзү караган:
«Кудай жалгап суу жетсе деп какырга».
Колдон келбей, кыялында самаган:
«Кадыр түндөй кубат бер деп жакырга...»

2

Кулундуну азыр көрсөң башкача:
Көрктүү кыштак бак-дарактуу таптаза.
Куу талаага кутман сууну жеткирди –
Куп жарашат эмгекчи элди мактаса.

Кууп чыкты керимселди, ыланды.
Кууп чыкты курт-кумурска, жыланды.
Кулундуда эгин өсүп, бак гүлдөп,
Кудуреттүү эл турмушу чыңалды.

Кулундуда бүт дарактын шактуусу.
Кулундуда алмалардын таттуусу.
Кучагына кысса денең чымырайт –
Кулундуда жүрөктөрдүн таптуусу.

Кулундуда жүзүмдөрдүн ширини,
Жесең жарат коондору тилиңи.
Какырга эмес, калың чөпкө жайылат
Кулун-тайдай Кулундунун ириги.

Тартип менен пайдаланып жер күчүн
Тамекиден жылда алышат мол түшүм.
Ушул бүгүн түзүлүүдө пайдубал
Урпактардын көрө турган күнү үчүн.

... Кулундунун бүгүн көркү башкача:
Курулуш көп. Кыштак ичи таптаза.
Кубанычтын дарчасынан баш багып,
Куп жарашат – дилден акын мактаса.

## КАЛК ЖОЛУ

Жалгыздыкты жакшы көргөн адам бар,
Жалгыз издүү жер бетинде кадам бар.
Бирок менин табыйгатым башкача:
Бүт байлыгым, көрөр күнүм – адамдар!

Калк ичине барсам таза болгонсуйм,
Көңүлүмдө бөксө калбай толгонсуйм.
Түнттүүлүктүн тушамышы чечилип,
Тууруна кубануунун конгонсуйм.

Калк ичине келем кайгы басканда,
Кирпик катып, көздөн уйку качканда.
Анын баары унутулат заматта
Адилет эл ак дасторкон ачканда.

Калк ичинде ишеничим, ак таңым,
Калкым даарып багытымды тапкамын.
Кагаз берип, калем берип колума,
Кынаштырган ырларымдын саптарын.

Калк ичинде намыстуулук болоттой,
Коргойм аны арамдыкты жолотпой.
Караөзгөйдөн сактайм назик гүлдөрүн,
Каргашалуу чырмоогуна оротпой.

Тандап алган басар жолум – калк жолу,
Ташыркасам – сүрөмөлөйт алп колу.
Элдин күчү теңдеши жок кубаттуу –
Эрип кетет айыкпаган дарт тоңу.

## ТООЛОР

Тоолорго тоолор окшойбу?
Тоолорду тоолор кошпойбу?

Тоолордун дагы түрү бар.
Тоолордун дагы сүрү бар.

Тоолордун болот өң-түсү.
Тоолордун болот мөңгүсү.

Тоолордун болот улуусу.
Тоолордун болот сулуусу.

Тоолорго тоолор таш калап,
Тоолордон тоолор баш багат.

Чоң тоолор көккө табынат,
Чокусу булут жамынат.

Турса да дайым көк тиреп,
Төшүнө токой өстүрөт.

Көз кайкыган өрү бар,
Көгала майсан төрү бар.

Канаттуу куштар өрүндө,
Кайберен аттуу төрүндө.

Жылгасы сайын булак суу,
Жан бүткөнгө ынак суу.

Тоолордун тоодой деми бар,
Түгөнгүс түркүн кени бар.

Тоолордун толгон сыры көп.
Толкутчу бизди ыры көп.

## ЫР ЖАЗАМ

Таң менен жел жүргөндө гүлдөрдү ыргап,
Тоолордон күн күлгөндө гүлдөрдү ырдап –
Сыйрамын түн пардасын көзүмдөгү,
Сыйрамын түн пардасын сөзүмдөгү –
Санаркоо өчсүн үчүн,
    кетсин үчүн,
        сезимдеги.

Таң менен нур өпкөндө жердин бетин,
Торгойлор ыр төккөндө секин-секин –

Сүйүүнү тилек менен арбагансыйм,
Сүйүүнү жүрөк менен кармагансыйм!

Санаркоо курчоосунда,
    чырмоосунда,
        калбагансыйм.

Таң менен ойгонгондо бүткүл чөлкөм,
Тоо дагы, талаа дагы болуп көркөм –
Ыр келет ыргакка өзүн улап алып,
Ыр жазам нурларынан,
    сырларынан,
        сурап алып.

## КАЗАК ЖЕРГЕСИ

Самолеттон карасам казак жерин
Көз алдымда жаткансыйт асман чалкып.
Күнгө тосуп мамыктай этек-жеңин
Баратканcыйт булуттар көлдө калкып.
Айлана тынч. Жерде өмүр баарланат.
Кар калдыгын шыпырат күндүн нуру.
Ар бир үйдө ырыстуу алоо жанат.
Кыял толкуйт бийиктен көрүп муну.

Ушул мейкин мекени улуулуктун,
Жылда берет миллиард алтын данды.
Ушул жерде уясы жылуулуктун
Ызгаарлардан сактаган далай жанды.
Ушул мейкин мекени улуулуктун,
Ушул жерде башаты курулуштун.
Тереңинде жатпайбы кумдуу чөлдүн
Ачкычтары эртеңки бурулуштун.

Из башталды алгачкы бул мейкинден
Арасына жер менен тунгуюктан.
Кереметтей кол жеткис түшкө кирген
Сыры ачылды белгисиз көп туюктун.
Самолеттон карасам казак чөлүн:
Көз алдымда тартылат чексиз аалам
Бак-таалайга толо экен эшик-төрүн,
Саламымды кабыл эт, казак тууган!

## БАШКЫР АЙМАГЫ

Башкырстан – жашыл аалам,
Барган сайын таңкалам.

Эргип көңүл сүйкүмүнө,
Эки Эдилге бирге агам.

Кан тамырдай дайрасы көп,
Калың чердүү тайгасы көп.
Чар тарапка көз чаптырсам,
Чаман гүлдүн жайнашы көп.

Дүйүм дарак багы арбын,
Дартка дабаа балы арбын.
Кучак жайып тосуп алат
Кышта баргын, жазда баргын.

Эгин чалкыйт талаасында.
Эмгек кайнайт калаасында.
Кубатсызга кубат берет,
Кымыз толо сабаасында.

Карт Орол тоо – толгон байлык,
Калкка багыт болгон байлык.
От каректүү кыз-келиндер
Обон созот кайрып-кайрып.

Күн төбөдөн шоола чачат,
Көз сыяктуу миң-мин башат.
Калаада да, талаада да
Куурай күүсү көңүл ачат.

Жашыл аалам – чери, төрү,
Жашыл аалам – түзү, өрү.
Жаратылыш мээрин төккөн
Жаннат сыяк башкыр жери.

## ИРМЕМДЕР

Убакыттын камчысын камчыланып
Өтүп жатат ирмемдер алчыланып.
Жолун тосом эс алып кеткиле деп,
Жалбаруунун жалынын калпып алып.

Тепчий өтүп телмирген жалынымды,
Ылдамдатат ыкшоорок агымымды.
Назар салсам жебенин багытына –
Кыш утурлап келатат жарыгымды.

Күндөр, айлар учууда көктө чубап,
Ирмемдери ширетип жылды курап.
Жадыбалдай жылдарды эсептесем,
Жалын бойдон кеткенсийт жаштык убак.

Өтүп жаткан мезгилдин жүгүн көрөм.
Өзөгүмдө көгөргөн гүлүн көрөм.
Өзүм менен эмгектеш,
сaптары бир
Өчпөс, кетпес элесин бүгүн көрөм.

Мен кылчайсам, ирмемдер токтободу.
Айланама ар бирин топтободу.
Кызык экен дүйнөсү ирмемдердин,
Катарында бармынбы – жоктободу.

Ирмем деген, чынында, аз убакыт.
Бирок кетет тосулган тоону уратып.
Сапар кошуп тең бассаң аны менен
Чексиздикке калтырбайт жол суратып.

## ДЫЙКАНДЫН КОЛУ

Дыйкандын колу туурулуп турат,
Дайыма иште, сугарат сугат.

Жер менен бирге төрөлгөн жаны,
Жанындай көрөт жер дагы аны.

Түйшүктүн ага түгөнбөйт соңу:
Тынчыбайт жаны, тынчыбайт колу.

Эртелеп баштайт жумушту дайым,
Эмнени иштейт – бардыгы дайын.

Шыпырып беттен эмгектин терин,
Ширетет жерди, өстүрөт эгин.

Туурулган колду тартынбай карма,
Туурулган колдо аруулук бар да!

Дыйкандын колу туурулуп турат –
Дан сепсең ага жайкалып чыгат.

## ПАХТАЗАР

Туулган жерим пахтазарлуу кең талаа,
Турмушка да, жумушка да кең талаа.
Түшүм менен кубантаарын канчалык
Түшүнтө алат эмгектенген эл гана.

Кышында алар жер азыгын камдашат,
Келгенде жаз кечиктирбей айдашат.
Жайы менен чаңкатпастан козосун
Жөөктөргө жылжытып суу байлашат.

Көркүн ачып пахтазардын түзүнүн
Келет терим ал деп эмгек үзүрүн.
Уч-кыйрысыз жайылгансыйт дасторкон!
Ушул сыйы төрт мезгилдин күзүнүн.

Ак буласын тартууласа ар чанак —
Аруулукка бөлөнгөнсүйт чар тарап.
Асмандагы жеңил ойлуу жылдыздар
Ардангансыйт жер жылдызын жалт карап.

Өскөн жерим — пахтазарлуу кең аймак,
Өсөт гия, өсөт баары жер жайнап!
Өзөгүмдөн сыгып алып данегин
Өстүрдүм ыр пахтазарга бел байлап.

Эмгек менен эл жаратат нур дастан,
Эшиги ачык — көргөндөргө бир баштан.
Ойлоп-ойлоп ар бир сапка үңүлөм:
Окурманга жагабы деп ыр-пахтам?

## КЕЛЕ ЖАТАТ ЖАЙ БАСЫП

Ортосунда Өзгөн менен Сузактын
Ойду-кырды тепчип өтөт Чангент-Сай.
Жакындатып аралыгын узактын
Агым улайт бирде шашып, бирде жай.

Жакасында өскөн бадам, чаман гүл,
Жел ыргаса салам берет жүгүнүп.
Кылым бою дүрбү болуп чыккан Күн
Карайт аны Серүүн тоосу үңүлүп.

Көрөр, мүмкүн биз көрбөгөн бай сырды,
Күн менен жер күбөсү да өткөндүн.

Кетиргендир кербен жолго ай, жылды,
Китебине жаздырбастан көктөмдүн.

Чалдар сөздүн данын иргеп жатканда,
Чалып калат кээ бирлерин кулагым.
Жазгым келет болмуш сырын жакканга,
Жагып коюп маектешүү чырагын...

Чоң Казатка Манас баатыр баратып
Чангент-Сайдын тыныккан дейт боюна.
Эмнелерди бул аймактан жаратып,
Эмнелерди калтырды экен оюна?

«Шырдакбектин Боз жоргосу кезинде
Суу ичкен...» дейт уламышчыл карылар.
Атам айткан качанкы сөз эсимде:
«Ич-ич, балам, агымында дары бар!»

Сыр гана эмес, ырга да ынак Чангент-Сай,
Сапарында көп акындын үнү бар.
Сагынычтан санаа чеккен бир далай
Сулуулардын сууга ыргыткан гүлү бар.

Акын Барпы жээгинде туулуп,
Агымынан алгачкы ырын калпыган.
Ар бир таңда алп шарына жуунуп,
Анан өзү дайра болуп чалкыган.

Агып жатат кадимкидей Чангент-Сай
Абалкыны кийинкиге алмашып.
Кечиксе да кенже уулу Түмөнбай
Келе жатат ыр жолунда жай басып.

## ЭРТЕҢ МЕНЕНКИ ЭЛЕС

Арылып түн,
Нур чачты күн
Көктөн нөшөр төккөндөй.
Сезди жаным
Табын анын –
Жароокер кыз өпкөндөй.

Бактын бүрү,
Бар гүлү
Күнгө тосту жамалын.
Түркүн чымчык.

Аска тоолор,
Арсак зоолор –
Айры төөнүн жүгүндөй.
Көктүн ээси
Күн желеси –
Бейкасамдын түрүндөй.

Бүт жылуулук,
Бүт сулуулук
Бийлеп алды сезимди.
Сапарына,
Катарына
Кошуп алды өзүмдү.

## ЖАМГЫРДАГЫ БИР ЭЛЕС

Алай-дүлөй.
Көк жандanды күрүлдөп.
Аска, зоолор булуттарга камалды.
Жалбырактар көпөлөктөй дирилдеп,
Жаагы тынбай каргап-шилейт шамалды.

Канаттуулар буйгоо жайга корголойт,
Кылыч суурүйт кызыл жалдуу чагылган.
Жамгыр болсо улам күчөп шорголойт,
Жер койнунда жары бардай сагынган.

Көктөмдөгү көчөлөрдө мал баскан
Көлчүктөрдүн көргөзмөсү ачылды.
Коктулардан жыртык тондой кар жаткан
Кыян жүрдү – талаа-түзгө шашылды.

... Булут көчтү бош челегин артынып,
Бир четинен күн муруту кызарды.
Кыян дагы акпай калды тартылып,
Кыйгач нурдан көлөкөбүз узарды.

## ҮМҮТ ЖАНА УБАКЫТ

Өмүр учат – жазың кышка жол тартат.
Өрдөгөнчө көктөмүңдү кар басат.
Өткөн мезгил улам жолду кыскартат.
Музга айланат жазда эриген миң башат.

Кыроо басат кышта өңдүн ыраңын,
Кирпигине кыпындары урунуп.

Кар олпокту киет жаштык курагың,
Кайрылганча кан жолунан бурулуп.

Баары туура. Турмуш муну тактаган.
Бирок буга баш ийе албайм өзүмчө.
Капысынан учкансыймын аскадан –
Карыш дешсе кыз-келиндин көзүнчө.

Эмгек өлбөйт – келечекти аралайт.
Экчейим жанды эртели-кеч басканда.
Терезелемден бир карылык сагалайт,
Теминем мен бийиктикке, асманга.

Жүгөн салып жүрүп турган жылдарга,
Жанталашып жазды көздөй бурсам дейм.
Жылоосунан жетелетип ырларга,
Жашчылыктын таң сейилин курсам дейм.

Жыл – берене, убакытка байланган,
Жашаганым – ибараты, ыргагы.
Мажнун болуп ыр ааламын айланган
Мукамды издейм бармак тийген кылдагы.

Өмүр агат көзгө илинбей кылаасы,
Өңү-түсү убакытка чагылып.
Болор элем бардыгына ыраазы,
Бир абазым калса жерде жаңырып.

## КЕЧКИ СҮРӨТ

Кардуу тоонун артына
Кулап кетти күн дагы.
Күңүрт парда тартына
Күүгүм септи түн дагы.

Көктө булут көчүүдө
Кызгылт өңү кубарып.
Кыр жиктери өчүүдө
Көздү байлап мунарык.

Тентек шамал жөн билбей,
Тынчыңды алат шыбырап.
Түн бетинде ак гүлдөй
Толду жылдыз жыбырап.

Сүтак куштун анда-санда
Солгун үнү угулат.
Жагалданып көктөгү айга
Жалбырактар жуунат.

## ТҮНДҮ ЖИРЕП АТТАНДЫМ

Түндү жиреп кыял минип аттандым,
Тосуп алды аруу нуру ак таңдын.
Шамал козгоп уйкусунан ойготкон
Шыбыроодо жалбырагы бактардын.

Бирде кыял жансыз чөлгө жолугат,
Бирде кайра жашыл төргө жолугат.
Ак чокулуу ашууларга токтобой,
Андан ары канат сермеп оолугат.

Таңга кошо жер жамалын жел өбөт,
Түрмөк булут кирпигинен жаш төгөт.
Түгөнбөгөн ой түйүнүн чече албай,
Токтой албай алаканга баш жөлөп.

Көк асманга кошулгансыйт жер чети,
Көкүлүмө чачылгансыйт бермети.
Асманда да, жерде дагы жылдыздар,
Айырмасыз: же күндүзү, же кечи...

Тартыламын даркан жердин сырына,
Талпынамын ойдун бийик кырына.
Ылдамдыктын канатына асылам –
Ыргак кылып алса экен деп нуруна.

## КЫШ КЕЛБЕТИ

Кар себелейт, шамал торойт жүрүшүн,
Кырандарга септирбестен күмүшүн.
Айнектерди улам чертип коёт да,
Алып жөнөйт бербей мага үлүшүн.

Аяз менен арууланат келбети –
Ак жоолуктун ачылгансып бир чети.
Сыдырымдын сыры ушунда дегенсип,
Сыргаланат бутактарга бермети.

Үркөр күчү Кербен жолдо жай агат.
Үстү-үстүнө кар шейшеби жайылат.

Кар олпокту киет жаштык курагың,
Кайрылганча кан жолунан бурулуп.

Баары туура. Турмуш муну тактаган.
Бирок буга баш ийе албайм өзүмчө.
Капысынан учкансыймын аскадан –
Карыш десе кыз-келиндин көзүнчө.

Эмгек өлбөйт – келечекти аралайт.
Экчейим жанды эртели-кеч басканда.
Тереземенден бир карылык сагалайт,
Теминем мен бийиктикке, асманга.

Жүгөн салып жүрүп турган жылдарга,
Жанталашып жазды көздөй бурсам дейм.
Жылоосунан жетелетип ырларга,
Жашчылыктын таң сейилин курсам дейм.

Жыл – берене, убакытка байланган,
Жашаганым – ибараты, ыргагы.
Мажнун болуп ыр ааламын айланган
Мукамды издейм бармак тийген кылдагы.

Өмүр агат көзгө илинбей кылаасы,
Өңү-түсү убакытка чагылып.
Болор элем бардыгына ыраазы,
Бир абазым калса жерде жаңырып.

## КЕЧКИ СҮРӨТ

Кардуу тоонун артына
Кулап кетти күн дагы.
Күңүрт парда тартына
Күүгүм септи түн дагы.

Көктө булут көчүүдө
Кызгылт өңү кубарып.
Кыр жиктери өчүүдө
Көздү байлап мунарык.

Тентек шамал жөн билбей,
Тынчыңды алат шыбырап.
Түн бетинде ак гүлдөй
Толду жылдыз жыбырап.

Сүтак куштун анда-санда
Солгун үнү угулат.
Жагалданып көктөгү айга
Жалбырактар жуунат.

## ТҮНДҮ ЖИРЕП АТТАНДЫМ

Түндү жиреп кыял минип аттандым,
Тосуп алды аруу нуру ак таңдын.
Шамал козгоп уйкусунан ойготкон
Шыбыроодо жалбырагы бактардын.

Бирде кыял жансыз чөлгө жолугат,
Бирде кайра жашыл төргө жолугат.
Ак чокулуу ашууларга токтобой,
Андан ары канат сермеп оолугат.

Таңга кошо жер жамалын жел өбөт,
Түрмөк булут кирпигинен жаш төгөт.
Түгөнбөгөн ой түйүнүн чече албай,
Токтой албай алаканга баш жөлөп.

Көк асманга кошулгансыйт жер чети,
Көкүлүмө чачылгансыйт бермети.
Асманда да, жерде дагы жылдыздар,
Айырмасыз: же күндүзү, же кечи...

Тартыламын даркан жердин сырына,
Талпынамын ойдун бийик кырына.
Ылдамдыктын канатына асылам –
Ыргак кылып алса экен деп нуруна.

## КЫШ КЕЛБЕТИ

Кар себелейт, шамал torойт жүрүшүн,
Кырандарга септирбестен күмүшүн.
Айнектерди улам чертип коёт да,
Алып жөнөйт бербей мага үлүшүн.

Аяз менен арууланат келбети –
Ак жоолуктун ачылгансып бир чети.
Сыдырымдын сыры ушунда дегенсип,
Сыргаланат бутактарга бермети.

Үркөр күчү Кербен жолдо жай агат.
Үстү-үстүнө кар шейшеби жайылат.

Аралаган асман жердин ортосун
Ай шооласы тереземе сайылат.

Түндү уктатпай аяз жаалы дуулдайт.
Терекзарлар термелет да шуулдайт.
Кыш бүткөнчө сапырылып тозону
Кар шыкалган каптын оозу буулбайт.

Кыш өзүнчө мезгилдин бир өтмөгү,
Канча жандар бул өтмөктөн өтпөдү?..
Күн табынан өкүмүнө баш ийип
Кар эрисе – кыштын ошол көчкөнү.

**КҮЗГҮ АЛДЫНДАГЫ ОЙ**

Кет дедимби же өзүнчө кеттиби
Күнөөсү жок күлүңдөгөн балалык?
Мен чечтимби же убакыт чечтиби
Бара жатат кара чачым агарып.

Балалыктан бачым айрып коюптур
Жай кыймылдап, ылдам учкан убакыт.
Жаш эсебин ушунчалык чоюптур –
Ак мурутту салаа менен сылатып.

Өргө айдады убакыттын шамалы
Өрүшү кең көктүн жүзүн көрсүн деп.
Төргө айдады убакыттын амалы
Жайнап турган гүлгө кошо өнсүн деп.

Көрдүм. Өндүм. Ыраазымын баарына.
Эркин жүрдүм элге өмүрүм теңелип.
Келиптирмин кечки күздүн шаарына,
Тоо кыркалап басап жолум ченелип.

Шыпаасынан көктөн түшкөн жарыктын
Гүлүн көрдүм эчен-эчен бактарын.
Балалыктан – улгаюуга барыпмын,
Калк алдында канча жумуш аткардым?

... Кет дедимби же өзүнчө кеттиби
Күнөөсү жок гүл жыттанган балалык?
Мен чечтимби же убакыт чечтиби?..
Ойго батам күмүш чачты таранып.

## ИЗИ МЕНЕН КЫЯЛДЫН

Басып турсам калаасында кыялдын:
Бет алдымдан таңдын нуру көрүндү –
Бүт айланам толуп кетти жарыкка;
Булбул таңшып көктөм ыры төгүлдү,
Башат суусу толуп кетти арыкка.
Бийлеп алды сүйүү сыры көңүлдү...

Бактысы үчүн эмне керек адамдын?
Бийик керек ак шоолага бөлөнгөн,
Баар керек чексиз талаа көгөргөн,
Баса, дагы сүйүү керек нурга окшош,
Бойду эриткен торгой таңшык ырга окшош.

Келди жооп мейкининен ааламдын:
Каалайт адам нурданса деп эки күн,
Кошулса деп эки сүйүү, эки дил,
Катарынан ачылса деп эки гүл.

Көзү ачылса, сөзү ачылбайт уяндын.
Коюш керек сөз кишенин сындырып.
Кынаш керек дилди-дилге жылдырып.

Дал ошондо иши чыгып оңунан.
Дили гүлдөйт нурдун, жаздын соңунан.
Сапар чектим изи менен кыялдын...

## АНЫ БҮГҮН ИЗДЕБЕ

Чачты боёп, кашты боёп сыланып,
Кийген көйнөк согончокто чубалып,
Станцияга келе жатат бир аял,
Жүргүнчүлөр түшчү поезд дапдаяр.

Келди дагы териштирип жан-жагын,
Көзүн жуумп, тиштеп алды бармагын.
Эмне болду? Унутканбы паспортун?
Же сапарга жөнөтөбү ышкы отун?

Аял турат. Поезд жылды акырын.
Калат артта эчен-эчен чакырым.
Арсар ойдо турган кезде нечени..
Аял айтты: – Поезд кана, кечээги?

Айттым ага: – Жаздай ысык күз деле.
Кечээгини бүгүн мындан издебе.
Канча мезгил изи жатат арада.
Чачтын агын көп боёбо карага.

Айды, жылды арт жагынан чубатып,
Кечээ күнү жөнөп кетет убакыт.
Кайгы чекпе – жаздай ысык күз деле,
Кечээгини бүгүн мында издебе...

## ОҢОЙ ЭМЕС НАН ТАПМАК

Жашоо деген, бир карасаң, жөнөкөй:
Жер бетине адам эгин өстүрөт.
Суу ичебиз – кургап кетсе көмөкөй,
Суу жаныбар ага берет мөлтүрөп.

Кыш келгенде кар себелейт, муз тоңот.
Көктөм келсе жер ызгаардан арылат.
Мал дүбүрөйт. Куштар сайрайт. Ай толот.
Мезгил көчү жыла берет арылап.

Мезгил көчүн эртели кеч карайбыз.
Мамыр-жумур боло бербейт ар дайым.
Улгайганда жыл эсебин санайбыз:
Учурунда билбеппиз деп жагдайын!..

Эчен кылым келе жатат ырастап:
Эгин өспөйт, мал семирбейт бакпаса.
Эч убакта куру сөзгө толбойт кап,
Эмгек тери маңдайыңдан акпаса.

Жашоо деген көрүнсө да жөнөкөй,
Жан бактылар тушоо болот өмүргө.
Эмгеги жок чаңкоо баспайт көмөкөй,
Эмгекти эч ким сатып албайт төгүнгө.

Элге жагат: эмгектүү жан, дан каптап.
Эмгексиз эртең менен кеч кирет.
Оңой-олтоң жумуш эмес нан тапмак,
Оомат-даңкка эмгек гана жеткирет.

## БАШТАЛЫШ

Текшерсек да тезгиге алып миң ирет:
Торгой таңшыйт, күлүк чуркайт, жел жүрөт.

Тереңине үңүлөлү ырлардын
Тура бербей тоону тиктеп үргүлөп.

Кыргыз ыры бүгүн чыга калган жок,
Кылымдардан ийип чыккан бул жомок.
Калдактаган камгак ырды үйгөн бар...
Кайсы ыргакка эшик ачат болочок?

Ырдын башы – «Манас» болуп жүрбөсүн?
Ырдын башы – талаш болуп жүрбөсүн?
Калемдештер, билебизби, чынында,
Кайсыл ырдын кандай чакта гүлдөшүн?

Ырдын башы – эл тагдыры эмеспи?
Ырдын башы – эр тагдыры эмеспи?
Элебестен эчен ырды тозутту,
Эмне дейбиз эртеңди «эртең» дебести?

Билгиң келсе – элден-журттан сурачы:
Бул башталыш – өткөндөрдүн мурасы.
Токсон тогуз көңүл гүлүн өстүрдү
Токтогулдун ырга жайган кучагы.

Ырдын башы – өлбөс күндүн нурлары,
Ырдын башы – ички сезим сырлары.
Балким, болор билгендерге бир мисал
Барпы акындын ышкы толгон ырлары.

Ыр жазам деп ыкласымды коёмун,
Ырдын, бирок, таппай жүрөм боёгун.
Бир өңүрүн кымтый албай сөзүмдүн,
Башталышын билишимче чоёмун.

«Манасты» окуп ыр жазуудан айбыгам,
Мааним кетип түптүз жерден тайгылам.
Өнөрүмө жарык тилеп бир үзүм,
Өз элиме тизе бүгүп кайрылам.

Тизе бүксөм элим кантип ийбесин?
Татым мээри мага кантип тийбесин?
Талпындырып калкым сүрөп түрганда,
Тарталбаймын татыксыздык чийнесин?

Мезгил иши – жылды кантип катка алыш
Мийзам иши – кимди кантип тапка алыш.

Кезек күтпөй, жазган ырды бүтүртпөй,
Келе берет күндө жаңы башталыш.

... Текшерсек да тизгиге алып миң мерте,
Тагдыр кызык, бирде капа, бирде эрке.
Мезгил койгон таразага тартканда
Маалим болот: ким кечикти, ким эрте...

## ЫР ЖАЗЫЛБАЙТ КҮНҮГӨ

Жакшысын берер элем баалаганга,
Жазылбайт ыр чиркин да каалаганда.

Анын да жазылуучу күнү бар го,
Анын да ачылуучу гүлү бар го.

Телмирип келер чагын күтө билгин,
Тажабай азабына түтө билгин.

Ошондо учуп келет ылачындай,
Отурбай алдынан тос, кучагың жай.

Ыргагы дептериңе коно берет,
Ыр багы ыр гүлүнө толо берет.

## КИМ БИЛЕТ?

Күн кадырын ким билет
Күнгөйдүн гүлүн тербесе?
Гүл кадырын ким билет
Гүлгө ороп дилин бербесе?

Ай кадырын ким билет
Арзыган кезде тийбесе?
Ашыглык отун ким билет
Алоого жүрөк күйбөсө?

Тоо кадырын ким билет
Туу чокусун көрбөсө?
Дан кадырын ким билет
Дың жарып эгин өнбөсө?

Жер кадырын ким билет
Жерге үрөн сеппесе?
Эл кадырын ким билет
Эл деп азап чекпесе?

Нур кадырын ким билет
Нес болгонсуп уктаса?
Ыр кадырын ким билет
Ынтаа коюп укпаса?

Суу кадырын ким билет
Суусуз чөлдү кезбесе?
Өз кадырын ким билет
Өзгө өмүрдү эзбесе?

Кыз кадырын ким билет
Кызыгына батпаса?
Кимдер барат болду экен
Кыяматка таптаза?..

Жарык дүйнө, жарык таң –
Жашоо изи ирмемге.
Кошсо болду жараткан
Кадырыңды билгенге!..

**ӨНӨӨР БЕКЕН?**

Кыштын тону жыдып жатат,
Кыртыштар бүт туурулуп.
Тоңголокту бузуп жатат
Тамчы тынбай чуурулуп.

Тоборсууда жер буулганып,
Түмөн булак ийүүдө.
Күңгөй тарап арууланып,
Көктөм себин кийүүдө.

Келди дыйкан көрүп камын
Кылаасына күздүктүн.
Кар баскан да соңку сабын
Кышта ушул түздүктүн.

Соңку сапты улап жазды,
Саймалады талааны.
Тер – сыясы,
жер – кагазы,
Талбас эмгек – каламы.

Ийгиликтин кечи болбос...
Иш баштадым мен дагы.

Өрөөндөрдө гүлү соолбос
Өнөөр бекен ыр даны?

### ТОО ЖАНА ӨРӨӨН

Кыргыз жери тоолорго бай, чынында,
Калп айталбайм, апырталбайм кылдай да.
Жаздык сыяк таштар жатса кумунда,
Жалаң ташка тамыр саят ыргайда.

Кыргыз жери тоолорго бай, чынында,
Кар таажысы түшпөйт дайым башынан.
Чыйыр салып кылымдардан кылымга
Чексиз башат ийип чыгат ташынан.

Тоо кыркасы бир-бирине уланат,
Теңир өзү тепсе сыяк тизгендей.
Бейбаш дайра аскасынан куланат.
Байлап койгон кыл чылбырын үзгөндөй.

Тоо чиренсе кабак чытып мурчуюп,
Тулку боюн булут олпок бүт жабат.
Кетмек, балким, аалам калкы шыр сыйып,
Кокус тоолор үйгө айланса көп кабат.

Биз сүйөбүз тоонун залкар көлөмүн,
Биз ырдайбыз тоо бийик деп ар дайым.
Бирок неге жашап туруп өрөөнүн,
Басмырттайбыз көктөмгө мол жагдайын?

Бийик тоонун өрөөнү бар гүлдөгөн,
Берекенин кеши ошондо – билгенге.
Бак ойготуп бетин жууса күн менен –
Бир ажайып сырга айланат ирмемде.

Чынында, өрөөн – берекенин мекени,
Чаркы толо: алма, жүзүм, алчага...
Мага кымбат, сага кымбат экени
Маалим, досум, биз гана эмес, барчага.

Аппак пахта, түркүн бакча, алтын дан –
Ар өрөөндүн ардактаган баласы.
Бек кучактап беттен сүйсө аткан таң,
Бешик болот мээримдүү талаасы.

Көпчүлүккө өрөөн сыры дайын да,
Кең пейилдүү – алат баарын мойнуна.
Кетсек дагы өрдөп тоону жайында,
Кышта келип корголойбуз койнуна.

... Кыргыз жери өрөөнгө бай, тоого бай,
Көл күзгүгө гүлгүн жүзү чагылат.
Келген белем бир-бирине шаймашай
Күн шооласы мончок болуп тагылат.

Өз, өзгө деп, өзүмчө өкүм чыгарып,
Өрөөн, тоонун бөлгүм келбейт арасын.
Бири – мейкин, бири – бийик мунарык.
Бири күлсө, бири сунат лаласын.

Биз сүйөбүз тоонун залкар көлөмүн.
Биз ырдайбыз бийигине жүгүнүп.
Бирок неге жашап туруп, өрөөнүн,
Бешигине көз салбайбыз үңүлүп?..

**ЖАШОО МЫЙЗАМЫ**

Көктөм маалы. Жаз жамгыры дыбырайт.
Көлчүктөр сан-миң көздөй жыбырайт.

Тамчылары жашыл чөптү үргүлайт,
Такыр жерди кадимкидей бургулайт.

Сансыз тамчы акакка окшоп мөлтүрөп,
Сабайт мени – тура бердим шөмтүрөп.

Тура бердим. Ой жамгыры төгүлдү:
Теңештирип эшик менен төрүмдү.

Көктөм сайын жамгыр жаайт, чөп чыгат,
Калбай бири катарлашып төп чыгат.

Гүл ачышат, дан байлашат, солушат,
Гүлстансыз-түрстансыз болушат.

Бирок жазда чыгат кайра жаш болуп,
Боору жердин тоңсо дагы таш болуп.

Былтыркыдай өңү – жашыл, бүрү – бүр,
Былтыркыдай көркү – асыл, гүлү – гүл.

Адамда да төрт мезгилдүү өмүр бар:
Алгачкысы — көктөм маалы, көңүл — шаар.

Андан кийин жай мезгили башталат,
Арзуулардын дарчасына баш багат.

Күз да келет кыроолонтуп курагын,
Күнү тапсыз булоолонтуп турагын.

Кычыратып азууларын кыш келет,
Курагыңа карылык дарт түш келет.

Мындан кийин кайра жазды көрүү жок,
Мөлтүрөгөн жамгыр төксө — өнүү жок...

Жоготсом да жер койнуна өзүмдү,
Жер бетине сээп кетем сөзүмдү.

Аруулаймын аны жамгыр жаарда,
Аз болсо да өссүн үчүн баарда.

Азбы-көппү себээр сөзүм — ырларым,
Ар сабына кошом сезим нурларын.

Баар келер. Жаз жамгыры дыбырар,
Бак ичинен менин сөзүм шыбырар...

## ОЙ ТОЛГОО

Айылдык деп, калаалык деп калабыз
Адамдыктан аздыр көптүр сөз болсо.
Алыс да эмес жашоодогу арабыз,
Аруулуктан аңгеме-сыр козголсо.

Элет эмне? Жылдыздуу түн, таза аба
Эгиндүү түз, майлуу жайыт, күн узун.
Элеттиктер эч аяшпайт калаадан
Этин, нанын, эжигейин, кымызын.

Калаа эмне? Топтолгон жеп көпчүлүк,
Канча түркүн машиналар жол бербейт.
Бир киного бир топ киши өчүрөт,
Бир-бирине элетке окшоп кол бербейт.

Желдей учат убакыттын жебеси,
Жашообузга сиңип жатат жаңы салт.

Бүгүн айкын эртеңкинин элеси,
Бир багытка бет алууда жалпы калк.

Ошентсе да, аралыктын сыры бар
Ойлономун чечалбастан түйүнүн.
Көргөн сайын терс иштердин чыры бар,
Кечээкиге кетенчиктейт бүгүнүм.

Терс жоруктар калаада да аз эмес,
Терс жоруктар таштай элек элетти.
Карсыз кыштын табийгаты жаз эмес,
Каргашага кошо жашоо керекпи?

Чечейин деп бул жосундун себебин,
Ченде-ченде эл аралап келемин.
Каламын таң пейилине жеңемин:
Коюн союп, камдап коёт белегин.

Жазуучулар элет жерин мактайбыз:
Жан үзүрү табылат деп талаадан!
Өпкө көөп чогулушта жактайбыз,
Өзүбүздүн чыккыбыз жок калаадан...

Өрдү өр деп, түздү түз деп баалаган
Өзүбүз да элеттиктен чыкканбыз.
Эне-атанын ырыс-кешик каалаган
Эчен-эчен насыятын укканбыз.

Кино да бар, бийлөө да бар элетте,
Каттап турат машиналар тынымсыз.
Нагыз айран уюп турат челектер,
Нан да, эт да өзүнүкү – чыгымсыз.

... Элеттик деп, калаалык деп сүйлөйбүз,
Эки бөлүп адамдыгын эл-журттун.
Же жактырып, же жактырбай... иргейбиз
Жемишинен, багын көрбөй чындыктын.

## ЫР ДҮКӨНДӨ УЗАНАМ

Тагдыр берген ыр дүкөндө күнү-түн
Узанамын... өйдө-ылдыйы өзүмдөн.
Кээде жезге төшөнч кылам күмүшүн,
Данакерлик дабаа таппай сөзүмдөн.

Эмгек менен жерден алган үлүшүн
Пейили ток дыйкан учат көзүмдөн.
Эмне чыгат элдин актаар үмүтүн
Менин мындай, менин ушул кезимден?
Кеңеш күтөм жумшап ойдун жүрүшүн
Табышмактуу ички назик сезимден.

Ырым менен каалоолорго жол салам,
Бузса да сел ыдыратып нуктарын.
Калемимди курал сыяк колго алам,
Кынайын деп кыйрап калган ыктарын.
Куюн келип чаң ызгытып кыбладан
Көккө учурса ыр бөлмөнүн шыптарын,
Кайрат жыйнап каргашага сурданам,
Кайра кагып бошой түшкөн мыктарын.
Аппак нурга бөлөнсүн деп айланам,
Арылтамын эскиликтин ыштарын.

Ырдын жаны бирге менин жаныма,
Ырдан оолак бир кадам да жылбаймын.
Ташы болсо эритемин каныма,
Таңшымайын торгой болуп тынбаймын.
Ичиркентип кирсе бороон багыма
Ийилемин, бирок ага сынбаймын.
Арзуумду каттым чачтын агына,
Азырынча ачылбаган сырдаймын.
Азгырылбай арамдыктын табына,
Аруулукту аруу бойдон ырдаймын.

## ДЕҢИЗ

Суу мейкини учсуз ыраак...
Сону көзгө көрүнбөйт;
Сан жетпеген толкун курап
Сапырылат, иримдейт.

Ак толкундар камчыланып
Аскаларга асылат.
Анан сынат барчаланып
Акак таштай чачырап.

Өжөр толкун кайтмак беле –
Өзүн урат дембе-дем.
Тилге келсе айтмак беле
Тагдырларын жер менен?

Түрдүү түмөн макулуктун
Терең деңиз – бешиги.
Алар чанбайт Ата Журтун
Анда турса кешиги.

Күн деңизге нурун чачат
Кучагынан чыгарбай.
Көк аарылар көркүн ачат
Катар таккан тумардай.

Деңиз буусу булут болуп
Дайым көчөт бөлүнүп.
Чуудалары суугa толуп,
Чуурулйт нөшөр төгүлүп.

Миңдеп жерден дарыя агат,
Мөңгүлөрдөн суу алып.
Аны деңиз кабыл алат
Ага-инидей кубанып.

Кучактайт суу жээкти эндүү,
Көзгө илинбейт арт жагы.
Деңиз дейбиз кең пейилдүү
Даанышманды калктагы.

... Суу мейкини учсуз ыраак,
Сүрү аябай айбаттуу.
Аңтарылса толкун кулап
Арашандайт кайнап суу.

Толкунунан толкун алам
Токтолгончо жүрөгүм.
Караңгыга чырак жагам
Калпып деңиз мүрөгүн.

## ЯЛТА

Далың менен таянып аскаларга,
Деңиз суугa чайкайсың өңүрүңдү.
Окшошпойсуң бир дагы башкаларга,
Орогонсуп укмушка өмүрүңдү.

Кипаристтер кирпиктей өсүп турат
Кылааларга кыркалай кыналышып.

Ак чардактар толкунда сейил курат
Албууттанган шар менен үн алышып.

Бир келген жан өзүндө болуп конок,
Бейишпи деп таңданат колун жайып.
Көрүнүшүң ал үчүн болуп жомок,
Көңүлү да, көзү да кетет байып.

Күн деңиздин койнунан көтөрүлүп,
Күн деңиздин койнуна батып кетет.
Көркөм дүйнө лентасы түнгө өрүлүп,
Көңүлдөргө көп сырды катып кетет.

Улам жылдыз бириндеп өчкөн сайын —
Улутунуп жаткансыйт бактын гүлү.
Ойго оролгон өрүмдү чечкен сайын
Октун үнү угулат, оттун күлү...

Бекитсе да гүлдүү бак жер кейишин,
Белги берет өткөндөр деңиз жиреп.
Ооба, ооба... Талашып жер бейишин
Ок атылган, өрт күйгөн эчен ирет.

Бири кетсе ыйлатып момундарды,
Бири келген кыйратып кереметти.
Бири кетсе артынып сонундарды,
Бири келип гүлдөрдү тебелетти...

Кыял менен кыдырып жыл катмарын,
Кирпик какпайм көздөрүм туманданып.
Кайра жаап кыялдын барактарын,
Кадам коём багыңа кумарданып.

Бүгүн, Ялта, шаңданып турган кезиң
Баар жыты багыңда, асманыңда.
Кубат алды, дем алды нурдан сезим,
Коногум бол сен дагы дастанымда.

## ДЕҢИЗ КЫЛААСЫНДАГЫ ОЙ

Деңиз толкуйт. Жээктерге чарпылат.
Өмгүнөн борчук ташка артылат.
Анан кайра артын көздөй тартылат.
Көк иримде бир сырдашы барчылап.

Келет кайра бирин-бири кубалап,
Куйрук-жалы желге эркелеп чубалат.
Кум алкакка куш тумшугу тийгенде
Каруу кетип канат серппей куланат.

Толкун кызык:
Уйкашындай ырлардын,
Тизмегиндей өтүп жаткан жылдардын.
Келе берет катар тартып кылаага
Күндөн түшкө желесиндей нурлардын...

Жаратылыш ыр турбайбы жанга ынак,
Жаратылыш нур турбайбы таңга ынак.
Чындыгында, жаратылыш багынын
Чек арасы бирде жакын, бирде ыраак...

Көрүп туруп толкундардын сүрөтүн,
Көрүп туруп катарлашкан иретин,
Ойлойм: Эгер өңүн «ак ыр» каптаса –
Калар беле музасы өлүп, ыр жетим?

**КЕТКИМ КЕЛБЕЙ КЫЛЧАКТАЙМ**

Жерде күүгүм. Сыдырым. Таң ата элек.
Жылдыздардын кирпиги узун бойдон.
Жашыл шибер үлбүрөйт, нур тата элек,
Жөлөнүшүп бадалга башын койгон.

Айрым сергек чымчыктар чырк-чырк этет,
Айланага купуя кабар салып.
Алп дайрадай Саманчы Жолу кетет,
Ага кошо жылдыздар барат агып.

Баратамын мен дагы тоо жолунда,
Беренеси сапардын саналууда.
Бийик белдин артынан, болжолумда,
Болор-болбос таң нуру агарууда.

Кандай сонун төрөлгөн жерге баруу
Кутман таңга кошулуп атып жаткан.
Кулунуна ар дайым тилеги аруу,
Кучагына өстүргөн бала чактан.

Келген сайын көргөнсүүйм балалыкты
Кереметтүү төрүнөн, талаасынан.

Каршы алабы мойсопут калаалыкты?
Кантип үзсүн үмүтүн баласынан?!

Кана жутуп абасын, мөл мүрөгүн
Кадимкидей киремин ыраңыма.
Канга толуп толкундап эт жүрөгүм,
Кетким келбей кылчактайм булагына.

## ЖОЛУКТУ

Жолуман кыш жолукту, жаз жолукту,
Жамандык жакшылыктан аз жолукту.
Аттиң ай! Ачып көздү жумганымча,
Аткылап өттү тумоо ден соолукту.

Жолуман кар жолукту, гүл жолукту
Жолуман күн жолукту, түн жолукту.
Наарын татарында ыракаттын,
Найзалап кетти мезгил ден соолукту.

Жолуман жай жолукту, күз жолукту
Жолуман бир жолукту, жүз жолукту,
Жүз эмес, чындыгында, бир жамандык
Жулмалап өтүп кетти ден соолукту.

Жолуман бар жолукту, жок жолукту
Жолуман ач жолукту, ток жолукту.
Ач-жогу токко, барга жолтоо болуп,
Ар гөйгө салып кетти ден соолукту.

Жолуман дос жолукту, кас жолукту
Жолуман соо жолукту, мас жолукту.
Жашоонун сырын билүү — мыйзам экен
Жоготуп ийе электе ден соолукту.

## ИЗ ТУУРАЛУУ ОЙ

Табым айныйт. Өңүм азгын үлдүрөп
Талдайм, ойлойм врачтардын айтканын.
Көңүлүмдү улам сыркоо бүлдүрөт,
Кыйын белем кайра сапка кайтмагым?

Ал дүйнөнүн багы бар деп уккамын.
Айдыңы жок таңы бар деп уккамын.
Ажал мүшкүл алдап созуп кылтагын,
Айтат мага: «Бол, тезирээк уктагын...»

Кечпи-эртеби жарыктыктан көчүрөт,
Калган кезде кан каттабай тамырда.
Баскан изди тирүүлүктөн өчүрөт –
Бүткөн жери ошол издин – кабыр да.

Ошол жерге менин да изим токтолот,
Орономун өлчөмү жок топурак.
Калам анда, кайтар жолум жок болот,
Кайтат элдер кайра салып топурап.

Тааныштыраар убактынча сыр чубап
Ташта турган: туулган, өлгөн жылдарым.
Бирок кайра кабыргамдан из чыгат,
Дал ошол из – элге калган ырларым.

## СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Сөз менен мамиле түзүлөт,
Сөз менен мамиле үзүлөт.

Сөз менен акыл-эс жетилет.
Сөз менен аруулук кетилет.

Сөз менен акыйкат жол табат.
Сөз менен арамдык кол салат.

Сөз менен ар-намыс ылганат.
Сөз менен ак кагаз булганат.

Сөз менен айтылат тамаша.
Сөз менен ырк бузуу жанаша.

Сөз менен достошот касташкан.
Сөз менен жеңилет басташкан.

Сөз менен ажаат ачылат.
Сөз менен ажал да чачылат.

Сөз күчтүү. Сөз жаан. Сөз өмүр.
Сөз душман. Сөз азап. Сөз өлүм.

Сөз менен:
    Күчтүүнү мактап,
        Күчсүздү таптап;

Жалганды жактап,
Жалааны актап.
Койсо да болот –
Калыстыкты тоноп.
Айтылган сөз – атылган ок.
Аны кайра алуу жок.

## АРДАНАМ

Туталанам кээде туруп
Турмуш сырын түшүнбөй.
Кетким келет сейил куруп
Кечээ көргөн түшүмдөй.

Ойго батам кабак бүркөп,
Орозгерди жыйнайм деп.
Кирпиктерим түндү түртөт,
Күтөм күндү сыйлайм деп.

Чаап жөнөйт кыял күлүк
Чарк айланып таң жакты.
Өзүмө өзүм калам күлүп,
Өлчөй албай салмакты.

Ойлор, ойлор... Таппайм соңун
Ойду-тоону кезсем да.
Тобокел иш – тапкан жолум,
Татаалдыгын сезсем да.

Үмүт – кыял. Кыял – үмүт.
Үзүр го деп алданам.
Илээндилик эшик түрүп,
Ишим калып – арданам.

... Чаап жөнөйт кыял күлүк
Чарк айланып таң жакты.
Өзүмө өзүм калам күлүп,
Өлчөй албай салмакты.

## ЧЫРПЫКТАР ЧЫНАР БОЛУПТУР

Убакыт уурдап күнүмдү,
Уйпалай баштайт гүлүмдү.
Өчөшүп мага алгансып,
Өзгөртүп улам түрүмдү.

Ачканга акыл дептерим,
Асманга учту кептерим.
Саңоорду жайып жакшы эле,
Сермедим, бирок жетпедим...

Чырпыктар чынар болуптур,
Чымчыктар катар конуптур.
Маашыркап турсам, мурутка
Мезгилдин музу тоңуптур.

Кышыңды кыш деп билбеген
Кез кайда жүрчү биз менен?
Кыялы калып, өзү жок,
Кылчактап артка изденем.

Ардактап ушул кезими –
Ачылды күздүн эшиги...
Кирээр бекен мени ээрчип
Күнөстүү жаштык сезими?..

## КЫЯЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Алатоонун аскаларын карасам –
Кошулгансыйт асманга.
Ак калпактуу чокуларын санасам –
Бап болгонсуйт дастанга.

Алатоонун этегинде туруп мен
Аалам чегин көрөмүн.
Аралыкты чулгаса да булут кен,
Оюм менен жөнөдүм.

Тоо тепкичим. Шашып чыгып баратам.
Чексиз экен түнкуюк.
Салаам менен Чолпон чачын тарасам,
Ай таарынат тултуюп.

Кыял таттуу – сулуулугун айтпачы!
Кучак жаят гүлбурап.
Убакыттын улуулугун айтпачы –.
Жаз ордунда күз турат.

Күн шооласы сүйөт беттен эркелеп,
Карай албай карыктым.

Коёюн деп жазга кадам эртелеп
Күзгө келип калыпмын.

Кыял! Кыял! Жетегинде жүрөмүн.
Токтоталбайм жүгөндөп.
Түнү бою бузуп уйку түнөгүн
Ойлор келет түмөндөп.

**БАРПЫГА**

Барпы ырчыда албан ыр.
Басташалбайт жалган ыр.
Баалагандын дилине
Бал сыяктуу тамган ыр.
Бак ичинде отуруп
Булбул кулак салган ыр.
Бакыт бол деп ышкыма
Бозой жаттап алган ыр.
Баар болуп кышында,
Борошодо жааган ыр.
Башат сыяк түбөлүк
Баарыбызга калган ыр.

**СӨЗ УСТАСЫ**

***Т. Сыдыкбековго***

Көркөм дүйнө – көксөгөнү, асманы
Көркөм дүйнө – калың элге тартканы.
Көркөмдүктүн учкундары чачырап
Күмүш сыяк ак болгон кез чач дагы.

Күмүш сыяк ак болгон кеч чач дагы,
Көңүлүндө күтпөгөндүр башта аны.
Эми болсо жарык жасап ал чачтан
Эртеңкиге эргип кадам таштады.

Эртеңкиге эргип кадам таштады.
Эринчээктин жүгү аны баспады.
Толгон сырдуу сөз-намэнин ичинен
«Тоо арасы» – толкунданткан ак таңы.

«Тоо арасы» – толкунданткан ак таңы.
Тарых жолу – дилиндеги дастаны.
Бирок дале күйүп-сүйүп ыр жазат –
Бар го эсинде кечээги өткөн жаш чагы.



Т. Байзаков энеси жана уулу Айбек менен



Т. Байзаков калемдештери Т. Абдумомунов, Ч. Айтматов жана Ш. Бейшеналиев менен



1958-жыл. Орус жазуучусу К. Симонов кыргыз калемдештери Н. Байтемиров, Т. Байзаков жана Т. Сыдыкбеков менен



1958-жыл. Адабий кеченин катышуучулары: Т. Байзаков, Т. Үмөталиев жана Т. Абдумомунов




Кыргыз акын-жазуучуларынын тобу: С. Жусуев, С. Абдыкадырова, Т. Байзаков, С. Абдикеримова, Т. Касымбеков, Б. Сарногоев




Т. Байзаков (ортодо) калемдештери менен Москва шаарында



Манасчы С. Каралаев жана Т. Байзаков



Т. Сыдыкбеков жана Т. Байзаков



А. Токомбаев жана Т. Байзаков



Калмак акыны Д. Кугультинов, кыргыз акыны С. Жусуев, балкар акыны К. Кулиев жана кыргыз акыны Т. Байзаков



1988-жыл. Акын-жазуучулар тобу: С. Жусуев, Ч. Айтматов, М. Жангазиев, А. Жакыпбеков, К. Бобулов, А. Стамов, Т. Байзаков жана кинорежиссер Б. Шамшиев



Акындар Т. Байзаков жана Т. Самудинов окурманына колтамга берүүдө



1983-жыл. Т. Байзаков орус жазуучусу
А. Алексин менен Переделкинодо



1986-жыл. Акындар Ж. Мамытов, Т. Байзаков
тажикстандык калемдештери менен



1977-жыл. Т. Байзаков адабий кечеде



1987-жыл. Т. Байзаков мектеп окуучуларынын арасында

Бар го эсинде кечээги өткөн жаш чагы.
Булбулмун деп гүлдү издей баштады...
Бирок неге «Абысындар», «Зайыптар»
«Бозой!» дешсе... Түкөм ооз ачпады?..

«Бозой!» дешсе.. Түкөм ооз ачпады...
Бул, менимче, ички «Сырын ачканы».
«Курбуларга» маалым болуп калган бейм
Курагынын жетимиштен ашканы.

Курагынын жетимиштен ашканы –
Кылым көргөн кутман жолду басканы.
Көп жашоонун сересинен жылмайып
Көркөм сөздөн жасай берсин асканы.

*1982*

## АСЫЛ МАКСАТ

*С. Эралиевге*

Зергердей сөздөн кынап сулуулукту
Заманга ширетүүдө ырга чайкап.
Имерип сезимдерге жылуулукту
Имарат тургузууда нурга чайкап.

Ыр менен жашап келет өмүр бою,
Ыймандай урмат кылып ар бир сабын.
Жылдызга эргийт тынбай акын ою –
Жеткирип ыргактарга күндүн табын.

Майданга кечээги эле жалындаган
Майышпай салгылашкан Мекен үчүн.
Кармашкан, каргашага багынбаган,
Калса да басар жолун каптап түтүн.

Анда да ыр жараткан оттон бөлүп,
Адамга тынчтык күндө ыр керек деп.
Анда да ыр жараткан октон бөлүп,
Адамга менден калчу ыр белек деп.

Ааламдан миң түрлөнүп кулпурганы –
Акындын алоолонгон дил ыргагы.
Бийиктик – анын дайым умтулганы,
Бийиктөө – асыл максат акындагы.

## СҮРӨТ

*Тентиге*

Байырлаштым. Чубалышып күн өттү.
Бастым бир аз апкаарыган жүрөктү.
Көңүлүмө кокусунан өрт кетти –
Көрө коюп көрнөктөгү сүрөттү.

Жашоомдо көрбөгөнмүн мындайды:
Жалооруду. Ууртунан жылмайды.
Качан болсо келип тургун дегенсип,
Карегимди кереметтүү нур чайды.

Жалпы ойлордун каттаар жолу тыйылып,
Жүрөгүмө ышкы арзуусу жыйылып,
Келчү болдум ал сүрөткө таң менен,
Кетейин деп эл келгенче сыйынып.

Өкүм тагдыр сүрөтүңө жалынтып,
Өзүңдү не көрсөтпөдү сагынтып?..
Орозгердүү болсом дагы үй күтүп,
Ойлой берем ошол кезди жаңыртып.

*1980*

## СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Ким кечирет сүйүүсү жок өмүрдү?
Ким умтулбайт махаббаттын багына?
Ким жылытпайт ынтызардуу көңүлдү
Ашыглыктын алоолонгон табына?

Келет экен мезгил билбес махабат
Өмүрлөрдүн жаз-күзүнө карабай.
Үмүт менен кеч кирет да таң атат
Жүрөктөгү оттуу кумар тарабай.

Умтулуу бар, ашыгуу бар сүйүүгө,
Күндү, түндү алуу жок да капарга.
Бирде салса жабыркоого күйүүгө,
Бирде аттанат барса келбес сапарга.

Сүйүү – эркин, көнбөйт жолун торосо,
Эркиндикке үмүткөрлөр аз эмес.
Чын сүйүүгө таазим кылат борошо,
Ар убакта ышкы чеги жаз эмес.

Жүрөк табын жүрөк гана сагынат,
Ысыталбайт аны башка жылуулук.
Эмдөө жок да сүйүү дартын дарылап –
Дал ушундай сүйүүдөгү сулуулук.

Дал ушундай сүйүүдөгү улуулук.

**АЛЧАГҮЛ**

Жүрөктөн каалайм, Алчагүл, сага:
Жадырап-жайнап күн тийип турсун;
Жолотпой түндү, түшүрбөй сая,
Жүзүңдү дайым нур сүйүп турсун.

Тилегим ушул, Алчагүл, жаным:
Түшпөсүн кыроо чачыңа кара;
Тартууга берем сезимдин таңын,
Таттуулук артып, ак болсун ара.

Булакка барып багыштайм күндө:
Батамды дагы, арзуумду дагы;
Бүтүндөй ойду каратпай гүлгө,
Багынтып алды ышкынын табы.

Ашыглык табы күйдүрөт дечи
Алоого салып аябай кыйнап.
Арзуунун болбойт эртеси, кечи –
Адатта жок да сүйүүнү тыймак!

Адатта жок да арзууну тыймак!..

**БИЛЕ БЕР**

Ачтым сага бүт эшигин жүрөктүн,
Ашык жарым, кир, кире бер – жол ачык.
Ачтым сага бүт дарчасын тилектин,
Ашык жарым, кир, кире бер нур чачып.

Ачтым сага кулпуларын сырымдын,
Ашык жарым, бил, биле бер абалын.
Ачтым сага бүт кумарын ырымдын,
Ашык жарым, бил, биле бер чабалын.

Ачтым сага махаббаттын капкасын,
Ашык жарым, арзуумдун гүлүн тер.

Ак сезимди арам ушак чакпасын,
Аруу болсун, ачык асман, гүлгүн жер.

## УУЗ СЕЗИМ

Ууз сезим таңкы нурдай
Жарык чачкан ааламга
Пайда болгон толгондо ай,
Көктөн жылдыз жааганда.

Ууз сезим шыңгыр үндүү
Башат ырдап аккандай;
Бак ичинде жыпар гүлдүү
Булбул таңшып жаткандай.

Ууз сезим – баар маалы
Жашай турган өмүрдүн;
Жууган сыяк жаз жааны
Керимселин көңүлдүн.

Ууз сезим жылуулук да
Жүрөктөрдү ойготкон;
Таңдан бүткөн сулуулук да
Түн кешигин койбостон.

... Ууз сезим таңкы нурдай
Жарык чачкан ааламга
Пайда болгон толгондо ай,
Көктөн жылдыз жааганда.

## ЗАРБҮБҮ

Эсиме түштү таң гүлү,
Эстеймин сени ар күнү.
Экөөбүз барчу Ак-Башат
Эсиңде чыгар, Зарбүбү?

Жайнаган кырда таң гүлү,
Жанымды кыйнайт ар күнү.
Жанаша баскан учурлар
Жадыңда чыгар, Зарбүбү?

Оюма түшүп таң гүлү,
Ойлоймун сени ар күнү.
Орнотуп күндүн шооласын
Отурар элек, Зарбүбү.

Сагындым ошол гүлдөрдү,
Сагындым ошол күндөрдү.
Жанаша ырдап басчу элек
Жаңырык коштоп үндөрдү.

Эңсеймин ошол гүлдөрдү,
Эңсеймин ошол күндөрдү.
Зарыгам, укпайм, азыр мен,
Зарбүбү, ошол үндөрдү...

## ЖАШТЫК ЭЛЕСИ

Алатоонун шаңында,
Аккан суунун шарында,
Ашыглыктын багында
Жүргөнсүйт жаштык элеси.

Сулуулуктун өзүндө,
Сууй элек сезимде
Сулуулардын сөзүндө,
Күлгөнсүйт жаштык элеси.

Талаа-түздүн гүлүндө,
Торгойлордун үнүндө,
Тоту куштун түрүндө
Жүргөнсүйт жаштык элеси.

Дарчасынан көңүлдүн,
Дализинен өмүрдүн
Далдоосунан өнүмдүн
Күлгөнсүйт жаштык элеси.

Жайлоону издеп түздөмүн,
Жаштыкты издеп күтөмүн.
Өткөндү не деп изденем,
Өмүрдүн сезбей тизмегин...

## ЖҮРӨГҮМДӨ ЭЛЕСИҢ

Экөөбүз тең бир көчөдө турабыз,
Экөөбүз тең ой дүкөнүн курабыз.
Эртең менен кубулжутуп сайраса -
Экөөбүз тең булбул үнүн угабыз.

Кездешебиз бир көчөдөн ар дайым.
Карап коём жакшыбы деп маанайын.

Жайдын күнү мажүрүм талдай сеңселип
Жерге эркелейт сенин жибек саамайың.

Экөөбүздү жалгыз тилек тапкансыйт,
Экөөбүздө жалгыз жүрөк каккансыйт.
Экөөбүздүн оюбузду ширетип,
Экөөбүзгө таалай таңы аткансыйт.

Арзуу болуп дайым түшкө киресиң,
Ак шоолададай тереземден күлөсүң.
Ар бир таңда жолуксак да көчөдөн,
Азырынча тилегимде,
жүрөгүмдө жүрөсүң.

## КӨНӨ АЛБАДЫМ

Оюмда чачыңды тарадым,
бирок кылдат өрө албадым.
Оюмда жолуңду карадым,
бирок чындап көралбадым.

Оюмда өбүүнү самадым,
бирок эрдиң өбө албадым.
Оюмда келүүнү кааладым,
бирок мээрим төгө албадым.

Өзүң деп өзүмчө күйүүмдөн
өрттөп жалын өнө албадым.
Өзүңдү өзүмдүн сүйүүмдөн
ишен, жаным, бөлө албадым.

Берметтин көз жашын өзүңдүн
көкүлүңдө өрө албадым.
Бил, жаным, оту жок сезимдин
өкүмүнө көналбадым.

## ӨЧПӨСӨ ЭКЕН УБАДА

Бардыгын ал, аябастан беремин:
Бийигимди, мухиттердин тереңин.
Бул дүйнөгө бир жаралган жоомартмын,
Барк билбеген саран экен дебегин.

Аябаймын атак даңктын жыргалын,
Ачып берем эртеңкинин сырларын.

Ак көңүлдөн бир өзүңө тартуулайм
Алтын күндүн эң алгачкы нурларын.

Ал, ала бер тапканымдын бүт баарын,
Ал, ала бер, таалайымдын кырларын.
Аткан таңга арзуумду айтамын,
Ал, ала бер, сага таандык ырларым.

Сур көлөкө түшө калса арага,
Сени салып, мени салып санаага...
Сурайсыңбы? Сурабай ал аны да,
Сен дегенде жаным курман, садага.

Өтүнөрүм: Намысымды сураба!
Өксүүңдү сүйүүмө кынаба.
Өлгөнчөктү жүрөгүмө сактайын
Өткөн күндөй өчпөсө экен убада.

## БАШКЫР СЕЛКИСИНЕ

Кокустан көрүп көңүлүм түштү.
Көргөнүм чынбы? Же калпыс түшпү?
Көзүңдүн оту жүрөктү өрттөп,
Кыйноого салды, кетирди үштү.

Тилиме тили окшогон селки,
Дилиме дили окшогон селки,
Дардисар ойго кабылып калдым,
Датымды угуп - телмиртпей келчи.

Ырыма ыры окшогон селки,
Нуруму нуру окшогон селки,
Экөөбүз бирге чечели сырды,
Эдилди бойлоп эртелеп келчи.

Жүрөккө жүрөк табынсын, селки,
Жүрөккө жүрөк жалынсын, селки.
Жанашкан бойлор, ширешкен ойлор
Жылдыздан мончок тагынсын, селки.

Махабат багын кошолу бирге,
Махабат таңын тосолу бирге.
Сүйүүнүн сырын, ашыглык ырын
Сайрасын булбул ачылган гүлгө.

## МАХАБАТЫМ ЖАШ БОЙДОН

Мезгил алга жылдырса да жашымды
Мезгил карга тундурса да чачымды...
Махабатым көңүлүмдө жаш бойдон.

Мезгил чыйыр салса дагы жүзүмө,
Мезгил мени жеткирсе да күзүмө...
Махабатым жүрөгүмдө жаз бойдон.

Мезгил өөнөп тайса дагы кубатым,
Мезгил жөөлөп талса дагы канатым...
Махабатым гүл төгө элек бак бойдон.

Мезгил кечи түшүрсө да күүгүмдү,
Мезгил кечи ичирсе да күүгүмдү...
Махабатым жарык бойдон, ак бойдон.

Мезгил жели көчүрө албас - махабат.
Мезгил сели өчүрө албас - махабат.
Бүт куректын ынагы да - махабат.
Бүт ынактын булагы да - махабат.

## БОЛДУМ АШЫК

Бир өзүңдү көрдүм да болдум ашык,
Бул ааламга сыйбаймын толкуп ташып.
Махабаттуу багыңдын гүлүн эңсеп,
Мөңгү баскан тоолордон келем ашып.

Сөзүң менен сөзүмдү тапкансыйсың,
Көзүң менен көзүмдү аткансыйсың.
Экөөбүздөн башка жан сезбесин деп,
Ээрдиң менен ээрдимди жапкансыйсың.

Өзүм менен бир болуп көрүнөсүң,
Өмүрүмө күн болуп төгүлөсүң.
Таңга кошо жолуңа көз жиберсем,
Тагдырыма нур болуп өрүлөсүң.

Экөөбүздө бир сүйүү гүл ачкансыйт.
Экөөбүзгө бүт жалын туташкансыйт.

Сыйра качып башындан жоолугунду,
Сыр түшүнбөс желаргы кычашкансыйт.

Ширелгенсийт кош тилек бир тилектей,
Шар аккансыйт кош мүрөк бир мүрөктөй.
Экөөбүздүн ышкыга таасирленип
Эки жүрөк каккансыйт бир жүрөктөй.

## КЫЗ ЖАНА МЕН

Бир жылда төрт мезгил бар катарлашкан,
Мен бир жан мезгил менен катар баскан.
Негедир, чаман гүлдүн жыты келбейт -
Мезгилдин күзү тура дарчаны ачсам.

Төрт мезгил өмүргө парыз экен,
Адамзат өтөмөккө карыз экен.
Сезимде дайым эле жаз жүргөнсүйт,
Сагынуу жаштык кезди - арыз бекен?

Күз келди. Жазды күндө сагынамын.
Жолунан көзүмдү албай жалынамын.
Мезгилдин күбүлсө да жалбырагы,
Оюмда кызыл гүлдү тагынамын.

Кыз жүрөт чаман гүлдүн арасында.
Мен жүрөм күздүк эгин талаасында.
Күлкүсүн гүлгө кошкон тигил кыздын
Бар бекен күз келери санаасында?

Кыз курсант ышкыга өзүн берген болуп,
Мен болсом кайгы чегем эрмен болуп.
Күз дагы, көктөм дагы үмүттү ээрчип
Жашоодо төрт мезгилге кербен болуп.

Кыз - көктөм. Мен - конур күз.
Мезгил - калыс.
Дүйнөнүн эрте кечи ай - кайталангыс!
Жанымда жайнаган гүл турса дагы,
Баратат аралыктар улам алыс...

## СЕЗИМ ЭСКЕРЕТ

Көңүлгө аткан ак таңдай
Көргөмүн гүлгүн кезинде.
Саламга келбей, ак маңдай,
Салгансың отту сезимге.

Суу алып мөлтүр башаттан,
Суйсалып басып кетчү элең.
Өткөнүң көрүп кашаттан
Өзүмчө жапа чекчү элем.

Жүрөгүм сага багынчу
Жанымдан өтсөң жоолукчан.
Көзүңө көзүм жалынчу
Көчөдө кокус жолуксаң.

Убакыт учту күтпөстөн,
Угузбай сырды катылган...
Оошту учур күтпөстөн,
Ок белем өмүр атылган.

Жөнөгөм согуш өртүнө,
Жүрөккө жүрөк жеткенче...
Куштармын дале көркүңө
Көз жумулуп кеткенче.

Эскерет жүрөк, сагынат
Эчакkы гүлгүн кезинди.
Кусалык оту жаңылап
Кыйноого салат сезимди.

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Аттап өтүп «Кербен жолду»,
Ай асманга сырга болду.

Чайкап нурга агын сууну,
Чартараптын бетин жууду.

Түндү шоола сабалады,
Түнт токойчу аралады.

Түрүп коюп түндүн изин,
Тоолор карайт жердин жүзүн.

Караңгыны куткөн айбан
Көзүн албайт көктөгү айдан.

Коркобу алар ойго чөгүп:
Коёбу деп бизди көрүп?..

Салкын шамал ыргап чөптү,
Сайды бойлоп желин өттү.

Маяк болуп асфальт жолго
Машина өтөт оңго, солго...

Элден оолак барат шашып,
Эки караан кучакташып.

Сүйөм мен да айлуу түндү,
Сагынамын чаман гүлдү.

Дилдер-дилге, гүлдөр-гүлгө
Дарча ачат айлуу түндө.

Айлуу түндүн айлуу шаңы –
Ашыктардын аруу багы.

## АРЗЫКАНГА

Эсиңдеби элеттеги жүргөн чак?
Эркелетсем эркеленип күлгөн чак?
Ошол бойдон жүрөгүмдө, жадымда
Ошондогу бир өзүңдү сүйгөн чак.

Жүрөккө ышкы тумар болуп тагылып,
Жүрчү элек го мүнөт сайын сагынып.
Сөзүбүздү жулуп алып заматта,
Сызчу эле го тоону аралап жаңырык.

Унуттуңбу Арсланбаптын бактарын?
Улам-улам жүрөктөрдүн какканын?

Кечип коюп таттуулугун уйкунун
Күтчү элек го таңдын аппак атканын.

Ойлонтпойбу ошолордун элеси?
Ошолорду ойлобоймун дебечи!
Эми деле сүйүү деген багытты
Элестетет арзуумдун жебеси.

**ЖАДЫМА ТҮШСӨ...**

Жадыма түшсө ар убак,
Жаштык кез кайра жаңырат.
Жылмая карап жүзүмө
Жылдыздай болуп чагылат.
Бирок ал азыр закымдай
Баратат менден арылап.
Баратат менден арылап...

Жашоонун жолу оңойбу?
Жалынсам жаштык жолойбу?
Көчөдө жүрчү кечээ эле
Көкмуштум балдар чоңойду.
От болуп күйчү чагымды
Ошолор эми тонойбу?
Ошолор эми тонойбу?..

Көңүлдө жүрсө балалык,
Кара чач кетти агарып.
Карыя дешсе селкилер
Кайгырам ойго камалып...
Куптаным барат жакындап –
Келбейт бейм жаштык таң алып.
Келбейт бейм жаштык таң алып...

Алатоо көккө керилет.
Аскада булут эринет.
Күлкүсүн уксам жаштардын
Күнүчүл көңүл элирет.
Күрсүсүн алып колуна
Келатат кеч күз берилеп,
Келатат кеч күз берилеп...

## УМСУНУУ

Арылсам деп ыркты бузган кайгыдан
Ар бир таңдын шооласына кайрылам.
Умсунуунун жүрөктөгү ыргагын
Ушакчылар угабы деп айбыгам.

Таттуу ойлор, куттуу ойлор кечээги,
Таттуу болбой, куттуу болбой кетеби.
Тунук дилди тумчуктуруп туманга,
Тагдырыма калтырабы кечени?

Тагдыр тоого жетсе дагы оюбуз,
Тагдыр тоого жетпей калды колубуз.
Көңүлүбүз кыналышып турса да,
Кошулбастан кыйгачтады жолубуз.

Унуталбайм. Түндү тиктейм үнүлө.
Улутунам – кыроо түшөт гүлүмө.
Биз экөөбүз жолугушкан жерлерден
Баскан изиң издей берем күнүгө.

Кызыл өрүк гүлүн ачты жаңылап,
Кадимкидей бал аарылар жабылат.
Катар-катар кирпиктерге тизилген
Көз жашыма күн шооласы чагылат.

Көз жашымды ошол шоола сүрткөнсүйт,
Көлөкөнү көңүлүмдөн түрткөнсүйт.
Баар болуп кыш чилдеде келээр деп,
Бүткүл сезим бир өзүңдү күткөнсүйт.

## МАССАЖЧЫ КЕЛИНГЕ

Телмирип жаткан элем сыркоо кордоп,
Табалбай дартка дабаа ойлоп-ойлоп...
Дары бейм бармактарың күүгө салды
Денемдин тетиктерин толгоп-толгоп.

Сезимге тийген кезде колдун учу –
Серпилди середеги көңүл кушу.
Колуңдан эрип кетип бараткансыйм –
Кантип мен ырга айлантам учурду ушу?

Ачпастан арзуулардын дарчаларын,
Аралайт кан тамырды манчаларың.

Мертинип мээнет чырмап келгендердин
Менчилеп сыйкырладың канчаларын?

Санаркап ден соолукту сыйга алууга
Салдым бейм бир азыраак кыйналууга?..
Саймалап сыркоону эмес, жүрөгүмдү,
Салаандан сан жетпеген сыр калуууда.

Ушул кез кереметтүү сырга окшоду,
Ушул кез андан түшкөн нурга окшоду.
Таасири сезимиме ыргак болуп,
Тизилген жүрөгүмө ырга окшоду.

## БААРЫМ БАР

Көктүн теңи жылдыз таккан,
Теңин болсо булут баскан.
Бул учурду кайталангыс
Эске туттум унутпастан...

Булут улам көз жаш төгөт,
Тамчыларын нурга бөлөп.
Бирок көктүн бир жагында
Каректерди жылдыз өбөт.

Бул эмнеси? Тагдыр го бул.
Кабак бүркөйт калың булут.
Жылдыздарчы? Учурда ушул
Жымыңдашат көктө тунук.

Бир учурда келип калат,
Кишиге да кайгы, шаттык.
Тирүүлүктө бул бир сабак,
Талпынсаң да айды чапчып.

Дил кендиги, көк кендиги,
Ойлоп турсам тең сыяктуу.
Гүлгүн жаштар кезди эмдиги,
Ойлошобу мен сыяктуу?

Булуттардан жарык издеп,
Көңүл учат жылдыздарга.
Айтышса да мени күз деп,
Баарым бар нур кыздарга.

## СОНЕТТЕР

### 1.

Качпа, Убакыт! Шашылбачы мынчалык.
Калгым келет ыр сабына жашынып.
Күндөр, айлар жер шарына курчалып,
Көчүң өтөт жылдан жылга ташынып.

Кошуп алдың сапарыңа беймаал
Көрсөтөм деп көмүскөдөн бейишти.
Камылгамды бүтө элекмин, күт саал,
Калтырбайын калк ичинде кейишти.

Көптү берип, көбүн кайра уратып,
Канча өмүрдү алып кеттиң, убакыт,
Күлүн көккө күрөгү жок сапырып.

Кылым бойлоп мезгил коштоп көчөмүн,
Калат мезгил, а мен болсом өчөмүн...
Калаар бекен калкым атым чакырып?

### 2.

Карыйт дарак. Карыйт бүркүт шаңкыган,
Катуу белем карылыктын өкүмү.
Карыйт болот. Карыйт торгой таңшыган.
Карыйт кыздын гүл кыстарган көкүлү.

Карыйт экен аска дагы учу урап,
Карыйт экен чептер таштан салдырган.
Карыйт экен мөлтүрөгөн жаш курак.
Карыйт экен булак чаңкоо кандырган.

Карыйт экен деңиздеги балык да,
Карыйт экен күүгүм тартып жарык да.
Картаюунун кадамы артып күн өтсө.

Карыйт экен курт-кумурска, айбандар,
Картаюудан кутулбаптыр байгамбар.
Картайбастык жалгыз гана жүрөктө.

### 3.

Тунжураймын кайгы жутуп унчукпай,
Тилек, үмүт сезимиме байланат.

А сен болсоң таранасың чымчыктай,
Ак көпөлөк гүлзарыңа айланат.

Экөөбүз тең төрөлүппүз көктөмдө,
Өстүк бирге жер жамалын талашпай.
Экөөбүз тең балакатка жеткенде
Бара жатат өмүрүбүз жанашпай.

Мейли, мейли... Тагдыр салса көрөмүн,
Муңаюунун учсуз жибин өрөмүн.
Түнү – мага, күнү – сага сүйүүнүн.

Бир түнөккө айланабы кош түнөк?
Бир тилекке байланабы кош жүрөк?
Сезчи, жаным, чымчым табын күйүүнүн.

**4.**

Байлыгым бар түгөнбөгөн өмүрдө
Ал байлыгым: тууган элим, досторум.
Алар барда атаандашам теңирге,
Алар менен бирге менин бүт жолум.

Берекем бар тагдыр берген түбөлүк,
Ал берекем: аруу, ыйык Мекеним.
Мекениме апаат келсе түнөрүп,
Эң биринчи мен садага кетемин.

Мекениме фашист апаат жайганда,
Мен токтоосуз жөнөп кеттим майданга.
Мүмкүн, анда бир өтөдүм антымды.

Мекен – аска, кыпынымын мен анын,
Мекен – ата, мен көкүрөк баламын.
Ырдап өтөм, сыйлап өтөм калкымды.

**5.**

Жаз келди жашыл көйнөк кийип алып,
Жаз келди желаргыга минип алып.
Жаз келди жаштык-намэ чийип алып,
Жаз келди гүлдөн чатыр тигип алып.

Жашыл түс жашыл аалам жаратыптыр.
Жыттадым жел тараткан атырынан.

Суйкайып сулуулуктун таңы атыптыр,
Сурадым орун бер деп чатырыңан.

Жарк этсе көчмөн булут чагылганы,
Жарышып махаббаттын жалындары
Жаралап кетпедиби жүрөк канды.

Ойлоном: жаз өмүрдү таштайбы? – деп,
Ойлоном: жаз көңүлдү жаштайбы? – деп,
Ошого дары болор мүрөк барбы?!

**6.**

Кайрадан балалыкты баштагансыйм
Көргөндө бактын бүрүн короодогу.
Улгаюу сапарына шашпагансыйм
Укканда торгой үнүн ободогу.

Дүйнөнү көктөм менен каптагансыйм
Дарчасын ачкан кезде терезенин.
Булбулдун мукам ырын жаттагансыйм
Бейнаалыш турган чакта теребелим.

Жаз менен кучакташып жүргөнсүймүн,
Жамалын жароокердин сүйгөнсүймүн –
Жадыма жаштык түшсө кумар канып.

Кайрылсам кырчын чакка жылмаюу бар.
Капырай-ай кайдан келет улгаюулар?
Кудурет, койчу мени унуткарып?

**7.**

Гүлбурап турса дагы жашыл дарак,
Гүлдөрдү чыйрыктырат жаздын кечи.
Салкын жел көлдүн бетин өтсө жалмап,
Сынгансыйт суу күзгүдө айдын чети.

Асмандын чырактары бүт жагылып,
Ааламга нур берметин себе берди.
Тынч уктайт канаттуулар түн жамынып,
Тунук таң жарытканча Эне жерди.

Жашоо да сыры терең, мээри кенен
Жаркырап караңгыны ышкы менен.
Жаткандыр ынактарды гүлгө бөлөп.

Колумдан жасасам да залкар шаты,
Кучакка батпайт жаздын ыракаты!
Көңүлдө көктөм жыттуу үмүт өнөт.

## КАЙГЫРУУ СОНЕТТЕРИ

**1.**

Атакебай, жердин астын сактаган,
Арбагыңа жүрөк сыздап даттанам.
Ак ниеттүү, каска сырын сатпаган
Жан элең го жер үстүнө батпаган.

Билесиң го, сенден мурда жер менин
Денемдеги жылуу канды шимирген.
Согуш катаал, катаалдыгын көргөмүн!
Ошондо мен өлүп, кайра тирилгем.

Ак кар жутуп жылжып аккан канымды,
Ажал турган кылга байлап жанымды.
Анда дагы сактады Жер өзүмдү.

Ошол ажал бөлдү бизден өзүңдү.
Ошол ажал жаралантты сезимди.
Ойлоп-ойлоп жашка жууйм көзүмдү.

**2.**

Кетелекте кол жоолуктан жаш тагы,
Кайра сүрттүм жаш үстүнө жашымды.
Тагдыр мага ый ыйгара баштады,
Бошотпостон ыр жазууга башымды.

Арылтпастан кайра арбытып капамды,
Өчөшкөнсүп кайгы келди демитип.
Алып кеттиң өз жаныңа апамды,
Бир кишилик жердин койнун кеңитип.

Ажал келди, жолун тосо албадым,
Ажыроонун тартып калдым арманын.
Бир заматта тагдыр бөлдү бүтүндү.

Бир арманга экинчи арман кошулду,
Буурчак болуп көздүн жашы жошулду.
Апакебай, актадымбы сүтүңдү?

3.

Кош бутактын бири калпыс кайрылды.
Бир уядан жалгыз калуу оңойбу?
Атакебай, жашка чылап кайгымды,
Алып кеттиң жер астына Монойду.

Экөөбүз тең экөөнөрдөн жаралып,
Экөөбүз тең жарыктыкка келгенбиз.
Экөөбүз тең балапандай таранып,
Экөөбүз тең бир эмчекти эмгенбиз.

Канга кошо бүт сезимди аралап
Кетти кайгы боор этим жаралап –
Кыйын экен бир туугандан айрылуу.
Атакебай, арбагыңа кайрылам:
Арылт мени мындан соңку кайгыдан!
Азап экен, алоо экен кайгыруу.

## САПАР БАЯНЫ

Кубанасың үйдү көздөй жөнөсөң –
Көппү-азбы ойлогонуң аяктап.
Кайгырасың артта калып көлөкөң –
Кетсең үйдөн өз тагдырың таяктап...

Сапар чегүү – көптү көрүү, үйрөнүү
Сапар чегүү – жакыр ойду бай кылуу.
Кээде болот кесири көп күймөнүү,
Кармайт жолуң илең-салаң жай жылуу.

Жолду билет – жол азабын көргөндөр,
Жакшылыкка, жамандыкка катышып.
Чыр-чатакка чырмалышып көнгөндөр,
Чыкпайт үйдөн сөзүн октоп атышып.

... Жолго чыккам жоо келгенде батыштан,
Жатпай үйдө жылуулукту төшөнүп.
Күн-түн дебей, жай-кыш дебей атышкам,
Кайтпай артка, алга умтулуп көшөрүп.

Ошондо үйдөн кеткениме кубанам!
Окко учсам да – өкүнбөстөн учмакмын.
Калганына айрымдардан уялам
Кара үңкүрдө уясындай кучкачтын...

Кубанасың үйдү көздөй жөнөсөң –
Көппү-азбы жумушуңду бүтүрүп.
Эл алдында карызыңды төлөсөң –
Элиң сени тосуп алат күтүнүп.

## ҮЧ БУРЧТУУ КАТТАР

Дале эсимде согуштагы жазган кат:
«Душман менен салгылашып жүрөбүз.
Биздин жерге бирин койбой талкалап,
Берлингече бетбактарды сүрөбүз.

Курчутабыз эркти согуш чаркына,
Кийим бүтүн. Курал колдо. Карын ток.
Бирде сүрсөк душмандарды артына,
Бирде бир аз чегинебиз... арга жок.

Согуш-согуш... Баары болот кармашта,
Суудай агат жер бетине кан дагы.
Асыл жарым, азгырганга сырды ачпа!
Абал кандай, эл-журт кандай андагы?»

Каттар келчү. Көпкө жетчү согуштан,
Күндүр-түндүр уча берет өжөр ок.
Кат жеткенче каза тапчу далай жан,
Катта тирүү, жер бетинде өзү жок.

... Ажал чачкан согуш бүтүп капкачан,
Алыс калды кара кийүү, ызы-чуу...
Жоокерлердин соңку сөзүн сактаган
Жүрөгүмдө ошол каттар үч бурчтуу.

## СОЛДАТКА КЕҢЕШ КАТ

Кан майданда кармашуу – башкы милдет.
Кармашпасаң жармашат ажал, илдет.
Кас душмандын кадемин катырбасаң –
Ким экениң согушта кимдер билет?

Салгылашуу – өлүмү каршы жоонун.
Салгылашуу – душманга берген жообуң.
Кары дебей, жаш дебей кырып жатат,
Капарга албай алардын убал-сообун.

Кармаша бер, унутпа сагынганды,
Караанына үйрүлүп жалынганды.

Күтөт энең төрт болуп эки көзү!
Кат жазышар алыста жарың барбы?

Кат жазып тур, катыңды энең күтөт,
Кат жазабы каралдым деген күтөт.
Кечиксе кат жетпестен убагында –
Кайгы басат энеңди зээни түтөп.

Үйгө кайткан солдаттан көрөт сени.
Үмүт үзбөй оюнда өбөт сени.
Үч бүктөлгөн кагазда кат келбесе –
Үшү тайып энеңдин чөгөт деми.

Эмне болот? Ким айтат аны болжоп?
Эне чачы агарды мезгили жок.
Эстегенде баласын эртели-кеч –
Эшитилет энеге ышкырган ок.

*1944*

## МАЙРАМ БАЛЛАДАСЫ

Терезелер бүт ачылган,
Бөлмөлөрдө гүл жыты.
Чыга элек да эч жадымдан
Кечээги эле гүл жыты...

Күндүн нуру түндү оюп,
Дарыя агат шаркырап.
Жигиттерди карап коюп,
Кыздар күлөт жаркырап.

Күлсүн мейли, күлсүн мейли,
Жетилгени жетимдин.
Бирок, неге өксүп зээни,
Күлкүсү жок жесирдин?

Тигил майып тайып кетип,
Бутун коомай жылдырат...
Көкүрөктө жарк-журк этип,
Медалдары шыңгырап.

Мындай сыйлык менде да бар,
Майрам сайын тагынам.
Кан майдандан берип кабар,
Жаралгансыйт каныман.

Май жамгыры – жаны жердин,
Салют болот күдүрөк.
Бирок, неге жесирлердин
Жүрөгүндө түн жүрөт?

Көчө толгон адамдарга
Канат сермейт Кызыл Туу.
Алар – автор замандарга,
Алар – толкун кубаттуу.

Бүт айлана кызыл түскө
Боёлгонсуйт бул күндө.
Теңдеш барбы мындай күчкө!
Жарык берген күүгүмдө.

Майрам! Майрам! Салтанат көп.
Салют көктө жыбырайт.
Бирок кандуу кечээги өрт
Кулагыма шыбырайт...

Жеңиш майрам өткөрүлөт,
Шаңга бөлөм көңүлдү.
Бирок муну көрбөйт, көрбөйт,
Берген эрлер өмүрдү...

## ТҮБӨЛҮК ДАҢК

Өрт күйгөн согуш кечээги
Сындалды кандуу майданда.
Өчсө да ойдон кетеби
Советтик күчтүн бекеми.
Апааттын мизин кайтарды
Адилет элдин Мекени.

Капилет түндө кокустан
Кол салды фашист батыштан.
Келечек күнгө кам көрүп,
Капарсыз элек согуштан.
Каргаша жаап асмандан –
Кыйрады үй-жай конуштан.

Ата Журт үчүн, калк үчүн!
Ар-намыс үчүн, ант үчүн,
Аралап эрлер кирищти
Алоолоп күйгөн өрт ичин.

Ажалдын жолун тосушту
Аябай жанын, бүт күчүн.

Эл-жерден сүрүп төгүндү,
Эчендин каны төгүлдү.
Эстелик болуп калышты
Эп көрүп эрдик, өлүмдү.
Эскерет, даңктайт эл дайым
Эрдиктен бүткөн өмүрдү!

## ТАГДЫР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

### 1.

Ыраазымын, тагдыр, сага ар убак:
Ышкы бердиң, ырыс бердиң нурду улап.
Ыр да болду, ый да болду турмушта,
Ыдырады жыл артынан жыл курап.

Жаштык бердиң, араладым гүл багын,
Жадыма албай жамандыктын бүт баарын.
Жаз да болду, кыш да болду турмушта,
Жандап жүрдү азап менен жыргалын.

Жаштык курак – тепкич экен баарына,
Жыпарга ороп баар кошту баарыма.
Жүрөгүмө үмүт гүлүн өстүрүп,
Жол багытын бурдум сүйүү шаарына.

Аалам шаңдуу, гүлдөр жыттуу, көңүл чак!
Араласам койнун ачат жашыл бак.
Асман-жердин ортосунда жүргөнсүйм
Ашыглыктын алоолорун кучактап.

Жаным жыргап жалт караймын жылдызга,
Жаралгансыйм бул жалганда бир нуска.
Жылчыгынан булуттардын карасам –
Жылан сойлоп келатыптыр турмушка.

Жети баштуу желмогуз жоо чамынат,
Жерде, көктө октор, оттор чагылат.
«Желмогузду кыйраткыла, эрлер!» деп,
Жерде, көктө элдин үнү жаңырат.

Махаббатты автоматка алмашып,
Мен да кеттим жоо бетине кармашып.

Жоодон коргойм элди, жерди, сүйүүнү –
Жүрөгүмө калганча кан бир кашык.

Кимдер билбейт каргашалуу согушту!
Күндөп-түндөп каршы-терши ок учту.
Кагылышта канды кечип жүрөбүз,
Капарга албай качан эмне болушту.

Жараландым. Кайра бардым өрт кечип.
Жатуу кайда жоону жеңбей бел чечип.
Жүзү курсун! Кардын бетин карайтып
Жакын жерге бомба түштү күрс этип.

Ошол замат чур дей түштү кулагым,
Оодарылып окобума куладым.
Өлүп-талып өмгөгүмдү жылдырсам –
Өмүр чиркин өчүрбөптүр чырагын...

**2.**

Азыр, мүмкүн, сүйгөн селки сүйбөстүр.
Алоолорго өзүн таштап күйбөстүр.
Жабыркоодон, тагдыр, мени куткарып,
Жүрөгүмө махаббаттуу гүлдү өстүр.

Тагдыр, мага тартуулаба ден соолук,
Тобокелчил, чындыгында, бүт толук.
Эсиңе тут: элдүү пенде бактылуу,
Эл оорубай, кыйналайын мен ооруп.

Жашай албайм пас өмүрдү пааналап.
Жакшылыкты санап албайм дааналап.
Эсиңе тут: эрте-кечпи бир кезде
Эр эмгегин эли гана бааламак.

Элим менин – кубанычым, кубатым.
Элим менин – ар-намысым, уятым.
Элден алдым жашоо тузун бир татым.
Элиме ушул менин берген тил катым.

## АЛТЫМЫШ ЖАШЫМА

Ак тилекти үзгөнчө балалыктан,
Алтымыш жыл өтүптүр аралыктан.

Ушул жылдар улады сапарымды,
Улам карайм акмалап катарымды.

Эске түшөт кечээги улан чагым,
Эртели-кеч эңсеген жаштык багын.

Эске түшөт түнөрүп кандуу майдан,
Элге, жерге өлүмдүн торун жайган.

Эске түшөт күнү-түн согушканым,
Эсепке албай тынымсыз ок учканын.

Эске түшөт калганда таң агарып,
Эстен ооп жатканым жараланып...

Жадымда али согуштун бүткөн чагы,
Жеңиш күнүн элимдин күткөн чагы.

Эске түшөт курган кез кыйраганды,
Эске түшөт уккан кез ыйлаганды.

Эске түшөт каткырып күлгөн кезим,
Эркелетип селкини сүйгөн кезим.

Эске түшөт кызматтын пас бийиги,
Экчегени өйдө-ылдый жыл чийими.

Эске түшөт ой менен бир басканым,
Эргип көңүл эл сыяк ыр жазганым.

Алтымыш жыл – эл менен баскан жолум,
Алтымыш кар, белести ашкан жолум.

Алтымыш жыл тоссо да аралыкты,
Азыр деле сагынам балалыкты.

Бергенимден, чынында, алганым көп.
Бийиктебей, пас тартып калганым көп.

Курдаштардын көбүндөй боло элекмин.
Купулуна элимдин толо элекмин.

Бул турмуштун байлыгын каза элекмин,
Бул турмушту жеткире жаза элекмин.

Карыздармын элиме – кулдугум бар,
Ким кызматын өтөсө – баар табар.

Аз да болсо айтуучу сырым ушул.
Алтымышка арнаган ырым ушул.

## КОРГОГУЛА, ӨРТТӨН ЖЕРДИ

Көчөт жылдар тынымсыз жүргөн желдей,
Кыш сүрүлүп, кайрадан көктөм келди.
Көлөкөнү кыскартып кезек бербей,
Күндүн нуру өпкүлөйт көркөм жерди.

Кутман жердин ушул да тынчтык күнү,
Кубануунун кучагы жашоого ачык.
Куурабасын көктөмдө бактын бүрү,
Күн турганда асманда шоола чачып.

Көчөт мезгил. Алмашат айлар дагы.
Көп нерселер эскирип, унутулат.
Курман болгон жоокердин майдандагы
Көкүрөктү жаралап муңу турат.

Качанкы өткөн апааттын канды жуткан
Каргашасы сезимден көчпөй турат.
Көп эстелик коюлган жерге кутман
Каска каршы эзелки өч өчпөй турат.

Көчөт мезгил тынымсыз аккан суудай,
Кыш сүрүлүп, жаңырып көктөм келди.
Кыртыш жаап көгөрдү күздүк буудай,
Коргогула, адамдар, өрттөн жерди.

## БОЛСУН ЫРЫМ ТЫҢЫРААК

Жылуулукту күндөн алып,
Жер-Энеден күч сурайм.
Жыттуулукту гүлдөн алып,
Жашоомо иштн улайм.

Элим – дайым дем тутканым,
Эмгек – менин милдетим.
Эркиндик Туу – бүт кутманым,
Энчиме алгам бир четин.

Катаал кезде эч токтолбой,
Кан майданга аттандым.
Он сегизге толуп-толбой
Окоптордо жатканмын.

Жараланып калсам дагы,
Жарак колдон түшкөн жок.
Чындап эстен тансам дагы,
Чыгып жатты тиштен от...

Көп жыл өттү андан бери,
Көрдүм турмуш баскычын.
Жаркын тандар тап дейт мени
Жакшы ырлардын ачкычын.

Ойлор келип ойду таптап,
Оройт мени шыбырап...
Бассам дагы бир аз аксап,
Болсун ырым тыныраак.

## ЧЕКАРАЧЫНЫН КАТЫ

Чек ара – бүтүн жердин бөлүнүшү,
Бир суунун оң-тескери төгүлүшү.
Эки өйүз эки башка көз караште,
Шексиздей байкаса да көрүнүшү.

Чак түштө кара ой менен душман жатат,
Төшүнө автоматын бекем такап.
Үйрөткөн төбөлдөрү мээсин чагып:
Чыгар деп жок жеринен жаңжал-чатак.

Тилкеден өтүүнү энсейт айбан болуп,
Тинтүүгө кутман жерди тайган болуп.
Көрүнбөй көксөгөнүн иштөө үчүн
Күүгүмдү медер тутат айдан коруп.

Бирок да болбойт баары ойлогондой,
Биздин чеп ээн эмес жойлогондой.
Жол туюк. Арам ойлуу душман үчүн
Жылчык жок жылан болуп сойлогондой.

Мекеним, чекара бек, ишен бизге,
Душмандын изи түшпөйт жерибизге,
Чектебиз, курал колдо, намыс ойдо.
Эркибиз ширелишкен элибизге.

## КАЙРЫЛУУ

Сыркоо жанмын. Аксап жүрөм – майыпмын.
Сансыз ооруп, сансыз кайра айыктым.

Согушка мен жаштыгымды бергемин,
Согуштан мен майып болуп келгемин.

Бутум эмес, башым дагы жарадар,
Бул да өзүнчө бир ооруга барабар.

Бир гана эмес эчен жылдар алмашты,
Бирок сыркоо кетпей кайра жармашты.

Эки жолу инфаркт менен оорудум,
Эстен оодум, начарлады соолугум.

Аяк ооруу, кан оорууга кез болдум.
Азаптандым. Айыга албай нес болдум.

Кан басымы көтөрүлүп баштагы –
Кыйналуунун туткунуна таштады.

Билбей калдым: Кайдан келди диабет?
Бети курсун, жаман экен карабет.

Да бир түйшүк жазуучумун, ыр жазам.
Кыйналсам да иштеймин деп чырдашам.

Чынын айтсам, кимге коём айыпты?
Чакыргыла, дарылоого майыпты.

Өтүнөөрүм: инвалидди, ооруну,
Өксүк тартып калган кезде соолугу...

Карагыла, оору сыркоо бүт кетсин,
Кыйнаганын эсепке алып илдеттин.

Кабыл болсо – канааттанып калаармын.
Кызматына кыргызымдын жараармын.

## ЖЕР ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Жалпы айтат: – Жер биздин энебиз!
Жерди эңсеп дүйнөгө келебиз.
Жер менен коштошуп кетсек да,
Жер менен жер болот денебиз.

Жер төрөйт. Жер жөлөйт, Жер багат.
Жер менен үзүрдү эл табат.
Мээримин Жер төксө эмгекке,
Маңдайдан мөлтүрөп тер агат.

1.

Бар бекен чыдамдуу, жер, сендей?
Баарына түтөсүң кебелбей.
Тагдырың оюма түшкөндө
Тунжурап каламын керендей...

Мыкаачы тилгендей денени,
Тилебиз ыйык Жер Энени.
Түбүнөн байлыгын казабыз,
Түгөнбөс немедей береги...

Ар ишти сынайбыз бооруна,
Айлантып денесин ооруга.
Тилеги: «Адамдар, аруу бол!
Түшүңдү жаманга жооруба...»

2.

Жер – байлык. Жер – жоомарт. Жер – ыйык.
Жер кенен – жашайбыз бүт сыйып.
Жексурлар жек көрүп жарыкты,
Жерге да түкүрөт чыртыйып.

Жексенден ийүүгө Жерди да,
Жексенден ийүүгө элди да.
Жасашып атомдук куралды,
Желдетке айлантты кенди да.

Адамды коркутуп алууга,
Аябай айкырык салууда.
Ааламды өрттөйм деп аптыгып
Ажалдын очогун жагууда.

Отуну – нейтрон, газдуу ыш,
Очогу – Европа эли жыш.
Ойрондор эмнеге унчукпайт
Оозунда тургансып ызгаар кыш?

Жек көрөт жексурлар жарыкты.
Жек көрөт жексурлар карыпты.

Жашоого чек коюп күн сайын
Журтунун заманын тарытты.

Алтынды жердеги, көктөгү
Алууга далайды өрттөдү.
Атомдон күл болуп калабы
Ааламдын гүлгө бай көктөмү?

Адамдар, жарыкты мактаган,
Адамдар жашоону жактаган.
Жексурлар жыйнаган ажалды
Жапкыла чыгарбай капкадан!

3.

Жер чыдайт, адамзат, баарына.
Жетишет байлыгы баарына.
Кокустан ачуусун келтирип,
Калбасак болду эле каарына?..

Чындыктын Жер-Эне турагы.
Чептердин тынчтыктын куралы.
Өлүмдү өңөргөн жексурдан
Өчпөсүн өмүрдүн чырагы.

## БҮРКӨЛСӨ КҮН...

Туман каптап күн бүркөлсө жай же кыш,
Суук шамал жүрө баштайт кыбыладан.
Балтырдагы тартылат да тарамыш,
Сөөктөрүм сыздап ооруйт – кыйналам.

Жараат изи күн жаарын билеби?
Жан кыйналат бүткөн боюм чымырап
Окоп сызы али кетпей жүрөбү?
Ооруп калам араң эле кыбырап.

Согуш уусу булуттарга жашынган
Эмдигиче жамгыр болуп агабы?
Ушул ойлор кетпейт менин башымдан
Сыздаганда жарааттарым жанагы.

Бүркөлсө күн – бүркөлөмүн мен кейип,
Биргеби же экөөнүн тең танабы?..
Болбосунчу, согуш чыгып жер бейит.
Бүркөлбөсүн урпактардын жамалы.

## ЖЫЛ САЙЫН ЖЕҢИШ КҮНҮНДӨ

Тогузунчу май күнү чогулабыз
Алаарчанын боюна алты солдат.
Жеңиш күндү, согушту сөз кылабыз
Колубузга толтура бокал кармап.

Карайт бизге өмүрлүк жарларыбыз,
Таазим кылып тагдырга бизди кошкон.
Гүл теришип чуркашат балдарыбыз,
Анды-дөңдү, кум-ташты тоотпостон.

Көк шиберге жаябыз дасторконду,
Майрам шаңын киргизет түркүн даам.
Кээде каптап сур булут кырка жонду,
Өтүп кетет азыраак бүркүп жаан.

Күн булуттан чыгат да күлүп-жайнап,
Жерге төшөйт шооласын жылуу, жумшак.
Бизди күтүп тургансып ошол аймак
Салтанатка кошулат сулуу, кушбак.

Тост көтөрөт, Олжобай тике туруп,
Курмандарды эскерип согуштагы.
Биз угабыз сөздөрүн көңүл буруп,
Көзүбүзгө элестеп ок учканы.

Анан сүйлөйт, Сүйүнбай салмак менен
Тирүүлүктүн зыйнаты — тынчтык үчүн.
Жеңиш күндүн мааниси кандай терең —
Оролгонсуйт бакытка аалам бүтүн.

Сөз кезеги Жунайга өтөт анан,
Салабаттуу жүрүшү, сөзү дагы:
— Көптү көрдүк, баарыбыз бололу аман!
Коштогонсуйт авазын дайра шары.

Күлчорого сөз жетет бир аздан соң,
Сылык күлүп, токтолуп, март жөтөлөт:
— Согуш, Жеңиш, Тынчтык күн кетпейт ойдон!..
Колундагы бокалды шарт көтөрөт.

— Жолдоштор, — дейт Сооронбай карап көктү. —
Күбөсүбүз Жеңиштин күндөй жарык.
Андан бери зуулдап көп жыл өттү,
Касиетин даңктайлы ырга салып.

Тынбай басып жайын-кышын,
Тешилген жок таманың.

Төрт жыл бою жүрдүң алыс
Согуш салган жабырдан.
Болсо дагы бир аз наалыш,
Кыйраган жок кабырган.

Үйдө жаттың келгенде жоо,
Колуңа албай бир жарак.
Майып эмес, бүт денең соо,
Бой түзөйсүң чач тарап.

Согуш эмне? Сура менден:
Айтып берем көргөндү.
Өттүм далай кандуу селден,
Жерге берип өлгөндү.

Танда көргөн кечинде жок,
Калат көбү кырылып.
Күңдүр-түңдүр атылат ок,
Качуу жок да чыгынып.

Кышта карды төшөнөбүз,
Жылуу-жумшак жатуу жок.
Кээде ач калып өзөрөбүз,
Нан жок, даам татуу жок.

Согуш — канкор, ажал чачат
Кимдигине карабай.
Адам эмес, сулап жатат
Калың өскөн карагай...

Согуш деген сөздү укканда,
Апаат каптап киргенсийт.
Учкан октор жерде, асманда
Сезимдерди тилгенсийт.

Кинолордон көрүп алып,
Билем дебе майданды.
Калп сүйлөөгө көнүп алып,
Кетирбечи айламды.

Калемпирди — таткан билет.
Татпагандар не билет?

Ок баянын аткан билет.
Атпагандар не билет?

Укчу, досум, согуш изи
Түшкөн денге кезинде.
Капа болбо – чындык мизи
Тийип кетсе сезимге.

## КӨЗ АЛДЫМДА ЖЕҢИШ КҮН

Көз алдымда азыр дагы Жеңиш Күн!
Кадимкидей толкундатып жүрөктү.
Кулагымда ошондогу сан-миң үн
Кылымдарга тете кылган мүнөттү!

Асман-жерди апаат каптап турганда,
Адамдардын тилегинде жүргөн Күн.
Айыгышкан согуш өртү тынганда,
Аппак таңды аруулантып күлгөн Күн.

Ошол күнү – Тогузунчу Май Күнү –
Башталган да тынчтык күндүн эсеби.
Бүт арылып кандуу согуш күүгүмү,
Адилетке өткөн жашоо кезеги.

Көктү жарып мылтык үнү жаңырган
Жарыялап Жеңиш Күндүн кабарын.
Төрт жыл бою согуш салган жабырдан
Жаны тынган жердин, суунун, абанын.

## СӨЗ СУРАЙМ КЕЗЕКСИЗ

Силерден, инилер,
Сөз сурайм кезексиз.
Тил билги киминер?
Тилдүүлөр эсепсиз.

Элимди гүлдөттү
Эмгектин заманы.
Ааламга бүт жетти
Адамдын кадамы.

Ыраазы калайык
Ырыстуу турмушка.
Жаштарга ылайык
Жаздым ыр бир нуска.

Бирок да... учурайт
Бузгандар кааданы.
Бороондой кычырайт
Бозойдун нааданы.

Көргөндө жан сыздайт
Көп жашты жетексиз.
Жаш кыздар кымтынбайт,
Жүрсө да этексиз.

Ичишип шарапты
Ийрендеп жүрүшөт.
Кыйратып даракты,
Каадасыз күлүшөт.

Далай жашты узун чач,
Дардактайт калаада.
Чилдеде жыланбаш
Чыгышат талаага.

Жуунуу өгөйбү?
Жүрүшөт кир бойдон.
«Телихан» көбөйдү
Тырмагы соройгон.

Жабышып кыз-жигит
Жолунда турушат.
Жөн сөзгө киртийип:
«Жогол!» деп урушат.

Жалжаке бозойду
Желкелейт жылдырбай.
Бошонуу оңойбу —
Байланса чынжырдай?!

Жулушат гүлдөрдү
Жаз көркүн чыгарган.
Кейитет дилдерди,
Ким чыгат булардан?..

Обу жок кыз сүйөт,
Оң колу моюнда.
Сыпаты үңкүйөт,
Сол колу коюнда.

Ар кимге асылат
Арсайтып тиштерин.
Жөнү жок бакырат,
Жашырбай ичкенин.

Отурчу жерлерди
Ойрондоп булгашат.
Ойлобой элдерди
Олжуп ырдашат...

Баарыбыз көрөбүз,
Баарыбыз күлөбүз.
Купуя сөгөбүз,
Көзүнчө күлөбүз...

Жаштарга тилегим:
Жарашсын кийим да;
Оңошуп ирецин,
Ойлошсун бийин да.

Силерге, инилер,
Сөзүмдү арнадым.
Келбесин жиниңер,
Кеп кылбайм ар жагын.

## ЖАҢЫЛАНУУ

Жаңыча ойлоп,
ылдамдыкка баш багуу –
Жаңылануу жарышына аттануу;
Эчен жылдап сиңип калган сезимге
Эскиликтин чебин бузуу капкалуу.

Жаңыча ойлоп,
ылдамдыкка баш багуу –
Жаңылануу талаптарын аткаруу;
Жалпы калктын туусу бийик маршына
Жолтоо болгон көнүмүштөн сактануу.

Жаңыча ойлоп,
ылдамдыкка аттануу –
Жаңы из салуу, жолду баспай тапталуу.
Келечектин эшиги кең ачылып,
Колго алынды коллективдүү башкаруу.

Бүт жабыла ылдамдыкка аттануу –
Бүгүнкүдөн эртеңкиге баш багуу.
Жаңыча ойлоп,
кайра куруп бардыгын,
Жаңылануу жолун басуу аскалуу.

Жаңыча ойлоп,
ылдамдыкка аттануу –
Жашоодогу жаңылануу, башталуу.

**ЧҮЙ ӨРӨӨНҮ**

Башы тоо, аягы кум Чүй өрөөнү –
Береке мекендеген даркан аймак.
Токчулук мындан алат көрөңгөнү,
Кыртышы кыртыш эмес, нагыз каймак.

Асыл Чүй – Күндүн жайган алаканы!
Аруулайт эмгектенген ар бир жанды.
Багыштап адамдарга аппак таңды,
Батырат кең койнуна түмөн малды.

Баланын күнөөсү жок тилегиндей –
Барчага мээримдүү кучак жайып.
Имерип жакшылыктын илебиндей,
Ирдентет илдеттүүнү нурга чайып.

Өзгөчө өрөөндөгү жаратылыш:
Өрү бар, ылдыйы бар, тоосу бийик.
Бир кезде каптап жатса калың камыш,
Бул күндө бакыт шамы турат күйүп.

Чүй десе – көзгө элестейт кызыл кырман,
Чынында, Сарөзөн Чүй – дандын кени.
Безелет берекеге эмгек кылган,
Байыртан өрүшкө бай – малдын жери.

Өзөндөр агып жатат жылга сайын,
Өзүнчө өзгөрүштү күүгө салып.
Көргүлө көпкө дайын өнөр жайын,
Күндүз да, кечкисин да өчпөйт жарык.

Чүй десе көрүнгөнсүйт бейиш багы,
Чылк эле гүлдөн бүткөн кереметтей.

Кендиги – Күндүн жайган алаканы!
Күлүңдөйт ак мөңгүлүү күңгөй-тескей.

## НАСЫЯТЫМ

Айтаар сөзүм, алыс-жакын досторум:
Адалдыкка арамдыкты кошпогун.
Аккууларга алкымынан өптүргөн,
Ар убакта, айдын көлгө окшогун.

Көл дегеним: кенендик бар түсүндө,
Көз жеткисиз терендик бар жүзүндө.
Көп өзгөрүш табалбайсың өңүнөн,
Көргүн аны жазда, жайда, күзүндө.

Жамгырдай бол – сызып чыккан булуттан,
Жааган сайын жаш тыюуну унуткан.
Эстүү жанга касиети белгилүү,
Эккен эгин суу ичпейт да кудуктан.

Жамгыр жааса – чагылганды жандырат.
Жамгыр жааса – күн күлдүрөйт калдырап.
Жамгыр жааса – жашылданат жалбырак.
Жамгыр жааса – чөл чаңкоосун кандырат.

Аруулукту бөлүп алган шамалдан
Абадай бол адам үчүн жаралган.
Дарт жолотпой денесине кишинин,
Дары болуп кан тамырга таралган.

Аба керек турган кезде алсырап,
Аянбастан табыйгаттан ал сурап.
Аба менен жан-жаныбар күн көрөт,
Аба менен бүт өсүмдүк кулпурат.

Айтаар сөзүм, алыс-жакын курдаштар,
Адамдыкта ак ниеттүү туздаштар,
Жакшылыктын сересине чыккыла,
Жолтоо болбой жолуңарга муз-таштар.

Адам болуу – ар ким үчүн чоң милдет.
Аранардан арылсынчы эски илдет.
Жаным ачып айткан ушул оюмду
Жүрөрсүңөр: же жактырып, же тилдеп.

## ИЗДЕЙТ

Күн күндөн эртеңки жарыкты издейт,
Көөнөрбөсө күн жыттуу тарыхты издейт.

Гүл гүлдөн көөшүлткөн жылуулук издейт,
Гүлзарды көрктөнткөн сулуулук издейт.

Жер элден тынчтыкты коргоосун издейт,
Жамандык дүйнөдө болбоосун издейт.

Эл жерден жашоонун нускасын издейт,
Экчелбес эркиндик туткасын издейт.

Көз көздөн сүйүүнүн шооласын издейт,
Көңүлдүн башкага ообасын издейт.

Тил тилден дилдердин тилегин издейт,
Тилекти жылыткан илебин издейт.

Таң тандан күүгүмдүн сүрүшүн издейт,
Таңды улап адамдын күлүшүн издейт.

Тилегим: Эч качан болбосун кырсык.
Тилегим: Эл үчүн жашасын тынчтык!

## БАЛА ҮНҮ

Ана угулду бала үнү күнөөсү жок!
Алдейлөөдө апасы пейили ток.
Каргашалар күбүрөйт атом минип,
Коргогула баланы чалбасын от.

Баарыбызга баланын үнү кымбат,
Баарыбызга баардын гүлү кымбат.
Апаат жолун тоскула, дүйнө калкы,
Алэлекте жашоону ажал чырмап.

Бала тили бүт булбул таңшыгандай,
Бала тили бүт барчын шаңшыгандай.
Жапкыла, калк, эшигин каргашанын,
Желдет кетсин куралды камчыланбай.

Бала тилейт: Ар дайым күн болсун деп,
Бала тилейт: Айланам гүл болсун деп.

Жер бетинде чекчейип жашап туруп,
Жексур ойлойт: Күнү жок түн болсун деп.

Бала тилейт: Балкыткан нур болсун деп,
Бешигимди терметкен ыр болсун деп.
Жер бетинде жеп-ичип жашап туруп,
Жексур ойлойт: Күнү жок түн болсун деп.

Ана угулду бала үнү – аалам гүлгүн!
Аруулантты жер жүзүн нуру күндүн.
Бала үнүнө адамдар маашыркасын,
Баарына бөлөнүп чаман гүлдүн.

## КУРДАШТАРЫМА

Курдаштарым,
менин теңтуш досторум,
Кадимкидей өмүр коргоп постомун.
Көңүлдөн али чыга элек
Көргөн чак жаштык бостонун.

Курдаштарым,
менин жашташ досторум,
Кайрыламын боорума алып кош колум:
Өзөккө батып калгансыйт
Өткөн кез согуш отторун.

Кырда, түздө каршы-терши жол бастык,
Көптү көрдүк,
көк мелжиген тоону аштык.
Чыныгы турмуш жолунда
Чыңала берди курдаштык.

Бир мезгилде балалыкты таштадык.
Бир мезгилде ыр саптарын баштадык.
Картаюу бизге кеңешпей,
Кириптир үйгө баш багып.

Көрүп турам кыштын ызгаар ийнесин,
Калемдерге анын дарты тийбесин.
Ал-күчтөн талбай жүрөлү
Аралап ырдын дүйнөсүн.

Күндөн, айдан кудуреттүү нур алып,
Кебелбеген ыр имарат куралык.

Томуктай бойго карабай,
Тоо менен катар туралык.

## КЫРК ЖЫЛДАН СОҢ

Чегинүүдө артына канкор душман,
Чоң кыштакка жакындап калган элек.
Бешим ченде бетбакка салып бушман,
Бир жак четин бошотуп алган элек.

Ал кыштакка токтодук кечке жуук,
Атышуулар токтобойт эки жактан.
Бетти, колду чымчылайт кара суук,
Бир снаряд жарылды душман аткан.

Ок жаңылды досума катардагы,
Онтоду да бир азга... жумду көзүн.
Жолду узартар биз үчүн сапар дагы,
Жулуп кетип шум ажал айтаар сөзүн.

Айтаар беле айылда жары барын...
Айтаар беле керээзин аманат деп...
Айтаар беле эң жакын тууғандарын...
Айтаар беле кайткыла саламат деп...

Босогонун боюнда жатат сулап,
Билбейт эмне болгонун айланада.
Өчүп калды көзүндө күйгөн чырак.
Өлгөн жанга эмки абал кайманa да.

Түн ичинде көмөбүз – жашырат түн,
Тулку бою көрүнбөй жерде калат.
Эрдик менен өлдү деп эл, жер үчүн,
Эки элидей бир кагаз элге барат.

Кантип мында жаш төгүп өкүрөбүз?..
Кармашуунун карызы кыстап турса.
Кадимкидей көмбөдүк... өкүнөбүз...
Каңырыкты өрт, түтүн ыштап турса.

Сезимдерге жазылды анын өңү.
Сезимдерге жатталды аты, жөнү.
Мамык болсун бул жерде жаткан гөрү,
Мүрзө үстүнө тынчтыктын чыгар чөбү.

Ошол чөптө солдаттын жаш чагы бар,
Ошол чөптө солдаттын тилеги бар.
Ошол чөптө солдаттын кучагы бар.
Ошол чөптө кыз сүйгөн жүрөгү бар.

... Кырк жыл мурда өткөндү,
кырк жылдан соң
Келип көрдүм атайы Алатоодон.
Коюлуптур эстелик аябай чоң –
Курмандарга – согушта өлгөн жоодон.

**ОО, АДАМДАР!**

Оо, адамдар!
Атом жатат корукта.
Окко, өрткө көргөн түштү жорупта.
Кызыкпастан алоосуна согуштун,
Кырмандагы кызыл данды жорупта.

Оо, адамдар!
Атом жатат деңизде.
От жутууда чыгуу үчүн тегизге.
Кейпи курсун кермек жыттуу ошонун,
Колундагы табылганды жегизбе.

Оо, адамдар!
Атом жүрөт асманда.
Оңбогурлар аны жипсиз аскан да.
Тирүүлүктү жоготууга шашылат –
Тетиктерин, эшиктерин ачканда.

Оо, адамдар!
Атом жатат үйүлүп.
Ороп койгон ойрон желдет сүйүнүп.
Чечсе болду ороолорун – заматта
Чайнайт жерди,
чагат элди күйүгүп.

Оо, адамдар!
Жыйналды атом чени жок.
Оңбогурдун жетпей турган чеги жок.
Атом бомба ар тараптан жарылса,
Аалам жансыз:
Дареги жок,
жиги жок.

Оо, адамдар!
Атомдон соң Жер тыйпыл.
Оо, адамдар!
Атомдон соң Эл тыйпыл.
Кан буугандай апаатты азыр тоспосок,
Калат токтоп жашоосу жок бүт кыймыл.

## ЫЛДАМДЫККА ШАШЫЛАМ

Элим менен ылдамдыкка шашылам,
Эски журттан жаңы журтка ташынам.
Эртеңкинин ишин бүгүн баштаймын
Эркин тоодон дайра болуп ташыган.

Бүгүнкү шаң эртең эле өткөн чак,
Бурулууда жаңылыкка бүт максат.
Баратамын сересине эмгектин
Башталыштын гүлдестесин кучактап.

Бүгүнкүгө бүгүн эле кеч кирет,
Бүдөмүк түс бүгүн эле эскирет.
Барча жанды жаңылыктын жазына
Билим менен адал эмгек жеткирет.

Жаңылануу – кайра куруу, тездетүү,
Жалтактабай, эл талабын тез чечүү;
Жанбактылык саркындысын жоготуп,
Жаңыча ойлоп, жаңы менен кездешүү.

Тыным албай иштеп жаткан станок –
Түшүнгөнгө: тынчтык жана болочок.
Түшүм күтөт, илим күтөт, иш күтөт,
Токтолууга бир көз ирмем чоло жок.

Жетүү үчүн залкар, бийик максатка
Жаңылануу кулач жайды бу чакта.
Жалынга окшош кызыл тууну көтөрүп,
Жалпы эл менен бара жатам бир сапта.

## КҮН – ӨМҮР САКЧЫСЫ

Күн нурунан жанданат
Түрлүү-түмөн чөп, дарак.
Жамгыр алып бат барат
Жабыр чексе чөл тарап.

Күн жер бетин күзөтөт
Калбасын деп түн каптап.
Илдет чалса – түзөтөт,
Нуру менен апаптап.

Каарданса түнт карап –
Кычыраган кыш келет.
Андан да Күн куткарат
Кар үстүнө шоола элеп.

Өмүр берет бүт данга
Өсүү үчүн бей катаал
Өмүр берет адамга
Өткөөлдөрү эң татаал.

Күн шооласы, чынында,
Күнөскө мол Мекенин.
Күтөм ар бир ырымда
Көрөр күндүн бекемин.

**МУГАЛИМ**

Окуганга талыкпай
Мектеп берет бүт таалим.
Күндөн түшкөн жарыктай
Кутүп алат мугалим.

Билим тоого чыгарат
Билбегенин билгизип.
Аң-сезимди сугарат
Класстарга киргизип.

Түйшүгүнө бүт чыдап,
Түшүндүрөт сабагын.
Көп өнөргө ээ кылат
Келечектин адамын.

Көңүл бөлөт балага
Күнөө кылса кичине:
Ак болгун дейт, садага,
Адептүүлүк ишине.

Чын сүйлөөгө үйрөтөт,
Чырдан сактап балдарды.

Таалим берип күнү өтөт,
Мугалимге тең барбы?

Окуганга талыкпай
Окуу берет көп таалим.
Күндөн түшкөн жарыктай
Күлүп турат мугалим.

## МЕКТЕБИМЕ

Таазим сага, мектебим Кыр-Жолдогу!
Тентек кезде таалимди берген элең.
Барар элек күндө ашып кырды, жонду,
Бүт өжөрлүк бизде экен жеңдирбеген.

Мектебибиз эски там, жалгыз бөлмө,
Мотурайган балдарга кетчү толуп.
Кара тактай илинип турчу төрдө,
Как ортосу бозоруп кеткен оңуп.

Ошол кезде жазууга дептер жетпейт,
Окуу китеп жокко эсе... агайда бар.
Ошол кырдаал азыр да эстен кетпейт,
Ошолорду ойлонтуп... берип кабар.

Бир класста окудум төрт жыл толук,
Башка класс жок эле өтө турган.
Жалпы илимди андагы окуп болуп,
Жеткен кезек калаага кете турган...

Таазим сага, мектебим, көзүмдү ачкан!
Тарбияңды алгамын тентек чакта.
Кутман күнгө жеткин деп жарык чачкан
Кагылайын, мектебим, кел кучакка!

## *ЖАЗГЫ ЖАМГЫР*

Асман бетин каптап алган сур булут
Албууттанып келе жатат түрүлүп.
Айлана бүт калгансыса тумчугуп,
Ак теректер боюн иет жүгүнүп.

Чагылгандар булуттарды кескенсийт,
Чаркка тутуп чымкый кызыл кылычын.
Чорго суулар тынбай чылбыр эшкенсийт,
Чатырларга илип коюп бир учун.

Жамгыр күчөп чаба жаап шатырап,
Жибитүүдө каткаландын бырышын.
Жалаңаяк балдар чуркайт патырап,
Жулуп алып жандоо жердин чырычын.

Жалбырактар жаны калбай дирилдейт,
Жамгыр аны чыйрыктырып жатабы?
Жардан ашып сел агымы күрүлдөйт,
Жашыл түстө бар сыяктуу чатагы.

Акырындап ачты булут пардасын,
Айланага толуп кетти күн нуру.
Асман-жерге көкөлөтүп гүл баасын,
Аңгычакты кубулжуду куш ыры.

Ачылды бейм жаздын да бир барагы,
Абалкы бет окуяга толгонсуп.
Ак кайыңдар нурга чачын тарады,
Ачык асман залкар күзгү болгонсуп.

## ЖООМАРТ БОЛСОҢ

Эгерде сен жоомарт болсоң,
Жоомарт деген атка консоң –
Ачкыч болгун жүрөктөргө,
тилектерге!
Карегиңде жансын чолпон.

Эгерде сен жоомарт болсоң,
Жоомарт деген атка консоң –
Азык болгун ач калганга,
ал арманда
Болбосун, бөлүш олжоң.

Эгерде сен жоомарт болсоң,
Жоомарт деген атка консоң –
Тирек болгун жыгылганга,
алсыз жанга;
Арыбасын минген жоргоң.

Эгерде сен жоомарт болсоң,
Жоомарт деген атка консоң –
Чеби болгун өз жериңдин,
өз элиңдин.
Эч убакта болбо борпоң.

Эгерде сен жоомарт болсоң,
Жоомарт деген атка консоң –
Баала дайым жакшылыкты,
жашчылыкты.
Бечараны куткар шордон –
Бүт өмүрлүк ушул олжоң.

## БАЛА ЧАГЫМ ОЙЛОСОМ...

Бет кызарат бала чагым ойлосом...
Безеленип жумшак дегем катууну.
Берген кантка каалашымча тойбосом,
Бейжайланып ачуу дегем таттууну.

Баары билет: бейбаш элем, шок элем,
Барды-жокту байкабаган, билбеген.
Баштыгынан кант уурдасам, чоң энем:
«Балакет»... деп бетин чымчып тилдеген.

Оюн десе – ойгончумун таңатпай,
Ойго келгис жоруктарды баштоого.
Даркүл жеңем акыл айтса – жаратпай,
Даяр элем тытышууга, чачтоого...

Жылдар учту жел боосундай закымдын,
Жоопсуздук жорук калды артымда.
Өсүп, окуп мөлүн көрдүк акылдын,
Өздөштүрдүм өкүм турмуш шартын да.

Жылдар айдап учуп кетпей камгактай,
Жашоодогу жакшылыкка жакынмын.
Азыр, достор, ал кездерге баш бакпай,
Араңарда жоошуган акынмын.

... Бет кызарат бала чакты эстесем...
Билбегенмин адеп сактоо мектебин.
Арууланып турмуш көлүн кечпесем,
Ачык эле жардан алыс кетмегим...

## ЧЫНАР

Сан жеткис жалбырактан тагып тумар,
Серүүндө өсүп турат бир түп чынар.
Кеп уккам көп кылымды карыткан деп,
Көрүүгө: жаш да кумар,
карт да кумар.

Калсын деп урпактарга белек болуп,
Качандыр кимдир бирөө эккен чыгар.

Алптардын жетпөөчүдөй кучактары,
Арбаят ар тарапка бутактары.
Айчүрөк дем алган деп саясына,
Адамдар аңыз кылат бу чактагы.
Анткенде:
Канча жашта ушул чынар?
Акырын жылчык издейт ой чакмагы.

Таралган жер астында онго-солго
Тамыры канча болсо,
бою ошончо.
Мынчалык залкар, бийик өспөс эле,
Мезгилдей улам көчүп жай которсо.
Жамалын нурга тосуп шоодураган
Жалбырак жарашыктуу бойго торко.

Көтөргөн бул чынарды тамыр кандай!
Көтөрөт күндүр-түндүр тыным албай.
Алп чынар айталаада асман мелжийт,
Ааламга жалгыз бир шам жагылгандай.
Сөөлөтү сүйүүмдү тартып алып,
Сезимге жалын чачты чагылгандай.

**КАЙРЫЛУУ**

Тоолор.
Тоолор.
Тоолорум
Күнгө тосот жондорум.
Биринчи нур тийсе да,
Чечпейт мөңгү тондорун.

Көлдөр.
Көлдөр.
Көлдөрүм.
Ким өзгөртөт өңдөрүн?
Күчкө толо түшөмүн
Көргөн сайын мөлмөлүн.

Суулар.
Суулар.
Сууларым.
Сүйгөн күндүн нурларын.

Абазыңды күнгө угуп,
Күүгө келет ырларым.

Түздөр.
Түздөр.
Түздөрүм.
Күнгө жууйт жүздөрүн.
Багытыңдан көрөмүн
Бабалардын издерин.

Төрлөр.
Төрлөр.
Төрлөрүм.
Таянып чыккам өрлөрүн.
Эшигинен ыр таптым
Энем тиккен өргөөнүн.

**ТЕРМЕ**

Ырдын оту болбосо,
Ыргагында пайда жок.
Ырга көңүл толбосо,
Ындың өчөт айла жок.

Чагылгандын чаркына
Чарктабаса – ыр сынат,
Ар бир саптын баркына
Абалыңды көр сынап.

Уялат ким, туйлайт ким,
Уйкаштарын көргөндө?
Көп окурман жүрөт тим,
Колу барбай көмгөнгө.

Окуганда жакшы ырды –
Орто байып – канасың.
Оомал-төкмөл кургурду
Ойрол бол деп каласың.

Жакшы ыр терең көлгө окшойт,
Жаман ырлар жарга окшойт.
Жакшы ыр кенен төргө окшойт,
Жаман ырлар аңга окшойт.

Жакшы ырларда – шарапат,
Жаман ырлар даамсыз.

Жакшы ыр жанга жарашат,
Жаман ырлар наамсыз.

Ырда алоо күйбөсө,
Ышкы табы Айда жок.
Ырды адам сүйбөсө,
Ыр ысырап, пайда жок.

## АДАМГА КАЙРЫЛУУ

Сага да Жер,
мага да Жер таандык.
Селсаяктар каалгасын ачпасын.
Ачып алып убакыт таап саамдык,
Ажал тээгин арам бармак баспасын.

Ач кыйкырык ар кай жерде чамынат:
Атом гана адамзатты сактайт деп.
Америка көктү өрттөөгө камынат:
Артык курал ишеничти актайт деп.

Жоопкербиз,
экөөбүз тен чектебиз,
Жер-Энени жарылуудан сактайлы.
Атомчулар адам даап беттегис
Ач көздүктү асманга артып жатпайбы.

Ойлон, адам, аракеттен күнү-түн.
Оомат тайып Жер ойрону чыкпасын.
Ырга айлантып ырыстуулук үмүтүн
Ымыркайлар ыйлабастан уктасын.

Сага да Жер,
мага да Жер – куттуу үй.
Сагалашат желмогуздар эшигин.
Тунгуюкка түссүздөрдү түртүп ий,
Тынчтык сактоо болсун, адам, кесибин!

## ТИЛЕГЕНИМ

Тилегеним убакыттан өтүнүп:
Тирүүлүктү кетпесинчи көчүрүп.
Каранґыда жашай албайм ирмемге,
Күйүп турган чырагымды өчүрүп.

Өткөндөрдү кайра бер деп кайрылбайм,
Өмүр чиркин ийре берсин ийигин.

Насибинен бүгүнкүнүн айрылбайм,
Карызга алган эртеңкинин бийигин.

Эртең өзү бүгүнкүдөн башталат,
Эмгек, эрдик чоң сапарга чегилип.
Түндү жиреп күн шооласы баш багат,
Тилектерге тынчтык даны себилип.

Эртеңкиге баратабыз зымырап,
Ээр токуп мезгил деген тулпарга.
Сары чөлдө калбас үчүн кыбырап,
Сызалычы атаандашып шумкарга.

Жолубуз ак!
Жолубузга өрт коюп,
Жолукпасын атом минген балакет.
Ишибиз ак!
Каргашаны бүт жоюп,
Ишке ашсынчы, текке кетпей, аракет.

Тыңша убакыт, адам айткан сөз курчун:
Тынчтык деген – бүт тилектин улуусу.
Өлүм каптап төгөрөктүн төрт бурчун,
Өчпөсүнчү Жер-Эненин жылуусу.

## ТҮШҮНҮКТҮҮ СУРОО

Учат жылдыздар,
учат айлар турнадай,
Убакыттын кышын, жазын ылгабай.
Сересинен сермеп кетет өмүрдү,
Сел жүргөнсүп жердин нымы кургабай.

Көчөт өмүр бир тарапка ар убак,
Кайтар жолу бүтүп калат жар кулап.
Кайыры жок катаал мүшкүл ушундай –
Кыштын күнү алалбайсың кар сурап.

Ага чейин үмүт жибин үзбөстөн,
Ак булуттай тоого оролуп жүз көчкөн.
Аралайбыз ачуу, таттуу жашоону –
Асман менен,
аалам менен үндөшкөн.

Ойлоп көрсөм алыс менен жакындан:
Океан жок тереңирээк акылдан.

Асман-жердин арбын сырын ачууга
Адам гана,
　　　　　　акыл гана батынган.

Көк койнунда адам учат закымдап,
Көрүнбөгөн көп тетикке жакындап.
Көп ойнобой Кербен Жолдо жашынмак,
Космоско да өстүрөбүз жашыл бак.

## ЭРТЕ БААРДАГЫ ЭЛЕС

Кырлар жонун күнгө тосуп кактанат,
Кыш каары өзөгүнө өткөн да.
Түрмөк булут нурду өткөрбөй капталат,
Туш-тарапты кучактоодо көктөм да.

Түркүн дарак түгөл бүчүр байлоодо,
Тунжураган бутактары керилип.
Кара чыйырчык келип конду айдоого,
Курт жеймин деп чыга калса элирип.

Таранчылар учуп-конот дүрүлдөп,
Тал башына, там башына, шыргыйга.
Тынчы кетип элеңдешет дирилдеп,
Туш келгенсип турумтайга, кыргыйга.

Арыктарда суулар агат шылдырап,
Аптап карды эритүүдө от жакпай.
Дан ушагын бир кумурска жылдырат,
Дализ жакка жеткирүүгө ык таппай.

Эрте жаздын эңсегени – жылуулук,
Эрке нурлар эшикти ач дейт жалынып.
Жаз дөөлөтү, жаз сөөлөтү – сулуулук
Жарк дей түштү жашыл жоолук салынып.

Эрте жаздын келишине кубанып,
Эртең менен салам айтып күн чыгат.
Түндү түртүп, жарыктыкка уланып,
Талааларга кызыл-тазыл гүл чыгат.

## МЕНИН ЖЕРГЕМ

Алатоо.
　　　　Кең жайлоо.
　　　　　　　　Бийик бел.
Аймалайт жүзүңдү эрке жел.

Багылат койнунда сан-миң мал,
Бул жердин ээси – албан эл.

Көк асман.
Көрктүү жер.
Ысыккөл.
Көйкөлөт көк чөптүү салкын төр.
Жолундан жомоктой жолугат
Жапайы жемиш бак – барып көр.

Калаалар.
Талаалар.
Калың бак.
Катасы бар бекен – издеп тап.
Тасмадай тартылган жолу бар,
Түндүктөн түштүккө созулат.

Арашан.
Жетиөгүз.
Арстанбап.
Адамга жагымдуу, жанга абат.
Жашартып какшыган чөлдөрдү,
Жергемде жүздөгөн дайра агат.

Чын достук.
Жолдоштук.
Ынтымак.
Чайыттай ачылган күнгө ынак.
Үзүрдү калайык уксун деп,
Үн созот тоо-таштан миң булак.

Өсүмдүк.
Пахтазар.
Токой-чер.
Өзү өспөйт төкпөсөң мандай тер.
Эгиндер көйкөлөт өрөөндө,
Эл буга ээлтен кеменгер.

ГЭСтер бар.
Завод бар.
Окуу бар.
Кебезден кездеме токуу бар.
Адамга араанын ачууда,
Атомдун өртүнөн чочуу бар.

Алатоо.
Талаа-түз.
Ысыккөл.
Аккуулар ойногон суусу мөл.
Алыстан ар кыл сөз айтпастан,
Аймагын атайы келип көр.

## ЖАЙЛООДОГУ КЕЧ

Отурабыз жайлоо чөбүн төшөнүп,
Отту карап очок четин жалмаган.
Түтүн каптайт мен тарапты көшөрүп,
Түйшөлөм да түпсүз ойго кармалам.

Калкыйт, калкыйт чачкын ойдун кемеси
Караңгы түн деңизинде чалкыган.
Жылт дей түшсө эртеңкинин элеси
Жетким келет желдей учуп артынан.

Уйгу-туйгу ойлор учат алыска,
Учук жиптей ийнени ээрчип чубалган.
Алоо менен чыккан сыяк жарышка,
Ай көрүндү ак чокулуу кырандан.

Көз жиберсең өрдөшүнө нышаптан,
Кырка тоолор мизине окшойт бычактын.
Арасынан калың өскөн бутактын
Араң-араң үнү угулат сүтактын.

Жайлоо кечи өзүнчө бир керемет —
Жашоодогу жаштыгыңды улантат.
Жай толгондо колун тийсе келе кет,
Жакынды да, алысты да кубантат.

## ЧАНГЕТТЕГИ БИР ЭЛЕС

Алоосуна гүлдөрдүн бой таштадым,
Ары-бери оонактап, жанбаштадым.
Көркөмдүккө суктанып, маашыркаaнып,
Көңүл чиркин шыбырайт:
«Ыр баштагын!»

Жерди жаап түмөн гүл жылдызданат,
Жетсе күчүң аларды көрчү санап.
Көк шиберге кокустан өрт кеткенсип,
Кызгалдактар кадимки оттой жанат.

Күн төбөдө күлүндөйт шоола чачып,
Күңгөй ага магдырайт төшүн ачып.
Күмүш канат булактар шылдыроодо,
Күндүн нурун агымы ала качып.

Төө куйрукта отурган сары чымчык,
Туш-тарабын чокулайт чымчып-чымчып.
Дардаңдаган бир неме пайда болуп,
Дал ошого кезеди кара мылтык.

«Атпа!» дедим ордуман ыргып туруп,
Адам экен көзү акшык, бети тулуп.
Каруусунан капшыра кармадым да,
Колундагы мылтыгын алдым жулуп.

«Жиндисиңби жек көргөн теребелди?»
Жооп берди:
«Жөн эле аткым келди...»
Чаңкай түштө «жөн эле» тынчтык бузуп,
Чалагайым ушинтип «жазат черди».

Аппак сүткө кумалак түшкөн сыяк,
Аруулукка кол салуу абдан уят.
Сулуулуктун сыпатын уйпалаган
Сугалактар араанын качан тыят?..

Алоосуна гүлдөрдүн табынамын,
Алмончогун жакама тагынамын.
Чаман гүлдүн мекени, кереметтүү
Чангетимди ар убак сагынамын.

... Ойдо-тоодо түмөн гүл жылдызданат,
Ортолукка тартылып кызыл танап.
Көк майсанга кокустан өрт кеткенсип,
Кызгалдактар кадимки оттой жанат.

## КОЧУШТАП СУУСУН ЖУТКАНДАЙ

Жайында барсаң чөл жактан,
Жайлоодо жыпар жыт кандай.
Көкшүнүң канат булактан
Кочуштап суусун жуткандай.

Эрке жел сылайт акырын,
Эрмегин эми тапкансып.

Чаман гүл чачат атырын,
Чарчоону эмдеп жаткансып.

Айлана көркөм — ар кыл чөп.
Асман ачык. Асман көк.
Кааласаң тандап булакты өп,
Кааласаң жандап ынакты өп.

Ачылып көңүл күлдүм мен.
Ак булут женин түрдүм мен.
Аккуулар суудан чыгарбай,
Ай көлдө сүзүп жүрдүм мен.

Жанбаштап жатсам төрүнө,
Жүгүрдү кызыл өңүмө.
Көп жыргал бар го жашоодо,
Көңүлүм тартпайт чөлүнө.

... Жайлоого барсаң чөл жактан,
Жайнаган гүлдө жыт кандай.
Көкшүнүн канат булактан
Кочуштап суусун жуткандай.

## КҮЗ СЫНООСУ

Чартарап сургулт тартып түштү кыроо.
Чаржайыт ойго салат кечки суроо.
Өткөөлдүн өйүзүнө жазды катып,
Өмүргө өкчөлгөнбү күзгү сыноо?

Баарда карма десе — чок кармагам.
Буйдалып багытымдан кеч калбагам.
Бирок мен кез келем деп буурул түнгө
Бир кезде, теңир урсун, эске албагам.

Жаштык кез — бир өмүрдө өр экен го.
Жаштык кез — жайлоодогу төр экен го.
Жаштык кез — жамалынан нуру тамган
Жаздагы жарашыктуу өң экен го.

Капырай, булак суусу шаркырабайт.
Карлыгач кайда кеткен — ал сурабайт.
Капырай... кыздар кыя карап өтсө,
Кашка тиш кадимкидей жаркырабайт.

Караймын кышы жакын түндүк жакты,
Кыроого кынаптатып кара чачты...

Замзам деп алаканым тоскон сайын
Закымдап жай-саратан бара жатты...

Өкүнбөйм өткөн-кеткен тагдырыма,
Өмүрүм өзөк болду ой-кырына.
Бир гана суранарым, мезгил, сенден,
Берегөр жаздын жытын күзгү ырыма.

## ЖЫПАРГА

Жыпар деп айткан сайын толкуйт сезим,
Жадыма уялатып жаздын кезин.
Жаштыктын жайлоосуна чатыр тигип,
Жылдырбай кармагансыйт мезгил тезин.

Боо болуп мойнундагы тумарыңа,
Бүт өмүр байлангансыйт кумарыңа.
Чырмалам көлөкөңө кыял менен,
Чыгалбай махаббаттын мунарына.

Жүрөсүң түшүмдө да, өңүмдө да.
Жүрөсүң ыманымдай көңүлдө да.
Шагымды сындырбастан күнүм болуп,
Шоола чач чөлдөп турган өмүргө да.

Өткөндүр ышкыдарлар далай-далай,
Өмүрдүн өйдө-ылдыйын санай-санай.
Жомоктор чынга айланган сүйүү колдоп,
Жол тартып жөнөйлүчү тоону карай.

Тоо калыс:
Толгон сырга тилеги бир.
Таң менен, ышкы менен илеби бир.
Бакытка багыт берет күндүр-түндүр,
Бизге окшош таазимдүүгө жүрөгү бир.

Атыңды айткан сайын эргийм көпкө.
Арылып санаркоодон сергийм көпкө.
Махаббат кучагынан кеталбаймын!
Мейлиге жамгыр төксө,
жамгыр төксө...

## ЖОЛ КАРАЙМЫН

Жол караймын жалооруп – келеби деп,
Жабыркаган чагымды – көрөбү деп.

Жыйнап жүрөм гүлдөрдүн жыпардуусун,
Жүрөгүмдүн өзүнө белеги деп.

Көз отумду жолуңа жага берем,
Көз мончокту оюмда тага берем.
Кара түндү как жарып, уктабастан,
Кабар күтүп короодо кала берем.

Көп жылдызга көктөгү кошунамын,
Кыял менен өзүңө кошуламын.
Караңгыда капилет болбосун деп,
Кырсыктардын жолуна тосуламын.

Ак пейилден, ардагым, көрүп камың,
Арылтамын суу сээп жолдун чаңын.
Азып кеттим өзүңдү күтө берип,
Абалымды тез келип көрчү, жаным!

Көк булуту аз-аздап ыдыроодо.
Көп жылдыздар уктабай жыбыроодо.
Бөлүштүрүп мендеги сагынычты,
Бактар кирпик ирмебей шыбыроодо.

Түпсүз ойдун урунам бычагына,
Түн сарасап салабы бу чагыма?
Ташпиш отун тынымсыз жута берем,
Тартмайынча өзүңдү кучагыма.

... Күтөм сени жалооруп – келеби деп,
Көңүлүмө кубаныч себеби деп.
Терип жүрөм гүлдөрдүн алмончогун –
Тилегимдин өзүнө белеги деп.

## МЕЗГИЛ БЕРЕНЕЛЕРИ

### 1. ЖАЗ

Сапарым жазгы жолдо, жазгы жолдо,
Сарасап салып келем оңго, солго.
Көркөмдүк көргөзмөсүн көрсүн дейби –
Күн нуру шоолаланды кыраң жондо.

Асманга, анан жерге нур таралат.
Аз-аздап шык ойгонуп ыр жаралат.

Эңилип чаман гүлдөр өөп кет дейт,
Эртелеп бара жатсам бак аралап.

Төшөлөт чөп гилемдей бут алдына.
Жайылат нур жибектей кош далыма.
Көпөлөк көлөкөмдөн боюн тартат.
Келгенсип керберсиген кыш жанына.

Мактасаң сулуулукту жазда макта:
Жашыл түс кырда, түздө, дүйүм бакта.
Жамалын жамгыр чайкап эртели-кеч,
Таштар да өңүн ачат ушул чакта.

Булбул да көрүшкөнсүп теңи менен,
Безенип үн алышат сени менен.
Жабыркап жылуулуктан жадап турсаң –
Желаргы желпип өтөт жеңи менен.

Булактар шылдыр агат тили чыгып,
Бутактар башын ийет шарына ыгып.
Ак булут ак буладай көктө калкыйт
Алгансып аска тоолор нымын сыгып.

Жаштык чак жаз келгенде менден качып,
Жалоорутуп таштап кеттиң эшикти ачып.
Үрпөйгөн буурул чачты сылап коюп,
Үшкүрөм үмүттөргө жалын чачып.

Жаштык чак – жан жыргаткан жаздай экен.
Жабыркоо жаштык чакта аздай экен.
Айгөйгө салган сени ашыглыктан
Асылкеч сулуудагы наздай экен.

## 2. ЖАЙ

Жай келди. Күн ысып кайнады.
Түрдөнду дүйнөнүн аймагы.
Бактардын гүлдөрү төгүлүп,
Ордуна бүт мөмө байлады.

Жай келди.
Жарашты жылуулук.
Жаштыкка жанашты жылуулук.
Көңүлгө бушайман койбостон,
Койнуна тартууда сулуулук.

Кермекаш келиндер керилет,
Кеп айтсаң жөнү жок теригет.
Кечээги көктөмдүн багынан
Келатат...
Келатат берилеп...

Кең жутуп саратан аптабын,
Кийишип көйнөктүн аппагын.
Жаш-кары жандантып эмгекти,
Жүрүшөт ичинде пахтанын.

Бул ысык күчөтүп күйүүнү,
Бул ысык ширетет сүйүүнү.
Жай менен жаштык кез турганда,
Жалынсыз сүйүү да сүйүүбү?!

Ысыкта бүт гия жетилет,
Ысыксыз ырыскы кетилет.
Ынтымак уялап дилдерге,
Ышкынын түйүнү чечилет.

Жай мезгил — ысыктын илеби.
Жаштыкка жарашкан дил эми.
Тагдырдын чөлүнө барарын
Түшүнөт кишинин зиреги.

Жай күлөт.
Күлкүсү шар суудай.
Жароокер көлдөгү аккуудай.
Карылык колтуктап жөнөдү,
Калды Жай артымда кол сунбай...

### 3. КҮЗ

Күз келди.
Саргайды жалбырак.
Кабыгы бүрүштү калдырап.
Үзүлүп сабагы дарактан,
Үйүлдү буйгага жалдырап.

Бүт эгин кырманда «оп майда».
Бул кезде баардан жок пайда.
Жай гана мээлүн жел жорголойт,
Жайында жагылган от кайда?..

Көтөрөт көөдөнүн токчулук,
Көмүлүп гөйгапка жокчулук.

Дем чыгарсаң — тумандanat заматта,
Дырылдаган бороон карды сапырып.

Жазда, жайда гүл кармаган беш бармак
Жылуу-жумшак мээлей кийип алган чак.
Чыкыроондор чыйрыктырат бет жалмап,
Чилде ысыкка суук колун салган чак.

Жолум да кар,
тонум да кар бул кезде.
Жазды ойлоном, үмүтүмө шыбырайм.
Жай жамалы, күз күрдөөлү... баары эсте.
Жаалданып күрткү жирейм! Тыбырайм...

Улам-улам жолок түшөт өмүргө,
Улгаюуга эшик ачып, жол берип.
Жылдар жылат, жаз турса да көңүлдө,
Жаштыкты алып, карылыкты мол берип.

Жаз да келет,
кар олпогу сыйрылып,
Жайнаган гүл кайра безейт жер бетин.
Карайм аны купуя ойго чыйрыгып,
Кыш өңүнө окшоп чачым, келбетим.

Кыздар күлөт кийип алып гүлчамбар,
Капарга албай кыш болгонун кар жаап.
Кала берем, бак аралап кетсе алар,
Катарына кошулалбай жол таап...

Кыял... Кыял...
Кышты унутуп жатпайбы,
Калеми жок кар бетине кат жазып.
Беренелеп мезгил чегин тактайлы,
Баар жыты — махаббатка гүлазык.

Беренелер ар мезгилге ылайык
Берет тура музыканын ыргагын.
Кээде жыргап, кээде кайра мунайып,
Күүгө салам күндүн назик нурларын.

Кош бол эми, кыш мезгили — конушум,
Кыял менен эңсеп жазды баратам.
Өкүмүнө байырлабайт добушум,
Өндүрүп кал, болсо менде аласаң.

## САГЫНАМ

Өзүңдү көрбөсөм багыңан,
Өксүүгө заматта кабылам.
Өкүмүн жүрөктүн аткарып.
Бир сени
сагынам,
сагынам.

Жадыма таң атса жаңыдан,
Жалоорун жарыкка табынам.
Жаштыктын жалынын жороптоп,
Бир сени
сагынам,
сагынам.

Чилденин чочубай каарынан,
Чырмалам чыгалбай жанынан.
Чыкыроон чылбырын тоссо да,
Бир сени
сагынам,
сагынам.

Кээде мен тообомдон жаңылам,
Кедерлүү мүшкүлдү тагынам.
Кейиштин эшигин тарткылап,
Бир сени
сагынам,
сагынам.

Жүдөбөй мезгилдин каарынан,
Жылынам сүйүүнүн табынан.
Жаш өтүп кетсе да, баары бир,
Бир сени
сагынам,
сагынам.

## КАБЫЛ АЛАТ БАШКАЧА

Кырк жыл мурда канкор душман жүгүнөн
Калк арылган кара туман, күүгүмдөн.
Сапар чегип санаам сыздап баратам
Согуш болгон талааларда бүгүн мен...

Каргашаны көп жыл мурда жеңгенбиз,
Калкыбызга жеңиш менен келгенбиз.

Бирок анда, кан төгүлгөн майданда,
Бутубузду, колубузду бергенбиз.

Күн-түн дебей токой ичин кезгенбиз,
Күлдүн жытын, өрттүн жытын сезгенбиз.
Каскаларды башыбыздан шыпырып,
Каткан нанды сууга чылап эзгенбиз.

Кайран дене октор менен тилинген,
Кара жерге жылжыган кан шимилген.
Алааматта ок жаңылган жоокердин
Арбыны өлүп, азы кайра тирилген.

Катаал кезде ал согушту көргөндөр,
Курдаштарын куу талаага көмгөндөр,
Жеңиш күнүн жүрөк менен таптаза
Жанын төшөп кабыл алат башкача.

Бийиктик бар жашоосунда, өзүндө.
Билгичтик бар жаш кылгырган көзүндө.
Сакчы болуп коргойт тынчтык дүйнөсүн!
Согуш каары баткан белем сезимге.

## ЭЛЕТТЕГИ КӨРҮНҮШ

Элеттик жашайт тоо жакта,
Элесин тартам сүрөттөп.
Келбестен жүрсөм ыраакта,
Көркөмүн көрбөй күн өтмөк.

Тагдырын тоого кошконсуйт
Таштарга таштар жөлөнүп.
Сур булут жолун тосконсуйт
Сулуулук күндө төрөлүп.

Жер-Эне ийсе баарда –
Жанданып агат бүт булак.
Асмандан жамгыр жаарда –
Айылга качат козу-улак.

Ак чоку тоодо көп болот:
Ашуу бел, жылга, бурумдар.
Жетелеп бассаң ноктолоп,
Желигет ойноок кулундар.

Суусаган уйлар топтолуп,
Салкын жай издеп жөөлөшөт.

Жетекке баспай токтолуп,
Жаш музоолор мөөрөшөт.

Түлүгү арбын, күнү шаң,
Тилеги – тынчтык, амандык.
Бактылуу болуп бүт адам,
Болбосун дешет жамандык.

## ЭСИМДЕ

Эсимде жаштык бактары,
Эсепсиз эле түрлөрү.
Эңилсе бизге шактары,
Эринин тосчу гүлдөрү.

Жадымда жаштык көктөмү,
Жашылга жашыл жарашчу.
Жалбырак турса өпкөнү,
Жоодурап гүлдөр карашчу.

Жалындап күйгөн өрттөгү
Жарк эткен издер табылчу.
Жымыңдап күлгөн көктөгү
Жылдыздан чырак жагылчу.

Беш көкүл элең гүл бурап,
Бейиштен келген перидей.
Булбулду коштоп үндү улап,
Басчу элең назик берилей.

Ышкыңа ышкым чагылып,
Ыраактар калчу жуп болуп.
Ыргакка ыргак тагылып,
Ыкташа түшчү кут конуп.

Ошонун баары эсимде,
Ошонун наары эсимде.
Ой чулгап турган кезимде
Ошолор түшөт сезимге.

## ӨТҮНҮЧ

Жер, чынында, чоң Кеме,
Мухит – асман.
Уч-кыйыры чеп жеткис чалкып жаткан.

Күндү айланат Жер-Кеме адам тарткан,
Атар таңды утурлап жарык чачкан.

Төшөнч кылып алдына жашыл чөптү,
Жашоо жерде жаралып, самайт көктү.
Бул жазмышта:
Эл көппү?
Жылдыз көппү?
Санагына сан жетпей жылдар өттү.

Умтулуулар адамга адат болуп,
Умтулуулар адамга канат болуп,
Улам жаңы ачылыш талап болуп,
Улуулардан калууда санат болуп.

Ушул доор биз үчүн энчи болуп,
Укмуштардын укмуштуу кенчи болуп;
Улуу менен кичүүгө теңчи болуп,
Учту бийик акылдан элчи болуп.

Жерден учуп кэде биз Айга ыгабыз,
Жерди көздөй бат эле кайрылабыз –
Жер-Энеден кантип биз айрылабыз?!
Жерди чанган жексурга кайгырабыз.

Кимге керек сыздатуу сулуу Жерди?
Кимге керек муздатуу жылуу Жерди?
Суранарым: Атомдук жок болуудан
Сактайлычы, адамдар, Улуу Жерди!

## ЭСКЕРГИЛЕ

Төрт жыл бою тынчтык шаңы тыйылып,
Тирүүлүккө согуш дарты жабышкан.
Жапжаш бойдон далай жоокер кыйылып,
Жер астынан түбөлүк жай табышкан.

Кара кийип кимдер жашын төкпөдү
Канкор ажал кол салганда өмүргө.
Калааларды, талааларды өрттөдү,
Каргашалар колтук ачып өлүмгө.

Баш көтөрбөй, жер кучактап калышты
Бала көрүп, бала көрбөй өлгөндөр.
Элди коргоп эрлер отко жанышты,
Эскергиле, ошолорду көргөндөр!

Аккан канга, төккөн жашка жуурулган
Ар бир жерге эстеликтер курулду.
Көөдөн керип, колу көккө сунулган
Көрөсүңөр таш денелүү уулду.

Дал ошолор курман болгон майданда
Даркан жерди фашисттерден сактайм деп.
Дал ошолор дарман кошкон дарманга
Даркан жердин нанын, тузун актайм деп.

Курман болгон жоокерлердин көздөрү
Күйүп турат аянттарда от болуп.
Эскергиле, болбосо да өздөрү,
Элесине бир ирмемге токтолуп.

## ДАН

Бүт эгиндин жолу дандан башталат.
Байлык да мол, пейил да ток дан барда.
Бүт ааламга гия жерден баш багат
Баар келип, сыйрылганда кар парда.

Жаткан кышта боюн жыйрып ызгаардан,
Жууркандай топуракты жамынып.
Жаз келгенде жадап тапсыз сыздардан
Жүзүн ачат күндүн нурун сагынып.

Алып келет жер бетине токчулук,
Адамдардын иши чыгып оңунан.
Арам ойлуу, ача тилдүү жокчулук
Алыс качат жоомарт жашоо тобунан.

Данга таандык сүйүүлөрдүн болушу,
Данга таандык узак жашоо тилеги.
Данга таандык кампалардан толушу,
Данга таандык бекем тынчтык тиреги.

Данды улуу дейт жан бүткөндүн баарысы,
Дан – тирүүлүк, көрбөйлүчү олжодой.
Дан дегениң – бүт өмүрдүн дарысы,
Данды, адамдар, урматтайлы, кордобой.

## КЕЧКИ КЫЯЛ

Кеч киргенсийт көчүп жаткан өмүргө,
Кеч багытын чыгаралбайм төгүнгө.

Таттуу кыял жетелесе көктөмгө –
Таң атканчыйт таасирленген көңүлгө.
Тагдыр мага жаш чагымды берчүдөй
Талпынамын түшүмдө эмес, өңүмдө.

Жаштык чиркин кетип барат арылап,
Жашарталбайт жалпы табып дарылап.
Капысынан келеби деп кайрылып,
Көңүл дайым төлгө тартып зарыгат.
Көктөм гүлүн сезимдерди ойготкон
Көргүм келет, көргүм келет дагылап.

Көрөм күндө күндүн бүлбүл батканын,
Күтөм күндө таңдын аппак атканын.
Жылуулугун, сулуулугун сүйүүнүн
Жүрөгүмө жигит кезде каткамын.
Сагынганда самап жатып түш көрсөм –
Сени менен баарлашкан бактамын.

... Жаштык чиркин кетип барат арылап,
Жаштык дале карегиме чагылат.
Көктөмүңдөн үзө албастан күдөрүң,
Кантсин жүрөк, кантсин жүрөк сагынат.
Өкүнүчтү өмүрүмдөн өчүрүп,
Өткөндөрдү тартуулачы жаңылап!

## ДЕН СООЛУК КААЛОО

Дарт чырмап көптөн бери жатыптырсыз,
Дарынын кермек даамын татыптырсыз.
Дармансыз абалга бул кабылдым деп,
Дейди ойго терезени ачыптырсыз...

Көргөнү сизди бүгүн келдим мында,
Көңүлдү чайкасын деп нурга, ырга.
Көктөмдүн күнү күтөт, гүлү күтөт,
Көрүшчү кучак жайып ар бир жылда.

Сагынып салам айтты гүлгүн бурак,
Сагынып салам айтты тунук булак.
Саламын сан-миң куштун айта бар деп,
Сайрады бакта булбул гүлдөргө ынак.

Жетишет. Оорубаңыз. Арылсын дарт.
Жатпастан жамбаш талып, турунуз шарт.
Жамандык жабыркоого жан тартса да,
Жакшылык жакшылыкка дайым жоомарт.

Кааларым: Чың ден соолук — айыгыңыз,
Кайгырып жатпай ооруп, айыгыңыз.
Көктөмдүн көркү толгон Ысыккөлдө
Күтүүдө Сизди жашоо кайыгыңыз.

## ЧЫМ БАСТЫРЫП КОЙСО ДА

Кубулуунун катылуу кермеги бар.
Кечигүүнүн бактылуу келмеги бар.
Канча жолу ойлондум соңун таппай,
Көлдөрдүн да көркү өчкөн көлмөгү бар.

Дарыянын шары бар, буруму бар.
Деңиздин да тепкедей булуңу бар.
Дарттууларды ишенткен айыгууга,
Дарыгердин купуя ырымы бар.

Ырдап жаткан ырдын да кынтыгы бар.
Ыпыластын сөзүнүн жыртыгы бар.
Ындыныңды өчүрбө тирүүлүктө,
Ыйдын дагы күн көрөр жылчыгы бар.

Өмүр барда үмүт бар жарык күткөн,
Өзгөрүү бар өмүрдө тарых күткөн.
Өскөн гүлгө денесин оросо да,
Өспүрүмгө айланбайт карып бүткөн.

Чыдоо барбы сүйүүнүн жалынына?
Чыдоо барбы күйүүнүн жабырына?
Чын сүйүүнүн багынан кеталбаймын
Чым бастырып койсо да кабырыма.

Акыл жолу — адам үчүн болочок.
Адам улуу!
  Анысында талаш жок.
Анда неге өмүр көчү өксүтөт?..
Арт жагына бир кайрылып караш жок.

## КӨҢҮЛ КОШО КӨКТӨДҮ

Каалгасын чертсем — мезгил үн катты:
«Эмне керек? Беймаалда келипсиң?»
Муну укканда чыдай албай териктим:
«Кечикпейм деп бердим беле тил катты?».

Карабады мезгил мага тиғилип,
Кантсем экен оройлуктун кемтигин?
Ширетиптир жылдар анын бүт жигин,
Жер айланат, ага өмүрүм чимирик.

Ойлорду ээрчип ойлор келет тизилип,
Мезгил өтөт улам куму эшилип...
А мен болсо кумду жирейм кечигип...
Токтой калдым ой тасмасы үзүлүп.

Кайра уладым. Ой киносу көрүндү.
Акын дешти жаш элүүдөн ашканда,
Жетпей жүрдүм бийигине шашсам да,
Мезгил учту, ага өмүрүм түрүлдү.

Чаалыккансыйт тирүүлүктүн күлүгү.
Бирок сүйүү терезеден баш багат,
Баш багат да алоолонтуп от жагат!
Баар каптайт менин күзгү түрүмү.

Кеткенсиди гүлгө толуп айланам,
Кеткенсиди кейиштүү өң аз болуп.
Келген окшойт өмүрүмө жаз болуп,
Мезгил уткан кечигүүм кайрадан.

## ЖАЗГЫ КӨРҮНҮШ

Жаз келди – жанданды жер бети,
Жашарды бактардын келбети.

Жакындап келгенсип ыраактар,
Жылгадан үн салат булактар.

Жел жүрдү булутту уйпалап,
Жашыл чөп жайкалат, суйсалат.

Ачылды сан жеткис көп лала,
Ачкансып муштумун жаш бала.

Көк адыр кеткенсип өрттөнүп,
Көз ачты кызгалдак көрктөнүп.

Аалам көк – баарга жарашып,
Адамга аруулук жолу ачык.

Жаз келди – жанданды сулуулук,
Жанданткан жаз жыттуу жылуулук.

## КОШУНА БОЛУП АЛАЛЫК

Кундуз чачым агарып,
Коштошсом дагы, балалык,
Конокко келдим кайрадан
Колума кызыл гүл алып,
Көңүлүңө кетпесе,
Көпөлөк куучу жерлерге
Кошулуп бирге баралык.
Кумарыбыз канганча,
Күн батып, күүгүм чалганча,
Кулунчак минип чабалык.
Кутман күндүн таңына,
Кырчын кездин шаңына
Кошуна болуп алалык
Кайрылып келчи, балалык.

## ТҮШҮНҮК БЕРҮҮ

Кечиктиң!.. деп, айтар сөздү чектедиң,
Күнөө жок го ышкы толгон сезимде.
Кезигишпей ушул жашка жеткеним –
Кезек күтпөс убакыттын тезинде.

Сөзүмдү укчу сыртың салбай, кептерим,
Согуш өртү бардыр, мүмкүн, эсиңде?..
Ошол өрткө кыз өппөстөн кеткемин,
Он сегизге жаңы толгон кезимде.

Согуш бүттү. Кызмат өтөө бүтпөдү,
Сегиз жылы тынчтык чебин сактадым.
Жылдар учту. Жаштык чагым күтпөдү.
Жазмыш ушул – далай жолду таптадым.

Убакыттын узун экен белеси,
Узун дебей каршы-терши каттадым.
Жүрдү дилде жаштык кездин элеси.
Жалт бурулуп карап койчу, аппагым.

Жылдар учту төрт мезгилди жетелеп,
Жаш эсебин улам чегип өмүргө.
Тилектердин ышкы шарын кече элек
Теңи келип, теңи кетти төгүнгө.

... Кепке келбей айтаар сөздү чектедиң.
Күнөө жок го сүйүү толгон сезимде.

Кезигишпей ушул жашка жеткеним –
Кезек күтпөс убакыттын тезинде.

## БИР КЕҢЕШ

Кучагыңдан чыгарба жароокерди,
Каарына алса да жактырбастан.
Карматат да колуңа түнкү желди,
Кайып болот заматта, таптырбастан.

Укпа ачуу сөздөрүн жанга баткан,
Улутунуп тим болот мээлүн тартып.
Кайгы ызгаары сүрүлөт уюп жаткан,
Көңүлдөрдө таң атат нурдай жаркып.

Өпкүлөй бер эринден кан чыкканча,
Өчүп калат жалыны калса тынчып.
Алоосуна күйө бер жан чыкканча,
Ашыглыктан ашыглык турат курчуп.

Кеңешимди ук, досум, кулак салып,
Көргөм оттуу сүйүүнүн чагылганын.
Көз ирмемге ойлонуп тура калып,
Күүгүмгө отту уурдатып... жаңылгамын.

## ЧИЛДЕДЕГИ КӨРҮНҮШ

Табият талаа-түзгө күмүш жапты,
Тынымсыз кар тозоңун элеп жатты...
Асманды тиреп турган пилдерге окшойт
Алатоо баса кийип ак калпакты.

Ызгаар жел кар учкунун жыбыратат,
Ырдатпай торгойлорду шыбыратат.
Кийимсиз калган дарак кымтына албай,
Калдайган бутактарын тыбыратат.

Адырлар алптар курган тамдарга окшойт,
Арчалар жамалы жаз балдарга окшойт.
Чорго муз аскаларда самсаалаган
Ченемсиз тизип койгон шамдарга окшойт.

Булактар муз пардага көзүн каткан.
Бубактар түктөйүүдө ар бутактан.
Бурганак буурул чачын уюлгутуп,
Балдардын жолун тосот бара жаткан.

Кыш чилде – жигит имиш кырк жаштагы,
Кычырайт аязына тоо-таш дагы.
Бирок да чыкыроондун чебин бузуп,
Береги чыт курсактар чыр баштады.

Алардын бактылуу күн сырдашканы,
Аяздын жолун тосуп, ырдашты аны.
Ырына ырыстуунун чендеше албай,
Ызгаар да тизгин жыйып кыйгачтады.

Көрсөм деп көөдөктөрдүн ырыстарын,
Күн тилет көктүн сургулт булуттарын.
Черткилейт чыйрала элек нуру менен
Чилденин чыкыроондуу муруттарын.

Табият жер бетине күмүш жапты –
Тепсин деп көк муштумдар жылгаякты.
Алардын оюнунан көзүн албайт
Алатоо баса кийип ак калпакты.

## ЖАШОО МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Баскан жолду, ашкан белди карасам:
Жашоом менин – бирде күүгүм, бирде таң.
Кээ бир кезде жазда карды малтасам,
Кыш чилдеде күндү көрдүм арашан.

Ойго батып, көз чаптырам теренге,
Айтам дайым алкышымды беренге.
Канат кагып учсам дагы асманга,
Анда-санда үлпөт болом керенге.

Жүгүрөмүн, сөз талашам, умтулам,
Болбос ишке каным кызып булкунам.
Анан ага салып көрсөм сарасап,
Дегдетиптир тентек шамал, сур туман.

Жашоо жолум – өзгөрүштүү тагдырым,
Көрдүм түндү, көрдүм аруу таң нурун.
Катышсам да майданына согуштун,
Көп эле уктум гүлдүү бактын булбулун.

Өмүр өрүн бастым, көрдүм, жашадым,
Тердим далай уйпаланган машагын.
Мурчтай ачуу, гүлдөй жыттуу жашоонун,
Тирүү болсом, белестерин ашамын.

Көңүлүмдө ышкынын багындамын,
Көчүп жаткан капкайда агымдамын.
Кечээги эле гүл өмүр бүгүн кайда?
Кайрылбай бир ирет... жалындамын.

Ышкы багы жаштыктын дастаны да,
Ышкы багы жаштыктын асманы да.
Өз кезинде көрбөсөң ышкы багын –
Өмүрүңдү өкүнүч басканы да.

... Ышкы багы – көктөмү жаш куректын,
Ыргагындай тизилет күнчубактын.
Шарапаты жолуңду жаркыратат,
Шооласындай жагылган миң чырактын.

## ЖЕТСИН БАЧЫМ

Жаз шооласы төгүлдү жалын болуп,
Жашчылыктын балынан таткансыдым.
Таза абанын демине жүрөк толуп,
Тамырларга кан сыяк аккансыдым.

Сүйүүлөрдөн жаралган күндүн табы
Сезимдерге жаз гүлүн жайнаткансыйт.
Жер багына кошулган көңүл багы
Жүрөгүмө булбулду сайраткансыйт.

Ушул көрктөн сап сурайм санатыма,
Укмуштарды укмушка улап турган.
Дарт тийбесин сулуулук канатына
Данакердей дилдерди кынап турган.

Кысчы бекем, жаз айы, кучагыңа,
Кошулайын таңдагы шоокумдарга.
Жолукпастан ызгаардын бычагына,
Жетсин бачым ырларым окурманга.

## БАКЫТТЫ КӨКСӨӨ

Мен бакыттын көрө элекмин жамалын,
Ача элекмин анын актай барагын.
Көксөп аны очогунда мезгилдин
Кээде күңүрт, кээде бүлбүл жанамын.

Мүмкүн, бакыт түш сыяктуу элестир,
Ар ким эле бакыт бийлик дебестир.

Тагдыр деген тараза бар жашоодо,
Бакыт багы оюн-күлкү эместир.

Бакыт деген деңиз болсо чалкыган,
Кайык болбо калагы жок калкыган.
Мухиттердин пиримин деп мактанба,
Жутпай туруп ачуу туздуу тамчыдан.

Мүмкүн, бакыт мөмөсүдүр бактардын,
Даамыдыр дыйкан тапкан ак нандын.
Мүмкүн, бакыт согуш түнүн өчүргөн,
Шооласыдыр тынчтык сепкен ак таңдын.

Бакыттын мен көргүм келет баарын,
Ачкым келет кулпуланган шаарын.
Адамдарга бергим келет адалды,
Өрттөп ийип арамдыктын каарын.

Кылда учуна чыгып туруп асканын,
Көргүм келет куттуу бакыт асманын.
Биздин күндөн урпактарга белек деп,
Жазгым келет бакыт-намэ дастанын.

## БАКЫТ ТАҢЫН ТОСОЛУ

Байкап турсам окшойсуң кызыл гүлгө,
Бир өзүңө тартылат көңүл мүлдө.
Ырыс төгүп ынтымак шамын жагып
Ышкы келсе таазимдүү четке сүрбө.

Көңүлүңдө ышкы бар, бирок өзүң
Кеп айтпайсың акырын ирмеп көзүң.
Жакшылыктын шооласы дилге уялап,
Жүрөктөрдө гүлдөсүн назик сезим.

Жүрөгүмдө сен гана, ишен жаным,
Жаз маалы гүлдөтсүн сүйүү багын.
Эки тилек сапары кошулсун да,
Экөөбүз тең тосолу бакыт таңын.

Дал ушунда сүйүүнүн гүл ачканы,
Дал ушунда сүйүүнүн нур чачканы.
Жадыбалдай жашоого үлгү болот
Жүрөк менен сүйүүнүн сырдашканы.

# САГЫНЫЧ САПТАРЫ

## ЫР БАШЫ

Сагыныч бар бул ааламда ар түркүн.
Ким сагынбайт өмүрдөгү дил мүлкүн?
Анын дагы оң, тескери жолу бар,
Буга күбө тирүүлүктө ар бир күн.

Кээде сени көктө сызган куш кылат,
Кээде жаркын сезимдерди ыш кылат.
Сан жетпеген сагынычтын сапары
Же сүйүүгө, же күйүүгө туш кылат.

Сагынычтын сүзбөгөн ким деңизин?
Сагынычтын көрбөптүр ким тегизин?
Сагынычтын ачуусунан арылып,
Сезимзардын ким татпаптыр мейизин?

Көрдүм көптү сагынычтын багынан!
Сездим көптү сагынычтын таңынан.
Мойсопут чак болгон кезде кошуна
Кетким келбейт сүйүү сенин табыңан.

* * * * * * * * *

Кеткен кезде тоо койнунан түн качып,
Теребелге күн тийгенде нур чачып,
Гүлзарлардан бир өзүңдү издеймин
Сагынуунун терезесин бүт ачып.

Гүлдөр гүлгүн саамайларын таранып,
Күтөт кимди чар тарабын каранып?
Түнкү сырды төкпөй-чачпай айткансыйт
Булак суусу жылгалардан шар агып.

Абазынан не бир үндөр угулат,
Кулагыма назик сөздөр урунат.
Булак суунун, таңкы желдин ыргагы
Сезимдерге таазим этет ыр улап.

Ой меники, сенден анын нурлары,
Ыр меники. сенден анын ыргагы.
Күмүш чачка улап күндүн шооласын,
Экөөбүзгө келсин сүйүү жыргалы.

*** *** ***

Али эсимде бак ичинде көргөнүм,
Жел ыргаган саамайыңды өргөнүң.
Жүрөгүмдө жалгыз сенин элесиң,
Кереги не сен турганда өңгөнүн.

Гүлгө гүлдөй турар элең жарашып,
Бүргө бүрдөй турар элең жанашып.
Экөөбүздү Лайли-Мажнун экен деп,
Өтөөр эле өңчөй жаштар карашып.

Бак аралап, гүл аралап басчубуз,
Өмүр черин, көңүл черин жазчубуз.
Көздөр, сөздөр тосо албайт деп багытты
Чангент сайдын агымындай ташчубуз.

Ошол чакты эми кайра сагындым,
Ошол чактын элесине табындым.
Боз тумандуу санаалардан арылтып,
Бир көрүнчү гүлзарынан багымдын.

*** *** ***

Сагынууда махаббаттын багы бар,
Супа салып аткан нурдуу таңы бар;
Же болбосо жайдын күнү кар баскан
Кайгыруунун, айрылуунун зары бар.

Ким сүйүүнүн багын көрсө бир жолу,
Ким сүйүүнүн таңын көрсө бир жолу,
Экинчи андан айрылуу жок, чынында,
Бүт сезимин камап алат дил тору.

Тордо жүрүп энсейт күйүү дүйнөсүн,
Тордо жүрүп энсейт сүйүү дүйнөсүн.
Күтө берет сүйүү таңы атат деп,
Билип туруп кайра тирүү жүрбөсүн.

Акындарды, ак сүйүүнүн жарчысын,
Ким токтотот кезеп ажал камчысын!
Кетет алар бейишке эмес. тозокко,
Татып алып махаббаттын тамчысын.

*** *** ***

Мен сүйүүнүн балдай даамын сезгемин,
Мажнун болуп изсиз чөлүн кезгемин.

Азаптардын жадысынан жадабай,
Канча жолу жүрөгүмдү эзгемин.

Дардисарлик алыс жолго айдады,
Көрөсүң деп ашыглыктан пайданы.
Дуушар келип ай жамалдуу көзал кыз
Көңүлүмдү чылбыры жок байлады.

Көңүлүмдөн көз отуна байланып,
Көчөсүндө жүрүп калдым айланып.
Жаратканга жалынамын сакта деп,
Жаткансыды дайрасы да кайра агып.

Ошол бойдон туткун болдум, багындым.
Ортосунда күйө бердим жалындын...
Орозгерлүү болсом дагы азыр мен,
Ошол кезди, ошол чакты сагындым.

***   ***   ***

Күйөт жалын, күйөт жүрөк ар убак,
Мурутумду басса дагы ак бубак.
Өмүрүмдүн өткөнүнө карабай,
Ойноок кезди ойго салат жаш курак.

Жаш кезимде жабыркоону билбеген,
Махаббаттын жагымдуусун иргегем.
Улуу тоонун урчугунан жем татып,
Улгайгандын уясына кирбегем.

Таттуу эле таңдын назик шооласы,
Тарттар эле талдын жапжаш ноодасы.
Учкан кезде улуу тоону айланып,
Угулчу эмес ушакчынын коогасы.

Күтөр элем күн нурунан жарыкты,
Күтүүлөрдүн күнөстөрү аныкпы?
Күрдөөл кезди күнү бүгүн сагындым,
Көңүл кантсин, көңүл эңсеп зарыкты.

***   ***   ***

Кээде жаштар ойноор элек топтолуп,
Кейиш дагы, кермек дагы жок болуп.
Түшсө оюма ошолордон бир элес,
Туруп калам туюк жолдо токтолуп.

Сагынганда сүйүү балы тамгансыйт,
Сейилдердин соңку шамы жангансыйт.
Сагынычтын сарамжалы бүткөнгө,
Саат дагы сокпой туруп калгансыйт.

Эңсеп жүргөн ышкы оттору табышып,
Эрининe кош эриним жабышып,
Экөөбүз тең балкып, эрип калчу элек,
Эт жүрөктө жылуу кандар жарашып.

Тагдыр кызык, тагдыр бийлейт багынтып,
Тагдыр кээде бизди коёт жаңылтып...
Экөөбүздү эки убакка жашатып,
Эсил күндөр койду бизди сагынтып.

***   ***   ***

Сагынычты көрсөтө албайм табыпка,
Сагынычты бура да албайм багытка.
Баар менен баар болуп жүрчү элек,
Берчи, тагдыр, ошол чакты карыпка.

Мезгил дагы өтө берет токтобой,
Мени, сени кайдасын деп жоктобой.
Карылыктын катаал кейпин кийгизет,
Кайра бизди бак ичине топтобой.

Улам карайм махаббатын элесин,
Учуратам улгаюунун белесин.
Айдың көлдө ажырашпай ой менен
Айдай берем сагынуунун кемесин.

Күлкүң сенин жүрөгүмдө тургансыйт,
Көңүлүмдү гүлзарларга бургансыйт.
Сапарымдан алаксытып бир азга,
Сагынуунун имаратын кургансыйт.

***   ***   ***

Чакыр мени, махаббаттын чарбагы,
Чатыр тигет улгаюунун ар жагы.
Түшүмдө эмес, көрүү үчүн өңүмдө,
Тиер бекен сагынуунун жардамы...

Өмүр жолдо бараткансыйт кыялап,
Өкүнүч ай, аны кимдер тыялат?

Качан болсун бир өзүңдү сагынам,
Калган белем жүрөгүмдө уялап!

Сапар чегем алып-учуп көңүлүм,
Сагынууда калса дагы өмүрүм.
Умсунуунун уландысы барбы деп,
Улам карайм үмүттөрдүн өңүрүн.

Мен ырдасам — үнүмдү улайт жаңырык.
Махаббатым келген окшойт жаңырып!
Кыялым бар, өзүң жоксуң жанымда,
Каламбы же кайчы жолдо аңырып?..

## ЫР СОҢУ

Каза болбой сагынуудан айрылбайм,
Кадимкидей катарыңа кайрылбайм.
Тирүү кезде тилек менен өмүрүм,
Токсон түрдүү тоо жолунан тайгылбайм.

Сагынычтын сүйүү гана ордосу.
Сагынычтын сүйүү гана жолдошу.
Жашоодогу, ышкыдагы жолуңа
Жардам кылат бир кудайдын колдошу.

Жаздым ырды, сүйүү күчү колдоду,
Жарып өттүм тоскоолдорду жолдогу.
Жаркыраган сүйүү нуру турганда,
Жашоодо бул пенде болбос шордогу.

Өмүр өтсүн кучагында жалындын,
Өмүр барда кереги жок дарымдын.
Максатым бул: ышкы менен жан берем,
Мен сүйүүнүн бүгүн нурун сагындым.

## ЖАШТЫК АЛЫСТООДО

Жаштык чактын жоргосу,
Жүрөсүң кайда бу чакта?
Жүрөктүн элең жан досу,
Жарк этип келчи кучакка.

Жаш кезек өттү карабай,
Жалынган доошум уккан жок.
Жаш алам көзгө баладай,
Жашынган жайдан чыккан жок.

Эске алып жолун багыттын
Эңкейиш тартып баратам.
Көрүүгө бүгүн зарыктым,
Кетипсиң изсиз карасам.

Жаш кездин шамы бүлбүлдөйт,
Жетиген сыяк көктөгү.
Жашоонун жолу күүгүмдөйт,
Жалооруйм жандай өрттөгү.

Ай жаштык, мага Күн элең,
Айсыз түндү айдаган.
Ай жаштык, мага гүл элең
Ар түркүн түстө жайнаган.

Ай жаштык, таппайм изинди,
Аралап тоонун аскасын.
Ак кылчык басты көзүмдү,
Азыр сен канча жаштасың?

Жаштыктын гүлү калбаптыр
Жайнаган жашыл багымда.
Буурул чак бекем кармаптыр,
Болбойбу жаштык табылга?..

## САНААДАН КУТКАР

Сүйөмүн сени, сүйгөнүм анык.
Сезимди козгойт сендеги жарык.
Саргайтпа мени сыртынды салып,
Сырдашкым келет багыңа барып.

Сүйүүм алоо – кетпейин жанып,
Сүйөйүн аруу – моокумум канып.
Сырдана болуп жүрөйүн, жаным,
Сарсанаа дартка калтырба чанып.

Сүйөмүн, сулуу, табыңа жанып,
Сактагым келет көз тумар тагып.
Сапарда кыял, сагынат жүрөк,
Санаадан куткар чырагың жагып.

## СЕЛКИГЕ ЖООП

Жүзүмдөн тырык көрсөң – күлбө, селки!
Жадыңдан чыктыбы же согуш өртү?

Жашоонун жолун түндөн тазалаган
Жүрөктө:
өмүр көркү, көңүл көркү.

Бул тырык — кандуу согуш салган белги,
Бул тырык — ал согуштан калган белги.
Карайлап кара жанды сактабастан,
Коргогом:
келечекти, элди, жерди.

Бул тырык көлдө да бар, жерде да бар,
Бул тырык өңдө да бар, элде да бар.
Төрт жылы окту, отту араладым,
Таналбайм:
ушул тырык менде да бар.

Бетимден тырык көрсөң — согуштан де,
Бир кезде бетин көздөй ок учкан де.
Майданда башын октон катпаптыр де,
Мендеги сулуулукту сактаптыр де.

## СЕНДЕН ӨТҮНҮЧ

Айылыңа кокус барып,
Сени көргөн кезимде
Сүйүү отун койдун жагып,
Сүрдөп турган сезимге.

Сезимдерде күйсүн жалын,
Ырда сүйүү ырларын.
Кирпик менен жаппа, жаным,
Махаббаттын сырларын.

Жылынайын илебиңе,
Күлүп койчу жылмайып?
Күн тийсинчи тилегиме,
Карап койчу кылчайып?

Жүрөктө өскөн сенсиң багым,
Багбаның мен коруган.
Көрдүм дагы жараландым,
Көздөрүңдүн огунан.

Күйсөм мейли! Суранарым:
Таңшы ышкы ырларын!

Кирпик менен жаппа, жаным,
Көздүн оттуу нурларын.

## ИШЕН, СЕЛКИ

Куткар, селки, тозок менен азаптан,
Бир өзүңө үмүттү ээрчип баратсам...
Көрөр көзүн сүйүү шамы жашырган
Мерген болдум мээлегенин жаза аткан.

Жашоомдо көп күнөөгө кабылдым,
Багытымдан бир нече ирет жаңылдым.
Ара жолдо турат элем элеңдеп,
Арзуу болуп азыр мага табылдың.

Жаман көздөн, жаман сөздөн бошоюн,
Тагдырыңа тагдырымды кошоюн.
Чарбагыңа чалкуйрукту өткөрбөй,
Кырсыктардын катаал жолун тосоюн.

Ишен, селки, жөнүм сура жылдыздан,
Жардам күтөм жашоомо турмуштан.
Эки дилди сүйүүң менен ширетип,
Кайра турбайм экинчи ирет жылмышсам.

Бул жашоонун дарыгери – махаббат,
Сактай алат курчуса да жүз азап.
Келчи, селки, келчи мага жар болуп,
Күтөм сени жүрөгүмдөн үй жасап.

Анан өмүр чаман гүлгө чырмалат.
Эрке желге эркеленет, ыргалат.
Жашоодогу өмүр жолу бүткөнчө
Сүйүү гана, сүйүү гана ырдалат.

## ... СЫЯКТУУ

Мөлтүрөгөн карагат
Сенин көзүң сыяктуу.
Булак суусу шар агат
Сенин көзүң сыяктуу.

Тоо койнунда кызыл гүл
Сенин жүзүң сыяктуу.
Килемдеги эчен түр
Сенин изиң сыяктуу.

Мажрүм талдын шактары
Сенин чачың сыяктуу.
Кыйгач бутак бактагы
Сенин кашың сыяктуу.

Булбул таңда сайраса –
Сенин үнүң сыяктуу.
Жазда лала жайнаса –
Сенин гүлүң сыяктуу.

Жер бетине гүл толсо –
Сенин көркүң сыяктуу.
Жылдыз Айга тоголсо –
Сенин эркиң сыяктуу.

Бүркөлгөн көк ачылса –
Сенин назың сыяктуу.
Күндүн нуру чачылса –
Сенин жазың сыяктуу.

Көктө жылдыз нурданат
Сенин сырың сыяктуу.
Козгойт дилди бурганак –
Менин ырым сыяктуу.

## ОТУ МЕНЕН ЖОЛУГАМ

Сүйөнч кылып дүйнөдө бардыгыңды,
Сапар чегем үмүттү ондой көр деп.
Жакшылыкка багыштап тагдырыңды,
Жалынамын теңирге колдой көр деп.

Өзгөлөр да өзүңдү бааласынчы,
Өмүрүңө кошулсун кутмандуу бак.
Сүйүү сага гүлзар деп кааласынчы,
Сапарыңа улансын ак таңдуу чак.

Орун тапсын махаббат өмүрүңөн,
Ошого мен куштармын ар күн сайын.
Берчи мага бир кана көңүлүңдөн,
Бардыгына шооласы болсун дайын.

Мезгил учат жашоону эсепке алып,
Мен да, сен да мезгилдин жолундабыз.
Бул кырдаалды сезбейбиз көңүл салып,
Бүт ой менен сүйүүнүн соңундабыз.

Эсептелбей мезгилдин айы, жылы,
Эң оболу жүрөктөр бирдей кагат.
Көпкө дайын болсо да ышкы сыры,
Кезек күтпөй махаббат орун табат.

... Сүйөнч кылып дүйнөдө бардыгыңды,
Сапар чегем түз менен, чоку менен.
Жакшылыкка багыштап тагдырыңды,
Жолугушам сүйүүнүн оту менен.

## КҮЗГҮДӨН КӨРҮП ӨҢҮМДҮ

Жоготтум, кыздар, бүгүн мен
Жашоодо жүргөн өртүмдү.
Багыма барсам гүлүм кем,
Буруптур мезгил көркүмдү.

Уттурдум, балдар, ызгаарга
Улан чак деген кезимди.
Сөз катпай калдым кыздарга
Сары зил басып сезимди.

Жазында жапырт жайнаган
Жалбырак күздө төгүлдү.
Опосуз ойго байланам
Оп тартса ызгаар өңүмдү.

Жайында чаман гүл элем,
Жарашкан жаштык багына.
Кубанткан дилди үн элем,
Кыш келди кайдан жаныма?..

Жарык нур чачкам селкиге
Жигиттик чакта күн болуп.
Керкисин кезеп эркиме
Келатат кеч күз түн болуп.

Күзгүдөн көрүп өңүмдү,
Кечээги кезге кол созом.
Жылдыздан көрүп өмүрдү,
Жаштыкка жорүп жол тосом.

## СҮЙӨМ СЕНИ

Сүйөм сени.
Али бир жан сезе элек.
Сен да, мен да кайманадай жүрөбүз.

Жүрөктөрдү ышкы дарты эзе элек,
Жат сыяктуу чоочун өмүр сүрөбүз.

Бараткансыйт көңүл жиби уланып,
Биз туя элек сезимдерде күнүгө.
Көп ойлоном күңгүрөнүп, кубанып,
Көз нурумду кошалбастан гүлүңө.

Сезет гүлдөр ышкы учкунун көңүлдүн,
Себеп издейм таңга маал тосууга.
Жашоосу үчүн жалгыздаган өмүрдүн
Жарык чачат тагдыр жолун кошууга.

Кошулалы, кошулгандай бак-таалай,
Көңүлдөргө сүйүү толгон гүл өссүн.
Калаалардын кырк миң шамын жаккандай
Караңгылык каптап турган түн өтсүн.

... Сүйөм сени.
Маалим эмес эч жанга.
Сен да, мен да табышмактуу чактабыз.
Жолуксунчу эки тилек ак таңга,
Жылга айланбай жети күндүк аптабыз...

## МЫЙЗАМ КҮЧҮ КОРОЙБУ?

Журт атасы болуу кыйын эмеспи...
Карт да сурайт, жаш да сурайт кеңешти.
Калың элге кантип тагдыр баш кылат
Адалды адал, арамды арам дебести?..

Кээде-кээде жөнсүз, калтыс кез болот,
Болгондо да аткан октой тез болот.
Журт атасы болуп калат беймаза,
Айла канча?... Калктын өңү жез болот

«Жагабы?» деп сурабастан элеттен,
Же жакшылап өткөрбөстөн электен,
Сууруп чыгат чондор чоочун бирөөнү
Суу турбаган түбү тешик челектен.

Мындай иштер болуп келди, болууда,
Мындай жорук калыс көздү алууда.
Жүрүп жатат ачык айтуу, ак сүйлөө!
Бирок бул иш алынганбы коруугa?

Канча көпшөк колдоо менен чоңойду,
Калың элге ата болуу оңойбу?
Андайлардын арам ишин жашырбай,
Ачык айтса мыйзам күчү коройбу?

## БАРБЫ ПАЙДАҢ?

Буудан болуп байгеден чыгалбасаң,
Булбул болуп мукам үн чыгарбасаң.
Булак болуп чөлкөмдү сугарбасаң..
Барбы пайдаң өмүрдүн жыргалына?

Булут болуп жамгырды төгалбасаң,
Буура болуп буркулдап чөгалбасаң,
Буудай болуп талаада өналбасаң...
Барбы пайдаң өмүрдүн жыргалына?

Бороон болуп булутту түралбасаң,
Баар болуп ызгаарды сүралбасаң,
Баатыр болуп күрөштө жүралбасаң...
Барбы пайдаң өмүрдүн жыргалына?

Ашык болуп кыз дилин арбабасаң,
Ак таң болуп кыз гүлүн тандабасаң.
Адам болуп кыз колун кармабасаң...
Акың барбы өмүрдүн жыргалына?

Ар бир таңда гүл болуп ачылбасаң,
Ар бир жанга нур болуп чачылбасаң,
Ак тилекке ыр болуп татылбасаң...
Акың барбы өмүрдүн жыргалына?

Арам болуп адамдын наамын бузсаң,
Ачуу болуп таттуунун даамын бузсаң,
Атом болуп асмандын жаанын бузсаң...
Акың барбы өмүрдүн жыргалына?

## ЫРАХМАТ

Жаз келгенде, жай келгенде жаркырап,
Көрүнүштүн көркүн ачат жалбырак.
Аны күздө көрбөгөнсүп өтөбүз,
Жатса дагы тепсендиде жалдырап.

Түшөрү чын күздө сары жалбырак,
Жатаары чын күн жак бети жалтырап.

Аны кышта орогондо кар кепин,
Бизге өзүнүн жаштык чагын калтырат.

Сүрөтчүлөр сүйүп күздү көп жазат:
Серпилгенсийт дарактарда жез канат.
Серепчилеп ал сүрөттү карасаң,
Сары чепкен жамынгансыйт чар тарап.

Кеч күз келет. Чөптө, гүлдө ыр аздайт,
Картаюусун жалбырактар ырастайт.
Ызгаар кесип көрөр күнү бүтсө да,
Бизге ошолор гүлгүн кезин мурастайт.

Гүлгө, чөпкө, жалбыракка ырахмат!

**ЖАҢЫ МЕКТЕП**

Биздин тоолуу айылга
Жаңы мектеп курулду.
Ата үмүтү дайын да,
Алып бардым уулумду.

Ичи, тышы ак экен —
Сүткө чайкап койгонсуйт.
Айланасы бак экен —
Көрүп көңүл тойгонсуйт.

Терезелер жапжарык,
Тазалыгын сураба.
Келгендерди катка алып,
Кээ бирлери убара.

Оңго карай бет алсак
Бир чоң бөлмө туруптур.
Киргендерди утурлап
Ильич шамы төгөт нур.

Кең мандайын нур өпкөн,
Ленин карайт сүрөттөн!
Ошол баарын үйрөткөн,
Ошол баарын сүйлөткөн.

**БАЛДАРГА КАЙРЫЛУУ**

Оку, балдар, силерге
Мектеп ачык, жол ачык.

Тосуп алат бүт жерде
Мекен мээри нур чачып.

Кечикпестен баргыла,
Акылга акыл улансын.
Асыл билим алгыла,
Ата-энеңер кубансын.

Эртеңки күн чакырат,
Эр жеткиле тезирээк.
Эмгек нуру чачырап
Эчен иштер кезигет.

Элдин жолу — даркан жол,
Элге бирге болгула.
Алга ээрчитет комсомол,
Кенен, даңгыр жол мына.

Бакыт үчүн көз көрөр,
Бүгүн түшкөн изсиңер.
Элдин жүгүн көтөрөр
Эртең эле бизсиңер!

## КЫЯЛДАНУУ

Кыял учкул. Учат көктө оболоп.
Кең ааламдын ченеми жок, чеги жок.
Кыял кээде кайып болуп жоголот,
Качып кеткен кыз сыяктуу себи жок.

Учат кээде ак шумкарга айланып,
Күн нуруна канаттары чагылат.
Пайда болот дайра сыяк кайра агып,
Көк майсандар илебине табынат.

Канат сермеп аскаларга жеткенсийт,
Жакындатып жылдызга тоо чокусун.
Кээде чулп деп көлгө түшүп кеткенсийт,
Өчүрбөстөн терендикке от учун.

Алай, Памир, Алатоонун кырларын
Ар күн сайын кыял менен кеземин.
Айтыла элек ал тоолордун ырларын,
Ачыла элек кен сыяктуу сеземин.

Агып жатат аймагымда жүз дайра,
Ача элекпиз агымынын тереңин.
Барсак дагы сырдашууга жүз кайра,
Биле элекпиз эмне бизге керегин.

Кыял учкул. Учат булут аралап,
Ою менен оймосундай кыргыздын.
Кимдер качан Чыңгыз болуп таба алат
Кербен жолду арасынан жылдыздын.

## ЫР ЖАЗУУ МАШАКАТЫ

Ыр жазганда биринчи сап башталыш,
Андан ары бороон-чапкын бетке урат.
Жолду бөгөйт кыялдагы кайчы агыш,
Түркүн сөздөр жорголотпой чеп курат.

Сөздөр ойдо куш сыяктуу айланып,
Ак кагазга коно албастан бириндейт.
Саптар сапка кыл жип менен байланып,
Ыр көлүнүн асманында дирилдейт.

Калаа кумун кыял жирейт акырын,
Улам жаңы издер түшөт сап болуп.
Нур төгүлсө сыйрып күүгүм чатырын,
Ыр жаралат дилге гүлдүү бак болуп.

Терип алып өңчөй кызыл гүлдөрдү,
Ыр ушул деп айталабыз кимдерге?
Ыр жаралбайт терметпесең түндөрдү!
Чындык ушул. Чындык ушул билгенге.

## КОШ, ЗАМАНДАШ

***(Т. Абдумомуновго)***

Кош, замандаш, жүрөктөрдө элесиң,
Кайда кеттиң таштап өмүр кемесин?
Аттиң, аттиң... жашоо отун өчүрдүң
Жетимиштин ашпай туруп белесин.

Жаңы жылды тосоор кезде коноктоп,
Жакшы сөздү айтаар кезде жомоктоп...
Неге жумдуң күлкү чачкан көзүңдү?
Адам эмес, көк ыйлады шолоктоп.

Агып жатат аймагымда жүз дайра,
Ача элекпиз агымынын тереңин.
Барсак дагы сырдашууга жүз кайра,
Биле элекпиз эмне бизге керегин.

Кыял учкул. Учат булут аралап,
Ою менен оймосундай кыргыздын.
Кимдер качан Чыңгыз болуп таба алат
Кербен жолду арасынан жылдыздын.

## ЫР ЖАЗУУ МАШАКАТЫ

Ыр жазганда биринчи сап башталыш,
Андан ары бороон-чапкын бетке урат.
Жолду бөгөйт кыялдагы кайчы агыш,
Түркүн сөздөр жорголотпой чеп курат.

Сөздөр ойдо куш сыяктуу айланып,
Ак кагазга коно албастан бириндейт.
Саптар сапка кыл жип менен байланып,
Ыр көлүнүн асманында дирилдейт.

Калаа кумун кыял жирейт акырын,
Улам жаңы издер түшөт сап болуп.
Нур төгүлсө сыйрып күүгүм чатырын,
Ыр жаралат дилге гүлдүү бак болуп.

Терип алып өңчөй кызыл гүлдөрдү,
Ыр ушул деп айталабыз кимдерге?
Ыр жаралбайт терметпесең түндөрдү!
Чындык ушул. Чындык ушул билгенге.

## КОШ, ЗАМАНДАШ

***(Т. Абдумомуновго)***

Кош, замандаш, жүрөктөрдө элесиң,
Кайда кеттиң таштап өмүр кемесин?
Аттиң, аттиң... жашоо отун өчүрдүң
Жетимиштин ашпай туруп белесин.

Жаңы жылды тосоор кезде коноктоп,
Жакшы сөздү айтаар кезде жомоктоп...
Неге жумдуң күлкү чачкан көзүңдү?
Адам эмес, көк ыйлады шолоктоп.

## СӨЗҮМДҮ ЭШИТ

Жетимишке жакындаган жашыма,
Жалаң күмүш аралаган башыма.
Жарашыксыз боёк сүрткөн сыяктуу
Жалган сөздү калыс болсоң ташыба.

Алыс жүрдүк көп жылдары иш менен,
Ал кезекте агартууда иштегем.
Ар кыл, ар кыл сөздөр желип жүрүптүр
Арабызда арзыбаган миш менен.

Кан майданга катышканбыз төрт жылы,
Кимдин анда өчкөн эле ындыны?
Кутман күнгө кошулганда башыбыз,
Кудай каарып ошол чактар жылдыбы?

Ажал курчап турган кезде дос элек,
Апыртылган арам сөздөн бош элек.
Ата-буба мурас кылып калтырган
Аруулукту азыр эч ким тосо элек.

Эшит, курдаш, эзелкидей сөзүмдү,
Эне сүткө чайкайлычы сезимди.
Эки жолу бул дүйнөгө келбейбиз,
Эрөөн көрбө ушул тирүү кезинди.

## ОЙ УЧКУНУ

Кыя жолдуу бел менен
Чыктым далай бийикке.
Тоону оройт кайберен,
Айлангансып ийикке.

Дагы канча жолум бар
Талааларда гүл жыттуу.
Кирсем деген оюм бар
Күтүп турса үй куттуу.

Алатоонун арасы
Ак пейиштин кутманы.
Бол бул жердин баласы,
Түшпөйт түйшүк куптаны.

Жердин көркү тоо менен,
Тоодо жашыл төр да бар.

Суу өткөргүн ноо менен,
Чыккың келсе өр да бар.

Өмүр өргө умтулат,
Аба менен Күн барда.
Койбо өзүңдү кулпулап,
Ырда ышкы, үн барда.

## БООРДОШ БААРЫ ДҮЙНӨДӨ

Ашуунун ашуу курдашы,
Толкундун толкун сырдашы.
Ашуу менен толкундун
Төрөлгөн үйү – тоо башы.

Бактардын бактар чырагы,
Гүлдөрдүн гүлдөр ынагы.
Аттары башка болсо да,
Туушкан дейбиз биз аны.

Оттордун оттор илеби,
Чоктордун чоктор тиреги.
Обу жок бир жан суу чачса,
Өчпөсө экен ирени.

Булутка булут ээрчиме,
Буу мөлүн ташыйт зерчиге.
Тамчысын таткан түркүн чөп
Түшсө эле болду телчиге.

Жылдыздар түнгө ак түймө,
Жылмаят көрүп бүт дүйнө.
Катасы болбойт теңирдин,
Колуңдан келсе чын сүйлө.

Чындыктар – менин мекеним,
Чындыксыз неге жетемин?
Арамдан пайда табам деп,
Адалдын бузба бекемин.

Жолдорго жолдор кыналат,
Жолдоштук жолдо сыналат.
Куйтулук иштен куткарсаң
Курдаштын дили кубанат.

Бузуку сөздү сүйлөбө,
Боордош баары дүйнөдө.
Макулук сыяк сыйынба,
Мазар эмес күлдөбө.
Жашоонун жашоо кутманы,
Жоголсун ойдон куптаны.
Жамандык жолу тосулса,
Жакшылык иштин утканы.

Жашоонун жолу ар түркүн,
Жолугуу бар да ар бир күн.
Жоболоң кезде калкындын
Жогото көрбө бар мүлкүн.

Боордош болуу — салт бизге,
Абалтан берки нарк бизге.
Табият, өмүр, көрүнүш
Тагдырга кошкон — барк бизге.

**БАЙЗАКТЫН СӨЗҮ**

Барып келдиң урушка,
Бар экен көрөр күн дагы.
Бетиңди бур жумушка,
Безип кетсин түн тагы.

Кайда болсо бол өткүр,
Куттуу болсун Жеңишиң.
Короо толо бак өстүр,
Калкың көрсүн жемишин.

Өзүң аксак болсоң да,
Өктөм болсун эмгегиң.
Өзгө жакта тоңсоң да,
Өз жеринде тердегин.

Атаң айтат алкышын
Алла-таала, Теңирге.
Алба элдин каргышын
Аздыр-көптүр өмүрдө.

Адал иштен качпагын,
Адам болуп турганда.
Арамга жол ачпагын
Адилет кол сунганда.

Ак иштердин сообу
Ар убакта элде бар.
Алла-таала жообу —
Айта турган келме бар.

## МЕНИН ПИКИРИМ

Ийгиликтен көл жасоого умтулдук,
Бирок мындан көл лепилдеп толбоду.
Токтом менен, үндөө менен булкундук,
Атом менен алга жылыш болбоду.

Душман бизге чабуул койду, ок атты,
Бир заматта баарын кырып таштайм деп.
Жалын минип, жабыр чачып келатты
Советтерге жаңы тартип баштайм деп.

Душман жеңбей, биз жеңишке ээ болдук,
Дүйнө билди бул уруштан санатты.
Дүңгүрөдүк бийлик менен борбордук,
Дарылабай сынып калган канатты.

Кан майданда колдонсок да куралды,
Карабаппыз бүгүнкүнүн милдетин.
Калкка салдык, карабастан убалды,
Качанкы өткөн каргашанын илдетин.

Өкүм токтом, сенек токтом туу болду,
Өзгөрбөдү адамдардын турмушу.
Кайра-кайра каражат жок чуу болду,
Канча токтом болуп калды курмушу.

Азыр болсо кайра куруп жатабыз,
Кайрылбастан качанкы өткөн үндөөгө.
Кыжалаттын кыйноосуна батабыз,
Кагаз гана татымы жок сүйлөөдө.

Сунуштар көп, аткаруу жок, негедир,
Иреттөөгө анын баарын көз жетти.
Кээ бир ойлор мыйзам эмес, жемедир...
Эмне бизди кантип, качан тездетти?

Кантип бизде кылмышкерлер көбөйдү?
Кантип бизде ишсиздиктер арбыды?
Ынтымактык бүгүн бизге өгөйбү?
Биздин аймак ушунчалык жардыбы?

Маалымдуулук бүтөбөйбү жараатты?
Акылдуулук тындырбайбы талашты?
Неге мынча көп ичебиз аракты?
Неге өмүр өлүмдөргө жанашты?

Текшерели: дүнүйөбүз түгөлбү?
Уурулуктар неге мынча күчөдү?
Дүкөндөрдө не деп буюм түгөндү?
Акыйкатка алдамчылар мүчөбү?

Оо, адамдар! Чын дилимден кайрылам:
Токтотолу тополондуу күндөрдү.
Куткаралы кутман элди кайгыдан,
Кууп таштап жашообуздан түндөрдү.

## ОЙ ТОЛГОО

Көзүмдн жаш чактагы нурлар өчүп,
Кетүүдө алар бүгүн кайда көчүп?
Ким билет, айткылачы замандаштар,
Кербендер сапардабы чөлдөн өтүп?

Мактандым элим менен, жерим менен,
Мактандым кеним менен, теңим менен.
Мекендин күнүн көрдүм, түнүн көрдүм,
Маңдайды сүртүп коюп жеңим менен.

Көрдүм мен көп жыл бою жокту, барды,
Көрдүм мен кубанычты, муңду-зарды.
Кунарсыз өтпөсүн деп өмүр чиркин,
Кучакка тарттым буйруп сүйгөн жарды.

Коргойм деп Мекенимди турдум сапка,
Кошулдум кармашууга кырчын чакта.
Кайратты катканым жок, алга бастым,
Калк менен багыт алып бир максатка.

Эстеймин ойго батып өткөн кезди,
Эскертпей эчен ишти кеткен кезди,
Эл толкуп, жаңыланып турган чакта,
Эскилик эр көлүнө чөккөн кезди.

Ыракат ыраазыбы бу чагыма?
Ырыскы тарта алдыбы кучагына?
Ыдырап айтаар сөзүм, аруу сезим,
Ыймандын багындымбы бычагына?

Бакытты сурабадым башкаргандан,
Бөлбөдүм бир өзүмдү ач калгандан.
Бир кабар билгим келет эрте-кечпи
Баянсыз мадиянга таштагандан.

Сүйөмүн элди, жерди, жарык күндү,
Сүйөмүн көңүлдү ачкан чаман гүлдү.
Сүйүүнүн сапарына тоскоол болгон
Санактап алып таштайм кара түндү.

Чынында, чыр-чатаксыз заман мыкты.
Чындыкты кесип кылган калам мыкты.
Чыдабай сөз куралын октоп алып
Чыгамын ким кемсинтсе адамдыкты.

Согушта жараландым, өлгөнүм жок.
Санаамды эл коргоодон бөлгөнүм жок.
Сапырат тагдырыңды эрксиздикке,
Сан жеткис кырсык сөзгө көнгөнүм жок.

Көп ишке умтулдум мен, жеткеним жок.
Көңүлгө анчар көчөт эккеним жок.
Кай бирлер таштаса да партбилетин,
Коммунист деген даңктан кеткеним жок.

Тартыш ой азыр чексиз сүйлөнүүдө,
Тартиптүү, тартипсиз да күүлөнүүдө.
Тим эле тоого чыгып, чөлгө түшүп,
Тартпайбыз чын турмушту үйрөнүүгө.

Эмне деп урушабыз, талашабыз?
Эл-журтка бүлүк салып сабашабыз?
Ээнбаш ишке шылтоо таап алып,
Эртеси чыгашаны санашабыз.

... Улгаюу адам үчүн адат белем,
Урпакка унутулгус санат белем.
Учуру жеткен чакта үйдү таштап,
Унчукпай жер жамынып калат белем...

## АК ТЕРЕКТЕР

*(Баллада)*

Муз-Төрдө топ ак терек болор эле,
Шагына канаттуулар конор эле.

Сайрашып, уя салып, сызса көккө,
Сайранга бактын ичи толор эле.

Жүз жылдап ак теректер тарых эле,
Көркү да, жашоосу да жарык эле.
Жайында чаалыкканга сая берип,
Жакшылык ишке көзү канык эле.

Бүт бойдон теребели кыштак эле,
Пейили пендесине жумшак эле.
Абасын, аруулугун тартууласа —
Адамдар ажарына кушбак эле.

Жанында күрпүлдөчү Нарын дайра,
Берметин чачыратып көктөгү Айга.
Томсоргон жандын көөнүн көкөлөтүп,
Токомдун күүсүн чертчү кайра-кайра.

Капырай!.. Адам сууну байлап салды,
Агын суу бир көлмөдө кайнап калды.
Өрөөнүн конуш кылган эчен кылым
Ар түркүн макулукту айдап салды.

Улам суу кетенчиктеп кетип жатты,
Кыштакка, корук жерге жетип жатты.
Кечээки кургак жерди көк суу каптап,
Коктунун конулдары бекип жатты.

Бир кезде теректерге толкун жетти,
Денеси теректердин дир-дир этти.
Чымчыктар балапанын жетилте албай,
Уясын бактардагы таштап кетти.

Мүмкүн көл адамзатка керек чыгар,
Кийинки урпактарга белек чыгар.
Муз-Төрдүн топ терегн чөксө дагы,
Жер көп го, да бир жерге терек чыгар.

Көл суусу жерди, чөптү көмө берди,
Чар тарап бул чабуулга көнө берди.
Токомдун ырын уккан ак теректер
Бир аздап терең сууга чөгө берди.

Улам суу көтөрүлүп калкыды да,
Жетти шарт теректердин алкымына.

Күн сүйгөн бутактарын түнгө берип,
Баш ийди терендиктин тартымына.

Көкүлү көк иримден чыкпай калды
Тирүүлүк абасынан жутпай калды.
Тумчугуп суу алдына чөгүп кетип,
Токомдун «Чоң кербезин» укпай калды.

Көрүшпөйт ГЭСтен чыккан жарыкты да,
Угушпайт улууланган тарыхты да.
Төшөлүп жатса дагы аягында,
Таанышпайт таш алкактуу табытты да.

Укканбыз теректердин жалынганын,
Көргөнбүз адамдарга таарынганын...
Эми биз аларды түк табалбайбыз,
Жаксак да ГЭСтин бүткүл жалындарын.

Ой тобаа! Көмдүк түгөл чарбактарды,
Көмдүк бүт мүрзөдөгү арбактарды.
Күнүмдүк оокат үчүн жер бузабыз,
Кимге таң элдин минтип жан бакканы?..

## ООРУНА БОЛУШАМ

Көп убакта ооруна чыдабай,
Качырабыз жеңилине сурабай.

Оор эмне? Женил эмне? Андагын,
Оодарбастан таразанын салмагын.

Сыноо жеңил, кыйраганды куруудан,
Кулоо жеңил, кош аяктап туруудан.

Чачуу оңой сарамжалдуу жыйноодон,
Качуу оңой, кара жанды кыйноодон.

Алуу арзан, алганыңды берүүдөн,
Тануу арзан, калыстыкка келүүдөн.

Эрдик оор, элдир-селдир өмүрдөн,
Кеңдик оор, кен тапкандан төгүндөн.

Ушакталып көкчөн оор конуштан,
Орозгери өчкөн оор согуштан.

Окурмандар, айтпагыла жеңил деп,
Окуянын оорууна болушсам.

### КЕЗДЕШҮҮ

Москвага иш менен келип калып,
Көргөзмөгө жөнөдүм. Дем алыш күн.
Киреримде эшиктен билет алып,
Кокусунан токтотту бир тааныш үн.

Элеңдедим. Бир аял колун сунду.
Эстей албайм: «Ким эле? Кайдан көргөм?..»
Күлүмсүрөп көзүмө карап турду,
Көкүрөгү толтура медаль, орден.

«Эсте, — деди, — биз жаткан госпиталды...»
«Оо, кокуй!», — деп кучактап өпкүлөдүм.
Өткөндөрдү бир баштан ойго салды —
Көздөрүнө чагылтып көктүн өңүн.

... Кырк төртүнчү жыл келип калган эле,
Терезени чапталган жөөлөйт булут.
Бир бутумду мултуйтуп салган эле,
Ок мүлжүгөн жерлерин өөнөп туруп.

Бурганактайт кар учуп, шамал улуп,
Бак-дарактар ыргалат оңго-солго.
Бүткөн боюн дакиге ороп туруп,
Жаткырышты бирөөнү коридорго.

Балдак менен бастым да сорок-сорок,
Жакын барып карадым ким экен деп.
Кан сарыгат дакиден — онтогон жок,
Кээде-кээде мөлт этет көздөн бермет.

Көкүрөгүн, кош бутун, сол жак колун.
Снаряддын чачкыны тыткан экен.
Талкалаган тартынбай душман тобун,
Кыздан чыккан кайраттуу сырттан экен.

Сыныктарын темирдин денедеги
Бирден терип врачтар алган экен.
Калыбына ыйласа келеби эби?
Көкүрөгү мамаксыз калган экен.

Ар күн сайын жанаша палатага
Кирер элем ал кыздын алын сурап.
«Кетемин деп жакында» айтсам ага –
Ыйлап ийген! Азыр да эсте турат.

Мына! Мына! Ошол кыз, ошол сезим,
Мандайымда турбайбы нурдай болуп.
Токтотууга күч жетпейт мезгил тезин,
Кырк алты жыл өтүптүр сырдай болуп.

Бирге бастык аралап көргөзмөнү,
Бирге таттык даамды түштө, кечте.
Карай калсам мунайган андагы өңдү –
Кандуу согуш апааты түшөт эске.

Жерди карап колумдан албай колун:
«Көп убакыт арадан өттү...» деди.
«Сени көрүп сезгенде ышкы чогун,
Жок эмчегим зыркырап кетти!..» деди.

... Жогол согуш! Көрсөтпө өлүм өртүн.
Өмүрлөрдүн канатын кайыргансың.
Жогол согуш! Өчүрбө аял көркүн,
Энеликтен далайын айыргансың.

**РАКЕТА УЧПАСЫН**

Бир кездерде кудай жерде жашаптыр,
Теңир дешип аны адамдар атаптыр.
Анан Теңир тоого айланып кетиптир...
Кантеңири – андан калган атактыр.

Пендеси ага курбал болуп алган го,
Беймаалда бейжайланып барган го.
Ошондуктан инсандардан алыстап,
Ак чокулуу аскар болуп калган го.

Ошондон го Алатоонун күн тийип
Турган залкар кыркалары бипбийик.
Саймалуу-Таш, Бүтүлүү-Таш дегенге
Койгон дешет таржымалын бүт чийип.

Теңир тоолор мөңгү селде оронгон,
Сактайт дайым керимселден, бороондон.
Кулунчакты куюндаткан бала эмес,
Манас дагы тоо койнунда торолгон.

Пендебиз да... Кээде тоону сөгөбүз,
Ак кейпине наалат заарын төгөбүз.
Анда-санда «Волга» минип алганда...
Алатоодон бийиксинет төбөбүз.

Тоолор бизге кыла элек го жамандык,
Тоолор бизге дайым тилейт амандык.
Адамдан да жакшылыкты тоо күтөт,
Тоолор үчүн кылбайлычы сарандык.

Арабызда өзүн тоо деп жүргөн бар,
Эртели-кеч тоону карап үргөн бар.
Зоону түзгө айлант десе, унчукпай
Кетмен алып, эки жеңин түргөн бар.

Бети курсун, муну урпак укпасын,
Тоо бешикте балдар тыптынч уктасын.
Мейли, куштар күн-түн тынбай учса да,
Бирок... бирок... ракета учпасын.

Куштар учса — жаратылыш ченеми,
Ким көксөбөйт бийиктикти, серени!
Кучагына кондурбачы, улуу тоо,
Тирүүлүккө ажал чачкан немени.

Таң атканда тургансыйт тоо кармап туу!
Сакчы болуп бейпилдикке ардактуу.
Атом селин Жер да, Эл да көрбөсүн!
Болсун тынчтык тоо сыяктуу салмактуу.

... Куштар тынбай ойку-кайкы учса да,
Карамүртөз ракета учпасын!

## ТАҢАТААРДА БУУРУЛ ТҮН

### 1.

Айтышчу эле бир кезде Буурул түндү,
Караңгыда туурайт деп чыккан күндү.
Ошол кезде аялдар чырагы жок
Ийришет деп отуруп уяң жүндү.

Угаар элек имишти бала чакта,
Көрө элекпиз аны биз... таасир башка.

Имиште бар, сөздө бар, китепте бар...
Бирок киши табылбайт тастыкташка.

Бир мектеп бар башталгыч – ал да жалгыз.
Шаар ичин көрө элек толук жанбыз.
Алыс сапар барган жок арабызда,
Бозүйлөрдө жашайбыз, кирпич тамсыз.

Мезгил өттү. Өзгөрдү турмуш дагы.
Болуп калды айылда жумуш жаңы.
Көп имарат курулду, көчө түштү,
Көтөрүлдү күн санап эмгек шаңы.

**2.**

Ошол кезде өрт кетти тынчтык күнгө.
Жоого аттанды советтин калкы мүлдө.
Жаңылыкты жактаган комсомолдор
Жөнөп калды майданга айсыз түндө.

Кыш чилдеде окууну бүткөн чакта,
Ар кимибиз ар башка турдук сапка.
Замбирекчи сержантмын орто бойлуу,
Кетмей болдум туз буйруп түндүк жакка.

Ленинград – барар жер, курчоодо экен.
Кирер ачкыч бизде эмес, кас жоодо экен.
Төрт тарабын фашисттер ээлеп алып,
Жалгыз гана бир жылчык тар коодо экен.

Кирдик араң калаага карга батып,
Далдоолорго дайынсыз башты катып.
Күн көрүнбөйт түбөлүк түн каптайбы?
Тынчтыкты алат тынымсыз душман атып.

Ойлоп коём: Бул жерде түнбү жалаң?
Өчкөн окшойт согуштан жарык тамам?
Чылк күүгүмдү энчилеп алышканбы?
Чырак албайт колуна бир да караан.

Октор гана жылт этет кара түндө.
Көшөгөбү ошолор чыгар күнгө?
Жолукканда көрөбүз, маң болот баш,
Адамдардын кийгени жыртык күрмө.

Согуш тынбайт. Ок жаайт күндүр-түндүр.
Дарактар да, үйлөр да, баары бүлбүл.
Туш тараптан калаага моюнун созуп
Замбиректер атылат дүңгүр-дүңгүр.

Мезгил жылып май кетип, июнь келди.
Жашыл басты жаралуу кара жерди.
Мына шумдук!
Түн кайда?
Асманда Күн!
Арылтууга арга жок темир селди...

Таңатардын Буурул түн ушу беле?
Табыйгаттын тандантчу кушу беле?
Күйүп турган апаатка Ленинград
Батыш менен Чыгыштын тушу беле?

Дал эки жыл кармаштым калаада бул,
Дал эки жыл арбаштым талаада бул.
Буурул түндүн элеси ошондогу
Калып калды өчпөстөн санаада бул.

3.

Кырк жыл кийин бардым мен сыйынганы,
Көз алдымда көп жандын кыйылганы.
Анча-мынча таанышты араң көрдүм,
Көп элдердин ичинен жыйындагы.

Буурул түндүн көп жүрдүм жарыгында,
Сапар улайт Нева суу агымында.
Кырк жыл мурда эр элем карамурут,
Бүгүн ага окшобой карыдым да...

Нева агууда өткөндү эске алып,
Талаа жарык. Көк жарык. Калаа жарык.
Баягыны оку деп бет алдыма,
Барактарын ачкансыйт кары тарых.

Жаят көккө Таңатар канаттарын,
Жибек толкун жай окуйт санаттарын.
Көпүрөнүн үстүндө деңиз жели
Ак чачыма кыноодо тарактарын.

Көп кемелер деңизде калкып турат,
Деңиз болсо төш керип чалкып турат.

Канаттуудай калкыган ак толкундар
Жээктерге өздөрүн артып турат.

Ленинград мен үчүн жарык таңдай!
Ага баруу ар кимге берет маанай.
Ошол жерде төрөлүп эркиндик күн,
Ошол жерден башталган бакыт-таалай.

Таңатардын Буурул түн — жарык шоола.
Эч болбосун жергенде чырдуу коога.
Сени коргоп жарадар болсом дагы,
Сен баштаган агымга кылам тооба!

## ТҮНКҮ КЫЯЛДАНУУ

Көздү жумсам күүгүмгө киргенсиймин,
Түнт токойду аралап жүргөнсүймүн.
Күнү бою чубалган ой жиптерин,
Көңүлүмө кайрадан түргөнсүймүн.

Эске түшөт бүдөмүк ойгономун,
Түшкө кирет дарыя бойлогонум...
Кокусунан жоготкон изимди издеп,
Кирпигимди көтөрүп ойгономун.

Ойгоном да түшүмдү сагынамын,
Жылдыздарга көктөгү табынамын.
Көздөрүмдүн пардасын жаап коюп,
Ой-дайрага кайрадан агыламын.

Сүйүү түшөт көңүлгө гүлдөй болгон,
Согуш түшөт кыялга түндөй болгон.
Караңгы түн курусун каргашалуу,
Тынчтык керек адамга күндөй болгон.

Ойго түшсө арамдык — ок тийгенсийт,
Орозгерди жексендеп от күйгөнсүйт.
Ойго түшсө адалдык күн тийгенсийт,
Алоолонтуп сезимди кыз сүйгөнсүйт.

## ЖАШТЫК ЖАРКЫНЫ

«Миң кыял» менен таңатат,
Бир кыял менен күн батат.
Өмүрдүн баар кезинде
Бүрүшүп жалгыз ким жатат?

Ойлонуп ойдун тереңин,
Ордумдан туруп келемин...
«Обу жок бул жан ким?» дебе,
Отуз жаш менин белегим.

Таң атса – күүгүм сүрүлөт,
Түн пардасы түрүлөт.
Түйшүгүң тартсам мейличи,
Тим киши болбой бүжүрөп.

Жаштыктын жаштык ачкычы,
Жалындап бүткөн баскычы.
Жалтанып турба алоодон,
Жигиттик чечим башкысы.

Жүрөккө жүрөк кошулат!
Жабыркоо жолу тосулат.
Жалындап жаштык бүт эрип,
Жылчыксыз калат бош убак.

Сүйүүгө келсең сыр сурап,
Сүйкүмгө ороп нур сунат.
Төтө жолдун тоомуна,
Төшөлө калат гүлбурак.
Жаз болуп жашоо – ыракат!
Жаштыкка жаркын күндү улап...

## ДАРЫГЕР СЕЛКИГЕ

Комузмун мен тим гана авазы жок,
Күүгө келбейт... табалбайм ойлоп-ойлоп...
Мукамга аны келтирди бармактарын,
Тетиктерин сезимдин толгоп, толгоп.

Бармактарың керемет сырга окшоду,
Жылдыздардан төгүлгөн нурга окшоду.
Көңүлүмдүн тийди эле ыргагына
Баракчада тизилген ырга окшоду.

Тийген сайын денеме бармак учу –
Таасиринен талпынды жүрөк кушу.
Бараткансыйт өмүрүм кайра гүлдөп!
Түшүнтө алам канткенде мезгилди ушу!?

Арзуулардын ачпастан дарчаларын,
Сезим чебин аралайт манчаларың.

Мээнет чырмап менчилеп келгендердин
Сыйкырладың, дарыгер, канчаларын?

Эмне деген керемет эмиң сенин?
Эмне деген керемет кебиң сенин?
Айыктырып оорумду, арт жагынан
Бузуп койдуң эмне деп сезим чебин?

... Комуз элем тим гана авазы жок,
Күүгүмдөнгөн дартка окшоп дабасы жок...
Күн-түн окуп жүрсүн деп күлкүң менен
Көңүлүмө ыр жаздың, кагазы жок.

## ОКШОШПОГОН КӨРҮНҮШТӨР

Бүркүт-Уя деген бар, бүркүтү жок,
Бөрү-Кыя деген бар, бөрүсү жок.
Күлкүлүү-Төр деген бар, күлкүсү жок,
Бийик-Конуш деген бар, өрүшү жок.

Калың токой деген бар, бутасы жок,
Гүлдүү талаа деген бар, лаласы жок.
Ашык болом деген бар, кусасы жок,
Шаардыкмын деген бар, калаасы жок.

Кенчи болуп жүргөн бар, казганы жок,
Куудул болуп жүргөн бар, күлкүсү жок.
Ырчы болуп жүргөн бар, жазганы жок,
Сулуу болуп жүргөн бар, кадыры жок.

Түз күзүрмүн деген бар, даамы жок,
Дарак болом деген бар, тамыры жок.
Туман болом деген бар, жааны жок,
Током болом деген бар, камыры жок.

Чоң боломун деген бар, тиреги жок,
Баш боломун деген бар, аягы жок.
Бек боломун деген бар, жүрөгү жок,
Чыгалбайсың бийикке таягы жок.

## МЕЗГИЛ САПАРЫ

Мезгилди токтотууга барбы чама,
Күнүгө токуп минер күлүк сыяк?
Эсебин алмак беле тилсиз талаа?
Эсепсиз дүйнө деген — кылсыз кыяк.

Кылымдар түндү жиреп, күндү чанбай,
Канаттуу куштай учту санаты жок.
Мезгилди ээрчибестен баёо жандай
Кара жер кала берди канаты жок.

Мезгилдер өтө берди, кете берди...
Марасы барбы анын? Кимге дайын?
Аңтарып бүт ааламды, асман-жерди,
Аныктап билген барбы токтоор жайын?

Мезгилдер байлык берди, тарых берди,
Мезгилден алдык азды, бердик көптү.
Керек деп жамгыр берди, жарык берди.
Мезгилди уурдап бизден түндөр өттү.

Убакыт көп нерсени алып кетип,
Түбү жок баштыгына салып кетип...
Жеталбай жетегине чоң мезгилдин
Жел минген пенде болдук арык кечип.

Сапары чоң мезгилдин алыс экен,
Жетүүгө үрөп жанды урунабыз.
Убакыт ар бир ишке калыс экен
Негизсиз арттан алга жулунабыз?..

## КАМБАРКАН КҮҮСҮ

Бул дүйнөгө кыргыз пайда болгону,
Кыргыз сөзү жашап келет биз менен.
Карт тарыхта кыргыз пайда болгону
Маалымдалат жерге түшкөн из менен.

Кыргыз уккан торгой үнүн тоодогу,
Кыргыз көргөн жашоо гүлүн түздөгү.
Үн да, гүл да канча ойду толгоду!
Ырга айланган сөздөрүнүн тизмеги.

Өр да, чөл да конуш берип адамга,
Токой-черди аралаткан кылымдап.
Көчкөн адам замандардан заманга,
Көрөр күнүн, ичээр суусун чыгымдап.

Узун жолдун өйдө-ылдыйы көп болот,
Табият да аябаган жазаны.
Күңгүрөнүп кала бербей ичтеги от,
Күүгө айланган көргөн күндүн азабы.

Камбар ата пири болсо жылкынын,
Камбаркан күү алиппеси комуздун.
Күүгө кошо үнү ачылып ырчынын,
Көккө угулган жылаажыны добуштун.

Канаттуу күү канча күүнү жаратты,
Кантеңир тоо толуп кетти авазга.
Мукамдалган музыканын таңы атты,
Анын баарын түшүрөлү кагазга.

### ТОРГОЙ

Көктөм ырын кайталап,
Көктө торгой үн салат.
Көкүлүнө нур консо,
Күүгө келет кош канат.

Күндүн көзүн бекитпей,
Көктө турат чекиттей.
Туруу кыйын кайдигер
Торгой ырын эшитпей.

Көктөм ырын көк угат,
Көркөмдүктү нурга улап.
Көктүн ырын чөп угат,
Көөшүп аалам гүл бурап.

Казалчы куш көктөгү –
Керемет күү төккөнү.
Обо болсо обонго –
Ошол сени өпкөнү.

Торгой укмуш сыйкырчы,
Түздө жоош, көктө ырчы.
Үлпөтүнө кошчу деп,
Үнүң жетсе кыйкырчы!

Торгой өзү боз чымчык,
Туур ага бош чырпык.
Теребелге ыр жаайт,
Турган чакта тил курчуп.

### ТЕРС КАЙРЫК

Күңгүрөнөт терс кайрык,
Күү сапарын тез кайрып.

Күнөөм ашып кетсе да,
Койгум келди сөз кайрып.

Кээ бирөөлөр булкунат,
Кээ бирөөлөр тыңсынат.
Кээ бирөөлөр тим эле
Кремлге кол сунат.

Карап турсам жаңылык
Караңгыга жагылып
Кара жолду агартып
Калаар бекен табылып?

Бүткөн иштен токтом көп,
Бирин бири соккон көп.
Башталышты балталап,
Басар жолун тоскон көп.

Эмне болуп баратат?
Экономика арасат.
Элдин оюн сурабай,
Элди кантип карашат.

Билбей туруп жер сырын,
Билбей туруп эл сырын.
Буйрук келет жогортон,
Билет кимдер: калп, чынын?..

План келет борбордон,
План келет чондордон.
Пенде кантсин? Аткарат
Тил сыяктуу комдолгон.

Өзгөртсөк да чондукту,
Өзгөртпөйбүз зордукту.
Өзгөрүштөн ар түркүн
Өзгөчө жан болдукпу?

Баба дыйкан жер менен,
Бакыт табат тер менен.
Башчы болот ошого
Башына ой келбеген.

Канча адам мал багат,
Кадыр табат, мал табат.

Катуу кышта сырт жакта
Какшап, куурап жан багат.

Башчылары калаада,
Букара калк талаада.
Бирин-экин мал өлсө
Байланышат жалаага.

Койчу кайда? Кырларда.
Кожоюнчу? Жыргалда.
Кантип көңүл тынчысын:
Кокту толгон чыр барда.

Малчы кайда? Алайда,
Малга кошо сарайда.
Мас болушкан башчылар
Магдырашат далайга.

Машина анын мингени,
Меховой тон кийгени.
Малчы болсо кышында
Мунун бирин кийбеди...

Жылуу бөлмө киргени,
Жылуу ичик кийгени.
Жан сактоого керек деп,
Жыят малды, дүйнөнү.

Кырк миң койчу кыргызда,
Кыйналышат бүт кышта.
Кар үстүнө кар жыйып,
Качан кетет жылдызга?

Кышта кыргыз тоңбойбу?
Калаалыктар ойлойбу?
Кыргыздардан башка калк
Койчу, малчы болбойбу?

Кыргыз жаны пилдейби?
Кышкы ызгаарда зилдейби?
Калаадагы кыйла калк
Кой бакканды билбейби?

Жашайт көбү үңкүрдө,
Жарык түшпөйт түн кирсе,

Жакшыраак шарт болбойбу
Жашаганга түпкүрдө?

Жардам берчи, Мекеним,
Жылуусу жок чекемин.
Жайын ойлоп койчунун
Жашып, жашып кетемин.

## БААРЫБЫЗГА ЖЕР – ЭНЕ

Жер кучактап тилек тилейм, мунканам,
Жашоомдун онун, терсин барактап.
Максатка аны жеткиралбай тим калам,
Кетет ойду алсыз сөздөр караktап.

Жер деген – Жер. Чөбү желге ыргалат.
Жашыл майсан – анын кийген көйнөгү.
Касиети калк ичинде ырдалат,
Каргашадан бөксөргөнсүйт бөйрөгү.

Жер бейиш да: өсөт эгин, жашайт калк,
Жашыл аалам күн шооласын жамынат.
Чагылгандар булут кесип этсе жарк,
Жалбырактар жамгыр сөйкө тагынат.

Табийгатка мен жаратkыч эмесмин,
Менин дүйнөм – жер көрсөткөн жакшылык.
Тирүүлүктө жерди жаман дебесмин,
Теңир мени койбогон соң таш кылып.

Баарыбызга, жалпыбызга Жер-Эне!
Болсо дагы өңдөр башка, тил башка.
Мал эмесмин байлап койгон желеге,
Жерди, адам, башка ааламга алмашпа!

## КАЙРЫЛУУ

Сакта мени, оо жараткан, бар болсоң,
Канат каксам кыйкырыкка кошулуп?
Жүктө оор жок көтөрөйүн нар болсом,
Жеңилинен калсын жолум тосулуп.

Сакта мени, бир жараткан, бир өзүң,
Сапырылсам саман болуп даны жок.
Эркек туруп эки кылсам эл сөзүн,
Калтыр мени караңгыга таңы жок.

Сакта мени, оо жараткан, калыс бол,
Солун алып, онун берчи сабырдын.
Эшилбеген элдин жолу – мага жол,
Элим үчүн отун жутам жабырдын.

### АЛЫКУЛ

Катаал тагдыр тоссо дагы жүрүшүн,
Калкы сүйгөн ырга айлантты үмүтүн.
Сүзө берди суктандырып душманын
Поэзия толкунунда күнү-түн.

Акын ырын Ысыккөлдөн чарпыды,
Ошондон го элге жакын тартымы.
Баар жыттуу ырдын назик ыргагы
Булут көзөп нурга кошо жаркыды.

Жазды ырларды, жазды далай дастанды,
Жазды кылдат сүйүү жолун басканды.
Жазды гүлдү чырак кылып жылдызды,
Жазды күндү үстөл кылып асманды.

Төрчүлдөрдөн чоң болсо да салмагы,
Тирүүсүндө эч бир наам албады.
Бирок дайым гүлдөп турат сезимде
Алыкулдун поэзия чарбагы!

Албууттанып, туралбастан тынч алып,
Айрым инсан жолун тосту бүт чалып.
Жыгылган жок! Ыр шаарын гүлдөттү!
Көргөн барбы алп зергерди мынчалык!

### АЗА СОНЕТИ

*(Ж. Мамытовго)*

Адамдыкка канык болгон кезинде,
Акындыгың анык болгон кезинде.
Айланаңа жарык толгон кезинде
Не деп кеттиң өмүр шамын өчүрүп?

Бутак өсүп чынар болгон кезинде,
Канат жайып тынар болгон кезинде,
Бийиктелип мунар болгон кезинде –
Не деп кеттиң күндү түнгө көчүрүп?

Ыргагынан күү башаты агылып,
Турчу эле го ырында тоо жаңырып!
Муну ойлосом – түтөйт, түтөйт каңырык...

Калкыңа арнап ыр багынын мөмөсүн
Кайра дагы өлбөстүккө келесиң.
Өчпөйт! Өчпөйт сенин тунук элесиң!

**КАРКЫРАЛАР**

Келишет каркыралар жылуу жактан,
Жолу анын, чындыгында, ачык асман.
Ысыккөл – турак жайы кутманга бай,
Чеп курбайт сактануга зоодон, таштан.

Дүйнөдө адам менен конушу бир,
Адамга дайым жакын болушу бир.
Абалтан ажырашпай жашоодо алар,
Бөлүшөр азабы бир, согушу бир.

Учканда канат талат кең асманда,
Билебиз мунун баарын жол басканда.
Кылымдан кылымдарга сапардашпыз,
Баяны көптүк кылат ыр, дастанга.

Кетишет Ысыккөлгө келгенде күз.
Жылдагы жылуу жакка сапары түз.
Жагдайды мына ушундай көрө берип,
Дүйнөнүн түркүн сырын үйрөнгөнбүз.

Келгиле каркыралар саар менен,
Биз жакта даам кенен, наар кенен.
Көл да бар, өзөн бар, дайра да бар!
Тособуз жолуңарды баар менен.

# Мазмуну


Кыргыз гимнинин автору ........ 3
Кыргыз жери ........ 5
Ыр тагдырын ойлоном ........ 6
Менин сырым ........ 6
Ырымды ээрчип жол тарттым ........ 7
Ай болуп чык ........ 7
Табалбайсың мындайды ........ 8
Саламын бүлүк ........ 9
Максатым ........ 9
Дан көбөйөт жамгырдан ........ 10
Күйдү эле күн очогу ........ 10
Тоо таңы ........ 11
Арстанбап көктөмү ........ 12
Сезер бекен? ........ 13
Күтөр бекен багында? ........ 13
Айтпайбы? ........ 14
Сага сундум гүлүмдү ........ 14
Бир эне тапкандай ........ 15
Даркан жерим ........ 16
Кызыл-Булак ........ 16
Апама ........ 17
Кышты тосчу бир азга ........ 18
Эки жүрөк угууда ........ 18
Өтүнүү ........ 19
Ушул жолго кербенбиз ........ 19
Согуш башталгандагы ыр ........ 20
Тынчтык күндүн таңы атты ........ 21
Элесине сыйынам ........ 22
Белгисиз солдат мүрзөсү ........ 22
Жазды күтөм ........ 23
Баар сайын ........ 24
Кошуп койсок эп болот ........ 24
Сокмок жол ........ 25
Чөп чабык ........ 26
Дыйкан менен акын ........ 27
Мөндүр ........ 27
Пахтачы селкиге ........ 28
Түнкү бир элес ........ 28
Акын менен булак ........ 29
Каалгамда туруптур ........ 30
Кар басты дебесмин ........ 30
Ийип кетер ........ 31

Сен дүйнөгө келген кезде .............................................. 31
Жагар бекен? .............................................. 32
Өжөрлүктүн жеңгени .............................................. 33
Гүлдөйүнчү көктөмдөй .............................................. 33
Көз жашы эмне? .............................................. 34
Терең эле деңизден .............................................. 35
Аныкпы? .............................................. 35
Жатсам дагы уу жутуп .............................................. 36
Түш .............................................. 36
Көктөм жышаанасы .............................................. 37
Кайрылгансыйт жаш чагым .............................................. 38
Жадыма түштү .............................................. 39
Келип турчу суу алып .............................................. 39
Үндөчү .............................................. 40
Бара жатты .............................................. 40
Ыр уктум түндө .............................................. 41
Ачуу тийди камчысы .............................................. 42
Түшүмдө кубандым .............................................. 42
Бет алдыман жолуктуң .............................................. 43
Жаз этюду .............................................. 43
Көл этюду .............................................. 44
Күз этюду .............................................. 45
Тегим үчүн кубанам .............................................. 45
Таң агарды .............................................. 46
Университет .............................................. 46
Бир кызга .............................................. 47
Калп дей албайм .............................................. 47
Сени көрдүм түшүмдө .............................................. 48
Сезим курчу кете элек .............................................. 48
Врач кыздын жоолугу .............................................. 49
Издейм сени .............................................. 49
Чексиздик .............................................. 50
Ата мээри .............................................. 50
Уулума .............................................. 51
Жүзүн жууду жалбырак .............................................. 51
Пахтачы кыз сыр чечет .............................................. 52
Күтө берем .............................................. 52
Жүрөк отун аяба .............................................. 53
Өмүр сүргүн ырымда .............................................. 53
Үмүт .............................................. 54
Мендей сүйсүн өзүңдү .............................................. 54
Камчылан .............................................. 55
Ырын окуп жүрбөгүн .............................................. 56
Уурдалган кызга кат .............................................. 56
Кайрылуу .............................................. 57
Сегиз сап ырлар .............................................. 57
Алты сап ырлар .............................................. 64

Мезгил учат ........................................ 69
Жолдор ........................................ 69
Тоолор – энем ........................................ 70
Менин элим – залкар дарак ........................................ 71
Тартам десең сүрөтүн Алатоонун ........................................ 71
Ысыккөл ........................................ 72
1. Кечинде ........................................ 72
2. Эртең менен ........................................ 73
Көрөсүңөр ар дайым ........................................ 73
Карыздармын турмушка ........................................ 73
Ырларыма ........................................ 74
Баш бакты ак таң ........................................ 75
Бара жатам ........................................ 75
Бүркүт чилдеде жумурткалайт ........................................ 76
Чакырып аптап ........................................ 77
Жаз кабары ........................................ 77
Жаз ........................................ 77
Тоо суусу ........................................ 78
Алатоо ........................................ 79
Биз жакта ........................................ 79
Ата конушка ........................................ 80
Май айы ........................................ 81
Мадонна ........................................ 82
Дайра жөнүндө ........................................ 82
Умтулуу ........................................ 83
Толкун ........................................ 83
Айыл четинде ........................................ 84
Булут ........................................ 84
Бадалдын жообу ........................................ 85
Конок болдум ........................................ 86
Нан сунду ........................................ 87
Кар түшөт ........................................ 87
Жакшылыктын жылы бол ........................................ 88
Жамгырдагы сүрөт ........................................ 88
Жүрөктү эмне оорутат? ........................................ 89
Чыйыр салып келемин ........................................ 90
Кезедим айга колумду ........................................ 91
Биз турган жерди аткыла ........................................ 91
Жамгыр ........................................ 92
Дүйшөнкулдар ........................................ 92
Баатыр сепил ........................................ 93
Денемде жатат коргошун ........................................ 94
Сокур солдат суроосу ........................................ 95
Нөшөрдө ........................................ 95
Адам үчүн ........................................ 96
Кармап калдым жалынды ........................................ 97
Кыз жана гүл ........................................ 97

Күтүү ........ 97
Көбү калды ышкымдын ........ 98
Мезгилдердин жылчыгынан баш багып ........ 99
Жамалыңды бир көрүп ........ 99
Сыйдырып ал дилиңе ........ 100
Таң агарып кеткени ........ 101
Жөнөтүлбөгөн кат ........ 101
Көрөөр элең ........ 102
Мария (тамаша) ........ 103
Мен түшүмдү сагындым ........ 103
Тереземди күлкү чертти ........ 105
Ууз сүйүү ........ 105
Кайра чөгүп баратам ........ 106
Тилин алам ошонун ........ 107
Жүрөгүңө катып кой ........ 108
Сен өстүргөн бактамын ........ 108
Сагынычты айланам ........ 109
Бута ордуна кармайын ........ 109
Эмне болду? ........ 110
Кар бетине жаздым кат ........ 110
Жалын күбө ........ 111
Жүрөк гүлүн табабыз ........ 111
Жүрөгүңдөн сурачы ........ 112
Кетирбедим жөнү жок ........ 112
Гүл ........ 113
Жылдар ........ 114
Билсе болду сырымды ........ 115
Кечмелик ........ 115
Чагып алам ........ 116
Балдардан көрдүм өзүмдү ........ 116
Төрт сап ырлар ........ 118
Жаңы ырларым ........ 122
Өзүмө өзүм ........ 122
Өмүр мезгили ........ 123
Жашоо күчү ........ 123
Сураса... ........ 124
Кошунамын өмүргө ........ 124
Ысыккөлүм – ырысым ........ 125
Сүрөткө таңдануу ........ 125
Тереңдик ........ 126
Россия ........ 127
Жер ........ 127
Лейлек жергесине ........ 128
1. Жер баяны ........ 128
2. Козу-баглан ........ 129
3. Кулунду ........ 130
Калк жолу ........ 132

Тоолор ... 132
Ыр жазам ... 133
Казак жергеси ... 134
Башкыр аймагы ... 134
Ирмемдер ... 135
Дыйкандын колу ... 136
Пахтазар ... 137
Келе жатат жай басып ... 137
Эртең мененки элес ... 138
Жамгырдагы бир элес ... 139
Үмүт жана убакыт ... 139
Кечки сүрөт ... 140
Түндү жиреп аттандым ... 141
Кыш келбети ... 141
Күзгү алдындагы ой ... 142
Изи менен кыялдын ... 143
Аны бүгүн издебе ... 143
Оңой эмес нан тапмак ... 144
Башталыш ... 144
Ыр жазылбайт күнүгө ... 146
Ким билет? ... 146
Өнөөр бекен? ... 147
Тоо жана өрөөн ... 148
Жашоо мыйзамы ... 149
Ой толгоо ... 150
Ыр дүкөндө узанам ... 151
Деңиз ... 152
Ялта ... 153
Деңиз кылаасындагы ой ... 154
Кетким келбей кылчактайм ... 155
Жолукту ... 156
Из тууралуу ой ... 156
Сөз жөнүндө ой ... 157
Арданам ... 158
Чырпыктар чынар болуптур ... 158
Кыял менен сүйлөшүү ... 159
Барпыга ... 160
Сөз устасы *(Т. Сыдыкбековго)* ... *160*
Асыл максат *(С. Эралиевге)* ... *161*
Сүрөт (*Тентиге)* ... *162*
Сүйүү жөнүндө ой ... 162
Алчагүл ... 163
Биле бер ... 163
Ууз сезим ... 164
Зарбүбү ... 164
Жаштык элеси ... 165
Жүрөгүмдө элесиң ... 165

Көнө албадым ........ 166
Өчпөсө экен убада ........ 166
Башкыр селкисине ........ 167
Махабатым жаш бойдон ........ 168
Болдум ашык ........ 168
Кыз жана мен ........ 169
Сезим эскерет ........ 170
Айлуу түндө ........ 170
Арзыканга ........ 171
Жадыма түшсө... ........ 172
Умсунуу ........ 173
Массажчы келинге ........ 173
Баарым бар ........ 174
Сонеттер ........ 175
Кайгыруу сонеттери ........ 178
Сапар баяны ........ 179
Үч бурчтуу каттар ........ 180
Солдатка кеңеш кат ........ 180
Майрам балладасы ........ 181
Түбөлүк даңк ........ 182
Тагдыр менен сүйлөшүү ........ 183
Алтымыш жашыма ........ 184
Коргогула өрттөн жерди ........ 186
Болсун ырым тыңыраак ........ 186
Чекарачынын каты ........ 187
Кайрылуу ........ 187
Жер жөнүндө баллада ........ 188
Бүркөлсө күн... ........ 190
Жыл сайын жеңиш күнүндө ........ 191
Кейиш ........ 192
Кинодо ........ 193
Бир досума каяша ........ 193
Көз алдымда жеңиш күн ........ 195
Сөз сурайм кезексиз ........ 195
Жаңылануу ........ 197
Чүй өрөөнү ........ 198
Насыятым ........ 199
Издейт ........ 200
Бала үнү ........ 200
Курдаштарыма ........ 201
Кырк жылдан соң ........ 202
Оо, адамдар! ........ 203
Ылдамдыкка шашылам ........ 204
Күн – өмүр сакчысы ........ 204
Мугалим ........ 205
Мектебиме ........ 206
Жазгы жамгыр ........ 206

Жоомарт болсоң ........ 207
Бала чагым ойлосом... ........ 208
Чынар ........ 208
Кайрылуу ........ 209
Терме ........ 210
Адамга кайрылуу ........ 211
Тилегеним ........ 211
Түшүнүктүү суроо ........ 212
Эрте баардагы элес ........ 213
Менин жергем ........ 213
Жайлоодогу кеч ........ 215
Чангеттеги бир элес ........ 215
Кочуштап суусун жуткандай ........ 216
Күз сыноосу ........ 217
Жыпарга ........ 218
Жол караймын ........ 218
Мезгил беренелери ........ 219
1. Жаз ........ 219
2. Жай ........ 220
3. Күз ........ 221
4. Кыш ........ 222
Сагынам ........ 224
Кабыл алат башкача ........ 224
Элеттеги көрүнүш ........ 225
Эсимде ........ 226
Өтүнүч ........ 226
Эскергиле ........ 227
Дан ........ 228
Кечки кыял ........ 228
Ден соолук каалоо ........ 229
Чым бастырып койсо да ........ 230
Көңүл кошо көктөдү ........ 230
Жазгы көрүнүш ........ 231
Кошуна болуп алалык ........ 232
Түшүнүк берүү ........ 232
Бир кеңеш ........ 233
Чилдедеги көрүнүш ........ 233
Жашоо менен сүйлөшүү ........ 234
Ышкы багы ........ 235
Жетсин бачым ........ 236
Бакытты көксөө ........ 236
Бакыт таңын тосолу ........ 237
Сагыныч саптары ........ 238
Ыр башы ........ 238
Ыр соңу ........ 242
Жаштык алыстоодо ........ 242
Санаадан куткар ........ 243

Селкиге жооп ........................................................... 243
Сенден өтүнүч ........................................................... 244
Ишен, селки ........................................................... 245
Сыяктуу ........................................................... 245
Оту менен жолугам ........................................................... 246
Күзгүдөн көрүп өңүмдү ........................................................... 247
Сүйөм сени ........................................................... 247
Мыйзам күчү коройбу? ........................................................... 248
Барбы пайдаң? ........................................................... 249
Ырахмат ........................................................... 249
Жаңы мектеп ........................................................... 250
Балдарга кайрылуу ........................................................... 250
Кыялдануу ........................................................... 251
Ыр жазуу машакаты ........................................................... 252
Кош, замандаш *(Т. Абдумомуновго)* ........................................................... 252
Сырдашуу ........................................................... 253
Теңир сөзү ........................................................... 253
Небереме насыят ........................................................... 255
Сөзүмдү эшит ........................................................... 256
Ой учкуну ........................................................... 256
Боордош баары дүйнөдө ........................................................... 257
Байзактын сөзү ........................................................... 258
Менин пикирим ........................................................... 259
Ой толгоо ........................................................... 260
Ак теректер *(Баллада)* ........................................................... 261
Ооруна болушам ........................................................... 263
Кездешүү ........................................................... 264
Ракета учпасын ........................................................... 265
Таң атаарда буурул түн ........................................................... 266
Түнкү кыялдануу ........................................................... 269
Жаштык жаркыны ........................................................... 269
Дарыгер селкиге ........................................................... 270
Окшошпогон көрүнүштөр ........................................................... 271
Мезгил сапары ........................................................... 271
Камбаркан күүсү ........................................................... 272
Торгой ........................................................... 273
Терс кайрык ........................................................... 273
Баарыбызга Жер – Эне ........................................................... 276
Кайрылуу ........................................................... 276
Алыкул ........................................................... 277
Аза сонети *(Ж. Мамытовго)* ........................................................... 277
Каркыралар ........................................................... 278

***Көркөм-адабий чыгарма***

Түмөнбай Байзаков

***Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн...***

***Тандамал ырлар***

Редакторлору Т. Самудинов, Т. Мамбетжунушев
Корректору Б. Жакеева
Тех. редактору В. Масикова
Компьютердик калыптоочу
Н. Чомоева

Терүүгө 11.09.2003. Басууга 24.09.2003 кол коюлду.
«Times» ариби. Офсет кагазы. Форматы 100х84 $^{1}/_{32}$.
Нускасы 1000. Көлөмү 18 б.т. Буюртма №33

«Бийиктик» басмаканасы
Бишкек шаары, Эркиндик сейилбагы, 30
тел. 661 416